Мубара АБДИЛАТИПОВА

КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗДЫН ТАРЫХ, ТАРЖЫМАЛЫ

(1901-2019)

Бишкек шаары – 2019

УДК
ББК

Мубара Абдилатипова:
"Кыргызнефтегаздын тарых, таржымалы" - Бишкек: 2019. 512 бет

ISBN

Бул китепте Кыргызстандын нефть, газ өндүрүшүнүн пайда болушу, түптөлүшү жана өнүгүшү туурасында сөз болот. Карапайым жумушчудан тартып, бул мекеменин алгачкы жетекчилери, кийинкилери жана азыркылары, бүгүнкү "Кыргызнефтегаз" жана анын ийиликтери, мындагы адамдар туурасында айтылат.

УДК
ББК

ISBN

© М.Абдилатипова 2019

БАШ СӨЗ

Кыргызмунайын өндүргөн жападан жалгыз ишкана бүгүнкү "Кыргызнефтегаз" акционердик коому Кыргызстандын түштүк аймагынын Кочкор-Ата шаарында жайгашкан. Кочкор-Ата шаарынын гана эмес, Түштүк Кыргызстандын, дегеле кыргыз элинин бешенесине мындай берекенин буйрушу, Жараткандын берген белеги чыгар. Эгерде өткөн тарыхка карай турган болсок, эң алгач 1800-жылдардан кийин эле бул аймактан нефти алына баштаган. Мурда башка улуттун өкүлдөрү бул байлыкты өндүрүп келген болсо, мында калк отурукташа баштап, атайын ишкана уюшулгандан тартып, жергиликтүү улуттун уул-кыздары да нефть өндүрүшүнө катыша баштаган. Союздун тарашы менен көбү сыртка көчүп кетишип, жергиликтүү жашоочулар калышты. Улуулардын жолун улам жаштары ээлеп, калк нефть, газ өндүрүүдө иштеп, өз үй-бүлөлөрүн багып, жашоосун өткөрүп келет. Бир кезде алардын чоң аталары иштесе, кийин өз аталары, ал эми азыр өздөрү эмгектенишет. Нефтинин булагы токтогонго чейин буюрса бири бирине өткөн эстафета улам улана берери бышык.

Бул мекеме жалаң өзүнүн күчү менен нефть, газ өндүрүп, бул жердеги эки миңден ашуун адамды иш менен камсыздап, ошончо үй-бүлөнүн жашоосун жүргүзүп келет. Эгерде бул ишкана токтоп кала турган болсо, ошончо үй-бүлө жумушсуз калып, ар бирине орточо 3-5тен эсептегенде эле 10 миңге чукул адамдын жашоосу кыйынчылыкка такалышы бышык.

Кочкор-Ата шаарын сактап турган да ушул мекеме. Жергиликтүү бюджетке миллиондогон сом акча чегерет.

Бул китепте кыргыз мунайы казылып алынгандан тартып, бул жерде өндүрүштүк мекеме түзүлүп, анын түптөлүп, өсүп-өнүгүшүнө чейинки тарых-таржымалы, өндүрүшкө өз эмгеги менен күрдөөлдүү салым кошушкан нефтичилер туурасында жазылган. Мүмкүн болушунча маалыматтарды топтоп, эмгеги сиңген адамдарды толугураак камтууга аракеттерди жасадык.

Албетте, жасалган иштин кемчилиги бүткөндө башкаларга жеңил көрүнүп, айтылаары бышык, бирок, анын жазылып, өз ээсинин колуна тийгенге чейинки эмгекти сөз менен айтып түшүндүрүү кыйын. Кандай болгон күндө да ал сиздерде жетип олтурушунун өзү чоң утуш, чоң жетишкендик. Ошондуктан, колуна алып, сыртына жөн гана көз жүгүрткөн адамдан тартып, бир сыйра саресеп салып, баратап көргөн адамдан аягына чейин окуп чыккан окурмандарга чейин алдын ала ыраазычылык билдиребиз.

КЫРГЫЗМУНАЙ ӨНДҮРҮШҮНҮН БАШТАЛЫШЫ

Өлкөбүздө нефть өндүрүшү XIX кылымдын башталышына тиешелүү.

1901-жылы инженер В. Леоновдун жетекчилиги менен мамлекеттин каражатына нефть казылган, ошол убакта "казыналык" деп аталган жана номери "0" кудуктан (скважинадан)(скважинаны эксплуатациялоо 1915-жылга чейин улантылган) V пласттан 5 миң тоннадан ашык нефть алынып, биринчилерден болуп "Майли-Сай" кени ачылган.

Ошентип 1917-жылдагы революцияга чейин Майлы-Сай кенинен мезгил мезгили менен менчик ээлери аркылуу нефть менен бирге озокерит өндүрүлүп келген.

Ошол кезде 1905-1909-жылдары Петров, Солодухин, Мурзиновдор озокерит өндүрүшүп, чет мамлекетке жөнөтүп турушкан.

1909-жылы менчик ээси Валуева айымга караштуу болгон Майли-Сайдагы участокту англичандар сатып алууга мүмкүнчүлүк пайда болуп, ошонун негизинде "Ферганалык нефть өндүрүү коому" деп аталган коом түзүлгөн.

1914-жылы ага атаандаш болгон Россиянын "Бир тууган Мобелдер" деген чоң компанияга туруштук бере албаган бул коом өзүнүн ишин улантууну токтотууга аргасыз болгон. Ошентип чалгындоо иштеринин көлөмү азайып, иш жай жүрө баштаган.

1930-жылы геологдор Г.И. Шатов, С.Е. Пахомова, Ю.А. Колодяжныйлардын жетекчиликтеринин алдында Майли-Сайда чалгындоо иштери кайрадан башталган. "Майли-Сай" кенинен тышкары, нефть кендерин чалгындоо "Түндүк Риштан" аянтында да жүргүзүлө башталган.

1931-жылы жогорудагы геологдордун сунуштарынын негизинде азыркы Чаңгыр-Таш кенинде, Теке-Бель аянтчасында геологиялык изилдөө иштери башталган.

Ошентип 1932-жылы Чаңгыр-Ташта бир канча чалгындоо кудуктарын казуу иштери аяктаган. №2-кудуктан 250 метр тереңдиктен биринчи өндүрүштүк нефть V пласттан фонтан болуп алынган. Муну менен палеоген чөкмөлөрүнүн V катмарынын мунайлуулугу далилденет.

Ошол убакта Кыргызстанда биринчи жолу нефть өндүрүшүнүн кадрларын даярдоо максатында жумушчуларды окутуу курстары, техникалык иримдер ачылып, өндүрүштүн өнүгүүсүнө шарт түзүлгөн.

1933-жылы №7-кудуктан 400 метр тереңдиктен III пласттан нефть фонтаны алынып, 1937-жылга чейин баардыгы болуп 20 кудук казылып, ошол эле жылы нефть өндүрүшүнүн (промысель) курулушу башталган.

1939-жылы нефть кудугунун саны 40ка жетип, нефть өндүрүү 3,8 миң

тоннаны түзгөн. Нефть өндүрүшүн (промысель) Фергана өрөөнүндөгү Алты-Арык нефтини кайра өндүрүү заводуна ташуу үчүн Тентек-Сай станциясына карай 32 км түтүктөр уланган, өндүрүлгөн нефть Өзбекстандагы Алты-Арык нефтини кайра иштетүү заводуна ташыла башталат. 1942-жылга нефть өндүрүүнүн көлөмү 28,2 миң тоннаны түзгөн.

Кыркынчы жылдары Майли-Су IV (1944-ж.), Избаскент (1946-ж) участкаларында чалгындоо иштери жүргүзүлүп, ошонун негизинде нефть өндүрүүнүн көлөмү өскөн.

1948-жылы III пласттан №3-кудук суткасына 100 тонна нефть берип, Майли-Су IV нефть кени ачылганына байланыштуу Көк-Таш, жумушчу шаарчасы, ДЭС жана башка нефтепромыселдери түзүлгөн, нефтини кайра иштетүүчү заводко ташуу үчүн, узундугу 60 чакырымга созулган нефть түтүктөрү курулган. Нефть кудуктары нефть чогултуучу түтүктөр жана ченөөчү жабдуулар менен байланыштырылган.

Ошол жылы эле Избаскент, өтө чоң эмес Чыгыш Избаскент нефть кендери ачылган.

Геологиядык чалгындоо иштеринин жетишкендиктерине өздөрүнүн чоң салымдарын кошкон, нефть кендерин ачкандардын ичинен чалгындоо жетекчиси А.И.Исмаиловдун эмгеги чоң болгон. Ал көп убакыттар бою "Фергананефтегаз" трестин, андан кийин "Узбекнефть" өндүрүштүк бирикмесин башкарып турган. Аны менен кошо геологиялык чалгындоо иштерине П.К.Шевцов,И.П.Зубов, И.Ф. Ивашковскийлер чоң салымдарын кошушкан.

Ошентип, 1942-жылы нефть өндүрүүнүн көлөмү 28,2 миң тоннага жеткен. Бирок, 1959-жылы 21,7 миң тоннага чейин түшүп кеткен..

А.Ж. Жумагулов жана А.С.Мартиросовдордун идеяларынын негизинде 1959-жылы жердин түбүнө суу айдашып, 1960-жылы нефть өндүрүүнүн көлөмүн 23,2 миң тоннага чейин көтөрүшкөн.

1970-жылы нефть өндүрүү 68,2 мин тоннага жеткен. 1971-жылдан нефть запастарынын азайгандыгына байланыштуу кайрадан нефть өндүрүүнүн көлөмү түшүп кеткен.

Бул аймакта нефть өндүрүүгө жеткиликтүү көңүл бурула баштаган. Нефтичилерге шарт түзүү максатында 1952-жылы өндүрүштүк жайлар менен кошо маданият, үй тиричилик имараттары курула баштаган. Демек, Кочкор-Ата поселогунун пайда болушу мына ушул 1952-жылга туура келет.Дал ушул жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси түзүлгөн.

Кыргыз ССРинин аймагында Фергана өрөөнүндө үч чоң нефть кендери ачылганына байланыштуу 1955-жылы нефть өндүрүүчү (нефтепромысель) башкармалыгы "Кыргызнефть" мекемеси түзүлгөн. Ошол убакыттан баштап республикада нефть өндүрүшүнүн жаңыдан өнүгүү этабы башталды.

1957-1959-жылдардагы газ кендеринин ачылгандыгына байланыштуу

Кочкор-Ата поселогунда жайланышкан бардык ишканаларды газ менен жылытууга өтүшкөн. Ошондой эле Майли-Суу, Жалал-Абад, Ош шаарларында газ түтүктөрү курулуп, ал шаарлардагы баардык ишканалар газ менен жылытыла баштаган.

Изилдөө-чалгындоо иштеринин өнүгүүсү 60-жылдары бир канча жаңы нефть жана газ кендерин ачууга мүмкүнчүлүк болуп, анын негизинде Бешкент-тогап, Карагач, Түндүк Каракчикум, Сузак, Чигирчик кендери ачылган.

Жаратылыш газын өндүрүүгө да чоң маани берилип, 1960-жылы 90 млн. м^3, ал эми 1973-жылы 394 млн.м^3 газ алынган.

Айта кетчү сөз акыркы кендер 1974-1975-жылдары ачылган, башкача айтканда баардык кендер өндүрүүнүн акыркы стадияларында турат.

Тажрыйбалуу жетекчилер баш болгон өз иштерин мыкты билген дасыккан адистер өзүлөрүнүн баардык эмгегин нефть өндүрүшүнө арнашты. Алардын катарында Л.М. Мурадян, В.Н. Кучин, бургулоо мастерлери П.Ташпулатов, Ленин орденинин кавалери К. Джураев, "Кызыл Жылдыз" орденинин кавалери К.Сыдыков, С.И.Пакин, А.Р.Искендеров, М.М.Камбаров, В.А.Никитенко жана башка көптөгөн өндүрүштүн алдыңкыларын атоого болот.

"Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармалыгын (НПУ) түзүү менен анын биринчи жетекчилери А.М.Лутков, Х.М.Сааков, А.Коваленко, А.Ж. Жумагуловдор эле жана алар Кочкор-Ата шаарынын өнүгүшүнө дагы чоң салымдарын кошушкан.

Нефть өндүрүүдө геологдор, технологдор жана башкы адистер- Э.К.Базарбаев, Г.И. Руднев, А.М.Решетников, Ж.М. Максутов, П.А.Сим, Г.А.Сарьян, А.Н. Ширинин, жер алдында жана капиталдык ремонттун мастерлери П.З.Шкапин, Т.Ахунжанов, нефть жана газ өндүрүү операторлору Н.Пулатов, С.Ташатов, С.Молдалиев, В.Р. Согрин жана башкалар өздөрүнүн чоң салымдарын кошушкан.

1970-жылдын 1-ноябрында СССРдин нефть өндүрүшү Министрлигинин буйругу менен "Кыргызнефть" 1975-жылдын октябрынан "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси болуп кайра түзүлгөн.

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНАН КИЙИН

Күтүлбөгөн жерден дүйнөдөгү улуу державанын-СССРдин кыйрашы, анын катарында турган 15 Союздук республиканын тарашы, айрыкча карапайым элдин уктаса түшүнө кирбеген окуя болгон. Аны менен кошо бардык каржылоолор токтогон. Өз алдыбызча мамлекет болдук деп, эркиндикке ээ болгонубузга сүйүнгөнүбүз менен Союзду сырьё менен камсыздап турган өлкөбүздө бат бутка туруп кетүү кыйынчылыкты жаратты. Сыртка товар экспорттоо токтоп, ага жараша иштеп турган завод-фабрикалар кыйроого учурады. Ушундай шартта "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинин жетекчилери бул ишкананы талатып-тонотуп, кыйроого учуратпай, кандай гана кыйынчылыктар жаралбасын сактап калууга аракеттерди жасашты.

Союздун ыдырап, мамлекеттин өз алдынча жашоого кадам коюшу менен 1991-жылдары базар экономикасынын шарттарында өлкөбүздөгү башка ишканалар сыяктуу эле "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинде да нефть өндүрүү жана аны кайра иштетип чыгуу боюнча көйгөйлөр жаралган.

1991-жылга чейин ар жылы жаңы кудуктар казылуу менен, дебиттердин азайып кетиши компенсировать этилген. Ал эми 1990-жылдан бери финансы каражаттарынын жоктугуна байланыштуу (эксплуатационные) кудуктарды казуу токтотулган. А бул болсо 1991-жылдагы 142 миң тоннадан, 1993-жылы 87,0 миң тоннага түшүүгө алып келген.

"Кыргызнефтегаз" ААКунда жетээрлик финансылык каражаттын жоктугу, финансалык каражаттарды издөөгө себеп болду. Кыргыз Республикасындагы "Нефть жөнүндө", "Жер кыртышы жөнүндө" (недр) жана "Чет мамлекеттик инвестициялар" Мыйзамдарынын негизинде "Кыргызнефтегаз" ААКсы инвесторлорду тартуу боюнча активдүү иштей баштады.

Инвестор болуп биринчи тартылган чет элдик компания Америкалык компания "Ацтек-Талас" (1993-ж), кийин укугун канадалык "Кыргойл" компаниясына сатып жиберет да, кийин "Кыргызнефтегаз"ААКсы жана "Кыргойл" компаниясы чогуу "Кыргыз Петролеум Компании" (КПК) компаниясын түзүштү. Жыйынтыгында, "Ацтек-Талас" ГРП жүргүзүп, 1993-1997-жылдары 30 миң тоннадан ашык кошумча нефть өндүрүлгөн. Бул компания салган инвестициянын көлөмү 30 млн. долларга жакын көлөмдү түзүп, 1996-жылы бул каражатка Кыргыз Республикасында биринчи жолу нефтини кайра иштеп чыгуучу завод курулду. Мына ушунун натыйжасында 1996-жылы Жалал-Абад шаарында бир жылда 500 миң тонна нефтини кайра иштетип чыгууга эсептелген кыргыз-канада - "Кыргыз Петролеум Компани" ишканасынын (КПК) курулуп, пайдаланууга берилиши менен бир топ көйгөйлөр чечилген.

Жалал-Абаддагы нефтини кайра иштетип чыгуучу завод Россиядан, Казакстан жана Тажикстандан алып келген нефтилерин кайра иштетип чыгат. Андан тышкары компания 1996-1997-жылдардагы ГРП жүргүзгөн кудуктардан (баардыгы 21) нефть өндүрүлүп келген. Бул өндүрүштүк мекеменин аталышы да мезгилдин өзгөрүшү менен өзгөрүүлөргө туш болгон. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 1-январындагы токтому менен "Кыргызнефтегаз" акционердик коому болуп аталган. Кыргыз Республикасынын "Акционердик коомдор жөнүндө" Мыйзамынын негизинде 2004-жылдын августунан баштап "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому (ААК) болуп кайрадан түзүлгөн. 2012-жылы Кыргыз Республикасынын президенти А.Ш.Атамбаев жана ошол кездеги премьер-министр Ж.Ж.Сатыбалдиевдин кийлигүүшүсү, элдин жана эмгек жамаатынын колдоосу менен "Кыргызнефтегаз" АККсы бул заводду (КПК) сатып алган. Азыркы күндө "Кыргызнефтегаз" ААКсы 7 нефть, 2 нефть-газ, 1 нефть-газ конденсат кендерин иштетет.

Пласттын басымынын төмөндөгөнүнө байланыштуу кудуктардын дебиттеринин азайышынан, нефть кудуктарынын фонддон чыгып кеткендигинен нефть өндүрүүнүн көлөмү төмөндөп кеткен. Салыштырып көрөлү, 1990-жылы кудуктун фонду 400 бөлгөндө бир кудуктун орточо дебити суткасына 1,0 тонна нефтини түзсө, ал эми 2011-жылдын башталышына кудуктун фонду 300 бөлгөндө, бир кудуктун дебити суткасына 0,8 тоннаны түзгөн.

Акыркы жылдардагы анализдердин жыйынтыктарынын негизинде кудуктардын дебиттеринин ар жылкы төмөндөшү 3-5 миң тоннаны түзгөн. Азыркы учурда компания негизинен нефтини жана газоконденсатты кайра өндүрүү жана алынган нефтепродуктыларды сатуу менен иштешет. Ушул тапта Сузак жана Ноокен районунан өндүрүлгөн нефть кайра иштетип чыгуу заводуна түтүктөр менен жеткирилсе, ал эми Лейлек районунан өндүрүлгөн нефть темир жол менен заводко ташылып келет.

"Кыргызнефтегаз" ААКсы азыркы убакта 12 чет элдик компаниялар башкача айтканда "КНГ-Гидрокарбонс", "Энергоресурсы Средней Азии", "Кыргызжернефтегаз", "Сань-Шань-Юань", "ДиЩинь", "Китайнефть компаниясы", "ТенЛун", "Брайтресурсесхолдинг", "ПиИАЙ", "ДзиньДао", "Дади", "ТенИ" жабык типтеги компаниялар менен да иш алып барат. Азыркы учурда кыргыздын нефть өндүрүү тарыхына кирген төмөнкү жетекчилерге сый-урмат билдирүү керек: А.МЛудко (1954-1958-жж.), Х.М.Сааков (1958-1962-жж.), А.В.Коваленко (1962-1975-жж.), В.Е.Диких (1975-1983-жж.), Л.М Мурадян (1983-1990-жж.), Т.К. Калбаев (1990-1998-жж.).

1998-жылдан 2016-жылга чейин ишкананы К.М.Исманов, А.Б.Ороков, К.А.Тургунбаев, И.А.Пирматов, К.Д. Масиров, Ж.Н. Жумашовдор башкарышкан. Ал эми 2017-жылдын май айынан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармалыгын Р.А. Бостонов жетектеп келет.

НЕФТЬ, ГАЗ ӨНДҮРҮҮ ТАРМАГЫНДА ЭМГЕКТЕНИШКЕН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН КАТЫШУУЧУЛАРЫ

1. Ганжа Михаил Михайлович
2. Кахраманов Бегали Досталиевич
3. Абдуллабев Тешебай
4. Марфин Федор Никитович
5. Бобков Николай Иванович
6. Токарев Николай Васильевич
7. Скоробогатов Александр Григорьевич
8. Драгунов Михаил Егорович
9. Тимерзанов Валиахмед Гусманович
10. Задонцев Андрей Фокеевич
11. Романова Мария Михайловна
12. Сазонов Дмитрий Иванович
13. Никитенко Прасковья Васильевна
14. Назаров Иван Николаевич
15. Шурыгин Александр Федорович
16. Стороженко Петр Сергеевич
17. Ибрагимов Зуфар Ибрагимович
18. Евсюков Иван Кузьмич
19. Погорелов Николай Яковлевич
20. Джафаров Фарух Акбабович
21. Пироженко Емельян Мартынович
22. Касымов Абдулла Якубович
23. Шуваев Николай Сергеевич
24. Радаев Тихон Сергеевич
25. Тургунов Саидкарим
26. Хайдаров Мирзажан
27. МеняшевАбдурахманХасанович
28. Умаров Мамадали
29. Сатвалдыев Юлдаш
30. Блохин Алексей Карпович
31. НугаевХабибуллаУсманович
32. ХусаиновШагиазамМухмарович
33. Дадакузиев Мамасалы
34. Мамедов Тешебай

35. Ашуров Мухатдин
36. Рашитов Гали Камалович
37. Надейкин Сергей Сергеевич
38. Рахимов Назимедин
39. Мухамедшин Набиулла
40. Требунских Николай Павлович
41. Исакулов Абдырасул
42. Абульев Сабир
43. Прилепин Василий Николаевич
44. Часовских Гаврил Фролович
45. Вакуленко Василий Григорьевич
46. Алимбеков Халмурза
47. Алиев Али Ибрагимович
48. Сугробов Владимир Николаевич
49. Эргашев Ташбулат
50. Исакулов Давран
51. Гаджиев Пана Набиевич
52. Чугуров Федор Емельянович
53. Хамидов Кохраман
54. Мамажанов Карим
55. Сбродов Василий Федорович
56. Гуськов Андрей Кириллович
57. Наржигитов Нурмамат
58. Усманов Габиджан
59. Попов Василий Егорович
60. Кузьменко Андрей Григорьевич
61. Грайченко Николай Иванович
62. Ломакин Николай Ефимович
63. Субанов Аким
64. Балтабаев Сабиржан
65. Краченко Иван Иванович
66. Сыдыков Раим Каримович
67. Овчинников Василий Иванович
68. Мадраимов Балтабай
69. Широков Александр Николаевич
70. Цабей Алексей Александрович
71. Тургунов Сарбай

Мухаматкасым Пазылов

Чодон Иметалиев

Худайназар Хусанов

Абдубаки Ювашев



Гурий Падиков

Зинаида Маркова

Сайпидин Молдалиев

Надежда Захарова



Борис Гладышев

Алижан Мамадалиев

Константин Гросс

Нина Максимкина

Абдулла Эргашев



Сергей Пакин

Тамара Мкртычева

Георгий Руднев

Мансур Мирасов

Мамитжан Карьягдиев

Жалил Өмүрзаков

Маматураим Юнусалиев

Шамиль Фаризонов

Петр Сим

МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТЫН ЭЭЛЕРИ

"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНӨР ЖАЙЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕР"

САРЬЯН ГАРИЙ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын башкы геологу-геология боюнча начальнигинин орун басары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү. 2000-жылдын 19-октябры, ПЖ № 288).

ДОРБАНОВ ТИРКЕШ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Кыргыз бургулоо иштери боюнча башкармасынын начальниги. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

ЭГЕМБЕРДИЕВ МАМАТКАЙЫМ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык транспорт башкармасынын атайын жана жер казуучу техника боюнча начальнигинин орун басары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

"ДАҢК" МЕДАЛЫ

МОДОМОРОВ МАМАТЖАН

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык транспорт башкармасынын эксплуатациялоо боюнча начальнигинин орун басары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

ПИДЬКО АЛЕКСАНДР ПАНФИЛОВИЧ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун газды казып алуу жана сатуу боюнча башкарманын начальниги. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "АРДАК ГРАМОТАСЫ"

СУЛТАНОВ БЕКБОЛОТ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын башчысы. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2000-жылдын 19-октябры ПЖ № 288).

МАМАТОВ КУБАТ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Кыргыз бургулоо иштери боюнча башкармасынын механикалык мастерскоюнун оңдоочу слесары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2000-жылдын 19-октябры, ПЖ № 288).

МОЛДАЛИЕВ БӨРҮБАЙ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр монтеру (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2000-жылдын 19-октябры ПЖ № 288)

СЫСУЕВ АНАТОЛИЙ ИВАНОВИЧ

- "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын автомобилдик крандын машинисти. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү. 2003-жылдын 12-сентябры ПЖ № 299)

КИМСАНБАЕВ ТӨЛӨШ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын басым берүүчү скважиналарды өздөштүрүү жана оңдоо боюнча устаты. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү. 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

ЭРГАШЕВ ТӨРӨБАЙ

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын нефть жана газ алуу боюнча оператору (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2007-жылдын 24-августу ПЖ № 382)

ТӨРӨБАЕВ АЛЫМЖАН

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын көчмө компрессорунун машинисти. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2007-жылдын 24-августу ПЖ № 382). 1981-жылдын 13-апрелинен тартып ушул күнгө чейин ТТБнын №3-автоколоннасындагы 320-цементтөөчү агрегаттын мотористи (моторист цементировочного агрегата-320) болуп иштеп келе жатат.

АХМЕДОВ ЯКУБЖАН

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун чарбалык эсептеги курулуш-монтаждоо участкасынын желдетүү тетиктерин жана түйүндөрүн даярдоо боюнча слесары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2006-жылдын 25-августу. ПЖ № 439).

КАДЫРОВ КАМЧЫБЕК

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бургулоо иштер башкармасынын бургулоочу устаты. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2006-жылдын 25-августу ПЖ № 439).

КАЛМАМАТОВ ЭРКИНАЛЫ

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын көтөрүүчү механизмдин машинисти. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2006-жылдын 25-августу ПЖ № 439).

ЗАКИРОВ АСИЛ

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын цементтөөчү агрегаттын мотористи. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры. ПЖ № 299).

КАДЫБАЕВ МАМЫТБЕК

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын скажиналарды жер алдында жана баштан-аяк оңдоо оператору. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры. ПЖ № 299).

САРЫМСАКОВ АЗИМЖАН

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармасынын көтөрүүчү механизмдин машинисти. (Кыргыз Республика-

сынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

БАКИРОВ КАДЫРБЕК

"Кыргызнфтегаз" акционердик коомунун Кыргыз бургулоо иштери боюнча башкармасынын бургулоо иштерин тейлөө боюнча слесары. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

БОРБУГУЛОВ ТЫНЫБЕК

"Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун өндүрүштү автоматташтыруу участкасынын начальниги. (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 12-сентябры, ПЖ № 299).

АЛИБЕКОВ ОРОЗБЕК
КАСЫМБЕКОВ ЖОПОН, айдоочу

ЛЕНИН ОРДЕНИ

Жураев Халик

"ЭМГЕК КЫЗЫЛ ТУУ" ОРДЕНИ

Сыдыков Кадырбек
Мусаев Рахман айдоочу. 1986-жыл.
Овчинников В.И. көтөрүүчү механизмдин машинисти. 1973-жыл.
Тажибаев Ибрахим айдоочу. 1970-жыл.

"ЭМГЕК ДАҢКЫ" ОРДЕНИ

Сатывалдиев Кахар айдоочу. 1973-жыл.
Лопатин М.А. моторист. 1986-жыл.

"АРДАК БЕЛГИСИ" ОРДЕНИ

Мунаков Хасан тракторчу. 1980-жыл.
Мусаев Рахман айдоочу. 1973-жыл.
Касымбеков Жопон айдоочу. 1970-жыл.
Нугаев Фатых слесарь. 1970-жыл.
Олешко Я.Т. бульдозерист. 1970-жыл.
Мадумаров М. колонна башчысы. 1986-жыл.
Шарипов Абдулхай көтөрүүчү механизмдин машинисти. 1977-жыл.

"ЭМГЕКТЕГИ КҮЖҮРМӨНДҮҮЛҮГҮ ҮЧҮН" МЕДАЛЫ

Нарбаев Джурабай айдоочу. 1986-жыл.
Колесов П.Л. ППУ машинисти. 1970-жыл.
Бутрин А.С. машинист.1 970-жыл.
Фарфутдинов Н.С. экскаватордун машинисти. 1986-жыл.

"ЭМГЕКТЕГИ АРТЫКЧЫЛЫГЫ ҮЧҮН" МЕДАЛЫ

Цабей А.А. айдоочу. 1977-жыл.
Жороев Абдулла машинист. 1980-жыл.
Безверхний В.Ф. айдоочу. 1973-жыл.
Мамадалиев Оскар тракторчу. 1965-жыл.

ААКнын КУРАМЫ

“Кыргызнефтегаздын” бир нече бөлүмдөрдөн турган аппараты иштейт. Аппарат өз ичине өндүрүштүк техникалык бөлүмдү, геологиялык бөлүмдү, кен иштетүү бөлүмүн, капиталдык курулуш бөлүмүн, энерго-механикалык бөлүмүн, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы бөлүмүн, эмгекти уюштуруу жана маяна бөлүмүн, экономикалык пландоо бөлүмүн, тышкы экономикалык байланыштар жана инвестициялар бөлүмүн, кадрлар бөлүмүн, юридикалык бөлүмдү, борбордук эсепкана, чарба бөлүмүн, эсептөө маалымат борборун, коопсуздук кызматын, сатып алуу, маркетинг жана материалдык жактан камсыздандыруу башкармасын бириктирет.

ААКнын курамында ишмердүүлүктү ийгиликтүү алып баруу максатында төмөндөгүдөй ишканалар уюшулган: Нефть жана газ өндүрүүчү башкармалык (НГӨБ) Сузак жана Лейлек райондорунда нефть өндүрүүчү участкалары менен, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы (КББ), технологиялык транспорт башкармалыгы (ТТБ).

Ошону менен бирге “Кыргызнефтегаз” ААКнын Бишкек шаарындагы өкүлчүлүгү, Жалал-Абад шаарындагы “Кыргыз Петролеум Компани” нефтини кайра иштетүүчү заводу да өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Мындан тышкары бул ачык акционердик коомуна караган өндүрүштү автоматташтыруу участогу, газды сатуу боюнча участогу, суу менен камсыздоо участогу, курулуш жана монтаждоо участогу, күйүүчү жана майлоочу материалдарды сатуу боюнча участогу, борбордук кампа, өрт өчүрүүчү бөлүм, "Береке» сүт цехи иштейт.


ПРИЕМНАЯ

ПЛАСТТЫН НЕФТЬ БЕРҮҮСҮН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА СКВАЖИНАЛАРДЫ КАПИТАЛДЫК РЕМОНТТОН ӨТКӨРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

1991-жылдын 1-январынан 1994-жылдын 1-июнуна чейин Россия Советтик Федерадивдик социалисттик республикасындагы Тюмень областындагы Ыраакы Түндүк райондорунда вахталык ыкма менен жумуштарды алып баруу уюштурулган. Аталган башкармалык "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин структуралык бөлүмү катары эсептелген. Пласттын нефть берүүсүн жогорулатуу жана скважиналарды капиталдык ремонттон өткөрүү башкармалыгынын башчысы болуп Намазов Бейдулла Асадович эмгектенген. Бул башкарма скважиналарды ремонттоо жумушу менен алектенген жана ишчилердин саны 500 кишини түзгөн. Жумуштар вахталык ыкма менен 3 сменада алып барылып, алардын ичинде 1 смена вахта аралык смена болуп эсептелген. Бул башкармалыктын жетекчилери катары төмөнкү кызматкерлер эмгектенген: башкы инженери Песков Анатолий Иванович, башкы энергетиги Серебряков Николай, эмгекти уюштуруу, ченемдөө жана маяна бөлүмү башчысы Павлова Лилия Константиновна, экономикалык бөлүмдүн башчысы Дремина Александара Ивановна, башкы бухгалтери Небога Валентина Григорьевна, техника безопасности башчысы Шербанин Вячеслав Алексеевич; курулуш бригадасынын прорабы Масуров Жакып, улуу устаттар Акчабаев Пазыл, Хмызенко Алесандр Петрович, устаттар Трашин Виктор Захарович, Полотов Алишер.

ААКнын КУРАМЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ЖАЙЛАР

“Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коому өзүнүн балансында бир канча социалдык-маданий маанидеги объектилерди каржылайт.

Арстанбаптагы балдардын ден-соолугун чыңдоо борборун, эс алуу зонасын, “Токтогул” суу сактагычындагы “Көк-бел” эс алуу зонасын, Кочкор-Ата шаарындагы №2-“Жоогазын”, №3-“Коңгуроо гүл”, №5-“Күн” балдар бакчаларын, санторий-профилакторийди, “Нефтичи” маданият үйүн, “Нефтичи” спорт комплексин, чоң жана кичи футбол аянттарын каржылайт.

Шаар жасоочу ишкана катары “Кыргызнефтегаз” ААКсы Кочкор-Ата шаарынын жашоочуларын таза ичимдик суу, газ менен камсыз кылып турат, ошондой эле негизги жолдорду, скверлерди, парктарды жана башка маданий жана коомдук объектилердин тазалыгын камсыздайт.

Ошентип, шаардыктарга татыктуу жашоо, эс алуу жана спорт менен машыгуу үчүн жакшы шарттар жаратылып турат.

МЕКЕМЕНИН МИЛДЕТИ

“Кыргызнефтегаз” ААКу республикадагы нефть жана газ өндүргөн жалгыз ишкана боюнча калууда жана нефть жана газ тармагындагы бардык жумуштун бүт комплекси ушул ишкана тарабынан геологиялык чалгындоо, геофизикалык изилдөө, чалгындык жана эксплуатациялык скважиналарды казуу, нефть жана газды ташуу, кайра иштетүү жана сатуу, кендерде шарттарды түзүү, турак-жайларды жана социалдык маданий турмуш тиричилик объектилерин куруу, атайын техникалар жана транспорттор менен камсыздоо жумуштары аткарылат.

КЫРГЫЗМУНАЙЫНЫН ТҮПТӨЛҮП, ӨНҮГҮШҮНӨ САЛЫМ КОШКОН ЖЕТЕКЧИЛЕР

Кыргыз мунайгазынын тарыхы бул жерде жашап-эмгектенишкен эмгек адамдарынын өмүр, эмгек жолу менен байланышкан. "Кыргызнефтини" аларсыз эч убакта элестете албайбыз, анткени кыргызмунайгазынын тарыхын жаратышкан, ошол тарыхты тарых баракгарына калтырууга себепкер болушкан инсандар. Ар бири туурасында кезеги менен сөз кылабыз буюрса.

Эң негизгиси Кыргызстандын түштүгүндө бул нефть, газдын пайда болушу бул аймактын гана эмес, жалпы Кыргызстандын сыймыгы. Өткөн тарыхка кайрадан саресеп сала турган болсок, 1900-жылдары эле нефть алына башташы, ошондон бери анын түгөнбөй улам оргуштап чыгып олтурушу элдин кенчи, алардын бешенесине бүткөн Жараткандын берген байлыгы. Мына ушул куттуу жерде орун алган "Кыргызнефтегазды" көптөгөн белдүү, иштерман, бир чети жөндөмдүү инсандар жетектешкен. Алардын ар биринин өздөрүнүн билим деңгээлине, тажрыйбасына, жөндөмүнө жараша жасап калтырган иштери азыр бул аймактын элине белгилүү. Демек, кандай гана кырдаал, кандай гана татаал учурлар болбосун "Кыргызнефтегаздын" сакталып калышында алардын ар биринин өз орду бар. Ал эми мындагы эмгек жамааты ар бир бир жетекчинин жасаган, эмгектик салымын ийне-жибине чейин билишет. Ошондуктан, алар туурасында төкпөй-чачпай, апырта кошпой калыстык менен сөз кылууга мезгил келди.

А.М. ЛУТКОВ

Эң биринчи жетекчи А.М. Лутков туурасында учкай сөз. Ал 1954-1958-жылдары "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесин жетектеген. Андан мурдагылар туурасында эч кандай маалымат жок. Лутков жетектеген 1954-жылы 109,8 миң тонна нефть өндүрүлгөн деген маалымат жазылган. 1955-жылы 115 миң тонна, 1956-жылы болсо 199,1 миң, 1957-жылы 356 миң, 1958-жылы 490 миң тонна нефть өндүрүлгөн. Ошол кезде Советтер Союзу Кырыгызстанда нефть өндүрүшүнө өзгөчө көңүл буруп, чалгындоо, бургулоо, өндүрүү жумуштарына ири өлчөмдө каражат жумшаган. Ал эми 1958-жылы 1,5 миллион куб газ өндүрүлгөн.

СААКОВ ХРИСТОФОР МОИСЕЕВИЧ

Андан соң, дал мына ушул инсан аталган өндүрүштүк бирикмени жетектеген. Ошол кезде алгач 1959-жылы 424 миң, 1960-жылы 463 миң, 1961-жылы

421 миң тонна нефть алынган. Бул мезгилдер нефть өндүрүшүндө чоң буруулуштарга туш келген. Ал эми газ өндүрүшү:

1959-жылы 17,2 миллион куб
1960-жылы 46,1
1961-жылы 136,2

КОВАЛЕНКО АНАТОЛИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

Ал 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун апаат күндөрүн өз башынан кечирип, кан майданда баскынчылардан Совет мамлекетин коргоого активдүү катышкан. Андан соң, согуштан кийин бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүүгө өз эмгегин жумшаган.

Ал чыныгы нефтичи, бул тармакты жакшы билген жетекчи болгон. Ал туурасында толук маалымат алынбаганы менен, бул инсан туурасына "Кыргызнефть" азыркы ачык акционердик коомунун архивинде болгон фактылар сакталып калган.

Аны билгендер ал нефтичилерге өзгөчө жакшы шарт жаратууга аракет жасап, эң биринчи жашоого турак-жай салып, аларды камсыздоого жетишкен. Ошол кезде турак үйлөрдөн тартып, Кочкор-Ата шаарчасындагы соода, байланыш, оорукана сыяктуу мекемелердин көпчүлүгү Анатолий Ковалено "Киргизнефть" өндүрүштүк мекемесин жетектеп турганда мына ушул ишканын курууучуларынын эмгеги менен курулган.

Анын "Кыргызнефть" өндүрүштүк мекемесин жетектеген жылдары 1962-1975-жылдарга туура келген. Бул жылдары бара-бара нефть өндүрүү бир азыраак азайганы менен өндүрүштүн темпи токтогон эмес. Артка кылчайып көрөлү:

1962-жылы 345,3 миң тонна нефть Газ 180,4 млн.куб
1963-жылы 332,9 114,7
1964-жылы 320,3 135,1
1965-жылы 305 146,0
1966-жылы 310,5 154,7
1967-жылы 310,5 250,4
1968-жылы 306,4 285,3
1969-жылы 286 334,7
1970-жылы 298,1 360,8
1971-жылы 292 382,0
1972-жылы 277,2 391,2
1973-жылы 243,2 394,0

1974-жылы 235 миң тонна нефть өндүрүлгөн. Ал эми газ өндүрүү 322,5 млн. кубга жеткен.

ДИКИХ ВЛАДИМИР ЕГОРОВИЧ

Ал 1975-1983-жылдардын аралыгында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесин жетектеген. Бул мезгилдер аралыгында да нефть өндүрүшү өтө солгундабай, тездик темп менен жүрүп олтурган. Анткени, бүгүнкү шарт менен салыштырсак, өтө жогорку көрсөткүчтөр жаратылган. Алсак:

1975-жылы 230 миң тонна нефть, 285,1 млн.куб газ

1976-жылы	225,1 260,0
1977-жылы	213,5 237,0
1978-жылы	214,8 198,0
1979-жылы	221,2 156,0
1980-жылы	218,7 131,0
1981-жылы	213 115,0

1982-жылы нефть, 210 миң тоннаны, газ 139,0 млн.куб түзгөн.

Владимир Егорович Диких менен чогуу иштеген нефтичилердин көпчүлүгү анын өз ишин мыкты өздөштүргөн, алдыны көрө билген көрөгөчтүгүн, кесиптик чеберчилиги жогору такшалган жетекчи болгондугун айтышат. Иштин аткарылышын катуу талап кылчу тура.

Ал жетекчи болуп иштеген жылдары да азыр нефтичилер жашаган турак үйлөрдүн негизинен көпчүлүгү курулган. Азыркы санаторий-профилакторий, Арстанбаптагы балдардын эс алуу лагери, дем алуу жайы. Технологиялык-транспорт башкармасындагы мастерской, ушул сыяктуу башка башкармалыктардагы ремонтоочу цехтер мына ушул инсан жетектеген учурларда салынган.

Бир караганда мүнөзү оор, баарынан ишти жогору койгон, өндүрүшчү жетекчинин эмгеги менен "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде нефть, газ өндүрүүнүн көлөмү төмөндөгөн эмес.



МУРАДЯН ЛЕОНИД МИХАЙЛОВИЧ

Ал 1983-1990-жылдарга чейин бул өндүрүштүк мекеменин башында турган. Өз ишин мыкты билген уюштургуч жана жөндөмдүү, тажрыйбалуу жетекчи болгондугун айтышат. Анын көпчүлүгүнөн айырмачылыгы өтө мүнөзү жумшак, боорукер, адамгерчилиги мол инсан болгондугун билгендер бар. Жумушчуларга өтө жакын. Мээримдүү жана кайрымдуу жетекчи болуптур. Билими жагынан чыныгы жогорку дипломдуу нефтичи, Москвадагы Губкин атындагы нефть, газ өнөр жай институтун бүтүргөн. Бар болго-

ну 67 жашында каза тапкан. Аялы Нора санитардык дарыгер болуп иштеген. Алар бир уул, бир кыздуу болуп, балдарын да өздөрү сыяктуу эмгекчил жана жөнөкөй болууга тарбиялашкан.

Ал жетекчилик кызматта турган жылдары мурдагыдан бир аз нефть өндүрүшү төмөндөй баштаган. Акыркы жыл СССРдин кыйрашынын алдыңкы мезгилине туш келген. Улуу держава саналган орус мамлекетиндеги өзгөрүүлөргө болгон аракеттер Кыргызстандагы нефть өндүрүшүнө да таасирин тийгизе баштаган. Бирок, 1983-жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси тарабынан (ал мезгилде СССРдин экономикалык деңгээли жогору болгон учур) 200 миң тонна нефть өндүрүлгөн.

1983-жылы	нефть 200 миң тонна	Газ 115,0 млн.куб
1984-жылы	нефть 200,5	106 млн.куб
1985-жылы	190	115,0
1986-жылы	190	106,2
1987-жылы	186,35	112,2
1988-жылы	176,6	105,2
1989-жылы	165	104,6 млн.куб

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ӨНДҮРҮШТҮК МЕКЕМЕСИНЕ ИЗ САЛГАН ИНСАНДАР

КАЛБАЕВ ТАШТЕМИР

Жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнөн болгон биринчи жетекчи. Ташкенттеги нефть, өнөр жай институтун аяктаган, чыныгы нефтичи. 26 жаш жапжаш курагынан тартып республикадагы жападан жалгыз нефть өнөр жай мекемеси болгон "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинде башкы инженер болуп иштеген.

"Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин башкы директорлук кызматын аткарган жылдар 1990-1998-жылдардын учуру болгон. Ал СССРдин кыйроого учурап, Кыргызстан экономикалык жактан оор кырдаалга туш болгон мезгилде аталган мекемени жетектеген. Ошол кезде да бул өндүрүштүк ишкананы банкротко учуратпай, сактап калган мыкты жетекчи болгондугун азыркылар белгилешет. Ал өндүрүшкө өзгөчө көңүл бурган. Экономикалык өсүштөргө кайрылалы.

1990-жылы "Кыргызнефтегаз" 155 миң тонна нефть өндүрүүгө жетишкен. Кийинки жылдары да өндүрүштүк көрсөткүчтөр жаман болгон эмес. Бирок, СССРдин кыйрашы, көз карандысыз жаңы мамлекеттин түптөлүшүндөгү кыйынчылыктар "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесине да терс таасирин тийгизген. Ошентсе да, бул мекеменин сакталып калышында Таштемир Калбаевдин эмгеги чоң болгон. Баарыбызга белгилүү менчиктештирүү саясатынын жүрүшү менен республикадагы башка ири өнөр жай ишканалары менчиктештирилип, сатылып, талкаланып жок болуп кеткендигин эске алсак, ошол кездеги жетекчинин эмгегин өзгөчө баалоого болот. Мына бүгүн өткөн тарых ким туура, ким калыс экендигин тастыктап олтурат.

1990-жылы 155 миң тонна нефть 98,0 млн.куб газ
1991-жылы 142 83,2
1992-жылы 113 72,4
1993-жылы 87,6 41,6
1994-жылы 88,2 39,0
1995-жылы 88,66 35,7
1996-жылы 84 25,9
1997-жылы 84,79 23,7

"Эгерде Таштемир Калбаев болбогондо "Кыргызнефтегаз" мекемеси балким банкротко учурап, жоюлуп кетиши да күмөн эмес эле. Ал кезде өндүрүлгөн нефтини Өзбекстандын Ферганадагы заводго жөнөтүшчү. Ошол жылдары бул заводдун жетекчилиги 70 пайызына ээ болуу шартын койду. Чимкенттеги завод менен келишим түзөлү дешсе, алар накталай акча бербей турган болушту. Бирөөгө көз каранды болгончо өзүбүздө завод куралы деген ойго келди, бул иштин кызыкчылыгы, мында иштеген миңдеген адамдардын, алардын үй-бүлөлөрүнүн, жалпы Кочкор-Ата шаарчасынын келечеги үчүн жасалган умтулуу эле",- деген жылуу пикир уктук бул инсан туурасында.

Билишибизге караганда ал учурда Апас Жумагулов премьер-министр болуп иштеп жаткан. Ал өзү мурда мына ушул "Кыргызнефтегазда" иштеп, баары менен тааныш. Ал "Бир күн да скважиналарды токтотпогула", - деген талапты койду. Нефть сакталчу жайлардын баары толуп, жерди казып, өндүрүлгөн сырьёну толтуруп жатышты. Эгерде скважиналарды токтотсо нефть алуу да токтоп, кала берсе качып кетмек, бул миллиондогон сом зыянды пайда кылмак. Жаңы завод куруу демилгесин кубаттап, өзү колдоп, Таштемир Калбаев улам Америкага барып, келип жатып, 1996-жылы Жалал-Абад шаарындагы "Кыргыз Петролеум Компани" кыргыз-канада нефтини кайра иштетүүчү заводдун курулушун ишке ашырууга жетишилди. Анын 50 пайызы канадалыктардын менчиги болсо, 50 пайызы "Кыргызнефтегазга" таандык эле. Албетте, ал кезде мекеменин каражат кошууга мүмкүнчүлүгү

болгон эмес, жаңыдан төрөлгөн бала сыяктуу тамтуң баскан баладай болгон мамлекеттин да капчыгы калың эмес болчу. 50 пайыз үлүш трубалар, жана башка жабдуулардын эсебинен толукталган. Бул да Таштемир Калбаевдин иш билги, чыныгы уюштургуч, кесипкөй, алдыны көрө билген улуу сапаттарынын жемиши эле.

Ошентип, жаңы завод иштеп, кампаларда толгон нефти жер алдындагы түтүктөр жана транспорттор аркылуу Жалал-Абадга ташылып, бир күн да скважиналар токтобой, иш ыргагы жолго коюлган.

Азыр ошол кезде эгерде завод курулбай калса, "Кыргызнефтегаз" мекемеси туңгуюкка капталып, банкротко учурап, нефтичилер жумушсуз калмак, азыр иштеп жаткан ар бир башкармалыктагы цехтерде жумуш токтоп, техникалар таланып-тонолуп, имараттардын ордун азыркы Бишкек, Ош, Жалал-Абад шаарларындагы, дегиси республикабыздын бардык аймактарындагы мурдагы завод-фабрикалардын ордуларын базарлар ээлегендей, бул жер да базарга айланмак. Анткени, бизде өндүрүштү сактап калганга караганда базар куруу жеңил.

Демек, калыс караган адамдардын айтканына караганда Таштемир Калбаевдин "Кыргызнефтегазда" эмгеги чоң, эң өкүнүчтүүсү анын эмгеги убагында бааланбай калгандыгы. Ойлоп көрсөк ал белгилүү бир деңгээлде мамлекет үчүн артына бараандуу из калтырган тура.

ИСМАНОВ КАСЫМ

1955-жылдын 25-сентябрында Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Барпы айылында туулган.

1972-1974-жылдары Казакстандын Жамбул шаарында жоокердик милдетин өтөгөн. 1981-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун жол курулуш факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. Алгач өз адистиги боюнча окуу жайында жол курулуш машиналар кафедрасында окутуучулуктан эмгек жолун баштап, бул жерде төрт жыл эмгектенген. Андан кийинки эмгек жолун Жалал-Абад шаарындагы электрондук жапкычтарды туташтыруучу заводдо жаңы техникалар жана технологиялар бөлүмүнүн башчылык кызматы менен уланткан.

1986-1991-жылдары Коммунисттик партиянын Жалал-Абад шаардык комитетинде өндүрүш, курулуш жана транспорт боюнча инструктор болуп иштеп, андан соң, анын кызматтык тепкичи улам жогорулай берген. Кийин 1991-жылы Жалал-Абад шаардык аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланып, 1992-1996-жылдары Жалал-Абад шаарын жетектеп, бул мезгилдер аралыгында жемиштүү иштеген.

1996-1998-жылдары Ысык-Көл областындагы Кара-Кол шаардык мэриясын башкарган мезгилде да жемиштүү эмгектенген.

Ал "Кыргызнефть" өндүрүштүк мекемесин 1998-жылдын 12-майынан тартып жетектей баштап, 2002-жылдын 27-февралына чейин иштеген.

Ал жылдары нефть өндүрүшү төмөнкүдөй жүргөн:

1998-жылы	77,08 миң тонна нефть	17,9 млн.куб газ
1999-жылы	77,08	25,1
2000-жылы	77,11	32,2
2001-жылы	75,52	32,8
2002-жылы	75,16	29,0

Касым Исманов өзгөчө көңүлдү Кочкор-Ата шаарынын калкынын социалдык маселелерин чечүүгө бурган. Кочкор-Ата шаарындагы чоң спорт аянтчасы каралбай, жок болуу алдында калган. Анын демилгеси менен бул спорт аянтчасы (бул ошол кезде республикадагы эң чоң спорт аянтчаларынын бири болгон) түп-тамырынан бери кайрадан жаңыланып, оңдолгон. Арстанбаптагы балдардын эс алуу лагери, эс алуу үйү капиталдык ремонттолгон. Кочкор-Ата шаарчасынын түн ичинде жөө басууга мүмкүн болбогон караңгы көчөлөрү жарыктандырылып, жолдорго асфальт бастырылган.

"Кыргызнефтегазда" иштеген учурунда бул жер өндүрүштүк эң чоң мектеп болгондугун жашырбайт.

- Бул жерде мен бир чети адис катарында да такшалуу мектебинен өттүм. Нефть жана газ боюнча илимдин кандидаттыгын жактоомо мында жетекчи болуп, нефтичилер менен кошо иштегендигим түрткү болду, - дейт ал.

Бул тармак боюнча бир катар илимий эмгектердин автору болду. Жети ойлоп табуучулукту ишке ашырды.

Ал "Кыргызнефтегаз" акционердик коомуна жетекчиликке өлкөбүз экономикалык жактан оор абалга кептелип турган учурда туш болду. Эмгек

акынын ордуна акчалай эмес, тапочкага алмаштырган кез болчу. Союздун таркашы менен керектүү кадрлар сыртка кетип жатышкан, мына ушундан улам кадрдык жетишпестик орун алган. Мына ушундай шартта кадрларды окутуу зарылдыгы келип чыккан. Ал мекеменин эсебинен жаштарды нефть, газ өнөр жай институттарына окутуп, кадр даярдоого көңүл бурду. Ал иштеген мезгилде айрыкча газ өндүрүүнүн көлөмү артты. 2000, 2001-жылдары газ өндүрүүнүн көлөмү 32 миллион кубдан ашты. Майлуу-Суу электр лампалар заводу мурда Өзбекстандан 42 доллардан алышса, эми алар 35 доллардан "Кыргызнефтегаз" өндүргөн газдан пайдалана башташты.

Алынган маалыматка караганда ал иштеп жаткан учурда Касым Исмановдун демилгеси менен Өзбекстан пайдаланып келген Баткендеги Сары-Тал, Сары-Камыш, Чабуул, Якутан, Каратек, Риштан аймактарындагы нефть жана газ чыккан жерлер өкмөттөр аралык сүйлөшүү жолу менен "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун карамагына өткөн. Ошондой эле ошол мезгилге дейре 50 миллион куб газ батчу Майлуу-Суудагы газ сактоочу жайды да Өзбекстан пайдаланып келген.

Ал кезде Көк-Арт аймагында нефть чалгындоо иштери жүргөн. Болжол менен 23 миң тоннага жакын нефть алынмак. 1968-жылдары бул аймакта жумуш токтоп, 1999-жылы кайрадан бургулоо иштери башталып, нефть өндүрүүгө боло тургандыгы далилденген да, ачылышына ошол кездеги мамлекет башчысы Аскар Акаев катышкан.

Ал иштеген мезгилде "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин эсебинен Жалал-Абад шаарына кире бериштеги дарбаза, фольклордук талаа, ат майданы курулган. Бул жайлардын ичинен азыр Жалал-Абад шаарынын эсебине өткөрүлүп берилген фольклордук талаанын кароосуз калгандыгын айтууга болот.

Ушул жерден бир ой туулат, эгерде өздөрүнүн капчыгынан кеткенде ошол фольклордук талааны Жалал-Абад шаарынын жетекчилиги каражат ажыратып, жыл сайын жакшылап карап, уюштурула турган иш чаралардын баарын ушул жайда өткөрмөк, тетирисинче курортко жакын аймакта жайгашкан бул жердин айлана-тегерегин жашылдандырып, көркүнө чыгарып, балким туристтер келип эс алчу жайга да айландырмак. "Кыргызнефтегаздын" нефтичилердин бешене тер эмгеги, майтарылбас эрки менен табылган каражатынын эсебинен курулуп, даяр бойдон колдоруна тапшырылган. Ошол кездеги көрктүү фольклордук талаанын максаттагыдай пайдаланылбай жатышы өкүнүчтүү.

Касым Исманов "Кыргызнефтегаз" мекемесин 1998-жылдын февралына чейин жетектеп, андан соң, "ЭКШИН" деп аталган Австралиялык компанияда кеңешчи болуп иштеген.

Ал ар бир жерде мазмундуу иштеп, эмгегин элге арнагысы келгендигин айтат. Эмгегине жараша алган сыйлыктары да бир топ. Алсак, "Манас-1000" медалы менен сыйланган. Ага Жалал-Абад шаарынын ардактуу атуулдугу берилген. Эл аралык "Руханият" сыйлыгынын лауреаттыгы ыйгарылган. Жалал-Абад шаарын жетектеп турганда беш жыл катары менен "Жылдын мыкты мэри" номинациясы берилген. Республикалык "Кыргыз-Туусу", "Эркин-Тоо" гезиттери "Жылдын мыкты адамы", "Жылдын мыкты жетекчиси" номинацияларын ыйгарышкан.

ОРОКОВ АЗИЗБЕК

1963-жылдын 10-апрелинде Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1985-жылы Фрунзе политехникалык институтун аяктаган.

1996-жылы экономика илимдеринин кандидаттыгын жактаган. 1996-жылы Россия Өкмөтүнүн алдындагы Москва эл чарба академиясын бүтүргөн. 1985-1987-жылдары Ош облусундагы Хайдаркан сымап комбинатында мастер, 1987-1989-жылдары "Макмалалтын" комбинатында тоо-цех участкасынын башчысы, 1989-1992-жылдары Кыргызстан ЛКЖС Тогуз-Торо райкомунун бөлүм башчысы, райкомдун 1-катчысы, 1992-1993-жылдары "Макмалалтын" комбинатында карьердин башчысы, 1993-1995-жылдары "Макмалалтын" комбинатынын башкы инженери, 1995-1998-жылдары "Кыргызалтын" мамлекеттик концернинде башкы адис, 1998-2005-жылдары "Кыргызнефтегаз" АКнын менеджери, вице-президенти, президенти. 2005-2009-жылдары "Фабер-Сервис" курулуш компаниясынын директору, 2009-жылдан "Взрывпром Компани" фирмасынын генералдык директору кызматтарында эмгектенген. 2016-2017-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын директорлор Кеңешинин мүчөсү болгон. 2004-жылы КРнын "Өнөр жайынын мыктысы" төш белгиси менен сыйланган. 2018-2019-жылдары Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин төрагасынын орунбасары.

Каармanыбыздын инсандык жана жетекчилик сапаттары туурасында нефтичилер арасында жылуу пикирлерди көп уктук. Беш-алты айлап колдоруна акча албай, алса да буюмдар менен алмашкан учурларга туш келди жаңы жетекчи. Муну менен кимдир бирөөнү күнөөлөө туура эмес болчу. Ал учурдагы мамлекеттеги кырдаал мына ушуну талап кылган. Ал кезде бул өндүрүштүк мекеменин эле эмес, бир катар ишканаларда, кала берсе пенсионерлерге, пособие алуучуларга чейин накталай акчанын ордуна буюмдар менен эсептешүү мезгили болчу.

Бирок, мындай кырдаалдан чыгууга да болоор эле. Бул иш билги жетекчинин гана колунан келмек. Ошол учурга күбө болгондордун эсинде. Маданият үйүнүн чоң залында көп эл катышкан чоң чогулушта аны көпчүлүккө тааныштырышты. Ошол кездеги абал да ортого салынды. Акырында эл алдына чыккан Азизбек Ороковдун өктөм айтылган чечкиндүү сөзү нефтичилердин кулагына азыр да жаңырып турат.

- Буюрса эки айдан кийин баарыңыздардын эм-

гек маянаңыздарды толук төлөөгө жетишебиз. Андан соң, ар бир айдын онунда бир күн да кечикпей айлык акыңарды алганга мүмкүнчүлүк жаратам, -деди.

Ал ошол сөзүндө турду. Эки айдын аралыгында өндүрүштү жүргүзүп, "Кыргызнефтегазды" бутка тургузуп, баарын тартипке келтирүүгө жетишти. Айткан сөзүнүн өтөөсүнөн чыккан, чыныгы жөндөмдүү жетекчи экендигин далилдей алды.

Түз жүрүп, түз сүйлөгөн, саясат менен иши болбогон чыныгы өндүрүшчү келгенине эмгек жамааты түшүнүштү.

Ал жаңы келгенде эле баарына бирдей талап койду. - Бул жерде бир гана өндүрүш менен алектенебиз. Саясат менен биздин жумушубуз болбошу керек. Эгерде саясат менен алектенгени келгендер болсо, депутат болгула да, саясатта жүрө бергиле, - деди. Анын дагы бир сапаты жөнөкөй болчу, - дешет, элге жакын, ар кандай маселеде калыс караган, анан да ичинде кири жок, пейили таза инсан да эле, - деди азыркы адистердин бири.

Дагы бир окуяны эске салышты. Лейлек районунда Арка деп аталган жер бар, ошол жерде "Кыргызнефтегаздын" качалкалары жайгашкан. Жетекчилердин баарын алып, жөнөп калышты. Нефтини транспорттор менен ташып, Тажикстандын аймагы аркылуу нефтини жөнөтүү жана даярдоо кампасына жеткиришет. Ал жердеги жайдын абалы да маңдай жылытып кетпейт. Мына ушул кыйынчылыкты өз көзү менен көрүп, жетекчилерди сыдырата карап алды да, курулуш монтаждоо участкасынын башчысы Кадыржан Момошевге кайрылды:

- Нефть даярдоо жана жөнөтүү жайын башка жерге которобуз, - деди. Анан ошол жердеги нефть промыслдын башчысына карап, тапшырма берди: - Силер жергиликтүү бийликке кайрылып, дагы Тажикстандын аймагынан аралап өтпөй турган, анан өндүрүштүк базага (ал жерде нефть өндүрүү участкасы менен технологиялык транспорт бөлүмү бир жерде боло турган) жакын жайдан бер тапкын. Кайрадан курулуш-монтаждоо участкасынын башчысына:- алты айдын аралыгында бул жерге нефть даярдап, жөнөтүү жайын куруп бүткөрөсүңөр, - деди да, сөз ушуну менен бүттү дегендей кылды. Ошол ошол болду Кадыржан Момошов башында турган куруучулар Азизбек Ороков айткан имаратты куруп, мурдагы жердеги тийиштүү бардык жабдууларды ташып орнотуп, кошумча нефть түтүктөрүн куруп, кыскасы алты айдын аралыгында 10 чакырым жерден которулуп, курулуш ойдогудай бүттү.

Ошол кезде алты айдын аралыгында канткенде курулуш бүткөрүлмөк деген ой ошол окуяга туш болгон жетекчилердин жадында турган. Иш бүткөндөн кийин жаңы жетекчиге да, убагында ишти аягына чыккан куруучуларга да баары ыраазы болушту. Ошентип, Аркадагы нефтичилердин көйгөйү мына ушундайча чечилген.

Ошол сыяктуу бир нече окуялар болду. Азыр ойлоп көрүшсө Азизбек Ороковдо жетекчиликтин сапатын Жараткан табиятынан ага бергенби деген да ойго келишчү. Анткени, эч ким жетекчи болуп төрөлбөйт тура, кээси үйрөнө көрө-көрө көсөм болот, айрымдары тээ түпкүрүнөн жетекчиликке даярдалып төрөлгөндөй сезилет. Мындай сапат баарында эле боло бербейт сыягы, алар сейрек учурайт көрүнөт, чанда кездешкен мындай жетекчилердин катарында биздин каарманыбыз да тураарын ачык айткандар бир топ.

Дагы бир маселе. Технологиялык-транспорт башкармасынын башчысы Бекболот Султановго бир күнү телефон чалып, бараарын айтты да. көп өтпөй анын иш бөлмөсүнө кирип келди.

- Сиздин имаратыңар ушулбу? - деди Азизбек Ороков. - "Кыргызнефтегазга" жаңы эле жетекчиликке келген күндөрдүн бири. Канааттанбагандай бөлмөнү бир сыйра карап алды да: "сыртка чыгалы", - деди. Имараттын сырткы дубалдарынын шыбактары да көчүп, кунарсыз абалда турганы жакпады көрүнөт: - мындай жерде иштөөгө болбойт, территорияны көрөлү.

Экөө мекеменин кенен короосун, андагы цехтерди көрүп чыгышты да, кайрадан кайрадан технологиялык-транспорт башкармасынын башчысына тапшырма бергендей сүйлөдү: - сиз жер табыңыз, жаңы контора салабыз.- Жаңы жетекчинин үнү дагы чечкиндүү чыкты. Эртеси өзү телефон чалды: - Жай таптыңызбы? "Ооба" деген жоопту уккандан соң, дагы келди. Ошол жерден дароо курулуш-монтаждоо участкасынын башчысын чакырды: - эми технологиялык-транспорт башкармасынын жаңы конторасын курасыңар. Мөөнөтү алты ай.

Алты ай дегени менен бул аралыкта дароо бүткөрүү жеңил эмес экендигин курулуш-монтаждоо участкасынын башчысы билип турду. Жетекчи бир гана сүйлөдү: Алты айда сөзсүз имарат бүтүшү керек.

Ошол сөз сөз болду. Курулушту сөзсүз бүткөрүү керек, бирок кантип? Бекболот Султанов өзүндөгү бир бригаданы да курулушка салды. Ошентип, жапатырмак иштешип, куруучулар айткан убакта эки кабаттуу имаратты куруп бүткөрүп, пайдаланууга тапшырышты.

Ошентип, бул инсандын "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы кызматын аткаруу жоопкерчилиги 2003-жылдын 14-февралынан тартып 2005-жылдын 17-августуна чейинки аралыкка туура келет. Ал жетекчиликке келген күндөн тартып, нефть, газ өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатууга көңүл бурган. Ар бир жумушчудан, ар бир адистен тартып, участка, бөлүм, башкармалыктардын башчыларына чейин тартипке чоң маани берген. Катуу тартип, ишке болгон жоопкерчилик күн сайын анын көңүлүнүн чордонунда турган. Ал өз ишин мыкты билген, жөндөмдүү жетекчи болгон. Ал иштеген мезгилде өндүрүш бир кыйла жогорулаган.

Бул мезгилдеги нефть, газ өндүрүүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй болгон.

2003-жылы	62,89	26,2
2004-жылы	70,03	28,2
2005-жылы	72,28	24,9

Ал өзүнүн эмгегин өндүрүштү көтөрүүгө жумшады. Өзү алгач келгенде айткандай саясат менен алпурушкан жок, көпчүлүктүн көңүлүн өндүрүшкө бурду. Ишке жөндөмдүү, чечкиндүү кадрларды колдой билди. Тартипти бекем сактаган, башкаларды да ошого үйрөткөн жана иштин аткарылышын талап кыла билген жөндөмдүү жетекчи күтүлбөгөн жерден ишинен бошо-

тулду. Эл канчалык колдогону менен балким ошол кездеги кырдаал ошондойдур. Эң сонун иштеп жаткан убакта анын жетекчиликтен алынышы эмгек жамааты үчүн табышмак бойдон калды. Анын "Кыргызнефтегазды" жетектөө мөөнөтү узагыраак болгондо ал өндүрүштүн көлөмүн дагы да жогорулатып, нефтичилердин турмуш-шартын дагы оңдомок деген пикирлер айтылат.

2016-жылдын апрелинде директорлор кеңешинин мүчөлөрү шайланып калды. Республикалык мүлк фондусунун төрагасы жаңы составды тааныштырып жатып, арасында Азизбек Ороковдун да ысмын атады. Анын сөзү бүтүп бүтпөй туруп, залдагылардын баары ордуларынан тура калышып, ошол туруп турган калыбында дүркүрөтө алакан чабышты. Бул ирмем бир топ мүнөткө кайталанды. Бул жерден иштен кеткенден 12 жыл өткөндөн кийин "Кыргызнефтегаздын" эмгек жамааты аны мынчалык кол чабуулар менен тосуп алат деп ойлогон эмес эле, толкундана кетти, бул жерде жаман иштебегенин, анын эмгегин билген адамдар бар экенин дилинде туюп, дилинде аларга ыраазы болгону анын кубаныч жайган көздөрүнөн сезилип турду. Залды бир сыйра тегерете карап алды. Анын бет алдында турган нефтичилердин жүзүнөн өзүнө болгон сый-урматты, кадырлоону туйду, бул жерде жакын адамдары турганын туюп, ичинен ыраазы болду. 12 жылдан кийинки маданият сарайындагы ошол жылуу сезимдер азыр да көз алдында, ошондогу дүркүрөгөн кол чабуулар кулагында жаңырып тургансыйт. Көрсө, "Кыргызнефтегазда" анын жаштыгы, эмгеги, эң кымбат, мазмунду күндөрү жана жан кыйбас адамдары калыптыр.

ТУРГУНБАЕВ КАБЫЛЖАН

1955-жылдын 6-июнунда төрөлгөн. 1977-жылы Фрунзе политехникалык институтунун автомобилдүү транспорт адистиги боюнча жогорку билим алууга жетишкен.

Ал өзүнүн эмгек жолун 1977-жылы ошол кездеги "Киргизнефть" өндүрүштүк башкармасынын технологиялык-транспорт башкармалыгында 5-разряддагы автомобилдерди оңдоо боюнча ширетүүчүлүктөн баштаган. Ал ушул жерде катардагы жумушчулуктан эмгек чыйырын баштап, өндүрүштө телчигип, улам такшалып, жаңы кызматтык тепкичтерге жетип олтурган. Алсак, 1977-жылдан 1980-жылга чейин мына ушул башкармалыктын техника коопсуздугу боюнча улуу инженер, 1980-1981-жылы өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн башчысы, 1981-1984-жылдары кесиптик уюмунун төрагасы, 1984-жылы өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн башчысы, 1984-1988-жылдары атайын техника цехинин башчысы, 1988-1993-жылдары технологиялык транспорт башкармасынын №3-автоунаа колоннасынын башчысы, 1993-1996-жылдары жогоруда аталган башкармалыктын башчысынын орун басары, 1996-1997-жылдары "Киргизнефть" өндүрүштүк башкармасынын технологиялык-транспорт башкармалыгынын транспорт, тиричилик, жана курулуш боюнча башкы директордун орун басары, 1997-1999-жылдары "Кыргызнефть" акционердик коомунун вице-президенти, 1999-2005-жылдары "Кыргызнефть" ААКнын башкармасынын төрагасынын орун басары, 2005-2008-жылдары акционердик коомдун башкармасынын төрагасы.

ПИРМАТОВ ИСХАК

1973-жылдын 16-ноябрында жарык дүйнөгө келген. 2000-жылы Ош мамлекеттик университетин аяктап, юриспруденция адистиги боюнча жогорку билимге ээ болгон.

Ал өзүнүн эмгек жолунда 1995-1998-жылдары "Авлод" өндүрүштүк фирмасынын директору болуп иштеген. 1998-2000-жылдары аталган фирманын башкы директорунун орун басары болуп иштөө менен юристтик милдетти да аткарган. 2000-2001-жылдары Кыргыз Республикалык куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөгөн. 2001-2005-жылдары "Койнот" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, 2005-2006-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын материалдык камсыздоо жана маркетинг башкармасынын башчысынын орун басары, 2006-2008-жылдары материалдык камсыздоо жана маркетинг башкармасынын башчысы болуп иштеген. 2008-2010-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасы болгон.

Ошентип, Исхак Пирматов 2008-жылдын 24-апрелинен тартып, 2010-жылдын 20-апрелине чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы кызматын аркалаган. Ал акыркы мезгилде "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда иштеп, ушул жерден тажрыйба артып, жетекчиликке жеткен. Бул убакыттын аралыгында ал нефть өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатууга аракеттерди жасаган.

2008-жылы 71,08 тонна нефть, 17,47 миллион куб газ,

2009-жылы 75,12 тонна нефть, 15,42 миллион куб газ өндүрүлгөн.

Исхак Пирматов туурасында: "кандай гана маселе боюнча кайрылсак бат чече билген чечкиндүүлүгү бар болчу. Анын бир өзгөчөлүгү жумуштан тышкары мекеменин техникаларын жеке кызыкчылык үчүн пайдаланууга, күйүүчү майларды коромжу менен колдонууга тыюу салды. Көрсө ар бир жетекчинин кемчилиги да, жакшы жагы да болот тура. Ал мурдагыдан нефть өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүгө умтулган", - деген пикирлерди да угууга болот.

МАСИРОВ КАНЫБЕК

1970-жылдын 25-июнунда жарык дүйнөгө келген. 1993-жылы Самара шаарындагы экономика институтунун экономикалык жана социалдык пландаштыруу адистиги боюнча жогорку билим алууга жетишкен. 1993-жылдан өзүнүн эмгек жолун "Сургут нефтегаз" акционердик коомунда 3-разряддагы ширетүүчү-ремонтчу болуп иштеген. 1993-1994-жылдары дал ушул жерде пландоо-экономикалык кызматта 2-категориядагы экономист болуп эмгектенген. 1994-1995-жылдары "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин нефть, газ өндүрүү башкармасынын "Избаскент" участкасында 3-разряддагы нефть, газ өндүрүүнүн оператору болуп иштеген. 1995-1998-жылдары мына ушул башкармалыкта инженер, 1998-2001-жылдары "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда экономист,2001-2003-жылдары акционердик коомдун башкармасынын төрагасынын референти, 2003-жылдан материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2003-2006-жылдары маркетинг жана материалдык камсыздоо башкармасынын башчысы, 2006-2007-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын маркетинг жана материалдык-техникалык жабдуулар боюнча башкы директордун орун басары, 2007-2008-жылдары башкы директордун финансы-экономикалык маселелер боюнча орун басары, 2008-2010-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын башчысынын орун басары болуп эмгектенген.

2010-жылдын 15-апрелинен тартып 2010-жылдын 28-майына чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрага-

сынын милдетин аткарган. 2010-жылдын 28-майынан тартып, 2011-жылдын 1-июнуна чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Ал эми 2011-жылдын 1-июнунан баштап, "Кыргызнефтегаз" ААКнын тышкы башкаруучусунун тышкы экономикалык байланыш жана бургулоо боюнча орун басары, 2013-жылдын 21-январынан акционердик коомдун башкы директорунун финансы-экономикалык маселелер, тышкы экономикалык байланыштар боюнча орун басары. 2016-жылдын 28-сентябрынан коомдун башкармалыгынын төрагасынын финансы-экономикалык маселелер боюнча орун басары, 2017-жылдын 4-январынан каржы директору кызматын ошол эле жылдын апрель айына дейре аткарган. "Кыргызнефтегазда" иштеп, жөндөмү артып, тажрыйбага жетишип, жетекчиликке келген кадрлардын бири болгон. Аны эмгек жамааты өзү колдоп келген. Бирок, ал иштеген мезгил эл бийликке каршы нааразычылык митингдерине чыккан учурга туш келген. Кызмат талашуулардын өкүм сүрүшү, жогорку жак-

ЭЛИБИЗДЕ
ЖАНА ТЫНЧТЫ

тагылардын бул ишканага кызыкдар болушу жамааттын бөлүнүп-жарылышына алып келген. Мындай кырдаалдар нефть, газ өндүрүүгө терс таасирин тийгизген. Ошентсе да, стабилдүүлүктү сактоого, бул өндүрүштүк мекемени талатып-тонотпой алып калууда анын эмгеги бар.

Райондук, областтык Ардак грамоталар менен сыйланган. КРнын Футбол Федерациясынын, КРнын өнөр жай жана энергетика министрлигинин, КРнын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик мүлк фондусунун Ардак грамоталары, өнөр жай жана энергетика министрлигинин "Каарман" төш белгиси менен сыйланган. "Кыргыз Петролеум Компани" нефтини кайра иштетүүчү заводдун директорлор кеңешин, "Нефтчи" Футболдук клубун 2010-жылдан 2017-жылдын апрель айына чейин жетектеген.

Үй-бүлөлүү. 4 уул, 3 кыздын атасы. Келинчеги Юлдашова Айнура "Тюльпан" балдар бакчасында ага медайым.

Ошол мезгилдин жыйынтыгы менен караганда 2010-жылы 70,65 миң тонна нефть, 22,79 миллион куб газ өндүрүлгөн. Өндүрүштүн бир кыйла жогорулашы менен эгерде 2009-жылы ишкана 18,6 миллион сом таза киреше менен аяктаса, 2010-жылы 255,4 миллион сомдук таза киреше алышкан. Мындай көрсөткүчө кыска мөөнөттө жетишүүнүн сыры ишканада мурдагы коррупциялык көрсөткүчтөрдү түп тамырынан жок кылып, мындай аракетке бөгөт коюлуп, ар бир түшкөн каражат туура, сарамжалдуу пайдаланылып, натыйжада ири өлчөмдө киреше менен жылды аякташкан. Түшкөн кирешени пайдаланып, Кытай өндүрүшүнөн ошол эле 2010-жылы чыккан 3 миллион 724 миң долларга, же 177 миллион сомго ишкана үчүн зарыл болгон нефтини бургулоочу станокту тендер аркылуу сатып алышкан. Анын тереңдиги 3,5-4 миң метрге чейин жетет. Муну менен алар "Кыргызнефть" ачык акционердик коому өздөрү иштеп тапкан каражаттын эсебинен ири жабдууну сатып алууга боло тургандыгын далилдеп койду. Бул "Кыргызнефтиде" өз алдынча мамлекет болгондон берки 20 жылдын аралыгында биринчи жолу бургулоо станогунун сатып алынышы эле. Жаңы бургулоо станогунун ишке киришине ошол кездеги мамлекет башчысы Роза Отунбаева катышкан. Бул бургулоо станогу жумшалган каражаты эки жылдын ара-

лыгында актап койгон.

Эгерде 2009-жылы таза кире ше 18 миллион сом болсо, 2010-жылдын жыйынтыгы менен 255,4 миллион сомду түзгөн. Ал эми 2012-жылы 334 миллион сомдук таза кире ше табышкан. Эмгек акы 2009-жылы орточо 8600 сом болсо, 2010-жылы 12400, 2011-жылы 15885 сомго жеткен. Жергиликтүү бюджетке 2009-жылы салык төлөмдөрү боюнча 78 миллион сом, соцфондго 64 миллион сом, 2011-жылы салыкка 333 миллион, соцфондго 109 миллион сом чегерилген.

Каныбек Масиров жетекчиси болуп иштеген 2010-жылдын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетке ири өлчөмдө салым киргизилген. Мурдагы жылдарга салыштырганда салыктардын көлөмү 2,6 пайызга өскөн. Ошол жылдагы татаал кырдаалга карабастан өндүрүштү бир күн да токтотпостон иштешип, 2010-жылы 1 млрд, 224 миллион сомдук товардык продукция өндүрүшкөн. План 127,9 пайызга аткарылып, өсүү темпи 189,9 пайызды түзгөн. Ал эми газ өндүрүү планы 20 миллион куб метр болсо, 22,793 миллион куб метр газ алынып, жылдык көрсөткүч 114 пайызга аткарылган.

2011-жылдын биринчи жарым жылдыгына чейин иштеген Каныбек Масировдун ошол жылы мекеменин 2011-жылы 77,06 миң тонна нефть, 26,57 млн. куб газ өндүрүшүндө да эмгеги болгон.

ЖУМАШОВ ЖЕҢИШБЕК

1965-жылдын 9-мартында Масы айылында жарык дүйнөгө келген.

1989-жылы Россиянын Самара шаарындагы Куйбышев политехникалык (азыркы Самара политехникалык университети) институтунун нефть, газ өндүрүшү боюнча жогорку окуу жайын бүтүргөндөн кийин бургулоо иштер боюнча инженер адистигине ээ болгон. Анын алгачкы эмгек жолу Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочунун жардамчылыгынан башталган. 1991-жылдан тартып, бургулоонун устаты болуп эмгек жолун уланткан. Андан соң кызматтык тепкичтерге көтөрүлө баштаган.

Ал эми Жеңишбек Жумашов 2011-жылдын 1-июнунан 2013-жылдын 19-январына чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун тышкы башкаруучусу болуп иштеген.

2013-жылдын 19-январынан тартып 2017-жылдын 11-майына чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген. Натыйжада ал нааразычылык митингдери күчөп, эмгек жамааты олку-солку болуп турган мезгилде "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна жетекчиликке келген. Буга чейин өндүрүштүк мекеменин профсоюздук комитетин жетектеп турган. Ал башкармалыктын төрагалыгына келген мезгилде да митингдердин таасири дале токтобой турган. Ошентсе да, нефть өндүрүшүндө жогорулоо болуп, пландык көрсөткүчтөрдү аткарууга жетишишкен.

Ал нефть өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү үчүн инвестиция тартууга олуттуу көңүл бургандыгы айтылат. Азыр "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому менен кызматташ иштеп жатышкан кытайлык инвесторлор мына ушул Жеңиш Жумашев иштеген мезгилде келген. Кытай инвесторлору иштебей турган нефть скважиналарын ремонттоп, кайра ишке киргизишкен, ошону менен бирге жаңы скважиналарды өндүрүшкө кийиришкен.

Ал иштеген учурда 1,4 миллион доллардык көчүп жүрүүчү мобилдик бургулоо станогу алынган. Дал ушул жылдары "Кыргызнефтегаз" 50 комплект нефть өндүрүү качалкаларын алууга жетишкен. Мындан тышкары өз каражаттарынын эсебинен бир катар адистешкен техникаларды сатып алышкан.

2011-жылы Каныбек Масировдон кийин 1-июндан тышкы башкаруучулук кызматты аркалай баштап, жыл жыйынтыгы менен 77,06 миң тонна нефть, 26,57 млн. куб газ өндүрүлгөн.

2012-жылы Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу мамлекеттик ишкана чет элдик компаниянын акциясын сатып алууга жетишкен. Бул жылы

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому Жалал-Абад шаарындагы "Кыргыз Петролеум Компани" нефть иштетүүчү заводдун 50 пайыз акциясын 4 миллион 700 миң долларга, же 220 миллион сомго сатып алып, 100 пайыз ээси болуп калган.

Ал жетектеген жылдары "Кыргызнефтегаз" төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү жаратышкан.

2012-жылы 77,10 тонна нефть, 28,55 миллион куб газ,
2013-жылы 75,510 32,504
2014-жылы 74,050 32,485
2015-жылы 80,150 31,607
2016-жылы 94,400 миң тонна нефть, 28,290 млн. куб газ алынган.

Бирок, 2017-жылдан өндүрүш басаңдай баштаган. Жалал-Абад шаарындагы нефтини кайра иштетүүчү завод иштеп чыгарган мазут сатып алуу токтоп, кампалар товарга толуп, бул нефть скважиналардын токтошуна алып келген. Өндүрүштүк солгундоолор ишканада экономикалык кыйынчылыктарды жараткан. Калыстык менен айтканда анын объективдүү да, субъективдүү да себептери болгон. Анын натыйжасында, мамлекеттик салык төлөмдөрүн төлөө кечиктирилип, эмгек акыларды берүү создуктурулуп, мындай кырдаал эмгек жамаатында түрдүү пикирлерди жараткан.

Ошондой болсо да Жеңиш Жумашевдин бул нефть өнөр жайынын өсүп-өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде салым кошо алган. Баса белгилеп кетүүчү жагдай өлкөдөгү айрым бир өйдө-ылдый кырдаалдар ошол мезгилде "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна өзүнүн терс таасирин тийгизген.

МЕЗГИЛДИН ТАТЫКТУУ ИНСАНЫ

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы Рашит Бостонов туурасында баян.

НЕФТИЧИЛЕР САЯСАТТАШЫП КЕТКЕН

"Кыргызнефтегаз" акционердик коому Ноокен районунда жана Жалал-Абад областында гана эмес, Кыргызстандагы негизги өнөр жай ишканасы катарында эсептелет. 2010-жылдан кийин ар кандай нааразычылык митингдерин уюштуруп, саясатка айландырууга аракеттенишкендер чыгышты. Анын таасири саясат менен иши жок өндүрүштү гана ойлогон нефтичилер арасында олку-солку абалды туудурбай койгон жок. А балким бул ошол кезде айрым бир партиялардын, же атка минерлердин өз кызыкчылыгы үчүн жасаган аракеттери чыгар. Кандай болгон учурда да ал учурдагы кырдаалдар эмгек жамаатын алагды кылып, жумуштун алдыга карай кетишине терс таасирин тийгизип келди.

Мунун натыйжасында акыркы мезгилде кардарлар жоктугунан сактоочу жайлар сырьёго толуп, ал эми нефть өндүрүү качалкалары иштебей токтоп калды. Жыйынтыгында нефть алынып жаткан скважиналардын токтотулушу, өтө чоң финансылык каражаттардын жоготуусуна, бардык техникалык, экономикалык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшүнө алып келген. "Кыргызнефтегаз" ишканасынын тарыхында мындай татаал кырдаал 1994-жылдан бери болгон эмес эле.

Чын чынына келгенде нефтичилердин бул ишканасы саясатташып кет-

кен болчу. Мындай саясатты да мына ушул карапайым нефтичилер кайдан жаратсын. Ал саясатка мен саясатчымын деген, анан калса бул мекемеге кызыккан, анын пайдасын көздөгөндөр аралаштырышкан. Ырасын айтканда, сырттан караган адамга "Кыргызнефтегаз" майлуу-сүттүү ишканадай элестейт. Ошол майды, ошол балды кимдер жаратышат, алар кандай кыйынчылдык менен жасашат, эч кимдин иши жок, жөн жеринен эле байлык жер алдынан чөмүч менен калпылып чыгып жаткандай сезилет. Чыккан "байлыктан" "үлүш" алууну көздөгөндөр бир топ эле. Мына ушундай адамдар "бул кызматка баланча келет имиш, аны кабыл албайбыз, ал нефтичи эмес, иштей албайт", деген билип-билбей айтылган сөздөр менен карапайым нефтичилердин башын айландырып, жумуштан алагды кылып, митингдерди уюштуруп, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомун саясатташтырып жиберишкен. Бирок, нефтичилерге саясаттын кереги жок эле, аларга скважиналар тынбай иштеп, нефть, газ чыгып турса пландар ашыгы менен аткарылып, бир чети эмгек маяналарын убагында алса, экинчиден өлкөнүн казынасына каражат түшүп, эл алдында жүздөрү жарык болушу гана маанилүү эле.

Мындай кырдаал жамаатта көз карашты бузуп, ынтымакты ыдыратып, бири-бирине болгон ишенбөөчүлүктү пайда кылбай койгон жок. Өндүрүш да артка кетти. Өндүрүү качалкаларынын иштеши начарлады, алар иштеп чыгарган нефтинин көлөмү азайды, ал эми нефтини кайра иштеп чыгаруучу заводдун мазутуна кардар болбой калды.

Акырында нефтичилер өндүрүү качалкаларынын иштөөсүн токтотууга аргасыз болушту. Анткени, "Жилкомсоюз", "Электр станциялар" акционердик коому мазутту албай калды. Мазут сактоочу жайлар сырьего толуп, анын натыйжасында Жалал-Абад шаарындагы нефтини кайра иштетүүчү заводдун да кампалары нефть продуктыларына батпай, башка сактай турган бош жай калбай өндүрүш таптакыр жүрбөй калган эле. Башкача айтканда 2017-жылдын февраль айынан баштап, "Избаскент", "Карагач", "Чаңгыр-Таш" нефть өндүрүү участкаларынан биригип, жалпысынан 195 даана нефть өндүрүүчү скважиналар таптакыр токтогон болчу.

2017-жылдын апрель айында нефтинин жана нефтепродукталардын сатылышынын кескин токтоп калышынын натыйжасында, "Кыргызнефтегаз" ААКда кооптуу өндүрүштүк-финансылык абал түзүлдү. Мындай абал соцфондко, салыктардын бюджетке болгон карыздардын төлөнбөй калып көбөйүшүнө алып келди. Анын негизинде 2017-жылдын 1-майына карата социалдык фондго карыз 18 миллион 574,7 миң, салыкка 41 миллион 028,8 миң сомду түзгөн. Акча каражатынын жоктугунан тендерлер өтпөй материалдык-техникалык камсыздандыруу токтоп, өндүрүштүн жүрүшүнө терс таасирин тийгизген. 2017-жылга план боюнча каралган бургулоочу жабдуулар, запастык тетиктер, материалдардын сатып алынышы токтоп калды.

Мындай кырдаалдын орун алышына ким күнөөлүү? Жетекчиликпи? Же ошол кездеги нефтичилерди өз кол баласына айландырууга умтулган кээ бир саясатчылардын баш айлантма оорусубу? Ким күнөөлү? Аны күнү-түнү адыр аралап, скважинанын жанынан кетпеген операторлорбу, же цехтерде муздак темир кармап, техниканын бузулган тетигин түздөө менен алпурушкан жумушчубу, а балким таң саарынан туруп, таң агарбай нефтичилерди иш ордуна жеткирүү үчүн унаанын рулун башкарган айдоочубу, же болбосо эсеп-кысап менен алпурушкан эсепчилерби, ким күнөөлүү? Жогорку жактан "Кыргызнефтегазга" ээлик кылуу максатында кимдир бирөөлөр аларды керек болгондо митинг өткөрүүгө аргасыз кылып, баарын өндүрүштөн алагды кылууга, убакытты мына ушундай жагдайлар менен бошко кетирүүгө умтулуп жатышты. Тээ союз мезгилинен бери саясат менен иши жок, башка мекемелерден бир, бир жарым саат жумушка эрте келип, кечке бир гана өз милдеттерин аткаруудан башка маанилүү иш жок деген тартипке көнгөн нефтичилерге бир чети жаккан да жок, алардын бир гана максаты өндүрүш жүрсө, кадимкидей ишибизди улантсак деген эңсөө бар болчу баарынын ой жадында, көөдөнүндө. Жаратканга жалынып, күн сайын жылт эткен үмүттүн шооласынын жанышын күтүп эмгектенип жатышты.

Ушундай шартта бул акционердик коомдун башкармалыгына эмгек жамаатынын башын бириктирип, ишти бир нукка салып, кемчиликти оңдоп, өндүрүштү жүргүзө турган иш билги жетекчинин келиши зарыл болчу.

НЕФТИЧИЛЕРДИН ҮМҮТ ШООЛАСЫ

Ошол кезге чейин Рашит Бостонов Кыргызстан аркылуу өткөн Түркмөнстан- Кытай газпровод долбоорунун Кыргызстандагы курулушу боюнча дирекциянын директорунун кеңешчиси болуп, 2014-жылдын майынан 2017-жылдын майына чейин үч жылдан бери иштеп жаткан.

2017-жылдын май айынын башында Кыргыз өкмөтүнүн сунушу менен "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун директорлор кеңеши анын талапкерлигин колдоп, Кыргызстандагы нефть, газ өндүргөн жападан жалгыз ишкананын башкармалыгынын төрагалыгына шайланды. Ошентип, Рашит Бостонов ошол жылдын 11-майында аталган мекеменин жетекчилигинен өзүнүн ишмердүүлүгүн баштады.

Ал учурда жогоруда белгилегендей "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому экономикалык жактан татаал кырдаалда турган.

Алгачкы күндөр. Жашырганда эмне "чыныгы нефтичи эмес, ишти жөнгө салып, өндүрүштү көтөрүп кетер бекен!?" деген ишенбөөчүлүк пайда болбой койгон жок. Аны бир гана бак өстүргөн багбан катарында эсептешти. Бирок, жердин сырын өздөштүрүп, көчөттү кантип олтургузуп, кантип багып, кантип өстүрүүнүн жолун билбесе, өстүргөн багы кайдан жемишин берсин?! Ыгын да, сырын да билгендиги үчүн адыр үстүндөгү гектарлаган какырап, боз салган аймак, кулпуруп, мол түшүмдүү, берекелүү аймакка айланганын чындап ошол кезде баары эле биле бербес эле. Кайсыл гана тармак болбосун жерге мээнет кылган дыйкан сымал барган жеринде кадимки дыйкан сымал терин төкпөсө, анын үзүрүн көрө албайт. Бирок, "Кыргызнефтегазга" билимдүү "дыйкан" керек болчу. Албетте, бул жерде ишти жүргүзүп кетүүгө өз көз карашында билими да, эмгектик тажрыйбасы да жетишээрлик эле. Ошол кезде эмгек жамаатында эч кимиси жердин, бак өстүрүүнүн сырын гана эмес, адамдын ички туйгуусун, адамдын сырын өздөштүрүп, тил табыша да, иштеше да аларын билишкен эмес. Аларды өз идеясы менен артынан ээрчите алары да капарларына келбеген. Бул инсан алдыны көрө билген, бүгүнкү ишмердүүлүктү өздөштүрө алган, чыгым менен пайданын айырмасын жакшы билген, канткенде экономиканы көтөрүүгө боло тургандыгын сезген, дегиси бүгүнкү күндүн чыныгы жетекчиси, мезгилдин татыктуу адамы экендигин туюшпады.

Ал эч нерсеге карабай өзүнүн көптөн бери ойлонуп, жан-дүйнөсүндө бышып жетилген максаттарын ишке ашырууга киришти. Алгачкы күндөн эмгек жамаатындагы стабилдүүлүктү камсыздап, эмгек тартибин чыңдоого, ынтымакты бекемдөөгө, анын негизинде өндүрүштү көтөрүүгө жаңыча көз караш, жаңы багыт менен кадам жасаган.

Кудай билбесе пенде өзүнүн бешенесине эмне жазганын, эмне жазаарын кайдан билсин?! Кудай колдогон адамдын жолу болот тура. Чынында эле нефтичилерди да Жараткан өзү колдодубу, балким бул колдоо эки тараптан болгон чыгар, үмүттүн шооласы жангандай болду.

Олку-солку болуп, эмгек жамаатында кырдаал толук жөнгө салынбай турган кезде жаңы жетекчинин келиши чынында эмгек жамаатында жаңылык болду. Алардын тилеги ишти оңдоп, өндүрүштү жөндөп кете турган жетекчинин келиши эле. Чынын айтканда туура да, туура эмес да пикирлер айтылып, "Иштей алар бекен?", деген суроо ар биринин көңүлүндө пайда болбой койгон жок. Анткени, буга чейин канча жетекчи алмашты, ар биринин кандай иштегени алардын көз алдында. “Калк тараза” деп бекеринен айтылбаган. Ал эми жаңы төраганын көңүл түпкүрүндө: "мен иштеп, өндүрүштү жогорулатам, болгондо да "Кыргызнефтегаз" акционердик коомун өлкөбүздөгү эң ири, кубаттуу өнөр жай ишканасына айландырам", деген асыл максат турду. Бул жерге келерде алдын мекеменин экономикалык абалын иликтеп, билип, канткенде бутка тургузууга боло тургандыгын ойлонуп өзүнчө максат-планын иштеп чыккан. Экономикалык жактан оор абалда турган мекемени дароо эле кыйынчылыктан чыгарып кетүү жеңил эмес болчу. Көп түйшүктү, көп эмгекти талап кылаарын сезди. Бир чети “Көз коркок, кол баатыр”.

Биринчи келгенде эле эмгек жамаатынын маанайын билди. Кыдырата тизилип олтурган адамдардын табышмактуу көз карашынан аны сынай карап,

бирде ишенип, бирде ишенбеген "кантер экен" деген жазууларды окугансыды. "Силер менен бирге иштейм, биз биргелешип, кыйынчылыктан чыгабыз, чогуу ийгиликтерге жетишебиз, эмгегибиздин жемишин бирге татабыз", деген дилиндеги ойлорун эмгек жамаатынын алдында айтты.

Исхак Разаковдун сөзүн кайталады: эгерде "мен ак болсом, сен ак болсоң, коом да таза болот". Ал көпчүлүккө ушуну айтты. Коллективди ал колдой тургандыгын, алар да колдоп чогуу иштешсе, өндүрүштү жогорулатууга болорлугун айтты. Ошол кезде да мекемеде кырдаал жеңил эместигинен алардын ишенип-ишенбей тургандыктарынын да жөнү бар эле. Өзүнүн жаңы идеялары, жаңы ойлору менен аларды ынандырууга умтулду.

"Урматтуу жетекчилер, урматтуу нефтичилер, - деди ал. - Азыр баарыбызга белгилүү Кыргызстанда көптөгөн партиялар бар, алардын ар бири өз саясатын жүргүзүп, элди өзүнө бурууга аракеттенип жатышат. Бирок, бул жерде ошондой көп партиялардын саясатынын кереги жок, бизде эч кандай саясатка аралашпаган жөнөкөй жумушчулардын жана нефтичилердин гана "партиясы" болушу керек. Биз ошондой көз караштагы адамдар менен иштешебиз".

Ошол кезде бул мекемеде ар бир партиянын өкүлдөрү жана алардын лидерлери бар болчу. Рашит Бостонов мына ушул адамдарды чогултуп, аларга өзүнүн ой-максатын билдирип, аларды саясаты жок иштешүүгө чакырды.

Жашырбай айтканда кээ бир партияларга жамынып алып, өзүнүн кызыкчылыгын көздөгөн, эмгек жамаатынын ынтымагын бузуп-жарууга умтулган адамдар да бар эле. Алар жаңы жетекчиликтин максаттуу иш-аракетине тоскоолдуктарды жаратып жатышты. Бирок, жаңы жетекчилик чечкиндүүлүк

менен мына ушундай адамдардын аракеттерин жокко чыгарып, аларды өз ордуна коё алды. Эң башкысы өз иш ордуна татыксыз, жөндөмсүз жетекчилерди жумушунан алып, айрымдарын алмаштырды жана алардын ордуна иш билги, тажрыйбалуу кадрларды жайгаштырды.

Ал өзүнүн уюштуруучулук талантын көрсөтө алды. Бул жердеги кырдаалды жогорку жетекчиликке жеткирип, алардын колдоосуна таянды, өндүрүштү, мындагы абалды иликтеди, адистердин ой-пикирин үйрөндү, ага кошумча өзү ойлонуп, өзү тыянак чыгарды. Мындай чеберчилик баарынын эле колунан келе бербейт. Адистер менен биргелешип, бирин бири түшүнүү менен кыйынчылыктан чыгуунун аракетин көрүштү. Дал ушул кезде инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча башкармалыктын төрагасынын орун басары Таалайбек Рысалиев жана тажрыйбалуу адистердин да эмгеги чоң болгондугун айтат Рашит Бостонов. Бара-бара иш жөнгө салынып, жасалган аракеттер үзүрүн берип, 2017-жылдын май айынан баштап "Кыргызнефтегаздын" көйгөйлөрү чечиле баштады.

Аз эле убакыттын аралыгында бири-бирине болгон түшүнүүчүлүк пайда болуп, эмгек жамаатында иш бир калыпта жүрүп, өндүрүштүк илгерилөөлөр даана сезилди. Ошол кездеги кырдаал туурасында Рашит Бостонов төмөндөгүлөрдү билдирип, биздин жогорудагы ойлорубузду бышыктады:

- Алгач баарын иликтеп көрдүм, скважиналар, бургулоо иштери... Жалпысынан 381 скважинанын 195инде бургулоо иштери токтогон. Ар кандай себептер менен мазут сатуу солгундаган. Анткени, дайыма сатылып келген "Жилкомсоюз", "Электр станциялар" акционердик коому албай калган. Ошентип, олтуруп, нефть сакталуучу жайлар сырьёго толуп, батпай кеткен. Кыш мезгилинде жолдун татаалдыгынан дайыма өздөрү ташып кетчү Кара-Балтадагы "Жунда" нефтини кайра иштетүүчү заводу үчүн да нефтини алуу кыйындаган. Мына ушулардын айынан "Кыргызнефтегаз" акционерлик коомуна караштуу качалкаларды токтотууга туура келген. Кыргыз өкмөтү "Кыргызнефтегаз" акционердик коомундагы өндүрүштүк солгундоону жоюуга колдоо көрсөтүп, анын негизинде жетекчилик менен Ош жылуулук электр станциясы менен 14,4 миң тонна мазутка келишим түзүлдү. Натыйжада, нефтини кайра иштетүүчү заводдун кампасында топтолгон 9,5 миң тонна мазутту Ош ТЭСтине темир жол аркылуу жеткирип берүү иштери жүрдү. Мен жетекчиликке келген күндөн тартып, нефтини сатууну уюштуруунун үстүндө иштеп, Кара-Балтадагы "Джунда" заводунун жетекчилиги менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, бир тонна нефтини 17500 сомдон 18500 сомго көтөрүп, келишим түзүүгө жетиштик. Бул "Кыргызнефтегаз" акционердик коому үчүн жакшы эле пайда алып келди, мына ушундай жол менен биз бир кыйла алдыга жылып алдык. Алар менен алдын ала каражатты которгон-

дон кийин гана нефтини ташып кетүүгө келишим түздүк. Күн сайын орточо 400-500 тонна нефть жөнөтүп жаттык. Апрель айында 6032,1 тонна нефть сатылса, июнь айында 11364,5 тонна нефтини реализациялоого жетиштик. Акыры барып, 381 нефть өндүрүү качалкаларынын баарын толук кандуу иштетүүнү камсыз кылдык. Эгерде апрель айында 5971,5 тонна нефть өндүрүлсө, майда 7170,9 тоннага, июнь айынын жыйынтыгы менен 8736 тоннага жетти. 2017-жылдын алты айынын жыйынтыгы менен пландагы 39570 тоннанын ордуна 41416,1 тонна нефть өндүрүлүп, көрсөткүч 104,7 пайызды түздү. Же болбосо пландан ашыкча 1846,1 тонна нефть өндүрүлдү. Барган сайын нефть өндүрүүнүн көлөмү жогорулап жатты.

Ошентип, мазутка толгон кампалар бошой баштап, 195тен ашык нефть өндүрүү качалкалары толук кандуу иштеп, өндүрүш жолго коюлду. Тактап айтканда, алынган маалыматка ылайык, 2017-жылдын 9-июнунда токтоп калган бардык нефть кендериндеги нефть өндүрүүчү скважиналар толугу менен ишке кирди.

- Ошол кезде "Кыргыз Петролеум" нефтини кайра иштетүүчү заводдун акциясы толугу менен "Кыргызнефтегаз" акционердик коомуна караганы менен дале мурдагыдай эле нефтини кайра иштеткендиги үчүн 25 пайыз нефтини алып калып келген. Чет өлкөлүктөрдөн акциясы толугу менен өтсө да, төрт-беш жылдан бери мына ушундай жагдай уланып келе берген. Эмгек акы, башка чыгымдардын баарын эсептеп көрсөк, бул ошол жерде иштеген 200 адамга калган 10 пайызы жете тургандыгын тактап, 15 пайызын "Кыргызнефтегазга" алдык, - дейт.

Ошол учурда 600 чакырым аралыктан Лейлектен ай сайын өндүрүлгөн 1000 тонна нефть Жалал-Абаддагы нефтини кайра иштетүүчү заводго ташылып келген. Бир килограммына 3,3-4 сомго чейин каражат жумшалчу, бул да чоң чыгым гана эмес, көп убакытты талап кылган.

Рашит Бостонов бул маселени да жолго коюу үчүн өкмөткө кайрылып, анын негизинде Тажикстанга сата башташты.

Ошентип, биринчиден заводдон кайтарылып алынган 15 пайыз жана Лейлектен ташылган нефтинин чыгымы кыскарып, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна пайда берип, экономиканын көтөрүлүшүнө негиздер жарала баштады.

Андан соң, буга чейин кызматташып келген Кытай компаниялары менен иштешүүнү жолго койду. Алардан иштегени менен кызматташууну улантып, иштебей келишимди бузган компаниялар менен мыйзам жолунда контракты токтотту.

Нефть өндүрүү качалкаларынын токтоосуз иштеши менен өндүрүштүн көлөмү өстү. Анын натыйжасында нефтини даярдап, заводго өткөрүү үчүн жайдын тартыштыгы келип чыкты, ошондуктан, кошумча курулуш куруу максаты пайда болду. Ошентип, жаңы жетекчинин уюштуруучулук аракети менен өндүрүлгөн нефтини туз менен суудан ажыратып, даярдап жөнөтүү участкасынын суткасына 300 тонна нефтини суу менен туздан ажыратууга мүмкүнчүлүгү бар цехтин буу казандарын алмаштыруу максаты ишке аша баштады. Натыйжада, төрт-беш айдын аралыгында бул жерге жаңы имарат куруп, суткасына 1000 тонна нефтини даярдоого мүмкүнчүлүгү бар жаңы

жабдуулар менен толуктап, бул жердеги ишти жогорку темп менен жүргүзүүгө жетишти.

Уюштуруучулук аракеттердин натыйжасында жаңы жетекчи дайындалгандан кийинки бир айдан соң өндүрүштүк солгундоолор артта калып, финансы-экономикалык абал бир топ жакшырды.

Биринчи күндөн тартып, өндүрүштү өркүндөтүү менен анын натыйжасында экономикалык өсүштөр жаралганда салыкка, социалдык фондго болгон карыздарды жоюуга киришти.

Чечкиндүү аракеттердин натыйжасында өндүрүштүк солгундоолор артта калып, финансы-экономикалык абал бир топ жакшыргандыгын айтат башкы эсепчи Айзада Баратова ошол кез туурасында эске салып.

- 2017-жылдын 1-майына а карата биздин социалдык фондго болгон карызыбыз 18 миллион 574 миң, салыкка 41 миллион 028 миң сомду түзгөн. Рашит Бостонов биринчи күндөн тартып, өндүрүштү өркүндөтүү менен анын натыйжасында мына ушул карыздарды жоюуга киришти. "Биринчи карыздарды жоюшубуз керек", деп тапшырма берди. Өтө кыска мөөнөттө 1-июнга чейин бул карыздардан кутулдук. Ошону менен сырттан алган товарларыбыз үчүн да 50 миллион сомго жакын карыз болчубуз. Карызсыз иштөө ишкана үчүн чоң көрсөткүч.

Бул дагы бир орчундуу максат болчу. Өтө кыска мөөнөттө 2017-жылдын 1-июнуна чейин карыздардан кутулушту.

Мекемедеги өндүрүштүн бир калыпта жүрүп, анын натыйжасында жетекчиликке болгон ишеним артып, өндүрүштө улам өзгөрүүлөр жаралып жатты. Жумуштун бир калыпта жүрө башташы, экономикалык жогорулоолор эмгек жамаатында жылуу маанайды туудуруп, жумушчулардан тартып, адистерге чейин ынтымактын бекемделишине шарт жаратты.

- Алгач келгенде эле, бизге башкаларчылап "мен силерге алтын жасап берем", деп айтпады. "Ынтымак менен чогуу иштесек, ийгиликке жетишебиз", - деди. Өзүнүн жөнөкөй, бирок иштин жолун таба билген чыныгы уюштуруучу жетекчи экендигин далилдеп берди. Көрсө жетекчилик баарынын эле колунан келе бербейт тура. Жетекчилик бул чоң талант, мындай сапат Рашит Бостоновдо бар экендигине биз азыр толук ынандык. Ал эмгек жамаатынын башын бириктирип, биримдик менен иштөөгө чакырып, өндүрүшкө өзгөрүүлөрдү жасады. Республикабызда мына ушундай жетекчилер көбүрөөк болсо, өлкөбүз экономикалык жактан кубаттуу мамлекетке айланаар эле, - дейт Гүлчехра Гаджиева бир курдай бул инсан туурасында өзүнүн жылуу пикирин билдирип жатып.

Карапайым жумушчу, тактап айтканда ширетүүчү Жумалы Калбаев май айынан тартып, өндүрүштө бир да үзгүлтүк болбой, күн сайын өндүрүштүн ыргагы өсүп, жумушчулар жакшы шартта иштеп жатышкандыгын белгилейт. Ушул сыяктуу жылуу ойлорду алгачкы эле жылы күрүлдөп иштеп жаткан нефть качалкаларындагы өндүрүштүн ыргагына күн сайын күбө болуп жаткан ар бир нефтичинин оозунан угууга болоор эле.

УЮШТУРУУЧУЛУК АРАКЕТТИН ЖЕМИШТЕРИ

Ошентип, өндүрүү качалкалары толук кандуу иштеп, кайрадан өндүрүш жолго коюлуп, ай сайын өндүрүштүк көрсөткүчтөр жогорулап олтурду.

2017-жылдын январь айында: 6973,7 тонна, февралда кайра төмөндөп, 5304,7 тонна нефтини түзгөн.

Март 7259,2
Апрель 5971,5
Май 7170,9
Июнь 8736,1
Июль 9603,7
Август 10030,5
Сентябрь 10090,5
Октябрь 10756,4
Ноябрь 10392,0
Декабрь 10411,6 тонна.

Жылдын негизги көрсөткүчү болгон нефти өндүрүүнүн планы 2017-жылга 85000 тонна каралган. Жылдын жыйынтыгы менен 102700 тонна нефть өндүрүлүп, план 121 пайызды түзүп, 17700 тонна нефть ашыгы менен өндүрүлдү.

Өндүрүлгөн нефтинин 38638 тоннасы Жалал-Абаддагы нефтини кайра иштетүүчү заводуна тапшырылды. 56526 тоннасы чийки нефть түрүндө сатылды.

Пландагы 30 миллиондун ордуна 26 миллион 43 миң метр куб газ өндүрү-

лүп, жылдык көрсөткүч 86,8 пайызды түздү. Себеби негизги өндүрүштүк керектөөчү болуп эсептелген Майлуу-Суу лампа заводу жайкы убакта ремонтко токтоп иштебей туруп калганы болду. Анткени, аталган завод план боюнча 14 миллион метр куб газ алуу белгиленсе, бар болгону 9 миллион метр куб. газ алган, жыйынтыгында жылдык пландан 5 млн.метр куб. аз алган.

Өндүрүштөгү мына ушундай ийгиликтери үчүн республикалык "Жетиген" журналы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна "Жылдын мыкты өнөр жай ишканасы" номинациясын ыйгарды.

АЙЫЛ ЭЛИНЕ “КӨГҮЛТҮР ГАЗ” ЖЕТКИРИЛДИ

Айылдыктарга да газ бериле баштады. Кубанышкан айылдык карыялардан ишкананын кабылдамасы көпкө чейин бошобой турду. Алар чын ниети менен жетекчиликке ыраазычылыктарын айтканы келишкендер болчу. Союз таркагандан бери коңшулаш айылдагы элди газ менен камсыз кылууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Газдын келиши менен отун жагып, күл алуу кыйынчылыгынан арылышкандыгын айтышат. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун газ реализациялоо бөлүмүнүн башчысы Кочкоралы Амадалиевдин берген маалыматына таянсак, 2017-2018-жылдардын кыш айларында Момбеков айыл өкмөтүндө 250, ошондой эле Кочкор-Ата шаарынан 157 абонент, жалпысынан 707 үй-бүлө табигый газ менен камсыз болду.

"Биз элдин кайрылууларынын негизинде, Майлуу-Суу электр лампалар заводуна газ берүүбүздүн көлөмүн азайтып, элге жеткирүүнү чечтик", - дейт

Рашит Бостонов. Элдин айтымына караганда 25 жылдан бери "Кыргызнефтегаз" менен айылдын байланышы жакшы болбой калган. Мындай колдоо айыл элинин ишенимин дагы да арттырды. Газ түтүктөрүн ар бир үй-бүлө өз каражаттарына орнотушканы менен газды нефтичилер жеткирип беришти.

ЭМГЕКТИК БИЙИКТИКТЕРГЕ КАРАЙ

2018-жылды да Рашит Бостонов жетектеген "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эмгек жамааты жылуу маанай менен баштады. Алгачкы январь айынын жыйынтыгы нефть өндүрүүдө ийгиликтүү көрсөткүчтөрдү берди.

2018-жылдын 1 кварталындагы план-тапшырмалар да ашыгы менен аткарылды. Жалпысынан үч айдын жыйынтыгы менен план 19985,0 тонна болсо, факт жүзүндө 27387,8 тонна нефть өндүрүлүп, план 137 пайызга аткарылды. Өсүү темпи 140 пайызды түздү. Сатуу жана реализация 26296,6 тонна, план 119, пайыз. Өсүү темпи 264 пайызга жетти.

Биринчи кварталдын жыйынтыгы менен товардык продукциянын көлөмү план 402 644,9 миң сом болсо, факт жүзүндө 544 102,1 миң сомду түздү. Көрсөткүч 135,1 пайызды түзүп, 2017-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 224,8 пайызга камсыз болду.

2018-жылы нефть өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуу үчүн каражат көп жумшалды. Жалпысынан зарыл болгон запастык тетиктер, керектүү жабдуулар жана ушул сыяктуу багытта 237 миллион сом каражат бөлүндү. 2017-жылы ушул багытта 70 миллион сом гана бөлүнгөн. Мына ушуга байланыштуу бургулоо жумуштары каражат жоктугунан жакшы жүрбөй келген эле, мына 2018-жылда Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бургулоо иштери кызуу темп менен жүрдү.

ӨНДҮРҮШТӨГҮ ЖАҢЫЛЫК

2018-жылы акционердик коомдун жетекчилиги жер катмарына ГРП жасоо менен кошумча нефть өндүрүүгө каражат табышты. Чындыгында өлкө-бүз эгемендүүлүк алгандан бери мындай ыкма "Кыргызнефтегаздын " тарыхындагы биринчи жаңылык болуп саналат. Мына ушундай аракеттер нефть өндүрүүнүн көлөмүнүн жогорулашына жакшы шарттарды жаратып жатат.

- Союз учурунда нефть, газ өндүрүү үчүн ири суммадагы акча каражаты сарпталып келген. Союз тарагандан кийин буга көп көңүл бурулбай калды. Нефтини аз берип, жумшалган чыгымды актабай жаткан скважиналарга ГРП жасоо, бул өтө ыңгайлуу жана пайдалуу ыкма, чынында ал көп каражатты

талап кылат. Каражаттын тартыштыгынан кийинки мезгилде бул ыкма колдонулбай калып, бирок акыркы убакта кытайлык инвесторлор колдонуп, 40 пайызын бизге берип, 60 пайызын алар алып, пайданы өздөрү көрүп келишкен. Мен башкармалыктын жыйналышында кытайлар жасаганды эмнеге биз жасай албайбыз, ГРПны өзүбүз жасап, пайдасын "Кыргызнефтегаз" алсын" деген маселени койдум. ГРП жасоо боюнча 166 млн. сомду бөлдүк, азыркы кезде ГРП жасап бүттүк. Натыйжа жаман болгон жок, ГРП 25 скважинада жүргүзүлдү. ГРПга чейин 25 скважина 12,5 тонна нефть берсе, азыркы убакта негизинен суткасына 88 тоннадан өндүрүлүп, 76 тоннадан таза нефть алынып жатат. Орто эсеп менен ар бир скважина 3 тоннадан нефть берүүдө. Мунун натыйжасында азыркы күндө 4500 тонна кошумча нефть өндүрүүгө жетиштик. Жылдын аягына чейин 12000 тоннанын тегерегинде нефтини ГРПнын эсебинен кошумча өндүрөбүз деп жатабыз. Бул ыкма көп каражатты талап кылганы менен өзүн-өзү актоо убактысы өтө аз, 3-4 айда кетирген чыгашасын актап таза пайдасын бере баштайт. Бизнесте кетирген чыгымдарды мынчалык кыска убакытта актаган ыкма сейрек кездешет. Ошентип, биз жаңы ыкманы колдонуу менен планга кошумча нефть өндүрүп, анын көлөмүн жогорулатууга жетиштик, - дейт башкармалыктын башчысы ГРПнын башталып, иш ыргагы кызуу жүрүп жаткан ошол кезде.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда жетекчилик алмашкан-

га чейин бургулоо иштери солгун жүрсө Рашит Бостоновдун келиши менен өндүрүш калыпка түшүп, эмгектик жетишкендиктер жаралып жаткандыгын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башкы инженери Абдулла Жусупов канааттануу менен белгилейт:

- Чынында Рашит Бостонов жетекчиликке келгенге чейин бургулоо иштери токтоп, бургулоочуларга акысыз эмгек өргүүсү берилип, бир канчасы Россияга иштегени кетип жатышкан. Жетекчиликтин чыныгы уюштуруучулук аракети менен бургулоо иштерине керектүү болгон жабдуулар келип, иш кызуу жүрө баштады. Натыйжада 2018-жылдын жыйынтыгы менен 17973 погондук метр бургулоо иштери жүрдү. Же болбосо 2017-жылга салыштырмалуу 4 эсеге көп бургулоо жумуштары аткарылды. Ошондой эле 12 скважинаны сыноодон ийгиликтүү өткөрүп, нефть, газ өндүрүү башкармалыгына өткөрүп бердик.

Бул тажрыйбалуу адистин жүрөк түпкүрүнөн чыккан калыс пикири эле.

1991-ЖЫЛДАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК АЛГАНДАН БЕРИ БИРИНЧИ ЖОЛУ "КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗДЫН" ТАРЫХЫНДАГЫ МУРДА БОЛУП КӨРБӨГӨНДӨЙ ЧОҢ ӨСҮШТҮ КАМСЫЗ КЫЛЫП, НЕФТИЧИЛЕР 2018-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ МЕНЕН ЭМГЕКТИК БИЙИКТИКТИ ЖАРАТЫШТЫ.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын эмгек жамааты Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшүнө өздөрүнүн чоң салымын кошуп жатат. Бир айда орто эсеп менен салык боюнча 44 млн. сомдун айланасында жергиликтүү бюджетке которулат, бул төлөмдөрү райондук бюджеттин киреше бөлүгүнүн 60 пайызын түзөт. Ошондой эле 14 млн. сомдун айланасында социалдык төлөмдөр соцфондко которулат. Мындан сырткары 2017-жылдын жыйынтыгы менен Мамлекеттик мүлк башкаруу фондуна 125 млн. сом дивидент төлөп берилди. Бул 2016-жылдын жыйынтыгына салыштырмалуу 43 млн. сомго көп, себеби 2016-жылы ар бир акцияга 4 сомдон дивидент төлөнсө 2017-жылдын жыйынтыгы менен 6 сомдон дивидент төлөндү. Ошондой эле башка акционерлер да дивиденттерин өз убагында алышты.

Финансылык көрсөткүчтөрдүн жогору бол-

гондугуна байланыштуу эмгекчилерге бир топ материалдык колдоолор болууда. Апрель айынын башында эмгекчилерге ар бирине 6200 сомдон кошумча эмгек акы төлөп берилди, андан сырткары май айында 13чу эмгек акы төлөндү, жалпысынан буга 60 млн. сом бөлүндү. Нефтичилердун кесиптик майрамына карата дагы ар бир адамга 10 000 сомдон кошумча эмгек акы төлөп берилди. Бардыгы болуп, 2018-жылдын ичинде 31 миллион 600 миң сом кошумча эмгек акы төлөндү.

2018-жылдын жыйынтыгына саресеп салып көрөлү. Жалпысынан 126000 тонна нефть өндүрүлдү. Жыл башында Рашит Бостонов: "130 миң тонна нефть өндүрүү максаты бар, бул көрсөткүчкө жетпесек да кеминде 125 000 тонна нефть алабыз",- деп айткан. Демек, максат кылгандан 1000 тоннага көп. Бул да алдын ала иштин көзүн билген жетекчинин көрөгөчтүк менен айтылган пикири. Ал эми газ өндүрүүнүн өсүү темпи 104,6 пайызды түздү. Жылдын жыйынтыгы менен алынган баланстык киреше 933 миллион сомду түздү. Мунун эсебинен эмгек жамаатында эмгек акы дагы 15 пайызга жогорулады.

Экономика-финансы бөлүмүнүн адистеринин берген маалыматына таянсак, 844. 141 025 сом таза киреше алынды. Анын негизинде дивиденттин көлөмү 253.242 307 сомду түзүп, ар бир акцияга 10,63 сом туура келди. Мамлекеттик мүлк фондусуна 219. 141 896 сом которулду.

Бул Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун тарыхындагы чоң өндүрүштүк өсүш, экономикалык бийик секирик. Бул жаңы багыт, жаңы идея, биримдик менен жасалган ынтымактуу эмгектин жемиши.

- 2019-жылда баланстык кирешени 1 миллиард сомдон ашырабыз, -дейт Рашит Бостонов. 2019-жылдын жыйынтыгы менен 115000 тонна нефть өндүрүү пландаштырылды. Бирок, бул көрсөткүч 2018-жылдын деңгээлинен бир кыйла жогору болот деген ишеним жана аракеттер бар. Ошондуктан, жетекчилик тарабынан жаңы жылдан тартып, өндүрүштүн жаңы ыкмаларын колдонуунун аракеттери көрүлө баштады. 2019-жылдын жыйынтыгы менен 160 000 тонна нефть алабыз деген максат коюлду. Ошондуктан, үстүбүздөгү 2019-жылдан тартып, дагы өндүрүштүн жаңы ыкмаларын колдонуунун аракеттери көрүлө баштады.

- Калыстык үчүн айта кетейин Рашит Бостонов эмгек жамаатынын ишенимин эки барабар аткарды деп айтууга негиз бар. Ал өзүнүн иш билги, чыныгы менеджер, уюштургуч жетекчилигин көрсөтө алды. Экономиканы да, өндүрүштү да жакшы биле тургандыгын тастыктады. Буюрса анын жетекчилиги менен алдыда дагы чоң иштер аткарылганы турат. Бургуланып, бирок нефть алына элек скважиналарды өндүрүшкө киргизүүнүн аракеттерин көрө баштады. Биздин технологиялык-транспорт башкармалыгында техникалык жетишпестикти жойду. Акыркы эки жылда тендер аркылуу 20га чукул керектүү техникаларды сатып алдык, - деген технологиялык-транспорт башкармалыгынын башчысы Бекболот Султановдун ынанымдуу сөзү да бекеринен айтылбаган деген ойго келдик.

Ал эми башкармалыктын аппарат башчысы Умарали Анарбаев Рашит Бостоновдун жетекчилик да, инсандык да сапаттары тууралуу өз пикирин мындайча түшүндүрдү:

- Мен Рашит Бостоновду мезгилдин чыныгы татыктуу адамы экендигин сездим. Ал ишти катуу талап кылат жана эмгекти туура баалай билет. Өзү да тынбай иштеген эмгекчилдик жагы бар экен. Күн сайын 10-12 сааттын тегерегинде иштегенин байкадым. Аны мезгилдин адамы дегенимдин себеби, дайыма жаңылык жаратууга умтулгандыгы. Анткени, нефть, газ өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү үчүн өндүрүшкө жаңы ыкмаларды колдонуунун үстүндө тынымсыз изденип келет. Аны өз ишине так, чыныгы уюштургуч жетекчи экендигин тана албайм. Эгерде мамлекетте башкаруу тармагында мына ушундай татыктуу жана таза иштеген кадрлар келсе алар Кыргызстандын өсүп-өнүгүшүнө чоң салымдарды кошмок.

Мына ошондуктан, республикадагы ири өндүрүштүк мекеме саналган "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда мамлекеттин колдоосу менен өндүрүштүн көлөмү өсүп барат. Эгерде мындай колдоолор жемиштүү улана бере турган болсо, алдыга койгон залкар максаттар ишке ашмак. Буюрса "Кыргызнефтегаздын" өндүргөн нефть продуктылары дүйнөлүк стандартка жооп берип, чет өлкөлөргө экспорттоого шарттар жаралат.

Бул үчүн ушул тапта мамлекеттик деңгээлде инвестиция тартуунун аракеттери жүрүп жатат. Биринчиден мамлекеттик колдоо болсо, экинчиден бир максатты көздөгөн ынтымактуу эмгек жамаатынын жана анын башында турган жетекчиликтин кудурети да, мүмкүнчүлүгү да мындан да чоң иштерди жасоого, дагы бийиктиктерди багындырууга жетмек эле.

ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР






Бургулоо жумуштарынын көлөмү
25000
20000
15000
10000
5000
0
3963
16020
16462
9492
17126
22690
17068
4742
17973
22800
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Товардык өнүмдүн көлөмү (млн. сом)
3000
2500
2000
1500
1000
500
0
1182
1472,9
1798
1810,6
1930,3
1784,03
1917,3
1941
2806,7
2480,5
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Өнүмдөрдү сатуу (млн. сом)
3000
2500
2000
1500
1000
500
0
1238
1417,9
1729
1636,9
1759,4
1556,2
1580,4
1840,9
2804,2
2518,3
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Эмгек акы фонду (млн. сом)
800
700
600
500
400
300
200
100
0
277,9
377,8
452,6
494,9
526,3
580,19
615,01
594,1
614,3
774,1
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Орточо бир айлык эмгек акы (сом)
30000
25000
20000
15000
10000
5000
0
12380
15885
18327
19121
19534
21110
22726
21596
22427
27496
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Мамлекеттик бютжетке төлөмдөр, анын ичинде: салыктар, соцфонд жана дивиденддер (млн сом)
1200
1000
800
600
400
200
0
294,4
525,6
587,7
701,2
726,6
664,3
713,7
838,3
1013,1
961,3
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Салыктар (млн. сом)
700
600
500
400
300
200
100
0
183,3
332,4
369,3
431,6
443,5
416,4
424,8
492,4
602,3
548,1
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Соцфонд (млн. сом)
250
200
150
100
50
0
81,4
108,6
142,3
165,4
167
131,8
196,6
220,8
191,7
246,4
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Дивиденд төлөмдөрү (млн. сом)
250
200
150
100
50
0
29,7
84,6
76,1
93,7
104,2
116,1
92,3
125,1
219,1
166,9
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Баланстык киреше (млн. сом)
1000
900
800
700
600
500
400
300
200
100
0
255,4
333,9
432,9
535,8
582,2
465,4
421,8
652,7
933,4
871,1
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019

«Кыргызенфтегаз» ААКнун бир акциясына эсептелген дивиденддер (сом)
12
10
8
6
4
2
0
3,32
3,69
4,21
5,05
5,63
4,48
4,01
6,07
10,63
8,10
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019


Жаңы техника, жабдыктар жана ТМБ (товардык материалдык баалуулуктар) сатып алуулар боюнча маалыматтар (млн. сом)
900
800
700
600
500
400
300
200
100
0
200,5
443,8
702,8
485,5
781,7
582,4
447,5
269,8
303,9
885,2
2010
2011
2012
2013
2014
2015
2016
2017
2018
Проект на 2019

ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИ

2010-жылы шайланган директорлор кеңешинин мүчөлөрү:

1. Өмүрзаков Аманбай
2. Раимкулов Акынбек
3. Эрбаев Канатбек
4. Боронбаев Олжобай
5. Молдокасымов Бакыт

Директорлор кеңешинин төрагалыгына Аманбай Өмүрзаков шайланган. 2013-жылдын 14-майында бул директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары аягына чыккан жана жаңы мүчөлөр шайланган.

1. Раимкулов Акынбек
2. Эрбаев Канатбек
3. Боронбаев Олжобай
4. Тургунбаев Мелис
5. Курбанкулов Тилебалды

Төрагасы Курбанкулов Тилебалды болгон. 2014-жылы Канатбек Эрбаев дүйнөдөн кайтыш болгонуна байланыштуу, ыйгарым укуктары токтотулган. 2015-жылдын 30-апрелинде Магаматкул Закиров директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө шайланган.

Директорлор кеңешинин 2016-жылдагы мүчөлөрү:

1. Курбанкулов Тилебалды.
2. Раимкулов Акынбек
3. Боронбаев Олжобай
4. Ороков Азизбек
5. Абдыразаков Эркинбек

Төрагасы Курбанкулов Тилебалды болгон. 2017-жылдын 28-апрелинде акционерлердин кезексиз жалпы жыйынында эски директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулуп, жаңы мүчөлөрү шайланган:

1. Ороков Азизбек
2. Абдыразаков Эркинбек
3. Тургунбаев Мелис
4. Орозматов Адилет
5. Эгембердиев Миррус

Төрагасы Мелис Тургунбаев. 2017-жылдын 8-сентябрында акционерлердин кезексиз жалпы жыйынында Миррус Эгембердиевдин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулуп, ордуна Куланбек Султаналиев шайланган.

2017-жылдын 23-ноябрында Ороков Азизбек жана Абдыразаков Эркинбек өз каалоолору менен директорлор кеңешинин мүчөлүгүнөн баш тартышканына байланыштуу, ыйгарым укуктары токтотулган.

2018-жылдын 12-апрелинде мурдагы директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары бүткөндүгүнө байланыштуу жаңы мүчөлөрү шайланган.

1. Тургунбаев Мелис
2. Орозматов Адилет
3. Султаналиев Куланбек
4. Осмонов Талапкер
5. Түркбаев Нурбек

Төрагасы Мелис Тургунбаев. 2019-жылдын 12-апрелинде эски директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн укуктары аягына чыккан. Жаңы директорлор кеңешинин мүчөлөрү шайланган.

1. Тургунбаев Мелис
2. Орозматов Адилет
3. Султаналиев Куланбек
4. Осмонов Талапкер
5. Түркбаев Нурбек

Төрагасы Мелис Тургунбаев. 2019-жылдын 10-июнунда акционерлердин кезексиз жалпы жыйынында эски директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулуп, жаңы мүчөлөрү шайланган:

1. Тургунбаев Мелис
2. Султаналиев Куланбек
3. Касымов Нурадин
4. Лысенко Денис
5. Алдосов Кочкорбай

Төрагасы Мелис Тургунбаев.

ТУРГУНБАЕВ МЕЛИС,
директорлор кеңешинин төрагасы

1982-жылдын 2-майында Ош областынын Ноокат районунда жарык дүйнөгө келген. 1998-жылы Орто Азиядагы Америка университетине кирип, 2003-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктаган. 2011-жылы экономика илимдеринин кандидаттыгын жактап, окумуштуулук даражасына ээ болгон жана бүгүнкү күнгө чейин бир нече университеттерде студенттерге сабак берген.

Аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинде адистиктен баштаган. 2002-2006-жылдар аралыгында ал жерде бир нече бөлүмдөрдө адегенде адис, андан кийин башкы адис болуп эмгектенген.

2006-жылы "Газпром нефть Азия" ишканасынын сатуу бөлүмүнүн адистигинен эмгек жолун уланткан, 2008-жылдан 2015-жылга чейин ал жерде рынокту талдоо жана бааларды калыптандыруу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2015-жылдын декабрь айынан 2019-жылдын январь айына чейин "Газпром Кыргызстан" ишканасынын "Жалалабатгаз" филиалын жетектеген. Ал эми 2019-жылдан январь айынан баштап бүгүнкү күнгө чейин ошол эле ишкананын "Бишкекгаз" филиалынын директорунун орун басары болуп эмгектенип келет. 2013-жылдан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө шайланган, ал эми 2017-жылдын апрель айынан бүгүнкү күнгө чейин айтылган акционердик коомдун директорлор кеңешинин төрагасы кызматын аркалап жатат.

Мамлекеттин өнүгүүсүнө кошкон салымы жана эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн мамлекеттик жана корпоративдик сыйлыктарга ээ болгон. Алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак Грамотасы да бар.

К.Султаналиев

Т.Осмонов
(мурдагы мүчөсү)

Н.Түркбаев
(мурдагы мүчөсү)

А.Орозматов
(мурдагы мүчөсү)

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ААКнын БАШКАРМАЛЫГЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮ

Бостонов Рашит АБДУМАЛИКОВИЧ

Рысалиев Таалайбек КУМАШЕВИЧ

Мураталиев Тимур ТУРГУНАЛИЕВИЧ

Султанов Бекболот МЫРЗАКАСЫМОВИЧ

Абылов Нурлан КУРМАНБЕКОВИЧ

РЫСАЛИЕВ ТААЛАЙБЕК,
“Кыргызнефтегаз” ААКнын инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча башкармалыгынын төрагасынын орун басары

Бул инсан туурасында өзүнчө сөз кылууга арзыйт. “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрагасынын орун басары, тактап айтканда тышкы, экономика, каржы жана инвестиция тармагын жетектейт. “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун директорлор кеңеши тарабынан шайланган. Аз эле убакыттын аралыгында ал өз ишин мыкты билген, адамгерчилиги жана айкөлдүгү менен көбүнөн айырмаланган мекемедеги ишенимдүү жана татыктуу жетекчилердин бири катарында өз ордун таба алган. Эмгек жамаатында уюштургуч, жөндөмдүү, өз сөзүндө тура алган, чечкиндүү, эң башкысы башкаларга камкор, инсандыктын асыл сапаттары менен көбүнөн өзгөчөлөнгөн калыс жетекчи катарында таанылды.

Эгерде бул инсандын өмүр таржымалына саресеп сала турган болсок, 1976-жылы Бишкек шаарында туулган. Ошол кезде ата-энеси студент болгон, ал Ысык-Көлдүн Сары-Булак айылында (азыркы Балбай айылы)беш жашка чейин таятасы менен тайэнесинин тарбиясында чоңойгон. Бир үйбүлөдө төрт бир тууган эс тартышты. Иниси бизнесте, карындашы тиш дарыгери, өзүнүн тиш дарылоо поликлиникалары бар, кичүү иниси Кытайда окуп, Кытай элчилигинде иштеп жатат.

Эл керегине жараган кыргыздын азаматын кыргыз элинде атасы ким болгон? деп сурары бышык. Ошол сыяктуу иликтей келсек, Таалайбек Рысалиевдин атасы Кумаш Рысалиев бир мекемедеги мастерден баштап улам кызматтык тепкичи бийиктеп олтуруп, шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, пландоо бөлүмүнүн башчылыгына чейин иштеген. Андан соң, Талас областынын губернаторунун орун басарлыгына которулган. Өзү Москвадагы Бауман жогорку техникалык окуу жайын бүтүргөн.

Таалайбек Рысалиев 2003-жылы Бишкек гуманитардык университетин ийгиликтүү аяктап, жогорку билим алууга жетишип, “ишкана экономикасы” адистигине ээ болгон.

Анын эмгек жолу 1995-жылы эле башталган. Ошол кезде “Связь-автоматика” кичи ишканасында өндүрүштүк байланыш боюнча техник болуп иштеген. 1998-1999-жылдары “Кыргызалко” мамлекеттик акционердик коомунда соода департаментинин маркетинг бөлүмүнүн башкы адиси, 2009-2011-жылдары “Он эки камин“ жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, 2010-2011-жылдары “ТоргСтройКапитал” жоопкерчилиги чек-

телген коомунун жетекчиси жумуштарында улантылган. Кийинки эмгек жолунда 20111-2012-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин иш башкармасынын орун басары болуп иштеп, кайрадан бизнес тармагына өткөн. 2012-2013-жылдары "Империал Алко и Ко" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директорунун орун басары, 2014-2017-жылдары "Ала Тоо Мунай плюс" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору болуп эмгектенген.

Ал эми 2017-жылдын 24-майынан тартып, Кыргызнефтегаз" ААКнын каржы директору жана башкармалыктын төрагасынын орун басары болуп иштеп, көп өтпөй ошол эле жылдын 7-июнь айынан тартып, аталган башкармалыктын инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча башкармалыктын төрагасынын орун басары кызматында бүгүнкү күнгө дейре жемиштүү иштеп келет. Ал 2017-жылдын май айында мекемеде өндүрүш аксап, экономикалык татаал кырдаал орун алып турган кезде келди. Ошол учурда жетекчиликке жаңы гана келген башкармалыктын төрагасы Рашит Абдумаликович менен бирдикте күнү-түнү тынымсыз биргелешип иштеди. Өндүрүштүн бир нукка келип, иштин өндүрүмдүү жүрүшүндө ал учурда Таалайбек Рысалиевдин да салымы чоң болгондугун башкармалыктын төрагасы Рашит Бостонов да өз сөзүндө бекемдейт.

Ал бүгүнкү күнгө чейин кайсыл гана тармакта болбосун ак ниети, таза дили менен эмгектенди. Жаш, бирок келечекке дайыма ишенимдүү караган бул инсан ошол эмгегинин жемишин көрүп келет. Ага мамлекеттик кызматтын 1-класстагы чини берилген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, КРнын "Мамлекеттик кызматынын мыктысы" наамы ыйгарылган.

Табиятты сүйүп, баалай билгендиги, ден соолукка байлык тартуулаган спортту жактыргандыгы, эң башкысы анын айкөлдүгү, адамгерчилиги, жөпжөнөкөй асыл сапаттары, мунун баары эмгек жамаатында аны кадыр-баркка

бөлөп, көптөгөн менмин деген адамдардан айырмалап тургандыгын айтсак балким аша чапкандык эмес чыгар.

Бүгүнкү күндө ал спортту сүйгөн нефтичи жаштардын “Нефтчи” футболдук клубунун президенти. Бул клубду жетектөө менен дайыма колдоо көрсөтүп келет.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын камкор атасы. Жубайы Диана бизнес менен алектенип, мектепке чейинки билим берүү мекемелери, билим берүү борборлору менен кызматташып келет.

Таалайбек Рысалиевдин өзүнүн терең көз карашы, ой туйгусу, максат-планы бар. Ал "Кыргызнефтегаздын" келечегине ишенимдүү карагандыгын айтат. - Келечеги чоң, бирок келечеги болуу үчүн инвестиция керек. Азыр өндүрүш Союз убагындагы темп менен келатат. Ошол кездеги техника, адистер, изилдөө, ошол кездеги шарт менен иш жүрүүдө. Албетте, өнүгүү бар, бирок убактылуу жогорулоо деп айтууга болот, мындан ары да бир жарым, эки жыл ушул темп менен иштей алабыз. Дагы өндүрүштү көтөрүү үчүн анан чоң каражат керек, жаңы изилдөө, бургулоо, скважиналарды ачуу керек, эскиси өзүнүн иштөө, нефть берүү мүмкүнчүлүгүн улам азайтып жатат. Көбөйбөйт да, ошондуктан буга көп каражат керек, ага инвестиция болсо ырасын айтканда бул ишкананын келечеги чоң, - дейт башкармалыктын төрагасынын орун басары. - Өндүрүштү билген, анын кызыкчылыгын коргогон, өз кесибинин устаты болгон чыныгы адистер иштешет. Эмгек жамаатында ынтымак бар, биримдик бар, калыптанып калган жамаат. Кандай гана кырдаал болбосун ушул жамаат "Кыргызнефтегаздын" ишин токтотпой, үзгүлтүксүз жүргүзүп, эң башкысы сактап келатат. Ошондуктан, алгач бул жерге кызматка келгенде күмөнсүнгөн болсом, мындагы адамдардын таза пейилин, ак ниеттүүлүгүн, адамгерчилигин жана өз иштерине берилгендигин, мекенчилдик сезимин көрүп, көнүп кеттим, азыр бул жерде иштөө мага кызык жана мазмундуу. Биз биргелешип иштеп, өнүгүүгө, жаңы жогорулоолорго ээ болобуз жана жаңы жетишкендиктерди жарата алабыз, - деп кошумчалады Таалайбек Рысалиев сөз соңунда.

Демек, биздин каармaныбыз мына ушундай өз кызматынын татыктуу адамы деп айтууга негиз бар, анын баарын эмгек жамааты өз көзү менен көрүп турат. Мындай адамдар бул өндүрүштүк мекемеде жүздөп саналат.

МУРАТАЛИЕВ ТИМУР,
"Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы инженери

1951-жылы Ош областынын Токтогул районунун Акчий-Карасу айылында жарыкчылыкка келген. Анын балалыгы айылда өттү.

1969-жылы орто мектепти аяктагандан кийин анын балалыктагы эңсөөсү ишке ашып, Москва шаарындагы Губкин атындагы Москва нефтехимия жана газ өнөр-жайы институтунун студенти болуу бактысына туш болду. 1978-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон жигит, дароо эле жакшы бир кызмат ордуна олтурган жок. Ал өзү өндүрүштү үйрөнүү үчүн карапайым жумушчулуктан баштады. Ошол кезде "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин "Избаскент" нефть өндүрүү цехине 5-разряддагы нефть өндүрүү боюнча оператор болуп жумушка орношту, бул жерде теориялык алган билимин өндүрүштө айкалыштырып, нефть өндүрүү тармагын өздөштүрүүгө кеңири шарт түзүлдү. Албетте, алган билимдин пайдасы иштеп жатканда ага оң натыйжасын берди, бат эле өз ишин билип, үйрөнө да, такшала да жүрүп олтурду. Жетекчилердин сынына толуп, кесиптештери арасында жөндөмдүү адис экендиги байкалды. Кийин ушул эле цехтин улуу геологу, кен иштетүү бөлүмүнүн улуу инженери, бөлүмдүн башчысы, борбордук инженердик-технологиялык кызматтын башчысы кызматтарында эмгектенди.

Ошентип ал, улам кызматтык тепкичтерге жогорулап олтурду. 1990-жылы "Киргизнефть" өндүрүштүк бирикмесинин башкы инженери-генералдык директордун орун басары кызматына дайындалды. Ири өндүрүштүк мекемедеги бул жооптуу кызмат ага болгон чоң ишенимдин натыйжасы болчу. Арадан жылдар өтүп, бул кызматтагы жетинчи жылы, башкача айтканда 1997-жылы "Кыргызнефтегаз" АКнын биринчи вице-президенти, 1998-жылдан 2003-жылга чейин – "Кыргызнефтегаз" АКнын башкармалыгынын төрагасынын биринчи орун басары кызматтарын аркалады. 2006-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы инженери-башкармалыктын төрагасынын биринчи орун басары, 2013-жылдан "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы директорунун биринчи орун басары-башкы инженер-башкармалыктын төрагасынын биринчи орун басары болуп дайындалып, бул кызматында жемиштүү иштеди. 2017-жылдан "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы инженери болуп дайындалып, азыркы күнгө чейин ушул кызматты аркалап келе жатат.

2013-жылга чейин Кочкор-Ата техникалык колледжинин нефть факультетинин мамлекеттик квалификациялык комиссиясынын төрагасы милдетин аткарды.

Анын ойлоп табуучулук сапаттары жаңы ыкмаларды издеп табууга мүмкүнчүлүк жаратты. Тактап айтканда, нефть өндүрүшүнө тиешелүү жабдуулар жана нефть өндүрүүнү арттыруу технологиялары боюнча 5 патенттелген ачылыштын автору болууга жетишти, алардын ичинен экөө Евразиялык патенттик уюмдан берилген. Академик Ч.Асаналиев атындагы сыйлыктын лауреаты. 2003-жылы "Кыргыз Республикасынын тышкы соода жана өнөр-жай министрлигинин мыктысы" төш белгиси, Жалал-Абад областынын Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүү, өнөр-жай жана соода министрлигинин Ардак грамотасы, "Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай каарманы" төш белгиси, "Кыргызнефтегаз" ААКнын акчалай сыйлыктары жана Ардак грамоталары менен сыйланган. 2017-жылы ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн грамотасы ыйгарылган. Ноокен районунун "Ардактуу атуулу". Бул сыйлыктар Тимур Мураталиевдин нефть, газ өндүрүшүндөгү көп жылдык үзүрдүү жана татыктуу эмгегинин жемиши.

Үй-бүлөлүү, үч баласы бар. Эмгектик да, үй-бүлөлүк да бактысы ага Жараткандын берген сыйы. Жөнөкөй, токтоо, өндүрүштү эң мыкты билген, өз кызматынын устаты.

Бир учурда бул орунда иштебей калган мезгилдер болду. Ошол кезде анын орду өтө билингендигин азыркы кезде бул жерде иштегендер жашырбай эле айтышат. Анткени, нефть тармагынын чыныгы инженери болуп эч ким төрөлбөйт тура, окуп, үйрөнүп, улам телчигип олтуруп, такшалып, "көрө-көрө көсөм болот" деген сыяктуу бара-бара өз ишинин устаты болуп чыга келет. Ага кошумча Жараткан бул инсанга өзгөчө бир талант, өзгөчө бир жөндөм берген чыгар. Кандай гана кесип болбосун кандайдыр бир деңгээлде шык,

талант каны-жаны менен кошо жаралат сыягы, мына ушундай сапат биздин каарманыбыздын жан-дүйнөсүнөн, турпатынан, акыл-эсинен орун алган чыгар. Дилинде кири жок, табиятында пейили таза, өз ишинен башкага алаксыбаган, эң негизгиси мактанганды, мактаганды, өзүн жарыя кылганды жактырбаган бир мүнөз, бир сырдуу бул инсандын жан-дүйнөсү башкалардан айырмаланып тургандай. Анын мындай мүнөзүн кесиптештери жакшы билишет, балким анын бул сапаты туура чыгар, бирок кезеги келгенде жасаганды жасадым, аткарганды аткардым деп айтып коюу да туурадай өңдүү. Анткени, мындай адамдардын жасаганын өзүнө оодарып алгандар канча, тыйынчалык иш жасабай, көкүрөгүн кагып, өзүн көтөрө мактагандар бир топ, жарашпаса да, жарашкандай түр берип, көкөлөгөндөр бар.

Мындай сапаттар бул инсан үчүн жат көрүнүш. Бир чети эл үчүн иштеген, элим деген кыргыздын жигиттери, инсандары Тимур Мураталиевдей эле болгону туурадай көрүнөт.

Кесиптештери анын жүрүп-турумунан, көп сүйлөбөй, аз айтып, көп иштеген мүнөзүнөн, инсандык сапатынан үлгү алгылары келет. Эгерде мындай адамдар көбүрөөк болсо, өлкөбүздө өсүштөр да көп болмок. Дегиси бул инсанды таза, так иштөөнүн символу катарында бааласак туура болчудай сыяктанат.

МУРЗАКУЛОВ ТААЛАЙБЕК,
Транспорт жана коомдук маселелер боюнча департаменттин директору

Биринчи көргөн адам эң биринчи ушул арыкчырай келген жигиттин турпатынан жөнөкөйлүктү байкайт. Толгон-токой жумушу бар. Транспорт жана жалпы маселелер. Транспорту го белгилүү, бул бир тармак, а жалпы дегенде кээде көптүгүнөн баш айланат. Өндүрүштүк жана экономикалык маселелердин бардыгы мына ушул жетекчиге тиешелүү болуп калат. Анын жөнөкөйлүгүнөн болсо керек, кээде ага тиешеси жок маселе менен да кайрылышкан учурлар көп. "Бул мага тиешеси жок го", - деп күлүп алат да, тиешеси жок болсо да атайын жумуш менен кайрылган адам маңдайына келип тургандан кийин, колунан келсе жардам берүүгө умтулат. Аша чапкандык эмес чыгар, бул да анын жөнөкөйлүгү. Көрсө айылдын карапайым үй-бүлөдө, өмүр бою мал чарбачылыгында иштеп, карапайым эмгеги менен балдарын багып чоңойтуп, тарбиялап, эрезеге жеткирип, окуп, билим, кесип алышына камкордук көргөн жөпжөнөкөй адамдын үй-бүлөсүндө төрөлгөн тура.

Тактап айтканда ал 1968-жылы 11-майда Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Коммунизм участкасында туулган. Эс тартып, эрезеге жеткенде 1985-жылы Фрунзе политехникалык институтунун Майлуу-Суу шаарындагы филиалына тапшырып, жогорку билимге ээ болуу максатын көздөгөн. 1986-1988-жылдары азыркы Россиянын Южно-Сахалин шаарында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Андан соң, 1990-жылы Ош шаарындагы Фрунзе политехникалык институтунун филиалына которулуп, билим алуусун уланткан. (Ал бүтөөргө жакын Ош жогорку технологиялык колледжи болуп өзгөргөн.) Азыркы учурда Ош технологиялык университети деп аталат.

1995-жылдары аталган жогорку окуу жайын аяктагандан кийин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун технологиялык-транспорт башкармалыгынын №2-автоколоннасына 4-разряддагы автоунааларды оңдоочу ширетүүчүлүктөн эмгек жолун баштаган. 1995-1998-жылдары №1-автоколоннасынын устаты, 1998-1999-жылдары ТТБнын техникалык

тейлөө сервисинде (СТО) башчы, өндүрүштүк-техникалык бөлүмүндө көзөмөл устаты, 2001-жылы ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында ага устат, 2001-2015-жылдары ТТБнын башкы механиги, 2015-2016-жылдары "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда башкы директордун транспорт жана жалпы маселелер боюнча орун басарынын убактылуу милдетин аткаруучу, 2016-2017-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын транспорт жана жалпы маселелер боюнча департаменттин директорунун убактылуу милдетин аткаруучу, 2017-жылдын 27-июлунан тартып азыркы күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын транспорт жана жалпы маселелер боюнча департаменттин директору болуп эмгектенет.

Үй-бүлөлүү. Өмүрлүк жары Орозова Азиза "Кыргызнефтегаз" ААКнын ТТБсында кадрлар бөлүмүндө башчы болуп иштейт. Бир уул, бир кыздын бактылуу ата-энелери.

Мырзакулов Таалайбек Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин, Республикалык профсоюздардын федерациясынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

2004-2008-жылдары Момбеков айылдык, 2008-2012-жылдары Кочкор-Ата шаардык кеңештерине депутаттыкка шайланган, 2016-жылдан тарып азыркы күнгө чейин Кочкор-Ата шаардык Кеңешинин депутаты.

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" АККнын БИШКЕКТЕГИ ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ

"Кыргызнефтегаз" АККнын, мурдагы өндүрүштүк бирикмесинин Бишкек шаарында 1994-жылдын 26-сентябрында соода базасы ачылган. Ошол кезде бул базанын директорлугуна Чолпонбай Султаналиев дайындалган. Бул жерде ал 1996-жылдын 30-декабрына дейре иштеген.

Ал эми андан кийин уюшулган "Кыргызнефтегаз" ишканасынын Бишкек шаарындагы филиалында 10го жакын кызматкер эмгектенет. Алардын милдети "Кыргызнефтегаз" ишканасынын кызыкчылыгын коргоо менен бирге өндүрүштүк, экономикалык жана чарбалык иштер боюнча көмөктөшөт. Айрыкча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жогорку Кеңеш, министрликтер менен мекеме-уюмдар, юридикалык жана физикалык тараптар менен тыгыз байланышта иш алып барат. Андан сырткары Чүй, Талас, Ысык-Көл, Нарын областтарынын аймагы боюнча дагы, "Кыргызнефтегаз" ишканасынын иштери боюнча милдеттенмелерди аткарат.

Бишкектеги өкүлчүлүк чет элдик инвесторлор менен дагы тыгыз кызматташып, "Кыргызнефтегаз" ишканасына байланыштуу иш-чараларды мыйзам чегинде бат жана сапаттуу аткарууга аракет кылат. Ошону менен бирдикте "Кыргызнефтегаз" ишканасында зарыл болгон техникалык жабдууларды, транспортко керектуу тетиктерди, металл продукцияларын, курулуш материалдарын камсыз кылууга көмөктөшөт. Баса белгилей кетүүчү нерсе, Бишкектеги өкүлчүлүк "Кыргызнефтегаз" ААКсынын ишинин учур талабына ылайык өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошуп келет.

Өкүлчүлүк 1999-жылдын август айында ачылган. Биринчи директор К.Т.Темирбаев болгон, ал бул кызматты 2005-жылдын август айына чейин аркалаган.

2005-жылдын август айынан А.Ж. Сатвалдиев директорлук кызматты аткарган. 2008-жылдын сентябрь айынан М.Ж.Мадыбаев директор болуп иштеген. 2010-жылдын июль айынан өкүлчүлүктү Ш.О.Бакаев жетектеген.

Ал эми 2017-жылдын июнь айынан Мирбек Баясов "Кыргызнефтегаз" ААКнын Бишкектеги өкүлчүлүгүн жетектөө менен бул жооптуу кызматты ишенимдүү түрдө аркалап келет.

Азыркы учурда өкүлчүлүктө 15 киши иштейт. Алардан 3 жетекчи, 5 адис, 2 кызматкер, 5 жумушчу, ар биринин өзүнө таандык жоопкерчилиги жана милдети бар.

БАЯСОВ МИРБЕК

1962-жылдын 14-октябрында Талас областынын Бакай-Ата районун Кызыл-Сай айылында туулган. 1979-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан соң, 1980-1982-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин ар-намыстуулук менен өтөгөн. 1984-жылы Алма-Атадагы технологиялык техникумду ийгиликтүү аяктаган. 1996-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетин ийгиликтүү аяктап, жогорку билимдүү экономист адистигине ээ болгон.

1984-жылдан 1997-жылга чейин Талас шаарынын эт комбинатында түрдүү кызматтарда жемиштүү иштеген. 1998-жылдан 2000-жылга чейин Мамлекеттик Бажы инспекциясында терминалдык директор болуп эмгек жолун уланткан. 2000-жылдан 2008-жылга чейин Кара-Балта спирт заводунда коммерциялык директор, 2009-жылдан 2011-жылга чейин Кара-Кол спирт заводунда спирт терминалынын башчысы, 2013-жылы Жогорку Кеңештин депутатынын консультанты болуп эмгектенген.

2013-жылдан 2014-жылга чейин Свердлов районунун салык инспекциясында бөлүм башчысы кызматын аркалаган. 2017-жылдын июнь айынан бери жооптуу кызмат болгон "Кыргызнефтегаз" ААКнын өкүлчүлүгүндө директор. 1982-жылы БАМдын курулушуна активдүү катышкандыгы үчүн РСФСРдин Президиумунун жогорку кеңешинин медалы менен сыйланган.

2002-жылы Чүй областтык мамлекеттик администрациясынын, 2003-жылы Айыл чарба жана кайра өндүрүү Министрлигинин, 2018-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталарына татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, Эралиева Батма экөө үч уулдун ата-энеси.

"КЫРГЫЗ ПЕТРОЛЕУМ КОМПАНИ" ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ КЕЧЭЭ ЖАНА БҮГҮН

ӨТКӨН КҮНДҮН ИРМЕМДЕРИ

Союз учурунда "Кыргызнефтегаз" мекемесинин нефтичилери жылына орточо 300-400 миң тоннадан кем эмес нефть өндүрүп, бул тонналаган сырьё Ферганадагы нефтини кайра иштетүүчү завод аркылуу иштетилип келген. Улуу держава аталган ири мамлекет болгон Советтер Союзунун тарашы менен өндүрүлгөн нефтини жөнөтүү маселеси бир топ татаалдашты. Мына ушундан улам Кыргызстан эгемендүүлүк алганынын шарапаты менен Түштүк жергесинде, тактап айтканда Жалал-Абад областынын борбордук шаарынын аймагында өзүнчө атайын нефтини кайра иштетүүчү заводду куруу зарылчылыгы келип чыкты. Анын натыйжасында 1995-жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармалыгы менен нефть өндүрүүчү "Петро Кыргызстан" жоопкерчилиги чектелген коому бирдикте атайын ишкана түзүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Кыргыз Өкмөтү мына ушунун натыйжасында завод куруу демилгесин көтөрүп чыгып, инвестор тартуу багытында иштиктүү кадамдарды жасады. Натыйжада 1996-жылы Жалал-Абад шаарында нефтини кайра иштетүүчү заводдун курулушу башталды.

Жаңы заводдун курулушу Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийинки чоң жаңылык болгон. Дагы баса белгилеп кетүүчү жагдай өлкөдө мурдагы иштеп жаткан завод-фабрикалар токтоп, өндүрүш жокко эсе болгон учурда бул заводдун курулушунун маанеси чоң жана ошончолук зарылчылыкты туудурган. Анын бул жерге курулушу биринчиден мунай жана газ өндүргөн

"Кыргызнефтегаздын" Кыргызстандын Түштүгүндө – Кочкор-Ата шаарында жайгашышы болсо, экинчиден Жалал-Абаддагы темир жолго байланыштуу болчу. Кандай болгон учурда да, бул өнөр жай ишканасынын курулуп, пайдаланууга берилиши бул аймак үчүн чоң утуш эле. Баарыбызга белгилүү биринчиден экономикалык жактан аксап турган өлкөнүн, эң башкысы Жалал-Абад шаарынын бюджети үчүн пайдалуу болсо, экинчиден көпчүлүккө маалым жумушсуз калган кадрлардын иш менен камсыздалышына шарт жаратылды. Дал ошол жылдын октябрь айында жылына 500 000 тонна чийки затты кайра иштетүүгө ылайыкташкан бул заводдун курулушу ийгиликтүү аяктап, салтанаттуу түрдө ачылды. Заводдун продукциялары: бензин, дизелдик отун жана мазут түрлөрү болгон.

Мындагы заманбап тактап айтканда чет өлкөдөгүдөй шарт менен бул өндүрүштүк мекеме ошол жылы өз кадамын ишенимдүү баштады. Мындагы адистер жана жумушчулар жашырбай айтканда Кыргызстандын шартына салыштырганда бир кыйла жогорку эмгек маяна алуу менен иштешти. Бул мекеме чынында Жалал-Абад шаарында экономикалык мүмкүнчүлүгү жогору өнөр жай ишканасы саналган.

Алгачкы жылдары жалпысынан заводдо чет өлкөлүк кесипкөй адистер менен жергиликтүү адистер иштешкен.

Заводдо өндүрүлгөн нефти кайра иштетүүдөн өткөндөн соң, мазут, дизель (солярка) жана АИ-80 күйүүчү майы алынган. Негизинен заводдо эң баалуу продукт дизель эсептелинген.

1996-1998-жылдары ишкана Жалал-Абад шаарында ири өндүрүштүк ишканалардын бири болуп эсептелип, күйүүчү майларды өндүрүп, өлкөнүн экономикалык тармактарын жана калкын камсыздап баштаган.

Ишкананын алгачкы президенттигине Амжад А. Бсейсу дайындалган. Анын жетекчилиги астында нефтини кайра иштеп чыгаруунун көлөмүн жогорулатып, өндүрүштүн көрсөткүчүн көтөрүүнүн аракеттери жасалган. Ошол кезде нефтини кайра иштетүүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй болгон.

- 1996-1997-жылдары 60439 тонна;
- 1998-жылы 74543 тонна;
- 1999-жылы 103349 тонна;
- 2000-жылы 136736 тонна;
- 2001-жылы 132038 тоннаны түзгөн.

2002-2006-жылдары Гарри Рост президенттигине дайындалган. Ошол мезгилде:

- 2002-жылы 109195 тонна;
- 2003-жылы 90208 тонна;
- 2004-жылы 89410 тонна;
- 2005-жылы 87550 тонна;
- 2006-жылы 86652 тоннаны түзгөн.

2007-2011-жылдары Роберт Браун ишканадагы чет элдик жарандардын акыркы жетекчиси болуп калды. Ал ишкананы көп жыл бою жетектеп, нефтини кайра иштетүүнүн көлөмүн жогорку көрсөткүчкө алып чыга алган.

- 2007-жылы 139770 тонна;
- 2008-жылы 150552 тонна;
- 2009-жылы 99370 тонна;
- 2010-жылы 94405 тонна;
- 2011-жылы 80229 тонна нефть кайра иштетилген.

1996-2012-жылга чейин ишкананын 50 пайыз акциясы чет элдик инвесторлорго таандык болуп келген

2012-жылы бул ишкананы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому сатып алып, мурдагы жеке инвестордун карамагында турган завод мамлекеттик өнөр жай мекемесине айланышы дагы бир чоң утуш болду. Бирок, кубаттуулугу боюнча жылына 500 миң тонна нефтини кайра иштетүүгө мүмкүнчүлүгү болбогону менен Кыргызстандын шартында мурдагы 200 жумушчу орунун сакталып калышынын өзү да чоң жетишкендик эле.

Жалал-Абад шаарындагы "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКнын 50 пайыз акциясын 4 миллион 700 миң долларга, же ошол кезде 220 миллион сомго "Кыргызнефтегаз" ААКму сатып алып, 100 пайыз акциясына ээлик кылып, ошол күндөн тартып, "КПК" ЖАКнын жалгыз акционери болуп калган. Ошол эле жылы ишканада акционерлер тарабынан 5 кишиден турган директорлор кеңешинин курамы бекитилген. Алар ишкананын президентин дайындоо, акча каражатынын киреше, чыгаша тармактарын көзөмөлдөө, жылдык бюджеттерин бекитүү боюнча өз ишмердүүлүгүн жүргүзө баштаган.

Жалал-Абаддагы "Кыргыз Петролеум Компани" нефтини кайра иштетүүчү заводу бул аймактагы жападан жалгыз өнөр жай ишканасы. Мындан 23 жыл мурда курулган бул завод 200дөн кем эмес жумушчуну иш менен камсыздап, жергиликтүү бюджетке чоң салым кошуп келген. Ошондон тарта өзүнүн нефть продуктыларын кайра иштетип чыгаруу менен белгилүү өлчөмдө өнөр жайына да үлүшүн кошо алды.

2013-жылдын жыйынтыгы менен 300 миллион сом таза кирешени "Кыр-

гызнефтегаз" ААКна которуп берип, завод сатып алынган каражатты бир жылда актоого жетишкен. Завод үч жылдын аралыгында өндүрүмдүү иштеп, 650 миллион сом таза киреше берип, бул сумма "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эсебине которулган.

2012-жылдын 18-апрелинде ишканада биринчи кесиптик уюм түзүлгөн жана анын 9 адамдан турган катмары шайланган. Ошону менен бирге Мураталы Төрөевди бул кесиптик кошундун төрагалыгына шайлашкан. Ал эми 2016-жылы Негодин Вячеслав Сергеевич комитеттин төрагасы болуп шайланып, КРнын юстиция министрлигинен катоодон өтүп, өз алдынча коомдук профсоюздук уюм катары "КНГ" ААКнын профсоюздарынын катарына кирген. 2017-жылы жалпы жамааттык келишими жаңыланган жана профсоюз уюмунун мөөрү, штампы жасалган.



Ал эми 2018-2019-жылдары, комитеттин төрагасы болуп Танабай Кожобеков шайланган, ал эми 2019-жылдын май айынан баштап Мирлан Акматов аталган кесиптик уюмду жетектейт.

2012-2015-жылдары Абдумалик Мамадияров бул нефтини кайра иштетүүчү заводдун

президенти катарында өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн.

Бул жылдар аралыгында ишканага чийки затты кайра иштетүү тармагындагы ар улуттан турган жергиликтүү кесипкөй адистер тартылып, заводдун өз алдынча иштеп кетишине өбөлгө түзүлгөн. Ошол учурдагы өндүрүлгөн продукциялар өлкөбүздүн экономикалык тармактарында жана ички базарларда пайдаланылган. Кайра иштеп чыгаруунун көлөмү 2012-жылы – 82333 тонна, 2013-жылы – 76382 тонна, 2014-жылы – 75221 тонна, 2015-жылы-69262 тоннаны түзгөн.

2015-2017-жылдары Динмухаммед Касымбеков ишкананын президенти болуп эмгектенген. Ал жетектеген жылдары 2016-жылы 50040 тонна нефтини кайра иштетүүгө жетишкен. Бара-бара өндүрүш солгундап, 2017-жылдын 9 айынын ичинде бар болгону 18000 тонна гана нефти кайра иштетилип, өндүрүштүн көлөмү төмөндөп, жумуш бир топко аксаган. Анын натыйжасында жумушчулардын айлык акылары убагында берилбей заводдун токтоп калуу коркунучу пайда болгон.

Ал учурдагы заводдогу кырдаал бир катар адамдарга маалым болчу. Баары көз алдыда...

"Кыргызнефтегаз" ачык ак-

ционердик коомуна жаңы жетекчинин дайындалышы жана заводдо да жетекчиликтин алмашышы менен токтоп турган өндүрүштү жана кампаларга толгон сырьёлорду сатуунун чечкиндүү аракеттери көрүлдү. Муну менен бул жердеги жумушчуларда иштин жанданышына болгон ишеним ойгонду.

Тактап айтканда 2017-жылдын 20-сентябрынан ошол эле жылдын 11-ноябрына чейин нефтини кайра иштетүүчү заводду Таалайбек Рысалиев жетектей баштагандан тартып, нефтини кайра иштетүү толук кандуу жүрө баштаган. Анын шарапаты менен жумушчулар тынымсыз иш менен камсыз болуп, бул эмгек жамаатында жылуу пикирди туудуруп, келечекке болгон ишенимди жаратып, заводдун жумушчулары кайрадан өз калыбында иштеп башташкан. Ошол учурда эң башкысы заводду иштетүүгө мамлекеттик деңгээлде колдоолор болуп, Ош жылуулук электр станциялары менен 14,4 миң тоннага келишим түзүлүп, резервуарларда толуп турган 9,5 миң тонна мазутту сатууга мүмкүнчүлүк жаралган.

Андан соң, 2017-жылдын 21-ноябрында "Кыргыз Петролеум Компаним" нефтини кайра иштетүүчү заводун президенттигине Нурлан Максутов дайындалды. Бул мезгилден тартып, бир нукка түшө баштаган өндүрүш кызуу темп менен улантылды. Ишкананын жалгыз акционери нефти өндүрүүчү "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармалыгы менен түзүлгөн келишим эки тарапка тең пайда алып келген. Өндүрүлгөн нефть кайра иштетүүгө даярдалып жер алдынан өткөн трубалар жана автоцистерналар аркылуу заводго жөнөтүлүп турган.

- Заводго жаңы жетекчиликтин келиши менен мунайды кайра иштетүү

жумушу сентябрь айынан толук кандуу жүрдү. Анын шарапаты менен 200 жумушчу күн сайын тынымсыз иштеп, өз үй-бүлөсүн багууга мүмкүнчүлүк жаралды. Бул эмгек жамаатында жылуу пикирди туудуруп, келечекке болгон ишенимди жаратты. Мына эми заводдун жумушчулары күн сайын ишке көңүлдүү келишип, жылуу маанай менен иштеп жатышат, - деп белгилейт ошол кезде заводдун жетекчи кадрларынын бири Азамат Каримов.

"Кыргыз Петролеум компания" жабык акционердик коомунун ошол учурдагы президенти Таалайбек Рысалиевдин пикирине таянсак, нефтини өндүрүп берүүчү "Кыргызнефтегаз" акционердик коому менен түзүлгөн келишим эки тарапка тең пайда алып келди. Кыргыз нефтичилеринин эмгеги менен өндүрүлгөн нефть жер алдынан өткөн трубалар аркылуу түз эле заводго жеткирилип, өндүрүштүн ыргагы тездеген. Анын натыйжасында завод толук кандуу иштөөгө өттү. Алар мүмкүн болушунча тез ылдамдык менен иштеп, өндүрүштүн ыкчам жүрүшүнө аракеттерди жасап жатышты.. Бул жерде өндүрүлгөн нефти кайра иштетүүдөн өткөндөн соң, мазут, дизель (солярка) жана АИ 80 күйүүчү майы алынат. Мындагы адистердин айтымына караганда за-

воддо эң баалуу продукт дизель эсептелет.

- Мурда бир тонна нефтиден 33 пайыз дизель иштетилип чыкчу, азыр 36 пайызды түзөт. Себеби, дизель менен иштөөчү техниканын саны көбөйгөн, бул заводго пайда алып келүүдө, - дейт заводдун башкаруучусу Азамат Каримов.

2017-жылдын октябрь, ноябрь, декабрь айларында 30000 тонна нефтини кайра иштетип чыгарууга жетишилген. Жылдын жыйынтыгында кайра иштетүүнүн көлөмү 48000 тоннага жетип, заводдун кайрадан иштеп кетүүсүнө толук кандуу шарт түзүлгөн.

Ишканада өндүрүштү жогорулатуу максатында, 2018-жылда 125000 тонна чийки нефтини кайра иштетип чыгаруу планы белгиленип, жылдын жыйынтыгында 125500 тонна кайра иштетилип, план 100,4 пайызга аткарылган. 2017-жылга салыштырмалуу 2018-жылда 78 500 тоннага көп өндүрүлүп, өсүү темпи 267 пайызды түзгөн.

Төлөнгөн салыктардын көлөмү 2017-жылы 24,7 млн. сомду түзсө, 2018-жылы 49,7 миллион сомго жетип, мурунку жылга салыштырмалуу 24,9 миллион сомго көп төлөнгөн. Өсүү темпи 201 пайызды түзгөн. Социалдык төлөмдөр 2017-жылы 13,1 миллион сомду түзсө, 2018-жылы 15,1 млн сом социалдык төлөмдөр төлөнүп, мурунку жылга салыштырмалуу 2,0 млн сомго көп болгон. Же болбосо өсүү темпи 111 пайызды түзгөн. Жогорудагы көрсөткүчтөр кошумча нарк салыгынан, акциз салыгынан жана кирешеге болгон салыктардын эсебинен өскөн.

"КПК" ЖАКму Жалал-Абад шаарынын ири салык төлөөчүсү болуп эсептелген, ошондуктан шаардын жана мамлекетибиздин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көп жылдар бою чоң салымын кошуп келген.

Ошону менен бирге өндүрүштөн башка бир топ маселелери чечилген.

2010-жылдан бери чечилбей келе жаткан ири суммадагы салык төлөмдөрү боюнча талаш 2018-жылдын аягында Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан ишкананын пайдасына чечилип, чоң суммадагы үнөмдөө келтирилген.

Ошентип, заводдо өндүрүш өз ыргагы менен жүрүүдө. Кайра иштетилген товар атайын лабораториядан текшерүүдөн өткөрүлүп турулат. Лаборатория адистеринин пикирине таяна турган болсок нефть жана нефть продуктылары боюнча аккредациядан өткөн мындай лаборатория Түштүктө жок. Товардын сапаты бул жердегилер үчүн башкы орунда турат.

Жумушчуларга эң жакшы шарттар жаратылган. Алардын тамактануусу үчүн атайын ашкана уюштурулган. Организмге зыяндуу жайда иштегендиктен, күн сайын сүт менен камсыз болушкан. Заводдо медициналык жай уюштурулган. Бул жерде жумушчулардын ден соолугун ар убак көзөмөлгө алып турган саламаттыкты сактоо адиси да иштейт. Ал эми жумуш учурунда жумушчулар иште колдонуучу керектүү шаймандар атайын кийимдер менен камсыздалган.

Заводдун ичи-тышынан тартып, экология бузулган жагдайды учуратууга болбойт. Адистердин айтымына караганда жылына бир ирет экологдор келип текшерүүдөн өткөрүп турушат, эгерде бир кемчилик айтылса, ошол замат жетекчилик аны оңдоого аракет кылышарын билдиришти. Заводдун короосунан тартып, продукт сакталып турган жайларга чейин тазалык сакталган. Абаны булгай турган, же мурун өрдөгөн жагымсыз жыт сезилбейт.

2018-жылдын жыйынтыгы менен ишкана шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымдары жана жетишкен ийгиликтери үчүн Жалал-Абад шаарынын мэриясынын "Жылдын мыкты өнөр-жай мекемеси" деп табылган жана атайын диплом менен сыйланган.

АЛГАС
ГРАМОТА

ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯ – ЗАМАНДЫН ТАЛАБЫ

Заводдун жабдуулары 20 жылдан бери иштетилип, эскирип бүткөндүктөн модернизациялоо зарылдыгы туулат. Мезгилдин агымы эскини жаңылоого, заманбап шартты түзүүгө алып келди. Демек, техникаларды алмаштырып, жаңы технология менен иштөөнү мезгил талап кылып олтурат. Долбоорлор бар, бул үчүн ири суммадагы каражат сарпталат. Бул үчүн заводдун бүгүнкү күндөгү абалы менен өндүрүштүн көлөмүн жогорулатып, завод рентабелдүү иштей тургандыгын толук далилдеп беришибиз керек. Ошондо, ушул тапта умтулган максаттарыбызды ишке ашырууга ишеним жаралат. Айта кетсек, азыр Россия, Кытай, Турция мамлекеттеринин проект түзүүчү компаниялары менен заводду модернизациялоо максатында сүйлөшүүлөр жүргөн. Кимисинин долбоору пайдалуу аны келечек көрсөтөт, - деп белгилейт Таалайбек Рысалиев. - Эң негизгиси заводду моддернизациялоону ийгиликтүү ишке ашырып алсак, Жалал-Абад области үчүн эле эмес, Түштүктөгү үч облысттын калкы үчүн чоң жумуштун жасаган болоор элек.

Демек, ошол кезде заводго жаңы жетекчиликке келген, азыркы учурда да бул максаттарды ишке ашырууга салым кошуп келаткан, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча башкармалыктын төрагасынын орун басары Таалайбек Рысалиев мына ушундай ой-максаттарды 2017-жылы эле билдирген. Жалпы жетекчиликтин милдети жаңылануну жаратууга багытталган болчу. Андан бери эки жылга чукул убакыт өттү.

Тилекке каршы, "Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет" болуп, баарын бир күндө жасоо мүмкүн эмес экен. Бирок, ошондон тарта, бул максатты ишке ашырууга кадамдар жасалып келет.

Заводдун директору Нурлан Максутов жетектеген азыркы жетекчиликтин жасап жаткан иштеринин багыты да мына ушул максаттарды ишке ашырууга бурулган.

Бул пикирди "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун башкармасынын төрагасы Рашит Бостонов да бекемдейт.

- Негизги максатыбыз Жалал-Абаддагы нефтини кайра иштеткен заводду кайра башынан куруп чыгуу, же анын жанына жаңы завод куруу. Себеби, азыркы чыгарылган продукция стандартка жооп бербейт. ЕАЭСке мүчө болуп киргенден соң, кыска мөөнөттүн ичинде заводду реконструкция жасап евро 4, евро 5 стандартындагы күйүүчү майларды чыгарбасак, эртеңки күнү кеч болуп калат. Заводду жаңыча жасап алганга өзүбүздүн каражатыбыз жетпегендиктен, инвесторлор аркылуу жаңылап алсак, өзүбүз өндүргөн нефтини ошол жерден кайра иштетип чыгарсак, Түштүктү күйүүчү, майлоочу майлар менен камсыздап калмак элек. Азыр Бишкек-Ош авто жолунда жүргөн оор жүк ташуучу унаалардын да санын азайтмакпыз. Жаңы заводдон чыгарылган күйүүчү майлар өзүбүздүн АЭСтер аркылуу сатылмак. Келечекте "Кыргызнефтегаздын" өзүнүн АЭСтери болушу керек. Кара май өндүргөн ишкана эч убакта чыгашалуу болбостон, кирешелүү болушу гана керек. Биздин көп пландарыбыз бар. Өлкөбүздө тынчтык болуп, Кудай колдоп турса, көп ийгиликтерге жетишебиз.

Эгерде алдыдагы максаттар ишке ашып кала турган болсо, кайра иштетилген нефть продуктыларынын сапаты жогору болоруна ишеним бар.

Ошону менен бирге бул максаттар ойдогудай ишке аша турган болсо продукциянын ассортименти көбөйөт. Жогорку сапаттагы күйүүчү майлардан сырткары дизель отунун, жол битумун иштеп чыгарууга да болмок. Дагы да кошумча жумушчу орундары түзүлүп, ишсиз олтурушкан жаштар жумуш менен камсыз болушуна шарттар жаралат. Эң башкысы салык, социалдык төлөмдөрдүн көлөмү көбөйүп, жергиликтүү бюджетке чоң суммадагы каражаттар түшмөк. Буюрса ошондо Бажы Союзуна кирген өлкөлөрдүн техникалык талаптарына жооп бере турган продукты иштеткенге мүмкүнчүлүк жаралат деген үмүт бар. Түштүк Кыргызстанды сапаттуу күйүүчү май менен камсыздоодон тышкары, кайра иштетилген нефть продуктыларын сыртка экспорттоого да мүмкүнчүлүк жаралмак. Жетекчилик буюрса ишканаңы жаңы технологиялар менен жабдуу маселеси сөзсүз ишке ашаарын айтышат. Буюрса, бул багытта жаңы кадамдарды жасап жатышкан жетекчиликтин бүгүнкү күндөгү жасап жаткан аракеттери оң натыйжасын берет деген үмүт бар.

Жаңы заводдун курулушу бул оңой маселе эмес. Ага "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун өз каражаты жетишсиз. Инвестор изделип жатышы да бекеринен эмес. Ал мамлекеттик деңгээлде чечиле турган маселе. Ошондуктан, атайын комиссия түзүлүп, сүйлөшүүлөр да жогорку деңгээлде жүргүзүлүп жаткандыгы да бекеринен эмес. Заводду жаңылоого болгон максаттар сөзсүз түрдө ишке ашарына мындагы эмгек жамаатынын да ишеними чоң.

ӨНДҮРҮШТҮН ИЙГИЛИГИ – КАДРЛАРДЫН ЭМГЕГИНЕ БАЙЛАНЫШКАН

КУЛУНТАЕВ БЕКТЕМИР
"Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы геологу

1959-жылдын 9-сентябрында төрөлгөн. 1981-жылы Фрунзе политехникалык институтунун тоо-геологиялык факультетинин гидрогеология жана инженердик геология адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, атайын жогорку билимге ээ болгон.

Эмгек жолу 1981-жылы жолдомо боюнча Кыргыз комплекстүү гидрогеологиялык экспедициясына караштуу Ош гидро геологиялык партиясында ага техник-гидрогеолог болуп иштөө менен башталган. 1983-жылдан тартып "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде 4-разряддагы скважиналарды изилдөө оператору болуп эмгек жолун уланткан. Ошол эле жылы промыслдык изилдөө группасында ага инженер болуп дайындалып, 1989 жылга дейре жемиштүү эмгектенген.

1989-1994-жылдары "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде II категориядагы геолог, 1994-2000-жылдары I категориядагы инженер-технолог, 2000-2002-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын Баткен нефть өндүрүү башкармалыгында (БНДУ) башкы геолог, 2002-2003-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын иштеп чыгаруу бөлүмүндө башчы, 2003-2004-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын нефтегаз өндүрүү башкармалыгында (НГДУ) башкы инженер, 2005-2007-жылдары ушул эле мекемеде башкы геолог, 2007-2010-жылдары башкы инженер, 2010-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКда иштеп чыгаруу бөлүмүнүн башчысы, 2010-2016-жылдары нефть, газ өндүрүү башкармалыгында башкы геолог кызматтарын аркалап келген. Ал эми 2016-жылдан ушул күнгө дейре "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда башкы геолог кызматын ийгиликтүү өтөп келет.

АЗИЗОВ ТУРГУНБАЙ,
Башкы маркшейдер

1951-жылы төрөлгөн. 1972-жылы Ташкент топографиялык техникумда ийгиликтүү окуп, "Техник-геодезист" адистиги боюнча, 1990-жылы геодезия, аэросүрөткө тартуу жана картография инженерлеринин Москва Институтунун "Прикладдык геодезия" адистиги боюнча аяктаган.

Өзүнүн эмгек жолун Азизов Тургунбай 1975-жылы аппараттын геология бөлүмүнүн маркшейдери катары баштаган. Иш билгилиги, квалификациясы, демилгелүүлүгү, аны башкы маркшейдер болуп дайындалышын шарттады. Өзүнүн квалификациясын дайыма жогорулатууга, жаңы жетишкендиктерди геодезия жана маркшейдрияга киргизүүгө умтулуп, анын натыйжасын көрүп келди.

"Кыргызнефтегаз" ААКдагы эмгек жолунда Тургунбай Азизов өндүрүштүк жана коомдук милдеттерин аткарууда өтө эмгекчилдиги менен башкалардан айырмаланды. Өндүрүштүк маанидеги бардык маселелерди техникалык жактан туура жана так чечүүдө анын эмгеги бар. Өзүнө жана аны менен иштеген кызматкерлерге талапты коё билген өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Окуу жайында алган татыктуу билимин, тажрыйбасын жана эмгегин жаш

адистерге үйрөтүп, алардын кесиптик жактан такшалышына колдоо көрсөтүп келет. Мүнөзү боюнча кылдаттыкты жактырган жана максатка умтулуусу, жогорку талапчандыгы, эң алды өзүнө, жана айланасындагыларга жылуу мамиле жасоосу жамаатта ага сый-урмат алып келген.

Тургунбай Азизов шаардын коомдук турмушунан да четте калбай, активдүү катышып келет. Бир канча жолу шаардык кеңешке депутат болуп шайланган, Кочкор-Ата шаарынын "Ардактуу атуулу".

Ак эмгеги жана жетишкен ийгиликтери үчүн бир канча жолу "Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өнөр жайынын кызматкерлеринин күнүнө" карата КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган жана башка сыйлыктардын ээси.

АНАРБАЕВ УМАРАЛИ,
«Кыргызнефтегаз» ААКнын башкармалыгынын аппарат башчысы

Ал 1959-жылдын 22-майында Таш-Көмүр шаарынын Сары-Камыш айылында жарык дүйнөгө келген. Мектепти аяктагандан кийин анын алгачкы эмгек чыйыры колхоздо колхозчу болуп иштөө менен башталган. Ал учурда Союз мезгили, эмгек стажына карап, анан окууга кабыл алчу. Ал колхозчулуктан эмгек жолун баштаганы да ошондон. 1979-жылы Анжиандагы пахтачылык институтунун айыл чарба механизация факультетине тапшырган. Ошол кезде Кыргыз Республикасынан да бир топ кыргыз жаштары коңшулаш мына ушул өлкөнүн аталган пахтачылык институтунда окушкандыгы белгилүү. Ал бул окуу жайдан кесиптик билим алып, инженер-механик адистигине ээ болгон. Андан соң, 1984-жылдан 1995-жылга дейре Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтачылык совхозунда жол кыймылынын коопсуздугу боюнча инженер болуп иштеп, 1995-1996-жылдары "Кыргызайылчарбатехникасынын" Шамалды-Сайдагы областтык базасында башкы инженер, директордун орун басары болуп эмгектенген.

Анын "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесине келген жыл 1996-жылдын 1-марты жаз көктөмүнө туура келет. Мына андан бери арадан канча ирет жадыраган жаз келип, күркүрөп күз узады. Быйыл жыйырма төртүнчү жыл көптү күттүргөн жазды тосуп, аптаптуу жайды узатканы турат.

Анын эмгек чыйырына андан ары саресеп сала турган болсок, 1996-жылдан технологиялык-транспорт башкармалыгында өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, 1998-жылдан №2-автоколоннанын башчысы, 2008-жылдан аталган башкармалыктын өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, 2010-жылдан "Кыргызнефтегаз" ААКнын чарба департаментинин директору, 2011-жылдын 1-июнунан сырткы башкаруучунун жалпы маселелер боюнча орунбасары, 2013-жыл-

дын 21-январынан башкы директордун транспорт жана жалпы маселелер боюнча орун басары - "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасынын орун басары болуп иштеди. Ал эми 2017-жылдын 1-июлунан тартып, транспорт жана жалпы маселелер боюнча департаменттин директору, ошол эле жылдын 27-июлунан "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасынын кеңешчиси, 25-декабрдан Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын бургулоо боюнча инженери, 2018-жылдын 21-сентябрынан башкармалыктын төрагасынын кеңешчиси кызматын аркалап келди. Ал эми азыркы кезде «Кыргызнефтегаз» ААКнын аппарат башчысы.

Анын «Кыргызнефтегаз» ААКда иштеген эмгек эмгек жолунда түрдүү оң да, терс да ирмемдерди камтыды.

Эсинде. 2005-жылы өлкөбүздө биринчи жолу мамлекеттик төңкөрүш болуп, жаңы бийлик келди.

- Ошол мезгилде "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун башкармасынын төрагасын алмаштыруу үчүн ызы-чуу күчөдү. Анда Азизбек Ороков бул кызматта иштеп жаткан. Жаңы келген бийлик аны кызматтан кетирип, ордуна Пайзулла Рахмановду дайындап, жөнөттү. Бир чети ал нефтичи эмес, агроном болчу. А Ороков менен аны салыштырууга мүмкүн эмес болчу. Ал өз кызматында жакшы иштеп жаткан, өндүрүштө солгундоо жок, тетирисинче ишкананы бутка тургузуп, эмгек акыларды убагында бергизе баштаган. Анын эмгек жамааты арасында кадыр-баркы бар эле. Бир калыпта жүрүп жаткан ишке тоскоолдук жасап, эмгек жамаатындагы ынтымакка доо кетирүүгө жасалган мындай көрүнүш көпчүлүккө жакпагандыктан, бийликтин чечимине нааразычылык пайда болуп тынчтык митингине чыгышты. Ушундай шартта "элдик комитет" түзүлүп, мен ага жетекчилик кылганмын, - дейт Умарали Анарбаев. -Биздин митинг өткөрүүдөн башка аргабыз жок болчу. Ал эми мекеменин мандайында жолдун аркы бетинде Пайзулла Рахмановго тиешелүү ресторандын алдында боз үй тигип, аны Арстанбап, Базар-Коргондон колдоп келишкен тарапташтары аппаратураларды орнотуп, каршылык митингин уюштурушту. Биздин максат А.Ороковду өз кызмат ордунда алып

калуу болчу. Саясатчылар да аралашып, үч-төрт күн убакыт өтүп, маселе чечилбегендиктен кеңешме өткөрүп, жагдайды видеотасмага түшүрүп, мамлекеттик телеканалдан берүүнү чечтик. Уюштуруу комитети бул маселени мага тапшырышты, биз "Кыргызнефтегаздагы" абалды кыргыз улуттук телеканалы аркылуу жарыялоого жетиштик. Абал бир аз басаңдаганы менен, бирок бир жыйынтык чыгарылган жок. Элдик комитеттин чечими менен 7-8 адам Өкмөткө бардык, бирок киргизбей коюшту, мамлекеттик мүлк фондусунун төрагасы кабыл алганда ага жагдайды түшүндүрдүк. Ал бул маселени мамлекет башчысына жеткирээрин жана эртеси күнү жооп берерин убада кылды. Эртеси маселе оң жагына чечилип, А.Ороков өз ордунда калып, кызматын улантты. Ошондо биз «Кыргызнефтегаздын» кызыкчылыгы үчүн мына ушул жолго барганбыз.



Кандай гана кырдаал болбосун "Кыргызнефтегаздын" кызыкчылыгы, эртеңки келечеги үчүн салым кошууга аракеттерди жасады. Ноокен районунун, Жалал-Абад областынын, КРнын өнөр жай жана энергетика министрлигинин, мамлекеттик мүлк фондусунун, Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Эки жолу Кочкор-Ата шаардык, бир нече жолу Ноокен райондук кеңештерине депутаттыкка шайланган.

Үй-бүлөлүү. 3 уул, 1 кыздын атасы. Жубайы Зульфия үй кожойкеси.

ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКА ТАРМАГЫ

ТЕМИРБАЕВ БУРКАНБЕК
Каржы директору

1974-жылдын 5-октябрында Сузак районунун Сузак айылында жарыкчылыкка келген.

Эки жогорку окуу жайында окуп, эки адистик алууга жетишкен. Биринчиси 2000-жылы Жалал-Абаддагы коммерциялык институттун "Ишканалардын экономикасы" адистиги боюнча артыкчылык диплому менен аяктап, жогорку билимге ээ болгон. Экинчи жогорку билимин 2010-жылы эл аралык башкаруу, укук, финансы жана бизнес академиясынын "Юриспруденция" бөлүмүндө окуп, юрист адистигин алган.

"Кыргызнефтегаз" мекемесиндеги эмгек жолун 2001-жылы нефть, газ өндүрүү башкармалыгында эсепчиликтен баштаган. Ушул жылдан тарта 2006-жылга дейре нефть, газдын эсеби боюнча эсепчи болуп иштеген.

"Кыргызнефтегаз" мекемесинде нефть, газ өндүрүү башкармалыгында акционердик коомдун негизги өндүрүштүк көрсөткүчү болгон нефть жана газдын эсебин так алып барып, бухгалтердик отчётторун жасаган. Өндүрүштүк кызматкерлер менен тыгыз иштешип, аз убакыттын ичинде бай тажрыйба топтоп, өз ишин так билген мыкты адис катары өзүн көрсөтө алды. Ошол кезде башкармалыктын мүчөлөрү – "Кыргызнефтегаз" ААКнын тажрыйбалуу адистери Т.Дорбонов, Г.А.Сарьян, С.И.Мусаев, Т.Мураталиев, К.Тургунбаевдер анын эмгегин жогору баалап, жаш болгондугуна карабастан, алардын колдоосу менен "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун башкы эсепчилигине дайындалды. Ошентип, 2006-жылы Бурканбек Темирбаев "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эң жооптуу кызматы болгон башкы эсепчи кызматын аркалоо менен татыктуу эмгектене баштады.

Натыйжада, 2006-жылдан тартып, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкы эсепчилигинде 2010-жылга дейре эмгектенген. Ал эми 2010-2012-жылдары кайрадан нефть, газ өндүрүү башкармалыгында эмгек жолун улантып, бул жерде жетектөөчү эсепчи кызматында милдетти аткарган. Ал эми 2012-2017-жылдардын аралыгында "ЮниМед Вотерс" жабык акционердик коомунда башкы эсепчи болуп иштеген.

Бурканбек Темирбаев 2017-жылдын июнь айынан баштап "Кыргызнефть" ачык акционердик коомунун каржы директору кызматын аркалап келет. Бул кызматы аркылуу мекеменин эң маанилүү бөлүмдөрү саналган борбордук эсепчилер, экономикалык пландоо, эмгек жана эмгек маяна, информациялык иштеп чыгаруу бөлүмдөрүнүн ишмердигин көзөмөлдөп, башкарып келет.

БУХГАЛТЕРДИК-ЭСЕП БӨЛҮМҮ

Бухгалтердик эсеп-чарбалык эсептин бир түрү. Ал ишканалардын, мекемелердин жана анын башкармаларынын чарбалык ишинин көрсөткүчтөрүн тактайт. Бардык чарбалык операциялар документтердин негизинде толтурулуп, каттоого алынат. Мунун өзү бухгалтердик эсептин көзөмөлдөө маанисин жогорулатып, анын далилдегич күчүн арттырат жана маалыматтарынын тууралыгын камсыз кылат. Ишкананы башкарууда бухгалтердик эсепке өзгөчө орун берилет, анткени анын каржылык абалы, ишкердиги жөнүндө керектүү толук маалымат анда көрсөтүлөт, эсепчилердин тынбай эсеп-кысап иштерин алып баруусунун жыйынтыгы, ишкананын көрсөткүчтөрү. Биринчи "Киргизнефть" өндүрүштүк ишканасы, кийин "Кыргызнефтегаз" Ачык Акционердик Коому түзүлгөндөн баштап эле бухгалтерия түзүлүп, ар бир өндүрүлгөн нефтинин, газдын, бургулоо иштеринин көлөмүн, жумушчулардын эмгек акысын, кампаларда кандай материалдар, кандай тетиктер, канча негизги каражаттар, транспорттук каражаттар жана башка өндүрүш процессиндеги жумуштар бар, ошолордун баарын эсепчилер эсептеп келишет.

"Кыргызнефтегаз" ишканасында өз учурунда Жумабай Бейшеналиев, Валентина Крячун, Замира Капарова, Алыкан Абдыкадыров, Качкынбай Зулпукаров, Бурканбек Темирбаев, Татьяна Едкова сыяктуу өз ишинде каныккан, тажрыйбалуу адистер башкы эсеп-

чи болуп иштешкен. Андан сырткары "Кыргызнефтегаз" ишканасынын ар түрдүү тармактарында Сонунбү Мырзакасымова, Рахматилла Токтоматов, Адылжан Моминов, Кермекан Мадумарова, Галина Пожарская, Давлат Анарбаева, Айша Камбарова, Ырыс Акчабаевалар өз убагында ушул ишкананын өндүрүшүнө өз салымдарын кошушкан. Алардын кээ бирлери азыр арабызда жок болушса, калгандары азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Азыркы учурда "Кыргызнефтегаз" ААКда 57 эсепчи эмгектенет, эсепчилердин иши татаал жана жооптуу экендиги талашсыз. Ошол эсепчилер жогоруда айтылган ардагерлер сыяктуу ишкананын өсүшүнө өздөрүнүн зор салымдарын кошууда. Азыркы учурда эсепчилер мезгилдин талабына ылайык компьютердик жабдуулар менен камсыздалган. Мурдагыга караганда иш

кагаздары бир азга жеңилдеген деп айтууга болот. Союз убагында эсепчилер счёт, кийин калькулятор менен иштешкен. Окуу жайларда окуганда да биринчи орунда счётту окутчу, кийин калькулятор, анан АСУну өздөштүрүштү.

Ар бир мезгилдин өткөөл учуру болгондой, эсеп-кысап тармагында да, ошондой учурлар болгон. Советтер Союзу таркагандан кийин "Киргизнефть" өндүрүштүк ишканасы "Кыргызнефтегаз" Акционердик Коом болуп кайра түзүлдү. Ошол убакта эсепчилер, техникалык кызматчылар күн-түн дебей иш кагаздарын даярдашкан. Ал убакта азыркыдай компьютердик техникалар жок, баарын кол менен калькулятордун жардамында эсептеп чыгарып, тактап даярдап беришкен. Андан кийинки бухгалтериянын чоң жетишкендиктеринин бири деп, башкы бухгалтер К.С. Зулпукаровдун жетекчилиги

астында 2003-жылдан тартып заман ыргагына жараша Түштүк аймагында биринчилерден болуп МСФОго (Финансылык отчёттуулуктун Эл аралык Стандарты) өтүшү деп эсептелет. Мурунку эсеп-кысап тармагында жүрүүчү 99 счёттун ордуна төрт орундуу жаңы счёттор киргизилди. Андан сырткары 2003-2004-жылдары "Славянский Восток" мүлктү кайра баалоо ишканасы менен биргеликте "Кыргызнефтегаз" ААКнын негизги каражаттарынын баары кайра баалоодон өткөрүлдү. Андан бери кайра баалоо боло элек, бирок келечекте кайра баалоо болушу керек, бул заман талабы,-дешет адистер. Азыркы кезде "Кыргызнефтегаз" ААКнын бардык эсептик операциялары борборлоштурулган бухгалтериядан өтөт. "Кыргызнефтегаз" ААКна келип түшкөн акча каражаттарынан тартып, канча продукция сатылууда, кандай баада, канча кызмат көрсөтүлүүдө, кампага түшкөн тетиктердин эсеби, электроэнергия, ар түрдүү кызматтар ж.б. баары ушул борборлоштурулган бухгалтерия аркылуу эсепке алынат. Ар ай сайын "Кыргызнефтегаз" ААКда иштеген ар бир жумушчунун эмгек акысы боюнча бардык билдирүүлөр боюнча Ноокен райондук Социалдык фонд менен Ноокен салык инспекциясына маалымат берилет.

Бул тармакта көп жылдан бери иштеп келе жаткан эмгек ардагерлер да бар. Алар Татьяна Цымбал, Минавар Исмаилова, Гүлнара Тагаева, Айзада Жусупова, Байыш Түркменов, Бакыт Рахманов, Бермет Нышаналиева, Назгүл Касымбекова, Бурул Мырзакматовалар. Ошондой эле жаш муундагы эсепчилер Айгерим Мамасыдыкова, Сардар Дарбанов, Медербек Чынтемиров, Айсулуу Момушева, Нурсултан Тургунбаев да өз иштерин мыкты билген кадрлар.

Жылдан жылга эсеп системасына заман талабына жараша жаңы ыкмалар кирип жатат. Келечекте жетекчилердин колдоосунда эсеп системасын "1С Программасына" өткөрүүгө аракеттер жасалууда. Бул системага өтүлсө эсеп бөлүмүнүн иши дагы да жакшырышы бышык.

БАРАТОВА АЙЗАДА

Айзада Баратованын "Кыргызнефтегаз Ачык акционердик коомундагы өз ишин мыкты билген, тажрыйбалуу эсепчи катарында урмат-сыйы бар. Сырттан келген адам эгерде мындагы өз иши менен өзгөчөлөнгөн айымдар туурасында билгиси келип, кимге болбосун суроо узатса, көпчүлүктүн арасынан мына ушул биздин каармaныбыздын ысмын аташарын ачык эле баамдоого болот. Жөнөкөй үй-бүлөдө төрөлүп, табиятында мына ушул жөнөкөйлүктүн асыл сапаты менен сугарылган бул айымдын өмүр жана эмгек таржымалына саресеп салып көрөлү.

Ал 1968-жылы 25-июлда Ош областынын Ленин районундагы Кыла айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1989-жылы Красноярск крайынын Дивногорск шаарындагы токой чарба техникумун ийгиликтүү аяктап, пландоочу-эсепчи адистигине ээ болгон. 2001-2005-жылдары Жалал-Абад шаарындагы экономика жана ишкердүүлүк университетинде окуп, бухгалтердик эсеп жана аудит бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган.

Анын эмгек таржымалы Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнөн алгач статист адистигинен башталган. Андан соң, эмгек акы боюнча эсепчи болуп иштеген. Ал эми 1991-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинде мектепке чейинки балдар бөлүмүнө эсепчи болуп иштөө менен эмгек жолу улантылган. 1993-жылдан 1998-жылдын ноябрь айына чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун борбордук эсепканасында финансист, дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча эсепчи, нарк боюнча эсепчилик кызматтарында жемиштүү иштеген. 1998-жылдын ноябрь айынан тартып 2013-жылдын апрель айына чейин "Кыргызнефтегаз" ААКсынын Жалал-Абад базасында эсепчиден баштап жетектөөчү эсепчиге чейин өрнөктүү эмгектенип, бул тармактагы бай тажрыйбасы аркылуу 2013-жылдын май айынан тартып башкармалыктын аппаратында башкы эсепчи кызматына дайындалган. Бул жердеги эмгек чыйыры аны өз ишин мыкты билген, такшалган адис катарында улантылды. Ал бир гана өз ишинин устаты эле эмес, кулк-мүнөзү, адамдык жакшы сапаттары менен көпчүлүккө көрүндү.

Ал бүгүнкү билгени менен канааттанып жашоону каалабайт. Күн сайын үйрөнүп, күн сайын такшалып, канчалык тажрыйба арткан сайын ошончолук көптү билүүгө умтулуп, өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатып келет. Анын дагы бир эң жакшы сапаты китепти окууга кызыгып, жакшы китепти жан-дүйнөсү менен окуп, өзүнө руханий азык алып келгендиги, улуттук мурастарды баалай билгендиги, дегиси башкы эсепчиден үйрөнүүгө боло турган өрнөктүү жактары бар.

АБДЫКАДЫРОВ АЛЫКАН

1950-жылдын 15-июлунда Сузак районунун Төш-Кутчу айылында төрөлгөн. 1981-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган.

Мамлекеттик кызматтын биринчи класстагы инспектору.

Райондук жана шаардык кеңештердин депутаттыгына шайланып, эл ишенимин аркалаган.

Ал өзүнүн алгачкы эмгек чыйырын 1968-жылы Сузак районундагы Шыбакбел керек-жарак коомунда эсепчиликтен баштаган. Бул кызматында 1971-жылга дейре иштеген. 1971-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын өтөгөн. 1974-жылдан Бек-Абад керек-жарак коомунда эсепчи болуп иштеген. 1974-1975-жылдары Алма-Ата шаарындагы ревизорлор мектебинде окуп, ийгиликтүү аяктаган.

1975-1976-жылдары Ош областтык керек-жарак союзунда ревизор, 1976-1982-жылдары Жалал-Абад соода уюмунда, консерва заводунда башкы эсепчи, 1982-1984-жылдары Ош областтык керек-жарак союзунун текшерүү комиссиясынын төрагасы, 1984-1991-жылдары Сузак районундагы Атабеков керек-жарак коомунун башкармасынын төрагасы кызматтарын аркалаган. 1991-1992-жылдары Жалал-Абад керек-жарак союзунун башкармасынын төрагасынын орун басары, 1992-1994-жылдары Таш-Булак керек-жарак коомунун башкармасынын төрагасы, 1994-1998-жылдары Жалал-Абад шаарындагы "Мөмө-жемиш акционердик коомунун" (консерва заводунун) башкармасынын төрагасы кызматтарында иштеген.

1998-жылдан "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк башкармасында башкы эсепчи, финансы директору болуп, бул кызматтарда 2001-жылга дейре жемиштүү эмгектенген.

2001-2004-жылдары Жалал-Абад областтык прокуратурада башкы адис болуп иштеп, андан соң, 2004-2012-жылдары Жалал-Абад областтык жана каржы башкармалыгынын башчысынын орун басары, Жалал-Абад электр тармактар ишканасында башкы эсепчи болуп эмгектенип, дал ушул жерден эс алууга чыккан.

2012-жылдан тартып, ушул күнгө дейре Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын Жалал-Абад областтык бөлүмүнүн төрагасынын орун басары милдетин аткарып келет.

Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.

ЗУЛПУКАРОВ КАЧКЫНБАЙ

1955-жылдын 17-августунда Кемин районунун Быстровка айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атасы Самидин Зулпукаров "Фрунзе- Рыбачье" темир жол курулушуна катышып, курулуш аяктагандан соң, 1956-жылы Жалал-Абадда которулуп, мына ушул жерде жашап калышкан.

Качкынбай Зулпукаров 1971-1974-жылдары Ош соода техникумунда окуп, ийгиликтүү аяктагандан кийин атайын адистикке ээ болгон. Анын алгачкы эмгек жолу Жалал-Абад шаарындагы соода уюмунда катардагы эсепчи болуп иштөө менен башталган. Ушул эле мекемеде башкы эсепчи, директордун орун басары кызматтарын аркалаган. Андан соң, анын эмгек жолу 1984-1986-жылдары Араван райондук даярдоо конторасында башкы эсепчиликтен улантылган. 1987-1988-жылдары Жалал-Абад тамеки ферментациялоочу заводунда башкы эсепчи, 1989-1999-жылдары Жалал-Абад курулуш материалдар комбинатында башкы эсепчи болуп эмгектенген.

Качкынбай Зулпукаров 2000-жылдан тартып, "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда башкы эсепчинин орун басары, кийин башкы эсепчи болуп өмүрүнүн акырына дейре жемиштүү иштеген. Бул жерде ал өзүнүн ишин так билген, дасыккан, тажрыйбалуу адис катарында таанылган.

2006-жылдын 26-мартында узакка созулган оорудан кийин дүйнө салган.

ЖУСУПОВА АЙЗАДА

1968-жылдын 15-сентябрында Ленин районунун Рахманжан атындагы колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1984-жылы Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетине тапшырып, аталган окуу жайда беш жыл билим алып, 1988-жылы ийгиликтүү аяктап, эсепчилик адистикке ээ болгон.

Алгачкы эмгек чыйырын Кочкор-Ата шаарчасында соода тармагында баштаган. 1988-1996-жылдары өз адистиги боюнча жемиштүү иштеген. 1997-жылдын 14-апрелинен тартып, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда эмгектенип келет. Азыркы мезгилде коомдун сатуу бөлүмүндө жетектөөчү эсепчи. 2017-жылы анын бул тармактагы үзүрдүү эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйлануруга татыктуу болгон.

ПЛАНДОО ЖАНА ҮНӨМДӨӨ БӨЛҮМҮ

Бүгүнкү күндө “Кыргызнефтегаз” ААКсы Кыргыз Республикасынын рыноктук экономикага ыңгайлашкан ийгиликтүү ишканаларынын бири болуп эсептелет. Ишкана жыл сайын өзүнүн өндүрүштүк жана каржылык-экономикалык программасын рентабилдүү аткарып, жетишерлик чоң социалдык-маданий инфраструктураны кармап келет, жана сырткы экономикалык ишмердикти да ийгиликтүү алып жүрөт.

Пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн тарыхын 1955-жылдын башталышына, тактап айтканда, "Кыргызнефть" өндүрүштүк ишканасы нефть өндүрүү башкармалыгы (НӨБ) деп аталып, ишке кирген жылга барып такалат.

Ишкананын экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң салымын кошкон пландоочулардын эмгеги аталган мекеменин тарыхында белгилүү. Алсак пландоо бөлүмүн 1965-1973-жылдары Н.П.Коваленко, 1973-1990-жылдары Н.Ф.Максимкина жетектесе, 1990-1995-жылдары Т.П. Мартиросова пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы милдетин аткарган. Ал эми А.А. Эгембердиев үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы милдетин 1995-2000-жылдары, С.И.Мусаев 2001-2002-жылдары, А.К.Калданбаева пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы болуп 2003-2005-жылдары, А.А. Эгембердиев пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчылык милдетин 2005-2008-жылдары, бул милдетти П.А.Асанова 2008-2017-жылдары аркалап келишкен.

2017-жылдан тартып “Кыргызнефтегаз” ААКнын башкармалыгынын пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы болуп Г.А. Гаджиева эмгектенип келе жатат.

ГАДЖИЕВА ГҮЛЬЧАХРА

1962-жылдын 2-февралында Өзбек ССРнын Андижан областына караштуу Түштүк-Аламышык нефть промунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Алгачкы эмгек жолун 1978-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында оператор-коллектор катары баштаган.

1980-жылдын сентябрь айынан тартып, 1982-жылдын июнь айына чейин, Душанбе шаарындагы советтик соода техникумунда окуп, окуу жайды артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

1982-1984-жылдары "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин комсомол комитетинин сектор башчысы болуп эмгектенген.

1990-жылдын сентябрь айында ушул эле ишкананын пландаштыруу жана үнөмдөө бөлүмүнө үнөмдөөчү болуп которулган.

1998-жылдан 2008-жылга чейин үнөмдөөчү жумушуна кошумча "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармалыгынын катчысы милдетин аткарган.

2017-жылдын декабрь айында "Кыргызнефтегаз" ААКнын пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган жана бүгүнкү күндө да ушул кызматты аркалап келет.

"Учётту башкаруу" курсун аяктап, атайын сертификатка ээ болгон жана Кыргыз Фонддук Биржасынын акционердик коомдорго катчыларды даярдоо боюнча күбөлүккө ээ болгон.

Ишкананын күнүмдүк жана социалдык иштеринде активдүү катышканы үчүн бир нече ирет Ардак грамота жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 уулу жана 3 небереси бар.

ЭМГЕК ЖАНА МАЯНА АКЫ БӨЛҮМҮ

Штаттык тартипке көзөмөл жасоо, квалификацияларына ылайык кесиптердин жана кызматтардын аталыштарынын туура бекитилүүсүн көзөмөлдөө, кызматтык эмгек акылардын, кошумча акы, эмгек акыга коюлчу үстөмө жана коэффиценттердин колдонулуусун көзөмөлдөө, ошондой эле эмгекти тарификациялоого көзөмөл жасоо жана бекитилген квалификациялык тактамаларга ылайык жумушчуларга жана кызматкерлерге разряддарды бекитүүнү көзөмөлдөө;

Эмгек шарттарына жана эмгек акынын структурасына, өндүрүштүн көлөмдөрүнүн пландалган өсүүсүнө, эмгек сыйымдуулугун төмөндөтүү боюнча коюлган тапшырмаларга жараша структуралык бөлүмдөрдүн эмгек акы фондун эсептеп түзүп берүү;

Ишкананын кызматкерлерин, алардын конкреттүү ишмердик шарттарына жараша сыйлоо боюнча жоболорду иштеп чыгуу жана аларды туура колдонууну көзөмөлдөө;

Эмгек акы фондун чыгымдоону жана материалдык стимулдаштырууну, формалардын жана айлык акы системаларынын, тарифтик ставкалардын жана баалардын, эмгек акы жана айлык акыларга разряддарынын колдонулуусунун тууралыгын көзөмөлдөө;

Ишкананын уюштуруу-башкаруу структураларын өзгөртүү боюнча ишчараларды иштеп чыгуу;

Кызматкерлер үчүн кызматтык инструкцияларды иштеп чыгуу.

Ишканада эмгек мыйзамдарынын сакталуусун, эмгекти жана эмгек акыны уюштуруу, ишкананы башкаруу маселелерине тиешелүү болгон өкмөттүн токтомдорун, тескемелерин, буйруктарын жана министрликтердин инструкцияларын, башка ченемдик-мыйзамдык актылардын талаптарын сактоо сыяктуу жумуштарды аткарып келишет. “Кыргызнефтегаз” өндүрүштүк ишканасынын эмгек жана маяна акы бөлүмүн 1965-1974-жылдары

Волков Александр Ефимович, 1974-1975-жылдары Баранова София Руфиновна, 1975- 1977-жылдары Алексанова Просковья Борисовна, 1977-1983-жылдары Штефан Григорий Тимофеевич, 1983-1991-жылдары Тринчеко Виктор Алексеевич, 1991-1992-жылдары Степаненкова Валентина Александровна, 1992-1994-жылдары Залиско Раиса Ивановна, 2002-2005-жылдары Павлова Лилия Константиновна жетектеп келишкен. Ал эми 2005-жылдан тартып Момошева Гүлжамал Абасовна жетектеп келет. Андан сырткары “Кыргызнефтегаз” ишканасынын ушул бөлүмүндө Пивненко Елена Павловна, Бакиева Сания, Джураева Зарина, Мамажанова Гүлчехра өз убагында жигердүү иштешип, өндүрүшкө өз салымдарын кошушкан. Эмгек жана маяна акы бөлүмүндө көп жылдан бери иштеп келе жаткан эмгек ардагери Калыйман Кенжебаева, ошондой эле жаш муундагы инженерлер Үсөн Момошев, Мирбек Мамадалиевдин да белгилүү деңгээлде эмгектери чоң.

МОМОШЕВА ГҮЛЖАМАЛ

1957-жылдын 30-июнунда Нарын областынын Ат-Башы районунун Ат-Башы айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1974-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгондон кийин Фрунзе политехникалык институтунун студенти болуу бактысына туш келди. 1979-жылы аталган институттун инженердик-курулуш факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, инженер-куруучу кесибине ээ болгон. "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин жолдомосу менен "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин курулуш-монтаждоо башкармалыгына устат болуп жумушка кабыл алынган. 1983-1985-жылдары "Кыргызнефть" ӨБна эмгекти илимий уюштуруу тайпасына социолог, 1985-1989-жылдары эмгек ченемдерин белгилөө боюнча инженер, 1989-1996-жылдары эмгекти уюштуруу жана маяна акы бөлүмүндө эмгекти уюштуруу жана эмгек ченемдерин белгилөө боюнча инженер болуп эмгектенген.

2000-жылдан "Кыргызнефть" ААКда пландоо, экономика жана бюджет департаментинде эмгекти уюштуруу жана эмгек ченемдерин белгилөө боюнча инженер кесиби менен эмгек жолун уланткан. 2002-2005-жылдары эмгек жана маяна акы бөлүмүндө эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча инженер, 2005-жылдан баштап ушул күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ААКсында эмгек жана маяна акы бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип келет. Ал бул кызматында дасыккан жана тажрыйбалуу адис катарында көрсөтө алды.

Эки кыз, бир уулдун сүйүктүү апасы, жана үч неберенин энеси.

ЭСЕПТӨӨ-МААЛЫМАТ БОРБОРУ

2000-жылга дейре машина бюросу иштеп, кагаз иштеринин баары кол машиналары менен аткарылган. Ал эми 2000-жылдан эсептөө-маалымат борбору түзүлүп, машбюролордун ордун ошол мезгилдин шартына жараша компьютерлер алмаштырды.

Бул борбордун биринчи жетекчиси (2000-2005-жылдары) Дамир Мырзабаев болгон. 2005-2007-жылдары Владимир Затуливетор иштеген. Ал эми 2007-жылдан тартып, эсептөө-маалымат борборун Сабыр Мамыралиев жетектейт.

Аталган борбор "Кыргызнефтегаз" ААКнын негизги бөлүмдөрүнүн бири деп айтсак болот. Бул бөлүмдүн адистери коомдун бардык тармактарынын компьютердик түзүлүштөрүнүн үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылат. "Кыргызнефтегаз" ААКнын бардык башкармалыктары, бөлүмдөрү, участкаларынын баары компьютерлештирилген. Баланста турган 187 компьютердин эскилери алмаштырылып, заманбап, акыркы үлгүдөгү компьютерлер менен толукталып турулат. Ал компьютерлерге мезгилдин талабына ылайык программалар киргизилген. Ошону менен бирге эсептөө-маалымат борборунун адистери жаңы программаларды да түзүшөт. Бул иштердин бардыгын жети адис аткарат.

2017-жылдан цифралык интернет тармактары түзүлдү. Бардык башкармалыктар борбордук тармакка бириктирилди. 2018-жылы вайфай интернеттик байланышы аркылуу зымсыз тармактар уюштурулду. Нефть, газ скважиналардагы күзөт постторунда видеокөзөмөл орнотулду. Кыргызстандын тоолуу аймактарында биринчи болуп, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун адырларына чейин видеокөзөмөл жайгаштырылды.

МАМЫРАЛИЕВ САБЫР,
Эсептөө-маалымат борборунун башчысы

1977-жылдын 14-августунда Шамалдуу-Сай шаарчасында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Базарбек Мамыралиев мектепте эмгектенип, окуучуларга билимдин уюткусун берип, мугалимдик кесипти аркалап келсе, апасы Уулбүбү Өмүралиева өмүрүн саламаттыкты сактоо тармагына арнап, өзүнүн дарыгерлик кесиби аркылуу элдин ден соолугу үчүн кызмат кылган.

Ата-энеси кызматтарына байланыштуу Кочкор-Ата шаарына көчүп келишип, Сабыр Мамыралиев шаардагы Н.К. Крупская

атындагы №28-орто мектепте билим алып, ийгиликтүү аяктап, жетилүү аттестатына ээ болду. Андан соң, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата шаарындагы "Өнөр жай электроникасы жана микроэлектроника" факультетинде окуп, 1997-жылы ийгиликтүү аяктады.

Алгачкы эмгек жолун 1998-жылы Ноокен районундагы маданият бөлүмүндө "Эпос" вокалдык аспаптар тобунун көркөм жетекчилигинен баштаган. Анын жетекчилиги менен "Эпос" жана "Назик" топтору ар кандай маанилүү иш чараларда концерттик программалар менен катышып, ийгиликтерге жетишкен. Андан соң анын эмгек жолу 2000-2003-жылдары Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу Ж.Турусбеков атындагы орто мектепте мугалимдиктен улантылган. 2004-2006-жылдары Кочкор-Ата техникалык колледжинде эсептөө техникасы лаборатория башчысы, информатика жана автоматташтыруу дисциплиналары боюнча мугалим болуп иштеген.

2007-жылдан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эсептөө-маалымат борборунун жетекчиси кызматын аркалат келет. Анын жетекчилиги менен бардык башкармалыктар жана бөлүмдөр компьютерлештирилип, бүгүнкү күндө заманбап компьютерлер менен толукталган.

Үй бүлөлүү. Эки уул, эки кыздын атасы.

КАДИКЕЕВ БАКЫТБЕК,
Эсептөө-маалымат борборунун инженер-программисти

1982-жылы 26-июлда Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Кара-Дарыя айылында туулган. Анын балалыгы мына ушул айылда өттү. Айылдык мектепте окуп бүтүрүп, 1999-жылы билим алуусун улантып, Ош мамлекеттик университетинин студенти болуу насип этип, 2004-жылы экономист-программист кесибине ээ болгон.

2006-жылы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эсептөө маалымат борборунда инженер-программист болуп эмгек жолун баштаган. Азыркы кезде мына ушул жумушун ийгиликтүү өтөп келет.

Өз ишине так, кесибин мыкты өздөштүргөн адис татыктуу эмгеги үчүн 2008-жылы башкармалыктын Ардак грамотасы менен сыйланса, 2016-2017-жылдары Кочкор-Ата шаардык мэриясынын Ардак грамотасы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы.

ГЕОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ

Кыргыз Республикасында нефть өнөр жайынын жаралышынын тарыхы Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана өрөөнүндөгү нефть өндүрүшүнө жана аны изилдеп, издеп табышкан геологдор менен байланыштуу десек адашпайбыз.

Ошондой эле нефть өнөр-жайынын өнүгүүсүнүн баардык этаптары нефть жана газ өндүрүү ишканасы "Кыргызнефтегаз" ААКна, анда иштеген жана анын түзүлүшүнө чейин иштеп кетишкен геологдор менен байланышкан.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы офиси Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Кочкор-Ата шаарында, ал эми нефть жана газ чыгуучу кендер Жалал-Абад, Баткен областтарынын жана Лейлек районунун аймактарында жайланышкан.

Фергана ойдуңун геологиялык жактан изилдөө XVIII кылымдын экинчи жарым жылдыгында башталган. Фергананын геологиялык түзүлүшү жөнүндө биринчи илимий көз-караш И.В.Мушкетовдун аты менен байланыштуу. Ал 1874-1880-жылдардагы өзүнүн саякаттап жүргөндө чогулткан материалдары боюнча, 1988-жылы региондун геологиялык, орфографиялык түзүлүштөрү жөнүндө "Түркестан" деген ат менен I томун жазып чыгарган.

Ал эми деги эле Кыргызстан боюнча нефть өндүрүү XIX кылымдын башталышына тиешелүү болгондуктан, геологдордун иши дагы ошол эле убакта башталган десек жаңылышпайбыз.

Майлу-Сай аянты өзүнүн сыртка чыгып турган нефтиси менен көп изилдөөчүлөрдү, нефтичилерди өзүнө тартып келгендигинен бул регионго геологдор-окумуштуулар ар тараптан келе башташкан. Биринчилерден болуп Түндүк Фергана менен катар Майлу-Сай аянтына геолог-окумуштуулар 1890-жылы Д.И. Романский, И.В. Мушкетов, Г.Д. Романовский, П.П. Семенов, А.П. Федченко, К.И. Богдановичтер кызыгышып, изилдешкен жана жүргүзгөн иштери жөнүндө жазып калтырышкан.

Жыйынтыгында, 1901-жылы, ошол убакта "Казенная" деп аталган жана номери "0" кудуктан (скважинадан) V катмардан 5 миң тоннадан ашык нефть алынып, биринчилерден болуп "Майлу-Сай" кени ачылгандыгы туурасында башында айтылган.

1909-1916-жылдары Фергана ойдуңунда В.Н. Вебер жана М.В. Мушкетов геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзүшкөн жана жыйынтыгында палеозойдун үстүндө жайланышкан мезозой чөкмөлөрүнүн бар экендиги аныкталган.

1907-жылы Майлу-Сай кени менен бирге Нарын моноклиналы геолог - Д.В. Голубятников аркылуу каралып чыккан болсо, 1912-жылы К.П. Калицкий геологиялык картага түшүрүү иштерин жүргүзгөн.

1911-жылы Фергана ойдуңунда К.П. Калицкий иштеп баштайт, ал Фергананын көптөгөн кендерин, анын ичинде Майлу-Сай жана Майлу-Су кендерин картага түшүргөн. Ал палеоген, бор чөкмөлөрүн бөлүштүрүү менен, колдо маркирлоочу горизонтту бөлүп чыккан. Аны рудалары бар райондордо геологдор ушул күнгө чейин колдонуп келишет.

1942-1948-жылдары Майлу-Сай өрөөнүндө геологдор А.А. Воробьев, А.Х. Ходжиматов "Средазнефть" бирикмесинин тапшырмасынын негизинде геологиялык чалгындоо иштерин кайрадан жүргүзүшкөн. Ал иштердин негизинде геологиялык карта түзүлгөн.

1948-жылы Красногорскийлик экспедиция химиялык заттарды чалгындоо үчүн крелиустук скважинаны бургулашкан. Ал скважина V катмардан фонтан нефть берип, суткасына 50 тонна алынган. Ошол себептен Майлу-Сайда көп крелиустук скважиналар казылган.

1911-жылы К.П. Калицкий Ферганадагы көп нефть чыгуучу кендердин карталарын түзгөн, алардын ичинде Майлу-Сай жана Майлу-Сунун карталары дагы түзүлгөн.

1909-1916-жылдары В.Н. Вебер жана А.В. Мушкетовдор Фергана өрөөнүндө геологиялык картага түшүрүү иштерин жүргүзүшөт.

1930-жылы О.С. Вялов Орто Азияда иштей баштайт. 1944-1953-жылдары Фергана депрессиясынын бор жана үчүнчү чөкмөлөрдүн стратиграфиялык схемасын басып чыгарат.

1931-жылы Фергана ойдуңунда Ортоазиялык геологиялык трест планомердүү геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзөт.

1934-жылы Г.Н.Шатов геологиялык чалгындоо жүргүзүү менен Майлу-Сунун антиклиналдык структурасынын геологиялык түзүлүшүн изилдейт.

1938-1939-жылдары Майлу-Су сайынын бассейнинде Г.М. Аладатов, Р.Н.Грачев жана И.П.Зубовдор тарабынан 1: 25000 масштабда геологиялык картага түшүрүүлөр жүргүзүлөт. Алар терең чалгындоо бургулоо иштерин жүргүзүүгө Майлу-Су IV структурасын сунушташат. Бирок жол жок, эл жашаган пункттар алыс болгондугуна байланыштуу Майлу-Су IV структурасын чалгындоо бургулоо иштери 1944-жылы араң башталып, №1-кудук казылган. Андан суу көп чыккандыктан бул скважина жокко чыгарылган.

1948-жылы Майлу-Су IV структурасынын №№ 2, 3, 4 скважиналары казылып, бургулоо учурунда №3-скважинадан III катмардан фонтан нефть алынат.

Ал эми 1949-жылы № 6 жана 8 скважиналардан V, VII горизонттор нефттүү экени аныкталат. 1953-жылы №17-скважина Майлу-Су IV аянтынын IX горизонту нефттүү экендиги дайын болот.

1933-жылы Майлу-Су бүктөмдөрүнүн группасы жана анын ичинде Избаскент антиклиналын И.П.Зубов, Г.М.Аладатовдордун жетекчиликтери менен

геологиялык-чалгындоо партиясы 1:50000 масштабдагы картага түшүргөн.

1938-1939-жылдары геологиялык-чалгындоо партиясы Избаскент аянтында жана ага жакын жайланышкан Майлусулук бүктөмдөргө инструменталдык геологиялык картага түшүрүүлөр жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында автор Избаскент аянтын келечектүү деп эсептеп, нефтиге терең бургулоо аркылуу чалгындоо иштерин жүргүзүүнү сунуштаган.

Ошентип, 1950-жылы Избаскент аянтында III, V жана VII горизонттордун нефттүү экендиги аныкталып, палеоген породаларынын нефттүүлүгүн аныктоо максатында 1955-жылы дагы 2 скважина (№27,29) казылып, №27-скважинадан III горизонтон фонтан нефть алынган. Ушул жылы эле Избаскент, өтө чоң эмес Чыгыш Избаскент нефть кендери ачылат.

1947-жылы Майлу-Су-Кара-Үңкүр сайларынын ортосунда Н.Я.Костогрыз чоң масштабдуу геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзгөн. Жыйынтыгында жалпы геологиялык карта түзүлүп, Избаскент структурасынын геологиялык түзүлүшү толугу менен көрсөтүлгөн.

1948-жылы Фергана тоо ойдуңун геофизикалык ыкмалар менен системалуу түрдө изилдөө башталат.

1949-жылы Түндүк Ферганада И.В.Мухин магнитометрикалык иштерди жүргүзүп, магниттик аномалия боюнча жергиликтүү курама карта түзөт.

1952-жылы Избаскентте А.М.Каспарян ВЭЗ ыкмасы менен аянттуу картага түшүрүүлөрдү жүргүзгөн.

Ошондой эле 1952-жылы сейсмикалык изилдөөлөр башталат. Жыйынтыгында МОВ жана КМПВ ыкмалары менен сейсмологиялык чалгындоо Фергана ойдуңунун адырларында жана тоонун түптөрүндө жүргүзүлгөн.

1957-жылы Нарын–Кара-Үңкүр сууларынын ортосунда гравиметрия, электрочалгындоо (Н.Г.Зарипова) жана сейсмочалгындоо ыкмалары менен (Н.С.Багдасарова) изилдөө жүргүзүлгөн.

№3-скважинадан III катмарынан өндүрүштүк нефть алынгандан кийин, чалгындоо бургулоо иштери улантыла берген.

Ошентип бор чөкмөсүнүн нефтини изилдөө иштери 1957-жылы башталат дагы, бор чөкмөлөрүндө 7 коллектор-песчаниктер табылып, катмарлар (XIX, XVIII, XIV) газдуу, 3 (XVI, XV, XIII) нефть жана газдуу, 1 (XX)-суулу болгон.

1956-1958-жылдары V и VII горизонттору нефттүү жана өзүнчө болгон чыгыш бийиктиги-Чыгыш Избаскент аныкталган.

1958-жылдан баштап бор жана юра чөкмөлөрүн чалгындоо иштери башталып, 1959-жылы бор чөкмөсүнүн нефть жана газ келечектүү экендиги дайын болгон.

1957-жылы Өзбекстандык геофизикалык экспедициясы сейсмоизилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан кезде Майлу-Су IV жана Избаскент структураларынын ортосунда ийгиликтүү аныкталып, анын негизинде Шамалды-Сай

аянтында 1960-1963-жылдары 6 скважина бургуланган. № 2, 4-скважиналарда III жана IX горизонттордун нефттүүлүгү аныкталган.

Ошентип 1965-1968-жылдары эле Майлу-Су IV жана Чыгыш Избаскент ортосундагы аянттын III горизонтунун нефттүү экендиги, 1963-жылы юра жана бор чөкмөлөрүнүн өндүрүштүк газдуу экендиги аныкталган.

Изилдөө-чалгындоо иштеринин жана эксплуатациялык бургулоо иштеринин учурунда неоген чөкмөсүнөн көп сандаган нефть пайда болгону байкалган. Шамалды аянтчасында көбүрөөк жана тез пайда болгондугу эксплуатациялык скважиналардан байкалган. 1986-жылы №470-скважинада I катмардын нефттүүлүгү белгилүү болгон.

2008-2010-жылдары Майли-Су IV аянтына XVIII пласттын нефть жана газдуу экендигин аныкташ үчүн эксплуатациялык бургулоо иштери жүргүзүлдү. Жыйынтыгында скважиналардан нефть алынып, 2010-жылы нефтинин запастары эсептелди.

1955-1958-жылдары терең бургулоо менен Түндүк Избаскент аныкталган. Геологиядык чалгындоо иштеринин жетишкендиктерине өздөрүнүн чоң салымдарын кошкон, нефть кендерин ачкандардын ичинен чалгындоо жетекчиси А.И. Исмаилов болгон. Ал көп убакыттар бою "Фергананефтегаз" трестин, андан кийин "Узбекнефть" өндүрүштүк бирикмесин башкарып турган. Аны менен кошо геологиялык чалгындоо иштерине П.К.Шевцов, И.П. Зубов, И.Ф. Ивашковский чоң салымдарын кошушкан.

1947-жылы Р.И. Грачев жана И.Н. Костогрыз Нарын дарьясынан чыгышты көздөй 1:50000 масштабда палеоген жана бор чөкмөлөрүн майда-чүйдөсүнө чейин жазып чыккан. Майлу-Су IV бүктөмдөрүнүн нефттүүлүгүнүн келечеги бар деп бөлүнгөн батыш периклиналы контурланып, 1951-жылы изилдөө, бургулоо аркылуу геологиялык чалгындоо иштери Майлу-Су III аянтында башталган. 1955-жылы 2, андан кийин 16 скважина казылып, геологиялык түзүлүшү толугу менен аныкталбай, дагы кошумча 4 скважина казылып, мурда көргөзүлгөн 2 структура бирдиктүү брахи-антиклиналдык бүктөмү деген жыйынтыкка келген.

Сузак антиклиналын 1932-жылы Г. И. Шатов аныктаган.

1969-жылы №3-скважинадан XX-XXI горизонттон газ алынып, эксплуатацияга берилген.

1974-жылы №7-скважина менен Карагач нефттүү кен ачылган.

Эгер Фергана ойдуңун жана анын алкактарындагы геологиялык изилдөөлөрдөн баштап эсептегенде, ошондой эле Чаңгыр-Таштын айланасында жүргүзүлгөн чалгындоо иштерин кошкондо, жалпысынан 100 жылга жакын убакыт геологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Кара-Дарья деңизинин оң жак жээгинде палеогенден жер үстүнө чыккан нефть баардык изилдөөчүлөрдү кызыктырып, геологдор-окумуштуулар-1878-жылы К.П.Калицкий,

1929-жылы Г.А. Пахомов Л.Солодяжный, Г.Д.Романовский, М.А.Шауловдор тарабынан изилденип келген.

1928-жылы геологиясы сүрөттөлүп, Чаңгыр-Таштын баардык геологиялык катмарларын изилдөө үчүн чалгындоого бургулоо иштерин баштаганга сунуш берилген.

1932-жылы масштабы 1:21000 болгон Г.И.Шатовдун жетекчилигинде геологиялык картага түшүрүүлөр бүткөндөн кийин, Текебель аянтчасында чалгындоо бургулоо иштери башталып, ал V катмардан №1,2-скважиналардан нефть алуусуна жол ачып берген.

1933-жылы Чаңгыр-Таштын өзүндө чалгындоо үчүн бургулоо иштери башталып, 1935-жылы III катмардан № 5-скважинадан өндүрүштүк мааниде нефть алынган.

Ошентип 1932-жылы Чаңгыр-Ташта бир канча чалгындоочу кудуктарын казуу аяктайт. № 2–кудуктан 250 метр тереңдиктен биринчи өндүрүштүк нефть V – катмардан фонтан болуп алынат.

Ушул убакта Кыргызстанда биринчи жолу нефть өндүрүшүнүн кадрлары түзүлүп, жумушчуларды окутуу курстары, техникалык кружоктор ачылып, өндүрүштүн өнүгүүсүнө шарт түзгөн.

1933-жылы №7-кудуктан 400 метр тереңдиктен III катмардан фонтан нефть алынат. Ошентип,1937-жылга чейин баардыгы болуп 20 кудук казылат. Ошол жылы нефть өндүрүшүнүн (промысел) курулушу башталат.

1938-жылдан 1939-жылгы чейин Г.М. Аладатов, Р.Н. Грачев жана И.П. Зубовдор Майлу-Су сайынын бассейнинде масштабы 1:25000 геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзүшкөн.Алар палеоген, неоген ар бир чөкмөлөрүнүн бөлүмүн түзүшүп, Майлу-Су структурасынын геологиялык түзүлүшүнө толук мүнөздөмө беришкен.

1940-жылы Ф.Л. Чернышев Чыгыш Ферганадагы көп структураларга 1:100000 масштабдагы геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзгөн. Ошол жүргүзүлгөн иштердин негизинде, жогорку бор чөкмөсүндөгү структуранын огу боюнча өткөн тектоникалык бузулуштарды көргөзгөн.

1944-жылы О.А. Рыжков 1:100000 масштабдагы геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзүп, Түндүк-Чыгыш Фергананын мезокайнозой чөкмөлөрүнүн курама бөлүгүн түзгөн.

1947-жылы В.Г. Клейнберг жана А.Я. Кочнева 1:50000 масштабдагы Чигирчик антиклиналын геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзүшүп, авторлор анын нефть жана газга болгон келечегин бор чөкмөсү, палеоген чөкмөсүнүн Түркестан акиташтары менен байланыштырышкан.

Ошондой эле, 1934-жылы Ош-Каракол багыты боюнча Кара-Үңкүр дарыясы менен С.С. Шульц өткөн. Ал неогендеги конгломераттар боюнча жазып калтырган. Анын эмгегинде Фергана ойдуңунун Сузак жана Чигирчиктин

палеоген, бор чөкмөлөрүнүн палеонтология, палеография боюнча маалыматтары В.И. Согуна, М.Г. Барковской, Н.П. Васильковский жана башкалардын эмгектеринде көргөзүлгөн.

В.С. Вялов Фергана ойдуңунун бор жана палеоген чөкмөлөрүн көптөгөн жылдар бою изилдеп келген.

1951-жылы Сузак аянтчасында түштүк-чыгыш канатынын бүктөмдөрүнүн тектоникасын тактоо үчүн структуралык бургулоо иштери жүргүзүлгөн, бирок алар түштүк канатынын тектоникалык түзүлүшүн толугу менен көргөзө алышкан эмес.

1959-жылы Сузакта 2 скважина казылып жаткан учурда нефть жана газ чыккан эмес. Ошол себептен ишти улантып кетүүгө болбой, токтотууга аргасыз болушкан.

1962-жылы жогоруда айтылган райондо Түндүк Фергана геофизикалык партиясы гравиметрикалык изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Ошол эле жылы Түштүк комплекстештирилген геофизикалык экспедиция 1:50000 масштабда геологиялык картага түшүрүүлөрдү жүргүзүшкөн.

1963-1964-жылдары Сузак жана Чигирчик аянтчаларында Фергана нефть чалгындоо экспедициясы структуралык, структуралык-изилдөө скважиналарын казышкан. Ошентип III катмардан нефть пайда болгону аныкталган.

1967-жылы Сузак аянтында, 1973-жылы Чигирчикте бор жана юра чөкмөлөрүнүн нефттүүлүгүн билүү үчүн геологиялык изилдөө-чалгындоо иштери кайрадан жанданган.

1934-жылы "СредАзнефть" өндүрүштүк бирикмеси геологиялык чалгындоо иштерин түштүк-батыш Ферганаңы изилдөөдөн баштаган. Г.Ф.Козитский 1:84000 масштабдагы геологиялык картага түшүрүү иштерин жүргүзүп, жыйынтыгында Тогап, Карагач жана Тамчы антиклиналдары белгилүү болуп, ошол райондун тектоникасын толугу менен жазып чыккан.

1946-жылы М.Е.Воскобойников 1:50000 масштабдагы геологиялык картага түшүрүү ишин жүргүзүп, 10 структура кошо түшкөн анын ичинен Карагач, Тамчи, Тогап структураларына чалгындоо бургулоо иштерин жүргүзүүнү сунуштаган.

1946-жылдан 1970-жылга чейин Фергана ойдуңунун түштүк-батыш бөлүгүндө Өзбекстан, Таджикстан жана Кыргызстандын геофизикалык ишканаларынын күчү менен аймактык геофизикалык изилдөө иштери жүргүзүлгөн.

Фергана ойдуңунун түштүк-батыш бөлүгүн толук геофизикалык ыкмалар менен изилдөө 1972-жылы башталып, көбүнчөсүн "Саратовнефтегеофизика" трести, жарым-жартылай бөлүгүн Кыргыз Союз Социалисттик Республикасынын геологиялык Башкармалыгынын геофизикалык партиясы жүргүзгөн.

1972-жылы Кыргыз Союз Социалисттик Республикасынын геологиялык

Башкармалыгынын геофизикалык экспедициясы П.Д.Яковчук, Карагач, Тогап, Ак-Сарай аймактарындагы палеозой фундаментинин түзүлүшүн аныкташ үчүн геофизикалык ыкма (КМПВ) менен геофизикалык чалгындоо иштерин жүргүзгөн.

1973-1974-жылдары ошол эле экспедиция Тогап-Карагач структураларынын аймактарында сейсмоизилдөө (ыкма МОВ, КМПВ) иштерин жүргүзүшүп, Тамчы антиклиналдык структурасын аныкташкан.

Көп талаш-тартыштан кийин, Тамчы аянтында бургулоо иштерин баштоого чечим кабыл алышып, ишти башташкан.

Бара-бара Ташрават, Тогап, Карагач, Бешкент антиклинальдык структураларга бургулоо иштери жүргүзүлө баштаган.

1974-жылдан баштап "Киргизнефть" өндүрүштүк бирикмесинин нефть чалгындоо экспедициясы Тамчы аянтынын тереңдиктеги геологиялык түзүлүшүн аныктоо үчүн структуралык жана чалгындоо бургулоо иштерин башташкан.

1975-жылы "Саратовнефтегеофизика" трестинин Ферганалык сейсмикалык партиясы Тогап-Карагач аянтында жаңы структураларды аныкташ үчүн сейсмоизилдөө иштерин жаңы ыкма (ОГТ) менен жүргүзүүнү улантканы.

Жыйынтыгында Түштүк Фергана жаракасы белгилүү болгон.

1978-жылы Карагачтык партия Карагач участкасында (Тогап, Бешкент, Тамчы, Карагач аянттарында) сейсмикалык жана Ниязбек геохимиялык партиясы геохимия иштерин жүргүзүшкөн. Геохимиялык иштердин жыйынтыгы боюнча Бешкент-Карагач линиясында жогорку бөлүмдө углеводорддун микроконцентрациясынын жогорку белгиде экендиги белгиленген.

Карагач участкасынан чыгышты көздөй, Исфаралык сейсмикалык партия, сейсмикалык иштерди ОГТ ыкмасы менен жүргүзүшүп, бир канча тектоникалык бузулууларды, жергиликтүү көтөрүүлөрдү аныкташкан. Шарк көтөрүлүүсүнө паспорт түзүлүп, 1979-жылы нефть чалгындоо экспедициясы бургулоо иштерин жүргүзүшкөн, бирок структура тастыкталган эмес, тектердин моноклиналдуу түзүлүшү аныкталган.

1914-жылы Ташрават антиклиналындагы жер үстүнө чыккан нефть жөнүндө К.П.Калицкий жазып калтырган.

1926-жылы 1:42000 масштабда Түркестан тоо кыркасындагы түндүк-батыш тоолорунда геологиялык картага түшүрүү иштерин А.П. Марковский жүргүзгөн.

1930-жылы Түштүк-Батыш Ферганада геологиялык изилдөө иштерин Н.П.Васильковский жана Н.Е.Минакова жүргүзүшүп, бор, палеоген жана неоген чөкмөлөрүнүн геологиялык түзүлүштөрүн толук жазып көрсөтүшкөн.

Ошол эле жылы геологиялык чалгындоо институтунун тапшырмасы менен 1:21000 масштабда Ю.А.Колодяжный геологиялык картага түшүрүү иш-

терин жүргүзгөн. Бул иштер Белесенык тоолорунун түндүк капталын нефтиге геологиялык толук изилдөөнүсүнүн башталышы болчу.

1937-жылы Түштүк Фергананын стратиграфиясы, тектоникасы жана пайдалуу кен байлыктары жөнүндө В.Н.Вебер жазган.

1949-жылы Ф.П. Корсаковдун долбоору боюнча Кайрагач структурасында бургулоо иштери башталып, 3 скважина казылып, неоген жана палеоген чөкмөлөрү аныкталган жана алардан нефтинин белгиси менен катмардын суусу жана эриген газ алынган.

1941-жылы С.С. Шульц Ташрават жана Тогап структураларынын 1:25000 масштабдагы геологиялык картасын түзөт. Геологиялык тартуулар боюнча бул структуралар бири-биринен бөлөк жайланышкандыгы белгиленген жана 3 изилдөөчү скважина казууну сунуштаган.

1964-жылы бургулоо иштери Тогап участогунда башталып, 3 терең эмес скважиналар казылып неогенден ары өткөн эмес. 1965-жылы терең скважиналар казылып, неоген, палеоген, бор жана палеозой чөкмөлөрү аныкталган. Бургулоо учурунда № 5, 8-скважиналардан неогенден жана палеогенден нефть алынган.

1966-жылы Карагач участогунда бургулоо иштери башталып, тереңдиги 2210, 1582, 1605 метр болгон 3 скважина казылган. Геологдор бул скважиналар бүктөмдөр неогендин түбүндө экендигин аныкташты.

1972-жылы ушул участокто структуралык жана изилдөө скважиналарын бургулоо кайрадан башталган. №7-скважина казылып, № 7, 12-скважиналар IVб катмардан суткасына 190 м³ жана 86,4 м3дан фонтан нефть берген.

1946-жылдагы М.Е. Восковойников тарабынан түзүлгөн картанын ичиндеги долбоорлонгон чалгындоо скважиналарынын жайланышкан жерин аныкташ үчүн 1973-жылы сейсмочалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Бул иштин жыйынтыгы боюнча мурда божомолдонгон Тамчы антиклиналы толугу менен аныкталган.

Сейсмочалгындоо менен бургулоо иштери бир убакта улантылган. Сейсмочалгындоо менен чалгындоо бургулоо иштери боюнча 1975-жылы К.Т.Токтоналиев отчет түзгөн. Автордун ою боюнча, бул жерде түндүктөн түштүктү карай жайланышкан эки антиклиналь бар деп божомолдонгон.

Сейсмикалык изилдөөлөр "Түндүк Каракчикум" аянтынын терең геологиялык чалгындоочу бургулоо иштеринин башталышы үчүн негиз болду. Геологиялык чалгындоо иштери эки этапка ишке ашырылган: 1-палеоген чөкмөлөрүн изилдөө жана 2 – бор чөкмөлөрүн изилдөө.

"Тажикнефть" өндүрүштүк бирикмесиндеги Түндүк Каракчикум газ жана мунай тоо-кен аянты, Фергана өрөөнүндө ири кендердин бири болуп саналат. 1970-жылы сейсмикалык МОВ ыкмасы менен изилдөөдөн кийин терең бургулоо иштери башталган. Алардын негизинде түндүктөгү чоюлган Нияз-

бек брахиантиклиналы картага түшүрүлгөн. Аталган аймакта бир эле убакта МОВ ыкмасы менен изилденген иштердин негизинде алынган материалдардын натыйжалуулугунун начардыгы эске алынып, 1974-75-жылдары сейсмикалык изилдөөлөр ОГТ ыкмасы менен жүргүзүлгөн, алардын негизинде Ниязбек түзүлүшүнүн батыш жагында Түндүк Каракчикум көтөрүүлүсү аныкталган.

Түндүк Каракчикум түзүлүшүнүн түбүндө өндүрүштүк мунай жана газоконденсат катмарлары белгиленген: II, IIa, IV, VII, IX, XI+XII.

Тоо-кен жайы Түндүк Каракчикум 1972-жылы ачылып, 1974-жылы пайдаланууга берилген. Өндүрүштүк иштеринде тоо-кен жайы 1985-жылдан баштап алынып келет. II, IIa, IV, VII, IX, XI+XII пласттардагы залеждер эксплуатацияланган.

Кыргыз Республикасынын территориясындагы структуранын түштүк жагында 7 чалгындоо кудуктар - №№ 6, 7, 8, 9, 10, 12, 13, бир изилдөөчү №11-кудук, эксплуатациялык №№ 81, 82, 83, 88- кудуктар бургуланган.

1981-1983-жылдары №№ 6, 7, 9-кудуктар,1985-1988-жылдары кошумча изилдөө үчүн №№ 11, 12, 13-кудуктар бургуланган.

1987-1988-жылдары №13-кудук поднадвиговый структурасында кошумча чалгындоо үчүн бургуланган, Түндүк Каракчикум тоо-кен жайы түштүк жагында жайгашкан.

Геологдордун, окумуштуулардын жарым кылымдан ашык жүргүзгөн геологиялык изилдөөлөрүн жыйынтыктап айта турган болсок, эң башкысы алардын үзгүлтүксүз эмгегинин негизинде, кендердин ачылышы жана алардан ушул мезгилге чейин нефть жана газ өндүрүлүп жаткандыгы, ошол убактагы геологдордун чоң эмгектерин көргөзүп турат. Алардын өткөн кылымдарда жасаган иштери бүгүнкү күнгө чейин өлкөнүн көптөгөн көйгөйлөрүн чечип келе жатат десек жаңылышпайбыз.

Себеп дегенде кендердин иштетилип баштаган убактысынан бери 2018-жылдын башына чейин баардыгы болуп 12 736 454 тонна нефть өндүрүлгөн. Анын ичинде:

- Майли-Сай кени 1901-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 148786 т. нефть;
- Чаңгыр-Таш кени 1932-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 1 788 028 т. нефть;
- Майлу-Су IV-Чыгыш Избаскент кени 1948-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 1 788 028 т. нефть;
- Избаскент кени 1950-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 3343432 т. нефть;
- Майлу-Су III кени 1962-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 73796 т. нефть;

- Түндүк Каракчикум кени 1972-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 78000 т. нефть;

- Карагач 1974-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 202456 т. нефть ошол эле жылы пайдаланууга берилген;

- Бешкент-Тогап-Ташрават кени 1976-жылы ачылып, иштетиле баштагандан бери 709928 т. нефть;

- Тамчы кенинен 12 855 т. нефть алынган;

- Чигирчик кенинен иштетиле баштагандан бери 24169 т. нефть өндүрүлгөн.

Ал эми газ кендеринен:

- Сузак кенинен иштетиле баштагандан бери 379016 млн. м³ газ өндүрүлгөн;

- Майлу-Су IV-Чыгыш Избаскент кенинен иштетиле баштагандан бери 4263,981 млн. м³ газ;

- Избаскент кенинен иштетиле баштагандан бери 387,541 млн. м³ газ;

- Түндүк Каракчикум кенинен иштетиле баштагандан бери 1436,124 млн. м³ газ;

- Майли-Су III кенинен иштетиле баштагандан бери 817,902 млн. м³ газ алынган.

Нефть жана газ өндүрүүдөн тышкары, жаңы кендерди табуу үчүн геологдор геологиялык изилдөө иштерин дагы бирге алып кетишкен.

Мисалы Фергана ойдуңунун көп жерлеринде, ошондой эле Түндүк-Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Ат-Башы, Алай, Чаткал ойдуңдарында 1970-жылдан 1990-жылдарга чейин ар түрдүү чалгындоо иштери жүргүзүлүп келген.

Алсак, сейсмочалгындоонун жыйынтыктары менен, 1979-жылы Түндүк-Чүй ойдуңунда тереңдиги 5000 метрге жакын изилдөө скважинасы казылып, 4991 метрден нефть чыккан.

Ошол эле жылы Ысык-Көл ойдуңунда изилдөө скважинасынан 5015 метр тереңдиктен газ пайда болгон.

1987-жылы Нарын, 1989-жылы Ат-Башы, 1991-жылы Алай ойдуңдарында тереңдиги 4521м, 4046м жана 4478м болгон скважиналар казылган. Алай ойдуңунан 4478 метрден бургулоо учурунда нефть пайда болгон.

ГЕОЛОГДОР ТАРЖЫМАЛЫ

Алгачкы геологдордун бири Мартиросов Аршак Семенович. 1907-жылы жарык дүйнөгө келген. Мунай өнөр жайында 1944-жылдан баштап, 1970-жылга чейин иштеген.

1942-жылы мунай өндүрүү 28,2 миң тоннаны түзгөн жана 1959-жылга чейин 21,9 миң тоннага чейин төмөндөгөн. Кыргыз ССРнин Фергана өрөөнүндө салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде көз карандысыз ишкана түзүү үчүн үч негизги чоң мунай кендеринин ачылышы негиз болуп-"Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси-мунай башкаруу жетекчилиги түзүлгөн. Мунай өнөр жайын өнүктүрүү үчүн жаңы этап ушул убакыттан башталып, илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин киргизүү мунай жана газ өндүрүүнү көбөйтүү менен мүнөздөлөт.

1955-жылдан компанияда Ляшевич Зиновий Владимирович башкы геолог болуп иштеп турган.

1956-жылы пайдалуу кендерди издөө жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында, тектердин курамын жана түзүмүн изилдөөдө Лотова Наталья Николаевна иштеген. Ошол эле жылы Горбачева Валентина Петровна геолог болуп иштеп баштап, 1958-жылы геология-техникалык кызматтын милдетин аткаруучусу, 1959-жылы башкы геолог болуп иштегенге жетишкен.

1956-жылы Кан Сун Кисенович улуу (старший) геолог болуп, мунайды өндүрүү үчүн ар кандай күчөтүү ыкмаларын колдонуп, өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөшүнө жол берген эмес.

1957-1959-жылдары газ кендеринин ачылгандыгына байланыштуу Кочкор-Ата айылында жайгашкан бардык ишканаларды газ менен жылытууга өтүшкөн.

1958-1959-жылдары Колесникова Вера Петровна "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде мунай чалгындоо иштеринин улуу (старший) геологу болуп иштеген.

1960-жылдары геологиялык чалгындоо иштеринин өнүгүүсү бир нече жаңы мунай, газ кендерин ачууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, Бешкент-Тогап, Карагач, Тун, Каракчикум, Сузак, Чигирчик кендери ачылган.

Жаңы ачылган кен жайларында 1959-жылдан башкы инженер-геолог Апас Джумагулов болгон.

Ошол жылдары геологдордун бири – Липсон Наталья Николаевна өндүрүшкө өзүнүн чоң салымын кошкон. Алар жаратылыш газын өндүрүүнү 90 млн. м3дан 394 млн. м3га чейин көтөрүлүшүнө көп аракеттерди жасашкан.

Башкы геолог Зубов Федор Петровичтин эмгеги менен 1959-1960-жылдары мунай өндүрүүнүн көлөмү суу айдоо ыкмасы менен 23,2 миң тоннага кө-

бөйгөн. Суу ташкындын айынан мунай өндүрүүдө туруктуу өсүү болуп, 1970-жылы 68,2 миң тоннага чейин жеткен.

1961-жылдан мунай жана газ изилдөөнүн жалгыз уюмунун инженер-геологу Левин Адольф Николаевич болгон. 1938-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал бүт өмүрүн геология тармагына арнаган, эң маанилүү, тажрыйбалуу адистердин бири болгон.

1962-1964-жылдары ИНИЛ геологиялык департаментинин биринчи жетекчилеринин бири Джумагулова Роза Серафимовна иштеген. Бургулоо жана мунай өндүрүү коомунда көптөгөн улуттардын жумушчулары: кыргыз, орус, өзбек, татар, молдован, уйгур, тажик жана башкалар эмгектенишкен.

1966-жылы 31-мартта СССР Жогорку Советинин президиумунун указы менен апрелдин биринчи жекшембиси "Геолог күнү" деп аталып, ошондон бери ал күндү геологдор кесиптик майрам катарында белгилеп келишет.

Ошол жылдары геология бөлүмүнүн жетекчиси Хамиджан Тургунов болгон. Хамиджан Тургунов 1934-жылы төрөлгөн, өзүнүн жумуш жолун 23 жашында геология тармагында ийгиликтүү баштап, 32 жашында жаш жетекчилердин катарына кирген.

ЖУМАГУЛОВ АПАС ЖУМАГУЛОВИЧ

Чүй областындагы Аламүдүн районунун Арашан айылында туулган. 1958-жылы Москвадагы академик И.М.Губкин атындагы нефтехимиялык жана газ өнөр жай институтун бүтүргөн. КПСС БКнын алдындагы коомдук илимдер академиясында окуган. Кесиби боюнча тоо инженер-геолог. Эмгек жолун СССР илимдер академиясынын Москвадагы түштүк геологиялык экспедициясында лаборант болуп иштөөдөн баштаган. Андан соң, (1959-1960-жылдары) Ош областындагы "Кыргызнефть"өндүрүштүк башкармасынын Чаңгыр-Таштагы нефть өнөр жайынын башкы геологу. Кийинчерээк 1962-жылдан 1973-жылга чейин Кочкор-Атадагы "Кыргызнефть" башкармасынын нефть өндүрүү боюнча башкы геологу жана анын башкы инженери болуп эмгектенген. 1973-жылдан тартып, Кыргызстан КП БКнын өнөр жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, анын катчысы, Ысык-Көл областтык КП комитетинин катчысы, Кыргыз Республикасынын Министрлер советинин төрагасы жана Чүй областынын губернатору кызматтарын аркалаган.

1993-1998-жылдары кайрадан Кыргыз Республикасынын премьер-ми-

нистри. Ал эми 1998-2003-жылдары Кыргыз Республикасынын ФРГ, Ватикан, Норвегия, Дания өлкөлөрүндөгү Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеген. Ушул кезде Москва шаарындагы "POSTNOFF" фирмасынын директорлор кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген. Геология-минералдык илимдеринин доктору. Эл аралык инженерлер академиясынын академиги жана ФРГнын Брухзаля шаарындагы Ост-Академиясынын ардактуу академиги. 1-даражадагы "Манас" орденинин ээси жана өз учурунда эмгек Кызыл-Туу орденин алган. Ошондой эле, ФРГнын эң бийик даражадагы "Большой Крест" ордени менен сыйланган.

Апас Жумагуловичдин "Кыргызнефтегазда" кантип иштеп калганы жөнүндө, өзүнүн жазган китебинен үзүндү: "...1959-жылдын 20-апрелинде Москва-Анжиян поезди менен, бир чемоданыма китептеримди, бирөөнө коржеримди салып Анжиян шаарына келип түштүм.

"Кыргызнефть" бирикмесинин ошол кездеги биринчи жетекчиси Х.М.Сааковдун чакыруусу менен Кочкор-Атага келе жатсам да, Ош шаарындагы Түштүк Геология Экспедициясынын жетекчилеринин астынан да өтүп коёюн, эмне жумуш-сунуш кылышаар экен, аны да эске ала жүрөйүн деген ой менен поезддан тушөөр менен Анжиян-Ош багытына жүрүүчү автобуска билет алдым. Өзүмдүн оюмда Кочкор-Атага барганда эч ишти тандабайм, эмнесин берсе ошого ыраазы болуп иштей берем деген ойдо элем. Москвада Сааков менен сүйлөшкөндө буйруганы болоор деп тим болгом. Кайсы ишке жиберсеңер ошого макулмун дегем.

Ошентип, "Кыргызнефть" башкармасынын биринчи даражадагы жетекчилери, башчысы Христофор Мацесович Сааков, анын биринчи орун басары-башкы инженери Анатолий Васильевич Коваленко, башкы геологу Енсун Касенович Кан абдан жылуу кабыл алышты. Ошол эле замат жатаканадан орун алып, ошол күнү, эртеси башкы геолог Енсун Касенович менен көпкө сүйлөшүп, "аягында мен эч ишти тандабайм, кайсы жерге, эмне ишке жиберсеңер макулмун колумдан келгенинче иштеп берем", - дедим. "Анда ушул күндөрү Чаңгыр-Таш промыселдин башкы геологу Аршак Семенович Мартиросов ошол жерге директор болуп көтөрүлдү эле, анда ошол кишинин ордуна промыселге башкы геолог болуп барасың", деди.

Нефть табуу максатын коюп, эң биринчи изилдөө иштерин 1982-жылы Д.Л.Иванов деген геолог Россия өкмөтүнүн каражатына Майлуу-Сайда өткөрүп, ошол структуранын жер үстүндөгү түзүлүшүн кагазга түшүрөт. 1890-жылы ошол эле структураны изилдеп, түзүлүшү жөнүндө өз пикирин жазып кеткен Орто-Азия изилдөөчүсү Г.Д.Романовский деген геолог болгон. 1901-жылы Т.Леонов деген инженердин жетекчилиги астында ошол Жаңы-Жол районунун Майлуу-Сай деген жеринде, ошол эле аттуу структурада Кыргызстанда эң биринчи скважина бургуланып, палеогендин түркстан катмары-

нын V горизонтунан биринчи жолу өзү атырылып чыккан нефть ачылат, нефтинин өзү агып чыккан күнүнкү көлөмү 25 тоннаны түзөт. Бул эң чоң геология изилдөө иштеринин жетишкендиги болуп, ошол жылдан баштап чалгындоо иштери скважина бургулоо менен жүргүзүлөт. 1909-1912-жылдары Майлуу-Сай структурасында 5 скважина бургуланып, баарынан тең V горизонттон нефть табылат, бирок көлөмдөрү аз болгондуктан, нефть өз күчү менен жер үстүнө чыга албагандыктан бүт иштер токтоп калат.

1933-жылы №2-деп аталаган скважина 250 метр тереңдикте жаткан түркстан катмарынын V горизонтунан биринчи жолу өндүрүштүк нефть берет. Ошентип, совет доорунда башталган, күч алган биринчи эле нефть изилдөө иштери ийгиликтүү болуп, 1933-жылы Чаңгыр-Таш-Теке-Бель деген нефть кени чыккан структура ачылат. Ошол эле 1933-жылы Чаңгыр-таш структурасынын өзүндө биринчи скважина бургулана баштайт. Ошол №5-скважина палеогендин түркстан катмарынын V горизонтунан 1935-жылы өндүрүштүк нефть берет. Бул чоң жетишкендик болуп, жалаң эле Чаңгыр-Таш-Теке-Бель участогунда эмес, чоң Чаңгыр-Таш структурасында өндүрүштүк нефть бар экени аныкталат, райондун бактысы, келечеги ачылат.

1960-жылдары нефть чыгаруу азая баштайт, 200дөн ашык скважина иштесе да нефтинин запасы азайгандыктан, жаңы эксплуатация скважиналары азаюу темпине жеңилдик бере албагандыктан, аны да токтотушуп промысел эң кыйын акыбалда болот. Нефть чыгаруу жылына 28 миң тоннадан 13-15 миң тоннага түшүп, иштеген кишилердин саны 100 кишиден ашпай, промысел начарлагандан начарлай берди. А. Мартиросов жана башкы инженер А.Павлюк менен бирге нефть чыгарууну көбөйтүү маселелеринин ар түрдүү жолдорун көп жагынан акыл калчап карап, изилдеп, таразалап көрүп, эсептеп отуруп мындай пикирге келдик. Бул нефтини суу менен жаткан жеринен түртүп чыгаруу жолу болду. Ушундай ыкма, мүмкүнчүлүк биздин тармакта мурда эч качан колдонулган эмес болчу. Жалаң эле "Кыргызнефтиде" эмес Фергана өрөөнүндө колдонула элек эле. Ошол эле учурда мындай мүмкүнчүлүк, ыкма союзда көп жерде колдонулчу.

Бир нече убакыт күндүр-түндүр эсептеп, эчен ирет анализдеп көрүп, өзүбүз түзгөн долбоорду Кочкор-Атадагы жетекчилерибизге алып бардык. Алар да абдан кылдааттык менен карашып арсар болушса дагы макулдугун беришти. Бир ай бою таза, химиялык составы биздин шартка туура келе турган суу издеп да убара болдук. Ошол суун сапаты жер катмарында кылымдар бою жаткан нефть менен кошулганда, нефтини өз күүсү менен сүрөөгө алганда, ошол нефтини сактап келе жаткан жер кыртыштары менен жолукканда, жаман таасирин тийгизбей тургандай болуш керек эле. Керектүү суу табылган соң күндүр-түндүр жумушчулардын үч сменден турган күчүн колдонуп, жети чакырым суу түтүгүн, станцияларды куруп, сентябрь айынын башында

биринчи скважиналарга күчтөп суу киргизе баштадык. Кудай колдоп, кыска мөөнөттө ишибиз оңоло баштады, жарым тоннага жакын нефть бербеген скважиналар эки, үч тонна нефть бере баштады. Чаңгыр-Таш промыселинде нефть чыгаруу күндөн-күнгө көбөйүп, ошол эле жылдын аягында эки эсеге көбөйтө алдык. Кыскасы, бир жылдын ичинде Чаңгыр-Таш промыселинин нефть өндүрүү деңгээлин жаңы иштей баштаган 1940-жылдагы деңгээлине жеткире алдык.

Бир күнү Сааков чакырып алып, конторго башкы геолог болуп барасың,-деди. Чынында корктум, бирок башкы геолог болуп дайындалдым. Бир жарым жыл конторанын башкы геологу болуп иштедим.

1943-жылы Майлуу-Суу IV-деген структуранын ортосуна биринчи скважина отургузулуп, бургулоо иштери башталат.

1948-жылы үчүнчү скважина сумсар катмарынын III-горизонтунан өндүрүштүк фонтан түрүндө чыккан нефть берип, Майлуу-Суу IV-деген структуранын нефтиси ачылат. Жакын эле аранын ичинде бир нече чалгындоо скважиналары бургуланып, ошол эле Майлуу-Суу IV структурасынын, V, VII горизонтторунун да нефтисин ачышат. Көк-Таш кыштагы чалгындоочулардын кыштагынан нефтичилердин кыштагына айланат. 1950-жылы Көк-Таш промысели уюштурулуп, Майлуу-Суу IV-деген нефть чыккан структура эксплуатацияга берилип иштей баштайт. Ошол эле 1950-жылы Майлуу-Суу IV бүктөмөсүнөн республикада биринчилерден болуп 2120 метр тереңдикте мезозойдун аки таштуу тоо катмарынан геологдордун прогнозу боюнча бургуланган скважинадан табигый газ ачылат.

1957-жылы Избаскент структурасында табигый газ изилдөө иштери башталат. Бирок, 1963-жылы гана биринчи табигый газ мезозойдун бор катмарынан XIII горизонтунан ачылат. Избаскент структурасында чалгындоо иштери жүргүзүлүп жаткан жылдары Чыгыш Избаскент структурасы табылат. 1956-жылы №27-скаважинанын V горизонтунан күнүнө 70 тонна нефть берген байлык табылат. Ошол эле жылы кен ачкан скважина эксплуатацияга берилет. Кийин Чыгыш Избаскентте да нефтиси бар бир нече жаңы горизонттор ачылат.

Ошол жылдары нефть, газ чыккан бир нече структуралар ачылды. Ошонун ичинде Алаш, Кызыл-Алма, Майлуу-Суу III, Сузак, Чыгырчык, Тагап, Бешкент деген нефть, газ кени чыккан жерлер жана эски кен чыккан жерлерде, өзгөчө Майлуу-Суу IV, Избаскентте, жаңы ачылган нефть катмарлары. Жаңы-жаңы жерлерде-Чүй, Нарын, Ысык-Көл, Алай өрөөндөрүндө изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган.

1998-жылдын башында ошол "Кыргызнефтегаз" мамлекеттик акционердик коомунун (КНМАК) директорлорунун советинин төрагасы катары иштеген.

МУСАЕВ САБИР ИСМАИЛ-ОГЛЫ



Сабир Мусаев 20-июнда 1940-жылы Азербайжан ССРинин Балакан аймагынын Магамалар айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Орто мектепти аяктагандан кийин, Азербайжандагы Азизбеков атындагы мунай жана химия институтунун "Технология жана мунай жана газ кендерине чалгындоо иштерин жүргүзүү" кесибине тапшырып, аны 1962-жылы бүтүргөн.

Институтту бүткөндөн кийин, "Киргизнефть" нефть чалгындоо башкармалыгына жөнөтүлгөн жана ал жерде техниктен баштап, геологиялык бөлүмдүн башчылыгына чейин кесиптик такшалуудан өткөн.

1965-жылы Кыргыз ССРсынын Мамгеологиясынын алдындагы Түндүк Фергана геофизикалык партиясында башкы геолог болуп иштеп, 1966-жылы "Узбекнефть" өндүрүштүк бирикмесинин башкы геологу болуп дайындалган.

Ал 1971-жылдан 1983-жылга чейин "СредАзНИПИнефть" лабораториясын жетектеген. "СредАзНИПИнефтте" иштеген жылдары (1972-1977), анын жетекчилигинин астында "Кыргыз ССРинин аймагын божомолдоп баалоо, нефть жана газга чалгындоо-изилдөө иштеринин негизги багыттары" деген отчетту, ошондой эле "Узбекнефть", "Таджикнефть" жана "Киргизнефть" бирикмелеринин нефтинин А+В+С1 категорияларындагы запастарынын каталог-альбому түзүлгөн.

1983-жылдан тартып, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын, Кыргыз комплекстештирилген геофизикалык экспедициясынын башкы геологу болуп иштеген мезгилдерде, ал Чыгыш-Чүй, Кыргыз ССРинин Ысык-Көл, Нарын, Талас, Алай, Чатыр-Көл, Аксай жана Ат-Башы ойдуңдары боюнча геологиялык чалгындоо иштеринин комплекстештирилген программасын түзгөн. Ал эми 1993-жылы "Чалгындоо-изилдөөчү бургулоо иштерине багыттарды пайда кылуу максатында, Фергана ойдуңундагы мунай-газ келечектүү райондордо жүргүзүлгөн чалгындоо-изилдөө иштеринин геологиялык-геофизикалык материалдарын анализдеп жана кайрадан интерпретациялоо" деген темада илимий изилдөө программасын түзгөн.

Ал 1995-жылы Түндүк-Чыгыш, Түштүк-Батыш жана Түштүк Фергананын структуралык жана геологиялык карталарын түзгөн.

Сабир Мусаев 1993-жылдан бери геологиялык илимий-изилдөө лабораториясынын башчысы, башкы директордун каржылоо боюнча орун басары, башкы геолог, бюджетти пландаштыруу департаментинин башчысы, тыш-

кы экономикалык байланыштар жана инвестиция бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

2003-жылы, геологиядагы чоң тажрыйбасы эске алынып, ал "Кыргызнефтегаз" ААКнын директорунун орун басары – башкы геолог кызматына дайындалган.

Анын жетекчилиги астында жана анын түздөн-түз катышуусу менен, Фергана ойдуңунун мезозой жана кайнозой комплекстеринде чалгындоо иштеринин келечектүү багыттарын аныктоо үчүн көп иштер жүргүзүлгөн.

Өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында Сабыр Мусаев "Кыргызнефтегаздын" өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон, атап айтканда Кыргызстандын территориясынын жана аны менен чектеш өлкөлөрдүн, аймактардын геологиялык түзүлүштөрүн жакшы билген геолог катары көп иштерди жүргүзгөн.

Геолог катары мунай жана газ үчүн геологиялык чалгындоо иштерин уюштуруу, ошондой эле, чет элдик инвесторлордун жигердүү долбоорлорун тартууга чоң салым кошкон. Анын ишке ашырган долбоорлоруна ылайык, азыркы учурда Кыргызстанда биргелешкен ишканалар жана чет өлкөлүк компаниялар ийгиликтүү иш жүргүзүшүп жатышат.

Сабир Мусаев геология боюнча өзүнүн тажрыйбасын жана билимин өзүнөн жаш адистерге үйрөтүп, алардын кесиптик такшалуусуна колдоо көрсөткөн. Ал геология боюнча көптөгөн макалалардын автору болгон.

Бул инсан мунай жана газ өнүктүрүүгө кошкон эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын өнөр-жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин, Жалал-Абад облусунун мамлекеттик башкаруу администрациясынын, “Кыргызнефтегаз” ААКнын ардак грамоталары, ошондой эле акчалай сыйлыктар жана баалуу белектер менен сыйланган.

Анын эмгеги бул нефть, газ өндүрүү мекемесинде жана Кыргызстанда гана эмес, чет өлкөлөрдө да бааланган.

Сабир Мусаев 2008-жылдын 17-январында 67-жашында жол кырсыгынан каза болгон. Ал ошол учурда “Кыргызнефтегаз” ААКунда иштечү.

ПЕКИН ЮРИЙ ФЕДОРОВИЧ

Прибыл в Кочкор-Ату в сентябре 1967 года. Был направлен в НРЭ, работал там сначала техником-геологом, затем геологом участка бурения. Ранее работал в Крыму в Джанкойской экспедиции глубокого бурения помбуром в 1966 году, затем в Донбассе, в шахтной геологии техником-геологом.

Во время работы в НРЭ моими учителями были Безовчук Тамара Ивановна и Цехмейстрюк Анатолий Константинович.

С 1964 года по 1970 год я заочно учился на геолфаке Воронежского Государственного университета.

Был геологом участка при испытании скважины № 7 Карагачи, открывательницы месторождения Карагачи, и скважины № 5 Бешкент, открывательницы месторождения Бешкент.

В 1976 году был переведен в Кочкор-Ату начальником тематической партии. Цель работ партии – создание и уточнение структурных карт по всем нефтегазоносным горизонтам месторождений ПО "Киргизнефть". Карты были созданы и их долгое время использовали в работах специалисты обьединения. Моим учителем и наставником был Базарбаев Эркин Гаппарович.

В 1978 году был переведен на должность начальника геологического отдела ПО "Киргизнефть". В 1986-1989 годах был переведен на должность начальника опытно-методической партии. Цель работ-анализ результатов геологоразведочных работ обңединения в пределах Юго-Западной, затем Северо-Восточной Ферганы и выбор направлений продолжения работ.

В 1990 году был переведен на должность главного геолога КУБР, а в 2000 году – на должность главного геолога ОАО "Кыргызнефтегаз".

Во всех этих и последующих работах мне очень пригодился опыт работ и рабочего на буровой, и штатного геолога, и тематика.

В дальнейшем работал в Калининградском регионе, затем на акваториях Азовского и Черного морей, выполнял отдельные работы за рубежом.

ЭРКИН БАЗАРБАЕВ

Ал 1967-жылы геологиянын босогосун аттап, алгачкы эмгек чыйырын баштаган. Андан соң, бул инсан геология бөлүмүн жетектеген. Андан ары ал жогорку кызматтык тепкичтерге чейин жеткен. 1971-жылы башкы геологдун орун басарынын милдетин аткаруучусу болуп, ошол эле жылдын сентябрь айында жетекчинин орун басары-башкы геолог болуп иштеген.

1975-жылы башкы директордун орун басары-башкы геолог кызматын аркалап, 1991-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин башкы директорунун орун басары-башкы геологу милдетин ийгиликтүү аткарган. Эркин Базарбаев геологияга өз өмүрүнүн жарым жашоосун арнаган, тагыраак айтканда анын 31 жыл өмүрү Кыргыз Республикасынын мунай өнөр жайынын өнүгүшүнө сарпталган. Эркин Базарбаев бул тармакка чет элдик инвесторлорду тартууга өзүнүн зор салымын кошкон. Ал азыркы күндө эң билимдүү, урматтуу геологдордун бири деп эсептелет. Анын жазган көп отчёттору жаш муундарга сабак болуп, билим алууда жардамы тийип турган кези десек болот.

Дагы бир геология тармагына өзүнүн көптөгөн жылдар бою (24 жыл) салымын кошуп келген геолог аял-Ильина Вера Владимировна. Ал 1963-жылдан баштап "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде геолог болуп жумуш жолун баштап, 1970-жылдан нефть, газ өндүрүү башкармалыгында геолог болуп эмгектенген. 1974-жылдан 1976-жылга чейин кайра геологиялык бөлүмдө геолог болуп иштеп, 1976-1887-жылдар аралыгында нефть, газ өндүрүү башкармалыгында тажрыйбалуу геолог катарында жаш кадрлардын устаты болгон.

Ошол жылдары мунай өндүрүү жана бургулоо башкармалыктары заманбап техникалар, кудуктар жана насостор, автоматтык каражаттар менен жабдыктала баштаган.

Сарьян Гарий Ашотович 1934-жылы жарык дүйнөгө келген. 1968-жылдын сентябрь айында инженер-геолог болуп Сарьян Гарий Ашотович келгенден баштап, мунай өндүрүүдө иштетүү бөлүмү түзүлгөн. Ошондон тарта бул бөлүмдү Г.А. Сарьян жетектеген. Ал геологиялык тармакта 1979-жылга чейин иштеген.

1969-1970-жылдары геологиялык түзүлүштүн лицензияланган аянттардагы геологиялык иштерди Поддубный Виталий Яковлевич жүргүзгөн. Ал 1969-жылы геологиялык бөлүмдүн башчысы болгон, 1970-1973-жылдар аралыгында нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башчысы кызматын аркалаган.

1972-жылы "Кыргызнефть" мунай өндүрүштүк башкармалыгында Пикалов Юрий Дмитриевич, 1974-1975-жылдары Гришенко Владимир Григорьевич, 1976-79-жылдары Клименко Сергей Анатольевич геолог болуп эмгектенишкен.

С.А. Клименко 1954-жылы төрөлгөн. Грозный шаарындагы мамлекеттик мунай институтун "Мунай жана газдын геологиясы" факультетин окуп бүтүргөн. Ал 2012-жылы "Прогноз нефтегазоносности локальных структур в Косью-Роговской впадине" деген темада өзүнүн диссертациясын жактап, геологиялык-минералогиялык илимдеринин кандидаттык даражасына ээ болгон.

1978-жылы геологиялык бөлүмдүн башчысы болуп Пекин Юрий Федорович дайындалган, 1991-жылдан геологиялык жана иштетүү бөлүмүнүн жетекчиси болгон.

1979-жылы Фрунзе шаарындагы Политехникалык институтунун тоо-кен геологиялык факультетин аяктап, тоо инженер-гидрогеолог адистигине ээ болгон, "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесине Анатолий Акимбеков геолог болуп келген. Ал 1981-1985-жылдары мунай чалгындоо экспедициясында геолог, улуу (старший) геолог кызматын аркалаган.

80-жылдары мунай запастарынын эсебин чыгарган геолог-бул Евстропова Лидия Ивановна геология бөлүмүндө иштеп, 2006-жылы иштетүү бөлүмүнө которулуп, ошол эле жылдын сентябрь айына чейин иштеген.

Руднев Георгий Иванович 1938-жылы төрөлгөн. 1983-жылдан башкы директордун орун басары-башкы геологу болуп иштеген. 1991-жылга чейин бардык геологиялык жана техникалык иш кагаздарды жүргүзгөн. Вотинов Владимир Анатольевич 1946-жылы төрөлгөн. "Мунай жана газдын геологиясы" адистиги боюнча окуп, атайын адистикке ээ болгон. 1984-жылдан 1987-жылга чейин башкы геологдун милдетин аткарган. 1987-жылы геологиялык бөлүмдүн жетекчиси болуп Токтоналиев Кудайберген Токтоналиевич дайындалган. 1990-жылы Союз бузулгандан кийин, финансы каражаттарынын жоктугуна байланыштуу ыкчам кудуктарды казуу токтотулган.

Ал эми 1991-жылы өндүрүүдө мунайдын көлөмү 142 мин тоннадан 1993-жылы 87 мин тоннага чейин азайган. Ошол жылдары К.Т. Токтоналиев геологиялык жана иштетүү бөлүмүнүн жетекчиси болгон.

Союз бузулгандан кийинки убакта геологиялык бөлүмдө иштеген геологдор жана башкы геологдор жөнүндө айтып өтөлү.

1992-жылы Сабиров Алишер Кадырович Сургутнефтегаздын (СПБГУ) геологиялык факультетин аяктап, 1993-1994-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКда геолог болуп иштеген. Андан кийин эки жыл вахталык метод менен Батыш Сибирге, Сургутка барып иштечү. Ошол бойдон азыркы убакытка чейин

ошол жакта иштеп келет. Ошол жылдары геологиялык бөлүмдүн жетекчиси Соловьев Павел Андреевич болгон.

1994-жылы Азимов Ибайдулла Хайдарович Свердловск шаарындагы тоокен институтун аяктап, "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде геолог болуп ишке кирген, 1999-жылы иштетүү бөлүмүнө которулуп, ал бөлүмдө 2002-жылга чейин иштеген. Иштетүү бөлүмүндө мунай кенин иштеп чыгуу жана иш-техникалык схемасын көзөмөлдөгөн.

1997-жылдын 1-январынан баштап Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси "Кыргызнефтегаз" акционердик коому деп алмаштырылган, 2004-жылдын август айынан баштап "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому деп аталып калган.

2004-жылдары геологиялык бөлүмдө геологдор - Алешина Нина Александровна, Людмила Павловна, Евстропова Лидия Ивановна, Урумкан Бабединова, кийинчерээк Нургуль Сариева башкы геолог – Сабир Мусаевдин жетекчилигинин алдында геологиялык иштерди алып барышкан.

Жогоруда айтылган геологдор менен бирге Чолпон Суерова 2001-жылдан 2004-жылга чейин геолог болуп, геология бөлүмүндө иштеген.

2005-2008-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын геологиялык бөлүмүнүн башчысы болуп Анатолий Акимбеков эмгектенген. 2008-жылы бул кызматка З. Ажикулов дайындалып, геология бөлүмүнүн башчысы милдетин аркалаган. Кийин ал 2009-жылдан "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасынын орун басары – башкы геолог болуп иштеп, 2016-жылга чейин эмгектенген.

АЖИКУЛОВ ЗАИРБЕК

1967-жылдын 16-июлунда Ленин районунун Кочкор-Ата шаарчасында туулган. 1985-жылы №77-кесипчилик техникалык окуу жайын артыкчылык диплому менен ийгиликтүү аяктап, нефть, газ өндүрүү боюнча оператор адистигине ээ болгон. 1992-жылы В.В. Куйбышев атындагы политехникалык институтун бүтүрүп, «Иштеп чыгуу жана мунай жана газ кендери пайдалануу" кесибин алууга жетишкен.

Өзүнүн алгачкы эмгек жолун 1992-жылдын августунан нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын скважиналарды капиталдык ремонттоодо бургулоочу кесибинен баштаган. Ошол эле жылдын ноябрь айынан 1993-жылга чейин аталган башкармалыкта скважиналарды капиталдык ремонттоо боюнча мастер болуп иштесе, 1993-1994-жылдары скважиналарды изилдөө боюнча инженер, 1994-1997-жылдары мына ушул башкармалыктын геологиялык-технологиялык кызматында скважиналарды капиталдык ремонттоо боюнча геолог, 1997-2004-жылдары геологиялык-технологиялык кызматтын башчысы, 2004-жылдын февралынан нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башчысынын орун басары, башкы геолог болуп эмгектенген. 2005-жылдын сентябрь айынан аталган башкармалыктын башчысы, 2008-жылдан «Кыргызнефтегаз» акционердик коомунун геологиялык бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Андан соң, нефть, газ өндүрүү башкармалыгында башкы геолог кызматын аркалаган.

Кочкор-Ата шаардык кеңешинин депутаттыгына шайланган.

Үй-бүлөлүү. Үч баланын атасы.

Азыркы күндө «Кыргызнефтегаз» ААКнын геологиялык бөлүмүндө 7 адис иштейт. 5 геолог – Н.Сариева М.Патиллаев, А.Шаршекеев, О.Каныбеков, Б.Усенова 1 карта чийүүчү – К. Абдукаимовалар бөлүмдүн негизги адистери.

Ал эми Марс Ахмедов иштеген өзүнүн жумуш жолун 2002-жылы нефть, газ өндүрүү башкармалыгынан баштап, "Кыргызнефтегаз" ААКнын газ бөлүмүндө көзөмөлдөөчү, кийин II-категориядагы геолог болуп, аппараттын геологиялык бөлүмүндө 2018-жылга чейин иштеген.

Нургуль Сариева 2003-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын геология бөлүмүндө техник-геолог болуп эмгек жолун баштаган. 2005-жылы геолог болуп, 2006-жылдан тартып, "Кыргызнефтегаз" ААКнын аппаратынын геологиялык бөлүмүнө которулган. 2007-жылдан баштап геологиялык бөлүмдө II-даражадагы геолог болуп эм-

гектенип келатат.

Бөлүм жогорудагы аталган адистердин арасынан жаш геологдор менен толукталган: Азирет Шаршекеев И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик политехникалык университетинин геология факультетинин "Колдонмо геология мунай жана газдын геологиясы" кесибин артыкчылык диплому менен аяктаган. Өскөнбай Каныбеков 2016-жылы М.Адышев атындагы Ош техникалык университетинин "Колдонмо геология" кесибине ээ болгон, "КыргызГИИЗ" ААКда жумуш жолун инженер-геолог болуп иштөө менен баштаган. Бегимай Усенова И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик политехникалык университетинин геология факультетинин "Колдонмо геология мунай жана газдын геологиясы" кесибин артыкчылык диплому менен бүтүргөн.

Геология бөлүмүн тажрыйбалуу геолог айым Урумкан Бабединова жетектейт.

БАБЕДИНОВА УРУМКАН

1962-жылдын 8-апрелинде Нарын областынын Ат-Башы районуна караштуу Кара-Суу айылында туулган. Кара-Суу орто мектебин 1979-жылы бүтүргөндөн кийин 1979-1981-жылдары Фрунзе шаарындагы өтүктөрдү чыгаруучу Бирикмеде жумушчулуктан эмгек жолун баштаган.

1981-1984-жылдары Россия Федерациясындагы Белгород областына караштуу Старый Оскол шаарында жайланышкан И.И.Малышев атындагы геологиялык чалгындоо техникумунда «Пайдалуу кендерди издөө жана чалгындоонун геофизикалык методдору» адистиги боюнча окуп, «Техник-геофизик» кесибине ээ болгон.

Өзүнүн кесиби менен Якутия АССРсындагы «Приленгеология» экспедициясында жумушчу болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган. Андан кийин 1985-1986-жылдары Россиянын Магадан областындагы «Хасын» айылында «Центральная Геофизика Экспедициясында» (ЦГЭ) техник-геофизик болуп иштеген.

Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Кыргызстанга келип, 1986-2004-жылдары Кочкор-Ата шаарчасындагы мурдагы «Саратовнефтегеофизиканын» филиалы болгон кыргыз комплекстүү геофизикалык экспедициясынын тажрыйба методикалык партиясында техник-картограф, техник-геофизик болуп эмгектенген. Интерпретация партиясында эмгек боюнча техник, пландоо-экономикалык бөлүмдө автотранспорттордун учёту боюнча техник,

ГРКМде автотранспорттордун учету боюнча инженер, камералдык группада инженер-геофизик болуп эмгектенген.

Бул жерде иштөө менен бирге 1997-2001-жылдары Жалал-Абад шаарындагы Мамлекеттик университетинин «Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу» факультетинде «Бухгалтердик эсеп жана аудит» адистигине сырттан окуп, ийгиликтүү бүтүргөн.

2003-жылы аудиторлор жана эсепчилер бирикмесинде "Бухгалтердик эсеп, иш жүзүндө отчёттуулуктун эл аралык стандарттарын колдонуу жана "Салыктар жана укук" деген темадагы окутуу курсунан ийгиликтүү өткөн.

2004-жылдан азыркы күнгө чейин «Кыргызнефтегаз» ААКнын геологиялык бөлүмүндө II, I категориядагы геолог, жетектөөчү геолог жана геологиялык бөлүмдүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

Ошону менен бирге эле өзүнүн билимин жана кесиптик чеберчилигин дагы жогорулатуу максатында 2007-2011-жылдары Бишкек шаарындагы И.И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин академик У. Асаналиев атындагы Тоокен жана тоокен технологиялары институтунун геологиялык чалгындоо факультетинде окуп «Геологиялык картага түшүрүү, кен байлыктарды издөө жана чалгындоо» адистигине ээ болгон.

Үй-бүлөлүү жана эки баланын бактылуу энеси.

Жолдошу К.Бабединов «Кыргызгеофизика» ААКнда сейсмикалык партиянын башчысы болуп иштейт.

Геологияда иштеген учурда эмгек жолундагы кызыктуу ирмемдерди унутпайт. ФРГ, Ватикан, Норвегия, Дания өлкөлөрүндөгү Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеген, Эл аралык инженерлер академиясынын жана ФРГ Фругзалия шаарындагы Ост-Академиясынын академиги, 1-даражадагы "Манас орденинин" ээси жана өз учурунда Эмгек Кызыл-Туу, ФРГнын эң бийик даражадагы «Большой» крест орденинин ээси, Москвадагы академик И.М.Губкин нефтехимиялык жана газ өнөр жай институтун бүтүргөн, геология-минералдык илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын премьер министри (1993-1998 жылдары иштеген) Жумагулов Апас Жумагулович менен геология тармагындагы темалар боюнча ой бөлүшүү үчүн болгон жолугушуулары анын эсинде. Бул инсандын өз колунан, анын өзүнүн баскан өмүр жолу жөнүндө жазылган өз колу коюлган китепти алган күн, ал үчүн өзгөчө күн болгон. Ошол кезде Кыргыз мамлекетинин аймагынын геологиялык түзүлүштөрү, пайдалуу кен байлыктары, анын ичинде нефть жана газ боюнча ой бөлүшүү өтө кызыктуу болгон деп эсептейт.

Бул инсандын басып өткөн өмүр, эмгек жолу ал үчүн унутулгус күндөрдү камтып, бир чети сабак алуунун чоң мектеби болгон.

ӨНДҮРҮШТҮК ТЕХНИКАЛЫК БӨЛҮМ

Өндүрүштүк техникалык бөлүм да негизги бөлүм саналат. Бул бөлүмдү буга дейре бир катар тажрыйбалуу адистер жетектешкен. Эң алгач жетекчиси Жаңыбай Максутов.

МАКСУТОВ ЖАҢЫБАЙ,
Өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн алгачкы жетекчиси

1937-жылы Ош областынын Алай районуна караштуу Кең-Жылга айылында туулган.

1963-жылы Ташкент шаарындагы Орто Азия политехникалык институтун аяктап, "Нефть жана газ кендерин иштетүү боюнча тоо инженери» адистине ээ болгон.

Биринчи жылдары "Жер алдына түшүрүү насосторун ремонттоо жана тарификациялоо боюнча слесарь, андан кийин "Чоң Майлуу-Суу-4» участкасында нефти чыгаруу боюнча "Мастер», кийинчерээк "Кыргызнефтигаз өндүрүштүк бирикмесинде өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы болуп иштеген. 1970-жылдан "Чаңгыр-Таш» нефть өндүрүү участкасынын башчысы болуп эмгектенген.

1975-1978-жылдары "Кыргызнефтигаз» өндүрүштүк бирикмесинин профсоюздук комитетин жетектеген. Андан соң, 1979-жылдын 1-мартына чейин нефть өндүрүү башкармалыгынын өндүрүштүк техникалык бөлүмүндө улуу инженер кызматын аркалаган.

1980-жылдан 1995-жылга чейин өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенген.

1995-1997-жылдары башкы директордун экономика боюнча орун басары кызматын аркалоо менен 1997-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Жаныбай Максутовдун бул тармактагы жигер-

дүү эмгеги өндүрүштүк мекеменин жана өкмөттүн бир нече Ардак грамоталары менен бааланган. "Эмгектин ардагери» төш белгиси, "Лениндин 100 жылдыгына карата юбилейлик" медаль жана КРнын Жогорку Советинин, областтын, райондун Ардак Грамоталары менен бир нече жолу сыйланган. Персоналдык пенсионер.

Джаныбай Максутович жумушта гана эмес, бактылуу үлгүлүү үй-бүлө да кура алды. Чоң үй-бүлөнүн сүйүктүү башчысы, жубайынын күйүмдүү жолдошу, төрт баланын мээримдүү атасы, 15 неберенин сүйүктүү тайата, чоң атасы.

Жубайы Тагаева Ырыс КРнын "Билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгиси, "Мээримдүүлүк» медалынын ээси.

Азыркы күндө Максутовдордун үй-бүлөсү Бишкекте жашашат.

НАРБАЕВ МЕДЕТ,
Өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн азыркы башчысы

1963-жылдын 4-майында Ала-Бука районунун Биринчи Май айылында туулган.

Ташкент шаарындагы политехникалык институтун аяктап, технология жана нефть, газды комплекстүү иштетүү боюнча адистигине ээ болгон.

Эмгек жолун 1986-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин нефть өндүрүү башкармалыгында бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун баштаган. 1986-жылдын октябрь айынан тартып, 1990-жылга чейин газ өндүрүү цехинде башкы инженер кызматын аркалаган. 1990-1991-жылдары нефть, газ өндүрүү башкармалыгында өндүрүштүк техникалык бөлүмдө биринчи даражадагы инженер болуп иштеген. 1991-1994-жылдары "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин аппаратында өндүрүштүк техникалык бөлүмдө башчы, 1994-1998-жылдары нефтигаз өндүрүү башкармалыгынын башкы инженери болуп эмгектенген. Ал эми 1999-жылдан тартып, 20 жылдан бери өндүрүштүк техникалык бөлүмдү жетектеп келет.

Анын көп жылдык үзүрдүү эмгеги өндүрүштүк мекеменин жана өкмөттүн бир катар Ардак грамоталары менен бааланган.

Үй-бүлөлүү. Беш баланын атасы.

Өндүрүштүк техникалык бөлүмдү Жаңыбай Максутовдон кийин Медет Нарбаев, А.Полотов, З.Ажикуловдор жетектешкен.

Өндүрүштүк техникалык бөлүм “КНГ” ААКнын башкармалыгынын төрагасынын 1-орун басарына баш ийет. Бөлүмдү азыр Медетбек Нарбаев жетектейт.

Өндүрүштүк техникалык бөлүмдө жетектөөчү инженер технолог-Дүйшөналы Жоробаев, экология боюнча жетектөөчү адис Бактыбек Дакеев, 1-даражадагы инженер Калыбек Абишев, 2-даражадагы инженер Таттибү Маткасымова иштейт.

Дүйшөналы Жоробаев, өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн жетектөөчү инженер-технологу

Өндүрүштүк техникалык бөлүм ”Кыргызнефтегаз” акционердик коомунда биринчи бөлүм катарында эсептелет. Бул бөлүмдө 5 адис эмгектенет. Бөлүм аракеттеги мыйзамдарды, жоболорду, “КНГ» ААКнын жетекчилеринин жана жогорку инстанциядагы органдардын (өнөр жай, отун энергетика министрлигинин жана Мамлекеттик мүлк агенттигинин) буйруктарын, тескемелерин жана ички тартип эрежелерин жетекчиликке алат.

Бөлүмгө пландалган тапшырмалардын аткарылышын камсыздоочу уюштуруу жана техникалык иш чараларын иштеп чыгуу, алардын аткарылышын анализдөө, өз убагында пландалган тапшырмаларды,

башка кичи техникалык бөлүмдөргө жеткирип туруу жоопкерчилиги жүктөлгөн.

Адистер пландоо жана үнөмдөө бөлүмү, геология бөлүмү, кен иштетүү бөлүмү жана НГӨБдүн геологиялык техникалык кызматы менен биргеликте өндүрүштүн бир жылдык өнүгүүсүнүн жана перспективалык өнүгүү пландарын иштеп чыгууга катышат.

Бөлүмдүн адистери нефть өндүрүүнү интенцификациялоо усулдарын колдонуу боюнча иш чараларды жана кендерден нефть жана суюктуктарды алуу ченемдерин, скважинадагы фондун абалын изилдөө, аракетсиз скважиналарды кыскартып, иш чаралар боюнча аткарылып жаткан жумуштарды көзөмөлдөп келет.

Нефть өндүрүүдөгү чыгымдарды азайтуу, илимий негизделген ченемдерин иштеп чыгуу жана ишканалар тарабынан бекитилген материалдар боюнча чыгымдарды көзөмөлдөө милдеттери да мына ушул бөлүмдүн адистерине берилген.

Капиталдык ремонттордун мөөнөттөрүн кыскартуу боюнча иш чараларды иштеп чыгуу жана жер алдында болуучу ремонттордун план графигинин сакталуусун көзөмөлдөө да бөлүмдүн адистеринин көз алдында.

Жаратылышты коргоо жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу колдонуу боюнча бир жылдык пландарды иштеп чыгып, анын аткарылышын көзөмөлдөө, нефть, газ өндүрүү жана даярдоо, жөнөтүү багытындагы жасалып жаткан иштер да өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн адистери тарабынан көзөмөлгө алынып турулат.

Жоготуулардын ченемдерин түзүү үчүн нефти казып алууда, топтоодо, даярдоодо, жана ташууда болуучу жоготуулардын эсебин алуу, ошондой эле газ боюнча да жоготуулардын эсебин көзөмөлдөө да негизги милдеттердин бири. Ошону менен бирге керектөөчүлөргө жаратылыш газын берүүгө келишимдерди түзүү жана көзөмөлдөө жоопкерчилиги да бар.

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ААКнын ПРОФСОЮЗДУК КОМИТЕТИ

"Кыргызнефтегаз" ААКнын архивдик документтери боюнча 1971-жылга чейин профсоюз комитетин жетектеп И.Д Гегел, Г.Т.Штефан, Н.М.Васнев, Х.Нугаева, В.Д.Астафев иштеген.

Андан бери:

1971-1976-жылдары Ж.М. Максутов,
1976- 1981-жылдары Т.Э. Дарбанов,
1981-1985-жылдары Т. Таштаналиев,
1985-1986-жылдары Э. Базарбаев,
1986-1994 -жылдары А.Шеримбеков,
1994-2005 -жылдары А.Т. Таштемиров,
2005-2010-жылдары Ж.Н. Жумашовдор мурдагы "Кыргызнефтегаз" мекемесин, азыркы ачык акционердик коомунун профсоюздук комитетин жетектешсе, ал эми 2010-жылдан бери бул жооптуу милдетти Раимкулов Акынбек аркалап келет.

РАИМКУЛОВ АКЫНБЕК,
"Кыргызнефть" ААКнын профсоюздук комитетинин төрагасы

1962-жылы Алай районуна караштуу Гүлчө айылында педагогдун үй-бүлөсүндө туулган. 1979-жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы М.В. Ломоносов атындагы жатак-мектебин аяктагандан кийин Бишкектеги Политехникалык институттун курулуш инженери адистигине окуп, 1984-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин чарбалык курулуш монтаждоо участкасынын (ХСМУ) инженер диспетчери болуп жумушун баштаган.

1985-жылы курулуш участкасынын мастери, 1991-2009-жылдары ЧКМУнын прорабы болуп кызмат өтөгөн. 2009-жылы чарбалык курулуш монтаждоо участкасы жоюлгандыгына байланыштуу 2009-жылы "КНГ" ААКнын капиталдык курулуш бөлүмүнө инженер долбоорлоочу кызматына которулган. Ал чарбалык курулуш монтаждоо участкасында иштеп турган мезгилде курулуш иштерин өз мөөнөтүндө сапаттуу бүтүрүүгө жетишкен, курулуш иштеринин конструкциясын сапаттуу монтаждоо, архитектуралык конструктивдик бөлүктөрдү электрлештирүү, жылытуу, суу системасы менен камсыздоо, шамалдатуу, өрткө каршы чараларды пландаштырууну мыкты билген куруучу болгон.

Кочкор-Ата шаарчасын генералдык пландаштыруу, жол, газ, гидротехникалык маселелерди, сейсмикалык туруктуулукту камсыздоо иштерине өз пикир сунуштарын берип, шаарчанын коомдук иштерине активдүү катышып келген. Кочкор-Ата шаарчасынын эки ирет чакырылышынын депутаты болуп шайланган. Кочкор-Ата шаарчасындагы курулуштардын 90 пайызына түздөн-түз катышуусу бар. Атап айтсак ТТБнын административдик башкармалык имараты, КБИБнын административдик башкармалыгынын имараты, НГӨБнын ашканасы, шаардагы үч казандан турган жылуулук участкасы (котельный), Жалал-Абад шаарындагы фольклор аянтчасы сыяктуу курулуштардын курулушунда анын да салымы бар экендиги талашсыз. Ал эми реконструкцияланган объектилер: "Нефтчи" спорт аянтчасы, "Зорька" Балдар эс алуу борбору, Ысык-Көлдөгү нефтчилердин эс алуучу жайы ж.б.

Акынбек Раимкулов "Кыргызнефтегаз" ААКнын директорлор кеңешинин мүчөсү болуп 2010-2017-жылдары иштеген. 2010-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын профсоюз комитетинин отчёттук кайра шайлоо конференциясында Профсоюз уюмуна төрага болуп шайланган.

"Кыргызнефтегаз" Ачык Акционердик Коому нефтичилердин социалдык укугун коргоо, эмгек шартын жакшыртуу, оор шарттарда иштеген жумушчуларга жеңилдиктерди берүү максатында бир топ иштерди жүзөгө ашырды.

2014-жылы профсоюз уюму менен КНГ ААКнын администрациясынын ортосундагы жамааттык келишимдин мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу 2014-жылы түзүлгөн жамааттык келишимдин мөөнөтү узартылды.

Жаңы дайындалган жетекчилик нефтичилерге тийиштүү бардык жеңилдиктерди сактап, ошондой эле жамааттык келишимде көрсөтүлгөн бардык милдеттенмелердин аткарылуусун камсыздап келди.

Нефтичилердин ден-соолугуна зыян келтирбөөчү шарттарды түзүү, жумуш шарты зыяндуу болгон кесипте иштегендерди жамааттык келишимде көрсөтүлгөн сүт, самын жана атайын кийимдер менен камсыздоо профсоюз уюмунун көзөмөлүндө болуп, алар аткарылып келе жатат.

Жамааттык келишимдин негизинде, техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо чаралары жана эмгекти коргоо иштери боюнча жумушчулар медициналык кароодон өз мөөнөтүндө өткөрүлүп келүүдө.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын профсоюз комитетинин профактиви 2018-жылы 10 ирет өзүнүн олтурумун өткөрүп жамааттык келишим, нефтчилердин жайкы эс алуусун уюштуруу, балдар бакчаларына орун бөлүштүрүү, майрам күндөрүнө арналган маданий массалык иш чараларды аткаруу сыяктуу маселелерди карашкан. КНГ ААКнын жетекчилигине 10дон ашык сунуштар менен кайрылуу жасашкан. Атап айтсак "Нефтчи" спорт комплексиндеги кичи футбол аянтчасын оңдоп, түзөө, пенсиядагы нефтичилерге жана 70 жаштан ашкан эмгек ардагерлерине, майып балдарга материалдык жардам боюнча кайрылуу сунуштарын берген. Жумушчулардын кызматкерлердин айлык акысы, эмгек шарттары ар дайым Профсоюз комитетинин көзөмөлүндө болуп, жыл жыйынтыгы боюнча кошумча маяналар берилип келүүдө.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын балансында үч балдар бакчасы бар. №2-"Жоогазын", №5-"Солнышко" жана "Колоколчик" балдар бакчалары.

Быйылкы жылы жалпысынан нефтичилердин 210 баласына орун берилди.

№	Бала бакчалардын аталышы	Жумушчу персоналдар саны	Группалар саны	Тарбияланууучу балдардын саны
1	"Жоогазын" балдар бакчасы	38	8	306
2	"Күн" балдар бакчасы	33	6	216
3	"Колокольчик" балдар бакчасы	33	7	160
	Бардыгы:	***104***	***21***	***682***

Балдар бакчасында балдарга 3 ирет тамактануу каралган. Балдардын тамак рационунда керектүү витаминдер, тамак азыктары бар менюлар түзүлүп, берилет. Балдар бакчаларында жыл сайын ремонт иштери аткарылып, көрктөндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Балдар бакчаларына нефтчилери жеңилдетилген баада 50 пайыз акы төлөшөт.

"Эл аралык Балдарды коргоо күнүнө карата" атайын иш чаралар белгиленип, алар дайыма аткарылып турат. "Кыргызнефтегаз" ААКнын жетекчилиги тарабынан жумушчулардын эс алуусуна, эмгек шарттарын жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул максатта акыркы жылдарда бир топ алгылыктуу иштер аткарылган. Айтсак ишкананын санаторий-профилакторийинде жумушчулардын ден-соолугун чыңдоо максатында ААКнын бюджетинде атайын акча каражаты каралып, каржыланат.

2018-жылда "Нефтичи" ден-соолукту чыңдоо профилакториясында 750 адам ден-соолуктарын чыңдашкан. 2018-жылы 1-сентябрга чейин 268 нефтчи Республикалык ден-соолукту чыңдоочу жайларда эс алууга жетишкен.

Профилактория жаңы заманбап медициналык шаймандар менен камсыздалган, негизи ал жерде нерв оруларынын алдын алып дарылайт. Негизинен ал артрит, полуартирит сыяктуу оорулар. Профилакторияда минерал суу, парафин, электрофорез, электро массаж, световая ванна, куф, массаж ж.б. ыкмалар менен дарылоо жүргүзүлөт.

Зыяндуу шарттарда иштеген НГӨБнын жумушчуларына жана КБИБнын бургулоочусуна атайын тамак-аш (спец. питание) берилип келет.

2018-жылы нефтичилерге Республикалык ден-соолукту чыңдоочу жайларына ААКнын эсебинен 1 200 000 сомго жолдомо сатып алынган. Бул мурдагы жылдарга салыштырмалуу бир топ суммага көп. Тактап айтканда жыл сайын Жалал-Абад курорт-санаториясында, Ысык-Көлдөгү "Азат", "Ала-Тоо"

эс алуу жайларында, Воронцовкадагы санаторияда жолдомо менен нефтичилер бир чети ден соолуктарын чыңдашса, бир чети эс алып келишет.

Ошону менен бирге профсоюздардын Жалал-Абад областтык комитети тарабынан да эс алуу үчүн жолдомолор берилет. Анын негизинде Арстанбаптагы "Нефтчи" эс алуу борборунда жыл сайын эс алуу уюштурулат, андан тышкары Ноокен району менен областтын карыяларынын да эс алуусуна шарттар жаратылат. Аларга үч маал тамак-аш, жатакана берилип, барып-келүүсүнө автотранспорттор ажыратылат.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын профсоюз уюмунун азыркы учурда 5 баштапкы уюму бар. Структуралык түзүлүшү боюнча ар бир ишкананын, цехтин өздөрүнүн баштапкы профсоюз уюмдары иш жүргүзүшөт. Нефтичилердин балдарынын, жумушчулардын жайкы эс алуусуна токтолсок, Арстанбапта "Зорька" балдар эс алуу борбору, "Нефтчи" эс алуу зонасы жайкы айларда үзгүлтүксүз иштеп, нефтичилердин балдарынын ден-соолугун чыңдоого, жумушчулардын эс алуусуна жакшы кызмат кылып келүүдө.

2018-жылы "Зорька" балдар эс алуу борборунда жалпысынан 1532 бала, анын ичинен 1082 баланын эс алуусун ААКнын профсоюз комитети каржыласа, 450 баланын эс алуусу областтык профсоюз федерациясынын кеңешинин каржылоосу менен уюштурулду. Балдардын жайкы эс алуусу бардык талаптарга жооп берет. Ал жерде ашканага, жатаканага, жуунучу жай, маданий массалык жана дене-тарбия спорт иштерди уюштурууга керектүү болгон түрдүү шаймандар менен камсыз болгон. Учурда "Зорька" балдар эс алуу борбору Түштүк аймагы боюнча башка балдар эс алуу борборлорун астыга чыгарбай келе жаткандыгын белгилөөгө болот.



КЕНДЕРДИ ИШТЕТҮҮ БӨЛҮМҮ

Нефть өндүрүү 1975-жылдын 25-сентябрдагы №431-буйругунун негизинде 1975-жылдын 1-октябрынан тартып "Кыргызнефть" нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси деп аталган. Бөлүм ошол күндөн баштап башкаруу аппаратындагы өз алдынча структуралык бөлүм катарында ишин баштаган.

Кендерди иштетүү бөлүмүнүн (отдел разработки) негизги максаты:

Нефть жана газ ресурстарын жана пайдалуу компоненттерди толугураак жана комплекстүү өндүрүп алууну камсыздоо үчүн кендерди жогорку эффектүүлүктө ишке киргизүү;

Кендерди бекитилген технологиялык схемаларга жана долбоорлорго ылайык иштетүү;

Илим, техника жана технологиялык өнүгүү деңгээлинен келип чыгып, иштетилип жаткан кендерге бирдиктүү техникалык саясатты ишке ашыруу;

Жаңы ачылган кендерди ишке киргизүү боюнча материалдарды даярдоо.

Кендерди иштетүү бөлүмүн бүгүнкү күнгө чейин Г.А.Сарьян, Т.Т.Муратaлиев, И.А.Эминова, И.Х.Азимов, А.Н.Акимбековдор жетектешкен.

Кендерди иштетүү бөлүмү геологиялык бөлүм, өндүрүү техникалык бөлүм, нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын геология-технология бөлүмү менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт.

АКИМБЕКОВ АНАТОЛИЙ

1955-жылы 1-октябрда Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кашка-Суу айылында төрөлгөн. 1973-жылы Фрунзе шаарындагы №3-техникалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, токарь адистигине ээ болгон. 1974-1979-жылдары Фрунзе шаарындагы политехникалык институтунда тоо-геологиялык факультетинде окуп, тоо инженер-гидрогеолог адистигине ээ болгон.

1979-жылдан "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде геологиялык бөлүмүндө геолог болуп иштей баштаган. Ошол эле жылдын ноябрь айынан 1981-жылдын июнь айына чейин Советтик Армиянын катарында аскердик кызматын өтөгөн.

Андан кийин 1981-1985-жылдары Жалал-Абад нефть чалгындоо экспедициясында геолог, улуу геолог, 1985-1993-жылдары Кочкор-Ата шаарындагы №77-кесиптик техникалык окуу жайында директордун орунбасары, 1993-2003-жылдары нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында инженер, геология-технология бөлүмүнүн башчысы, "Избаскент" нефть өндүрүү участогунун башчысы, нефть жана газ өндүрүү башкармасынын башчысы, 2003-2005-жылдары "Ока-Керамика" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, 2005-2008-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын геологиялык бөлүмүнүн башчысы, 2008-2010-жылдары нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын башчысы болуп эмгектенсе, 2010-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин кен иштетүү бөлүмүнүн башчысы милдетин аркалап келет.

Үй-бүлөлүү, азыр аялы Айымкан Эшимбекова пенсияда. Эки уулу, төрт небереси бар.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ МАРКЕТИНГ БОРБОРУ

ТАШБАЕВ САЛИБРАИМ

1951-жылы 9-мартта Сузак районуна караштуу Сузак районуна караштуу Барпы айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1990-жылы Москва шаарындагы экономика институтунун экономика факультетин аяктап, жогорку билимге ээ болгон. 1998-жылдан тартып, 2018-жылга чейин "Кыргызнефтегаз" ААКын Жалал-Абад шаарындагы маркетинг борборунун директору кызматын аркалаган.

Нефть жана нефть продуктыларын реализациялоодо анын эмгеги чоң. "Кыргызнефтегаздын" экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өсүшүндө белгилүү деңгээлде салымы бар. Анын "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефтини кайра иштетүүчү заводдун акциясын сатып алууда да бул инсандын эмгеги чоң экендиги талашсыз.

Анын өз ишиндеги татыктуу эмгеги жана нефть өнөр жайына кошкон салымы үчүн "Кыргызнефтегаз" ААКнын жана Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйлануу татыктуу болгон.

МАТЕРИАЛДЫК КАМСЫЗДОО, МАРКЕТИНГ ЖАНА САТЫП АЛУУ БАШКАРМАЛЫГЫ

Бул мекеме алгач О.М. Т.С. деп аталып, 1965-1967-жылдары Адаменко Митрофан Илларионович жетектеген. 1967-жылдын 10-майынан тартып Туркченко Василий Васильевич, 1975-жылдын 1-февралынан 1980-жылдын 29-февралына дейре Петров Владимир Константинович, 1980-жылдын 3-мартынан 1986-жылдын 31-январына дейре Жаныш Абдраимов, 1986-жылдын 3-февралынан 1987-жылдын 26-январына чейин Маркова Зинаида Андреевна, 1988-жылдын 24-майынан 1993-жылдын 4-майына чейин Амангелди Юнусов, ошол мезгилден тартып 1998-жылдын 22-сентябрына чейин Космосбек Мадморов, ошол мезгилден 2000-жылдын 6-февралына чейин Каныбек Каипов, 2000-жылдын 3-апрелинен 2003-жылдын 12-мартына дейре Мамырбек Джеенбаев, мына ушул жылдын 25-мартынан тартып, 2006-жылдын 21-августуна чейин Каныбек Масиров, ошол мезгилден 2008-жылдын 24-апрелине чейин Исхак Пирматов, мына ушул убакыттан

2010-жылдын 6-сентябрына чейин Уланбек Султаналиевдер аталган мекемени жетектешкен. Ал эми 2010-жылдын 8-сентябрынан 2018-жылдын 1-февралына чейин Алимбай Осмоналиев жетектесе, мына ушул милдетти ошол жылдан тартып Айбек Ниязалиев ийгиликтүү аткарып келет.

Бөлүм уюшулгандан тартып, "Кыргызнефтегазга» керектүү болгон бардык жабдуулар менен камсыздап келет.

Азыр бул мекеме мамлекеттик камсыздоо, маркетинг жана сатып алуу башкармалыгы деп аталат. Өлкөбүздөгү жүргүзүлүп жаткан реформаларга байланыштуу өзгөрүүлөргө туш болуп, милдети да кеңейген. Ошого жараша өзүнүн бир топ жылдарды камтыган тарыхында “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунда таасирдүү жана өз орду бар башкармалык катарында эсептелет. Мекеменин ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү жүргүзүлүшүндө башкармалыктын адистеринин орду чоң.

Бул бөлүм 2003-жылга дейре материалдык техникалык камсыздоо бөлүмү деп аталган. Ошол жылдан тарта борборлоштурулган башкармалык болуп, “Кыргызнефтегаз” акционердик коомун толук камсыздоо жагынан бардык кызмат мына ушул башкармалыкка жүктөлүп келет. Бул бөлүмдүн өзгөчөлүгү биринчиден борборлоштурулган башкармалык, экинчиден керектүү техникалардан тартып, керектелүүчү каражаттардан буюмдарга чейин мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу конкурстук негизде жүргүзүлөт, бул милдетти аталган башкармалыктын адистери аткарышат. Бул жерде азыр 50гө чукул адистер иштешет.

Сатып алуу порталы аркылуу ар бир сатып алынган тетик болобу, же техникалык каражаттарбы, баары ачык, көрүнүп турат. Мунун негизинде фирмалар аркылуу мыйзамдуу иштегенге мүмкүнчүлүк бар. Эч ким азыр өз алдынча бир буюм, же тетик сатып ала албайт. Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Нефть бургулоо жабдууларын, тетиктерди, нефть промысль жабдууларын, атайын техникалык транспорттордук, курулуш материалдарын, чарбалык товарларды, канцелярдык товарларды, иш кагаздарына керектелүүчү буюмдарды, электр жабдууларын, азык-түлүктөрдү, геофизикалык изилдөөлөргө керектелүүчү кызмат көрсөтүүлөр, байланыш кызматынын жабдуулары жана башка буюмдардын баарын тендер аркылуу сатып алынат.

НИЯЗАЛИЕВ АЙБЕК,
Материалдык камсыздоо, маркетинг жана сатып алуу башкармалыгынын башчысы

1971-жылы Ош областынын Өзгөн шаарында туулган. 1993-жылдын 4-январынан Кочкор-Ата акционердик коомунда автогараждын диспетчерлигинен эмгек жолун баштаган. 1995-жылдын 8-июнунан автогараждын механигинен эмгек жолун улантканы. 1997-жылдын 19-сентябрынан "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда материалдык-техникалык камсыздоо жана сатуу башкармалыгында даяр товарларды реализациялоо боюнча агент болуп иштей баштаган. 1998-жылдын 16-октябрынан камсыздоо боюнча экономист, 1999-жылдын 1-декабрынан материалдык-техникалык камсыздоо жана сатуу башкармалыгынын кассир чогултуучусу болуп эмгектенген. 2006-жылдын 1-декабрынан аталган башкармалыкта маркетинг жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу боюнча экономисттиктен эмгек жолун баштаган. Айбек Ниязалиев андан соң, 2011-жылдын 16-ноябрынан аталган башкармалыкта жетектөөчү экономист болуп иштеген. Ал эми 2017-жылдын 7-июнунан материалдык камсыздоо жана маркетинг башкармалыгы материалдык камсыздоо маркетинг жана сатып алуулар боюнча башкармалык деп түзүлгөндөн кийин Айбек Ниязалиев материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана маркетинг боюнча жетектөөчү экономисти болуп эмгектенген. Анын көпчүлүктөн айырмаланган инсандык адамгерчиликтүү сапаттары, дайыма таза иштеп, ишке болгон жоопкерчиликтүү мамилеси анын кызматтык жактан тепкичке көтөрүлүшүнө шарт жаратты. Тактап айтканда мына ушундай сапаттары аркылуу ишенимге ээ болгон кесип ээси 2018-жылдын 1-февралынан тартып, материалдык камсыздоо, маркетинг жана сатып алуу башкармалыгынын башчылык кызматына дайындалды. Ошондон тарта бул милдетти жемиштүү аткарып келет.

Жалпысынан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун эмгек жамааты өз ишине так, таза жана калыстык менен иштеген, талапчан, жоопкерчиликти сезе билген жана өзүнүн аткарган кызматын баарынан жогору койгон, өз кызыкчылыгын көздөбөгөн татыктуу кадр, ишенимдүү жетекчи катарында билишет жана ошого жараша кадыр-баркы бар.

Үй-бүлөлүү. Төрт кыз, бир уулдун бактылуу атасы.

КАНАЕВ ЗАИРБЕК,
Материалдык камсыздоо жана маркетинг башкармалыгынын башчысынын орун басары

1979-жылдын 31-майында Жалал-Абад областынын Ноокен районуна караштуу Чоң-Багыш айылында төрөлгөн. 2002-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин нефть жана газ өндүрүү жана кайра иштетүү факультетин ийгиликтүү сырттан окуп бүтүрүп, жогорку билимдүү инженер адистигине ээ болгон.

Анын биринчи эмгек жолу 1999-жылдан “Кыргызнефтегаз” ААКнын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында жардамчы бургулоочу болуп иштеши менен башталган. 2005-жылга чейин катардагы жумушчу болуп иштеп, эмгектик такшалуудан ийгиликтүү өткөн. Көптөгөн нефть кудуктарын бургулоодо чоң салым кошо алган. Ал эми 2005-жылдан 2009-жылга чейин кампа башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип, 2009-2010-жылдары “Кыргызнефтегаз” ААКнын чарба бөлүмүнүн башчысы милдетин аркалаган. Андан соң, 2011-жылдан тартып ушул күнгө чейин Материалдык камсыздоо жана маркетинг башкармалыгында жетекчинин орун басары болуп эмгектенип келет.

Кандай гана жумуш болбосун жоопкерчилик менен аткарып, көпчүлүк арасында жакшы адис катарында таанылган Заирбек Канаев 2012-жылы Кочкор-Ата шаардык кеңешинин 26-чакырылышынын депутаты болуп шайланып, өрнөктүү депутат катарында да эл ишенимин аркалады.

Үй-бүлөлүү бир уул, эки кыздын атасы.

Кезегинде коомдук турмуштун активисти катарында белгилүү болгон. Бул багытта СМИлер менен активдүү кызматташкандыгы жана коомдук турмушка активдүү катышкандыгы үчүн жана өлкөдө стабилдүүлүктү калыбына келтирүүдөгү, элдердин ортосундагы ынтымакты бекемдөөдөгү эмгеги үчүн 2010-жылы КТРдин "Багыт» программасынын "2010-жылдын патриоту», 2016-жылы "Ак эмгек» гезитинин "Жылдын мыкты адамы» номинациясы ыйгарылган. Мекеменин, Кочкор-Ата шаардык мэриясынын (2009), областтык мамлекеттик администрациясынын (2011) Ардак грамоталары менен сыйланган.

САДЫРБАЕВ КУБАНЫЧБЕК

1954-жылдын 15-мартында Ленин районуна караштуу Шайдан айылынын Бирлик участкасында туулган. 1971-жылы айылдагы Жаңы-Турмуш орто мектебин ийгиликтүү аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгондон соң, алгачкы эмгек чыйырын 1972-жылдан "Ленин-Жолу" колхозунда механизатор болуп иштөө менен баштаган. 1972-жылдын май айынан тартып, 1974-жылдын майына чейин Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөгөн.

1979-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин пландоо жана экономика бөлүмүн ийгиликтүү аяктап, жогорку билимдүү экономист адистигине ээ болгон. 1979-1980-жылдары "Ленин-Жолу" колхозунда экономист, статист, андан кийин 1984-жылга дейре комсомол комитетинин секретары болуп иштеген. 1984-1986-жылдары айыл чарба кызматкерлеринин Ленин райондук комитетинде жооптуу катчы милдетин аркалаган. 1986-жылдан "Коминтерн" колхозунун башкармасынын төрагасынын тоют жана мал чарбасы боюнча орун басары болуп эмгектенген.

Андан ары Кубанычбек Садырбаевдин эмгек жолу Карл Маркс атындагы колхоздун партиялык комитетинин секретары кызматы менен улантылган. 1991-1992-жылдары "Ленин-Жолу" колхозунун партиялык комитетинин секретары, 1992-1996-жылдары Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат башчысы, акимдин биринчи орун басары, 1996-1999-жылдары Ноокен районундагы Бүргөндү айыл өкмөтүнүн башчысы кызматтарында жемиштүү эмгектенген. 2000-2002-жылдары Кочкор-Ата токой чарбасынын директорунун орун басары болуп иштеген. Ал эми 2002-жылдын март айында тандоонун негизинде "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун финансылык директорлугуна дайындалган. Андан соң, 2004-жылдан материалдык камсыздоо бөлүмүндө орун басар, 2005-2007-жылдары газ реализациялоо участкасынын башчысы, 2007-жылдан тартып борборлоштурулган кампанын башчысы болуп үзүрдүү иштеп келатат.

Ал бир нече жолу айылдык кеңештерге депутаттыкка шайланган. Шайдан, Коминтерн, Бүргөндү айылдык кеңештеринин депутаты катарында убагында элдин ишенимин ийгиликтүү аткарган. Кыргыз Республикасынын "Ардактуу атуулу" наамына ээ болгон.

Садырбаевдердин үй-бүлөсүнөн КРнын Жогорку кеңешинин эки депутаты чыккан. Биринчиси Кыргыз Парламентине үч чакырылышта депутаттык мандатка ээ болуп, кыргыз эли үчүн татыктуу кызмат кылган Дооронбек Садырбаев жана карындашы Гүласал Садырбаева.

ЮРИДИКАЛЫК БӨЛҮМ

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда юридикалык бөлүм да негизги бөлүмдөрдүн бири. Бул бөлүмдүн адистеринин өздөрүнө таандык милдет жана функциялары бар. Юридикалык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башкарманын төрагасынын буйругу менен бекитилген Жобону жетекчиликке алуу менен өз ишин алып барат.

Юридикалык бөлүмдүн негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- акционердик коомдун ишиндеги мыйзамдуулукту сактоону камсыздоо;
- акционердик коомдун мүлктүк жана башка мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарын укуктук каражаттар менен коргоо;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын үгүттөө, ишканада укуктук окутууну уюштуруу;
- Уставдын укук ченемдерине ылайык аткаруучу органдын буйруктардын, келишимдердин жана юридикалык мүнөздөгү башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга түздөн-түз катышуу;
- ички актылардын долбоорлорун мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге шайкештигин кароо;
- мекеменин кызмат адамдарына жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине укуктук консультация берүү;

- мекеме тарабынан мыйзамдарды колдонуунун практикасын жалпылоо.

Юридикалык бөлүм жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- мекеменин ишинин укуктук маселелери каралган учурда сот жана башка мамлекеттик органдарда кызыкчылыктарын коргойт;

- мекеме тарабынан иштелип чыккан укуктук актыларды, буйруктарды, келишимдердин, процесстик документтердин, ошондой эле юридикалык мүнөздөгү башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга катышат;

- укуктук актылардын долбоорлорун карайт жана аларга корутунду берет;

- түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан мамлекеттик органдын ченем жаратуучу ишинин келечектеги жана учурдагы пландарын иштеп чыгууга, ал пландарды ишке ашырууга жана алардын аткарылышын контролдоого катышат;

- мекеменин укук колдонуучу практикасын башка түзүмдүк бөлүмдөр менен бирдикте жалпылайт жана талдайт, аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

- жетекчиликтин кол коюусуна берилген юридикалык мүнөздөгү документтердин долбоорлорун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келүүсүн текшерет жана аларга виза коёт;

- эмгек тартибин чыңдоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга катышат;

- мекеменин ишиндеги мыйзам бузууга жөндөм түзгөн себептерди жана шарттарды четтетүүгө багытталган чараларды даярдоо боюнча сунуштарды киргизет жана зарылдыгына жараша аларды ишке ашырууга катышат;

- мекеменин ченем жаратуучу ишин уюштуруу-методикалык жактан камсыздайт, укуктук иштин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган сунуштарды иштеп чыгат;

- мекеменин кызматкерлеринин укуктук билимин жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө катышат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын укуктук үгүттөө боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аткарат, мамлекеттик органда укуктук окутууну уюштурат;

- мекемеге келип түшкөн ченемдик укуктук актыларды системалык тартипте каттоону жана сактоону уюштурат, мекеменин иши менен байланышкан укуктук маселелер боюнча башка документтерди чогултат, сактайт жана иштетет, аларды контролго алат;

- соттук териштирүүгө алып келген негизги себептерди жана шарттарды аныктоо максатында мекеме катышкан талаш-тартыштар боюнча доо иштеринин жана соттук практиканын абалын талдайт жана аларды четтетүү, күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча сунуштарды киргизет, ошондой эле юридикалык кызматка жүктөлгөн милдеттерге жараша башка

функцияларды аткарат;

- укуктук камсыздоо чөйрөсүндө башка функцияларды аткарат.

3. Юридикалык кызматтын укуктары

7. Юридикалык кызмат төмөнкүлөргө укуктуу:

- мекеменин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишиндеги мыйзамдуулукту сактоону камсыздоого багытталган иштерди жүргүзүүгө;

- мекеменин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, юридикалык кызматка жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды сурап алууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууларды четтетүү, зыяндын ордун толтуруу, аткарууну камсыздабаган же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган кызматкерлерди жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды жетекчиликке берүүгө;

- мекеменин жетекчисинин уруксаты менен башка бөлүмдөрдүн кызматкерлерин укуктук маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын жана башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгуу, ошондой эле мыйзамдарды үгүттөө жана мекемеде укуктук окутуу боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн тартууга;

- мекемеге келип түшкөн ченемдик укуктук актыларды таанышуу, иште пайдалануу жана системалык түрдө каттоо үчүн биринчи кезектеги тартипте алууга;

- мекеменин оперативдүү кеңешмелерине катышууга;

- сапатсыз даярдалган жана мыйзамдарга каршы келген ченемдик укуктук актылардын жана башка документтердин долбоорлорун толуктап иштеп чыгуу үчүн аткаруучуларга кайтарып берүүгө, алар боюнча зарыл болгон корутунду чыгарууга жана аныкталган бузууларды четтетүү жөнүндө маалымдамаларды берүүгө, ошондой эле мекменин жетекчисинин тапшырмасы боюнча көрсөтүлгөн долбоорлорду түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан толуктап иштеп чыгууга катышууга.

4. Юридикалык кызматты уюштуруу

8. Юридикалык кызмат жогорку юридикалык билими жана адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген иш стажы бар кызматкерлердин арасынан түзүлөт.

9. Юридикалык кызматты анын жетекчиси башкарат, ал:

- юридикалык кызматтын ишин жетектейт жана юридикалык кызматтын функцияларынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

- юридикалык кызматтын кызматкерлеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;

- юридикалык кызматтын кызматкерлерине карата тартиптик жаза салуу

же сыйлоо жөнүндө белгиленген тартипте сунуштарды киргизет;

- кызматты жетектөө боюнча башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды аткарат.

10. Юридикалык кызматтын кызматкерлеринин ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери мекеменин жетекчиси бекиткен функциялык милдеттер менен регламенттелет.

11. Юридикалык кызматтын жетекчисине жана кызматкерлерине мыйзамсыз таасир этүү же ушул Жободо каралган милдеттерди аткаруу үчүн аларды куугунтуктоого жол берилбейт.

12. Мекемеде юридикалык кызматтардын натыйжалуу жана сапаттуу иштеши үчүн талаптагыдай шарттар түзүлөт, анын ичинде:

- өзүнчө жай, ченемдик маалымдама материалдар, укуктук маселелер боюнча мезгилдүү басылмалар, юридикалык адабият, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды мезгили менен жаңыланып туруучу электрондук базасы менен камсыздоо;

- юридикалык кызматтын кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн иш-чараларды туруктуу негизде уюштуруу.

13. Мекеменин жетекчилери белгиленген тартипте, бекитилген бюджеттин чегинде юридикалык кызматтын кызматкерлерин кошумча материалдык жана материалдык эмес шыктандырууну белгилөөгө укуктуу.

Бөлүмдө үч юрист эмгектенет. Бөлүмдү юридикалык жактан жогорку билимдүү, бул тармакта тажрыйбасы мол юрист Эдилбек Чаканов жетектейт.

ЧАКАНОВ ЭДИЛБЕК

1974-жылдын 30-июнунда Аксы районунун (азыркы) Кербен шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1980-1991-жылдары Кербен шаарындагы Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектепте татыктуу билим алып, артыкчылык диплому менен аяктаган. Андан соң, 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарындагы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик улуттук университетинин юридикалык факультетин бүтүргөн.

Алгачкы эмгек жолун ошол эле жылы Токмок шаардык мамлекеттик администрациясында юрист-жетектөөчү адис болуп иштөө менен баштаган.

1998-1999-жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу академиясында өндүрүштөн тышкары билимин жогорулатып, ага "Мамлекеттик башкаруу магистри" академиялык даражасы ыйгарылган.

Андан кийин 1999-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде юриспруденция кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, окутуучу, 2000-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясында юрист-башкы адис болуп эмгектенген. 2004-жылдан Жалал-Абад областтык сотунун судьясы, 2010-жылдан 2013-жылга чейин Жалал-Абад областтык сотунун төрагасынын орун басары кызматтарын аркалаган.

2013-жылы Жалал-Абад областтык адвокаттар коллегиясында адвокат, "ЭкоИсламикБанк" жабык акционердик коомунун Жалал-Абад филиалында юрист, 2017-жылы Бишкек шаарында Республикалык адвокаттар коллегиясында адвокат болуп эмгек жолун уланткан. Ошол жылдын июнь айынан баштап "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун юридикалык бөлүмүнүн башчысы.

Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.

КАПИТАЛДЫК КУРУЛУШ БӨЛҮМҮН КИМДЕР ЖЕТЕКТЕГЕН?

"Кыргызнефтегаз" ААКнын жетектөөчү бөлүмдөрдүн бири болуп капиталдык курулуш бөлүмү уюшулган. Бул бөлүмдүн биринчи бөлүм башчыларынан болуп Мкртычева Тамара Затеевна 1960-жылдан 1990-жылга чейин 30 жылдан ашуун убакыт жетектеп келген.

1990-1991-жылдары Сарьян Лариса Леонидовна, 1991-1994-жылдары Арзыкулов Кеңеш бөлүмдү жетектешкен.

1995-1998-жылдар аралыгында капиталдык курулуш бөлүмү реструктизацияланып, өндүрүштүк бөлүмдүн курамында иш алып барган. 1998-жылы 1-сентябрдан баштап өндүрүш бөлүмүнөн чыгарылып, кайра капиталдык курулуш бөлүмү болуп түзүлгөн. Ошол күндөн тарта 2008-жылга чейин бөлүмдү Тажибаев Абдисатар жетектеген.

Ал эми 2008-жылдан бул бөлүмдүн башчылыгына Кадырбек Бечелов дайындалган. Тажрыйбалуу куруучу бул бөлүмдү ошол жылдан тартып, жемиштүү жетектеп келет.

Капиталдык курулуш бөлүмүнүн негизги милдети болуп капиталдык салымды туура бөлүштүрүп жана өз багытында колдонуп иштетүү болуп саналат. Нефть жана табигый газ өндүрүү багытында нефть жана табигый газ өндүрүп алуучу кудуктардын жабдууларын орнотуу, электр энергиясы жана байланыш каражаттары менен камсыздоочу линияларды, ошондой эле өндүрүп алынган нефть, газ байлыктарын ташып кетүүчү жер алды жана жер үстүндө тартылуучу түтүктөрдүн долбоор сметалык документтерин иштеп

чыгуу жана тийиштүү кызматтар менен макулдашып уруксат алып берүү боюнча иш алып барат.

Жалпысынан айтканда өндүрүштүк объекттерден сырткары Кочкор-Ата шаарында курулган социалдык маданият багытындагы имараттардын курулуусуна, ошону менен бирге эле шаарыбыздын жеке менчик жана көп кабаттуу турак үйлөрүнүн курулуусуна өтө зор салымын кошкон. Бүгүнкү күндө бөлүм жаш иш билги кадрлар менен толукталып, 6 адис инженер эмгектенип келүүдө. Дагы бир айта кетүүчү жагдайлардын бири бөлүмдүн катышуусунда Кочкор-Ата шаарынын түптөлүүсүнө көп кабаттуу үйлөр, эл агартуу мекемелери, бейтапкана, бүгүнкү күндөгү үй-бүлөлүк дарыгерлер мекемелери, шаардын жолдору, байланыш мекемелери (почта, телеграф, телефон), балдар бакчалары курулган. Бул бөлүм аркылуу ичимдик суу, табигый газ менен шаардын ар жашоочуларынын камсыздалышы, электрлештирүү, бак тигип көрктөндүрүү, жолдордун жарыктандырылышы, үйлөрдөн чыгарылган чыгындылардын өз мезгилинде атайын жайларга ташылып чыгаруусу, ошондой эле чыгынды суулардын ташылып кетүүсү, анын атайын каражат жана жабдуулардын жардамында тазалап залалдандыруусунун уюштурулуусу сыяктуу курулуштардын жүргүзүлүп бүткөрүүсүнө түздөн-түз тиешеси бар ушул бөлүм болуп эсептелет. Капиталдык курулуш бөлүмү иштеп чыккан титулдук баракчанын негизинде "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун жалпы өндүрүштүк багыттагы бардык объектилери, тактап айтканда промыселдик, магистралдык нефть жана газ ташуучу түтүктөрү, бургулоо иштери бүткөндөн кийинки газ, нефть өндүрүүчү кудуктардын ишке кабыл алышына даярдалуучу долбоорлордун иштелип чыгуусу жана анын мамлекеттик комиссия тарабынан кабыл алынып ишке киргизилишинде аталган бөлүм түздөн түз иш алып барат. Мурда аткарылган иштерге кошумча акыркы жылдары ишкананын ар кандай өзүнчө башкармалыктарына жаңы эки кабаттуу ашкана, кир жуучу, душ жана жыйындар залы менен имарат курулуп бүткөрүлгөнү, ошону менен бирге газ жана нефть ташуучу түтүктөрдүн оңдолуп алмашылып курулушу, өндүрүштүк ишканалардын айлана-тегеректеринин асфальтталып иретке келтирилиши, Кочкор-Ата шаарынын эли үчүн ичимдик суусу менен камсыздоо максатында 5 чакырым суу жүрүүчү жер алды түтүктөрүнүн алмашылышы, нефть өндүрүүнүн көлөмүнүн жыл санап көбөйүп жатканына байланыштуу эки даана 1000 м^3, бир даана 500 м^3, бир даана 700 м^3, эки даана 3000 м^3 резервуарлардын курулушу, 15 чакырым нефть ташуучу нефть түтүгүнүн курулушу газ өндүрүү тармагы боюнча Катта-Туз кенине жаңы ГСПнын, 3,0 чакырым газ түтүгүнүн курулушу, ТТБга күйүүчү майлоочу майлар сактоочу жер алды кампасынын курулушунун бүткөрүлүп ишке киргизилиши болуп эсептелет. Капиталдык курулуш бөлүмү тарабынан социалдык жана административдик, ошондой эле өндүрүш

багытындагы имараттарда кезектеги оңдоп түзөтүү жумуштары жасалат. Мектепке чейинки балдар үчүн имараттар жыл сайын кезектеги оңдоп түзөтүүдөн өтүп турат. Ал эми жайкы эс алуу убактысында нефтичилердин эле эмес жалпылап айтканда областтын балдары эс алуучу Арстанбап айылындагы "Зорька" эс алуу борборундагы имараттарды да жыл сайын оңдоого көңүл бурулуп келет.

БЕЧЕЛОВ КАДЫРБЕК

1957-жылдын 11-январында Ош областынын Ленин районуна караштуу "Коминтерн" колхозунда туулган. Атасы Бечелов Асан "Коминтерн" колхозунда агроном, апасы Бечелова Турдубү колхоздо колхозчу болуп эмгектенишкен. Үй-бүлөдө төрт бир тууган. Үч уул жана бир кыз тарбияланышкан. 1975-1977- жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын өтөгөн.

1983-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун ийгиликтүү аяктап, курулуш инженери кесибине ээ болгон. Алгачкы эмгек чыйырын Ленин райондук капиталдык курулуш бөлүмүндө курулушту техникалык көзөмөлдөөчү инженер болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылы Кочкор-Ата шаарындагы Ленин райондук ПМКсында мастер болуп эмгек жолун уланткан. 1984-жылдан баштап 2001-жылга чейин Ленин райондук ПМК-2, азыркы Кочкор-Ата "Айылкурулуш" мекемесинде участканын мастери, башкы инженер кызматтарын аркалаган. Эмгектеги жетишкендиктери үчүн Ардак грамотасы жана "Ыраазычылык" баракчасын алган.

Анын эмгек жолу кийин 2001-жылдан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун капиталдык курулуш бөлүмүнө инженер нормировшик болуп иштөө менен улантылган. Андан соң, ушул эле ишканада инженер технадзор болуп иштеп, ал эми 2008-жылдан баштап капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысы кызматын аткарып келет.

Бул жерде да эмгектеги ийгиликтери үчүн бир нече ирет Ардак грамоталар менен сыйланууга татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү. Келинчеги Нурила Эшиева "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна караштуу №2-балдар бакчасынын башчысы.

Беш кыз, 12 небереси бар. Кыздары баардыгы үй-бүлөлүү, жогорку билимге ээ болушкан, азыркы кезде өз кесиптерине ылайык ар кайсыл жумуштарда эмгектенишет.

КУРУЛУШ-МОНТАЖДОО БАШКАРМАЛЫГЫ

Курулуш-монтаждоо башкармалыгынын тарыхы нефть өнөр жай өндүрүшүнүн пайда болушу менен байланышкан. Эң алгач нефтегаз өндүрүшү боюнча "Борбордуказиянефтекурулуш" трестинин №3-(СУ-3) курулуш башкармалыгы уюшулган. 1967-жылы бул "СУ-3 мекемеси" курулуш-монтаждоо башкармалыгы болуп "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармалыгынын катарына кирген. Ошол кезде 350 адам иштеген. Ал мезгилден тартып аталган курулуш-монтаждоо башкармалыгы, андан кийин ар түрдүү себептерге байланыштуу курулуш-монтаждоо участогу болуп өзүнүн максат-багыттарын ишке ашырып келди.

1986-1997-жылдары курулуштун көлөмүнүн кыскарышы менен "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин чарбалык эсептеги курулуш-монтаждоо участогу болуп, кайрадан түзүлдү.

Нефть скважиналарын куруу, нефтегаз жана суу менен камсыздоо жана электро берүү линияларынын курулуштарын курулуш-монтаждоо участкасынын куруучулары комплекстүү түрдө аткарып келди.

Аталган мекеменин биринчи жетекчиси (СУ-3) С.Райтман болгон. 1967-жылдан В.Ф.Молочков, андан соң А.Г.Донсков, 1979-жылдан Л.А.Рахубо

жетектеген. 1988-жылдан тартып азыркы мезгилге дейре курулуш-монтаждоо участкасын Кадыржан Момошов жетектеп келет.

Бул курулуш-монтаждоо участкасынын тарыхы анын уюштурулгандан тартып, бүгүнкү күнгө чейин эмгектенип келишкен кадрлардын эмгек, жашоо турмушу менен байланышкан. Эгерде артка саресеп сала турган болсок, бул мекемеде кезегинде А.Киньшин, Н.П. Серебряков, К. Момошов, Х.Усаркулов, О.Тоньялдер эмгектенип, нефть өнөр жайынын өнүгүшүнө өз салымдарын кошуп келишкен.

Азыркы мезгилде курулуш-монтаждоо участкасы нефть, газ, суу менен камсыздоо линияларын, жылуулук жабдууларын монтаждоо жумуштарын аткарат. Бул иштердин башында прораб А. Абдыразаков турат.

Турак-жай, социалдык, маданият, турмуш тиричилик жайларын куруу жана капиталдык ремонттоо үчүн курулуш участогу түзүлүп, анда А.Забаранов, М.Закиров, А.Раимкуловдор иштешкен. Бул курулуш участкасынын базасында сантехникалык участок түзүлгөн, анда прорабдык милдетти В.Молочков аткарган.

Азыркы мезгилде курулуш участкасында прорабдык кызматты А.Макибаев аркалап келет.

Курулуш-монтаждоо участкасынын базасында өздүк көмөкчү чарбасы бар. Бул чарбаны И.Падалкин иштетет. Мында арматура, токардык цех, РБУ, устачылык цех жана өрт коркунучунун алдын алуу жабдуулары орнотулган.

Көмөкчү цехтерде өз иштерин мыкты билишкен-механик М.Маханьков, 1У разряддагы электрогаз менен ширетүүчү А. Михайленко, өз кесибинин устаты Деньгин, үчүнчү даражадагы "Даңк" орденинин ээси А.Юрков, татыктуу кесип ээлери М. Алымкулова, Д. Тойчиевалар эмгектенишет.

Кочкор-Ата шаарынын курулуп, түптөлүшүнө салым кошушкан И.Падалкин, А.Денисова, Т.Тоньял, А.Рахманалиев, С.Балтабаев, Т.Кошоев, Я.Ахмедов, М.Бухарметов, З.Ибрагимова, М.Жаркынбаев, Р.Кучманова, Х.Усаркулов, Н.С.Ховраш, Р.Токтоматов, А.Жолчиев, Э.Аракулов жана башка курулуш-монтаждоо участкасынын көптөгөн кесип ээлеринин эмгеги көбүнө белгилүү. Ал эми азыркы күндө эмгек ардагери А. Муталипов аталган курулуш монтаждоо участкасында өзүнүн эмгек жолун улантып келет. Ал кезегинде Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан боюнча кыш кыноочулардын ортосунда өткөрүлгөн сынакта жеңүүчү болгон.

Айта кетсек, Кочкор-Ата шаарынын бир катар турак жайлары жана "Кыргызнефтегаздын" бөлүмдөрүнүн базалары курулуш-монтаждоо участкасынын куруучуларынын колу менен курулган. Алсак, Кочкор-Ата шаарынын Пионер көчөсүндөгү ар бири 48 квартирадан турган көп кабаттуу 6 үй, Тургенев көчөсүндөгү 48 квартиралуу 9, Садовая көчөсүндөгү 48 квартиралуу 3 үй мына ушул куруучулардын эмгеги менен салынган.

Мындан тышкары Кочкор-Ата–Аскака 70 чакырымды ээлеген нефть түтүктөрү, Кочкор-Ата–Чаңгыр-Таш 70, Карагач-Канибадам (Лейлек району) 130 чакырымга,

(1979-1985-жылдары), Базар-Коргон-Жалал-Абад 20 чакырымга созулган (1996-жыл) нефть түтүктөрү курулган. "Достук", "Избаскент" нефть өндүрүү участкалары, технологиялык-транспорт, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын механикалык мастерскойлору, профилактория, УТТ, КУБР, НГДУ, СМУнун административдик имараттары, Кочкор-Ата шаарындагы бардык суу, газ жана канализациялары мына ушул курулуш-монтаждоо участогунун курууучуларынын эмгеги менен жасалган. Алар "Нефтяник" спорттук жайын, "Зорька" балдар чыгармачылык үйүн жана Арстанбаптагы "Нефтяник" эс алуу жайын салышкан. "Избаскент", Майлу-Суу, Чаңгыр-Таш, Кайрагач 1341 нефть скважина, ошону менен бирге 80 даана газ скважиналарын курушкан.

Тактап айтканда курулуш-монтаждоо участкасынын курууучуларынын алгачкы тарыхынан берки эмгеги нефть жайларынын ачылып жана өнүгүшү менен байланышып келет.

МОМОШЕВ КАДЫРЖАН

"Кыргызнефтегаз" ААКнын курулуш-монтаждоо участкасынын башчысы.

1954-жылдын 1-февралында Ленин районуна карашту Хиля айылында жарыкчылыкка келген.

Орто мектепти ийгиликтүү аяктап, эр жигиттик куракка келгенде 1972-1974-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын ийгиликтүү өтөгөн. 1979-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун инженер-курулуш факультетин ийгиликтүү аяктаган жана жогорку билимге ээ болгон.

1979-1982-жылдары "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин курулуш монтаждоо башкармасында алгач мастерликтен эмгек жолун баштаган. Андан соң, 1982-1983-жылдары дал ушул башкармалыкта прораб, кийин 1983-1988-жылдары башкы инженер болуп эмгектенген. Ал эми 1988-жылдын ноябрь айынан тартып, тактап айтканда 30 жылдан ашуун убакыттан бери мына ушул курулуш-монтаждоо участкасын ийгиликтүү жетектеп келет. Өз ишине дасыккан, такшалган чыныгы курууучу, өз кесибинин устаты, тажрыйбалуу жетекчи.

СЫРТКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯ БӨЛҮМҮ

«Кыргызнефтегаз» ААКнын Сырткы экономикалык байланыш жана инвестиция бөлүмү алгач 2002-жылдын 31-октябрында №295-буйругунун негизинде сырткы экономикалык ишмердикти күчөтүү жана чет өлкөлүк инвесторлорду тартуу максатында түзүлгөн, ошондон тарта инвесторлорду тартуу жаатында бир канча ийгиликтүү иштер алынып барылган, мисалы Түштүк Деррик, Түштүк Нефть Компаниясы, КНГ-Гидрокарбонс, Юнимед Вотрес, Сантос, Спектрум Энержи Лимитед ж.б. европалык жана австралиялык инвесторлор, ошондой эле кытай инвесторлорунун Тен И компаниялары менен келишимдер түзүүгө жетишип, жемиштүү иш жүргөн.

2008-жылы ишкананы структурасын оптималдаштыруу максатында геология бөлүмү менен бириктирилип, бирок мурдагы иштерин улантып келген. Инвесторлор менен тыгыз эффективдүү иш алып баруу максатында 2016-жылы кайрадан өз алдынча бөлүм катары түзүлүп иштеп келе жатат.

Бөлүмдүн негизги тапшырмалары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- “Кыргызнефтегаз” ААКу менен контракттык негизде иштеп жаткан чет элдик жана биргелешкен ишканалардын эффективдүү ишмердиги үчүн бардык шарттарды түзүү;
- “Кыргызнефтегаз” ААКнын структуралык бөлүмдөрүнүн “Кыргызнефтегаз” ААКу менен контрактык негизде иш алып барып жаткан чет өлкөлүк инвестордук компаниялар менен иштөөсүн координациялоо;
- “Кыргызнефтегаз” ААКнын өнүмдөрүн жана кызматтарын ички жана сырткы рынокто оптималдуу маркетингдөөнү камсыздоо;
- Өкмөттүк структуралар, мыйзам чыгаруучу, жергиликтүү башкаруу органдар менен Кыргыз Республикасында инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча иш алып баруу;
- Кыргыз Республикасынын нефть жана газ боюнча жаратылыш ресурстары, Кыргыз Республикасынын аракеттеги өндүрүштүк кубаттуулугу жана мыйзамдык базасы боюнча маалыматтарды чет өлкөлүк инвесторлорду нефть жана газ тармагына тартуу максатында максималдуу пайдалануу.

Сырткы экономикалык байланыш жана инвестиция бөлүмү азыркы мезгилде 13 чет өлкөлүк инвестордук компаниялар менен тыгыз иш алып барууда. 2016-жылы инвесторлор өндүргөн нефтинин жылдык өндүрүш көлөмү 51960,287 миң тоннаны түзсө, 2017-жылы 69197,87 миң тоннага жетип, 17 287,58 миң тонна 2016-жылга караганда ашыкча өндүрүлүп, инвестордук компаниялардын нефть өндүрүү өсүү темпи 117,8 пайызды түзгөн.

Эми СЭБИ бөлүмүнүн быйылкы жылкы негизги максаттарынын бири, инвесторлордун кызыгуусун жаңы нефть кудуктарды бургулап, эски кудуктарды ремонттоп, жана аракеттеги кудуктардан нефть өндүрүүнү интенцификациялоо менен гана чектелбестен, жаңы кендерди табуу максатында геологиялык чалгындоо жумуштарына тартуу болууда.

Бекитилген штаттык жадыбал боюнча СЭБИ бөлүмүнүн штатын бөлүм башчысы, экономист жана котормочу түзөт.

“Кыргызнефтегаз” ААКнын тарыхында сырткы экономикалык башкаруу бөлүмүн төмөнкү адамдар жетектеген:

Сабиров Оморали-2002-2008-жылдары;

Самибаев Чынгыз-2016-жылдан бери аталган бөлүмдү жетектейт.

Бөлүмдүн жалпы башкаруусу менен алектенет, жана “Кыргызнефтегаз” менен контракттык негизде иштешип жаткан инвестордук ишканалардын ишмердигине мониторинг жасап көзөмөлдөйт.

Экономист-Мамытов Чынгыз, “Кыргызнефтегаз” ААКда 2018-жылдын июнь айынан бери эмгектенет. Инвестордук компаниялардын ишмердигине пландоо-экономикалык бөлүм менен биргеликте финансылык-экономикалык анализ жүргүзүп, инвестиция боюнча отчётторду түзөт.

Султанова Айжаркын, экономист “Кыргызнефтегаз” ААКда 2013-жылдан бери эмгектенет.

Котормочу-Капарова Жылдыз, “Кыргызнефтегаз” ААКда 2008-жылдан бери эмгектенет. Англис тилинен орус, кыргыз тилдерине жазуу түрүндөгү котормолорду, жана ошондой эле орус тилине кыргыз, англис тилдерине жазуу түрүндөгү котормолорду, англис тилинен ооз эки котормолорду ишке ашырат.

“Кыргызнефтегаз” ачык акционерди коомунун инвесторлор менен иш алып барууда баа жеткис эмгегин төмөнкү адамдар кошуп кеткен: Пидько Анжела, Абдурахманов Бакыт, Таштемиров Арзимбек, Жолчу уулу Азизбек, Кожомбердиев Нурбек, Токтоназарова Айнагуль, Осмонов Майрамбек.

САМИБАЕВ ЧЫНГЫЗБЕК

1984-жылдын 17-июнунда Ош областына караштуу Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айылында туулган. 2001-жылы Ош шаарындагы У. Салиева атындагы №28-мектеп-лицейин артыкчылык күбөлүгү менен аяктаган. 2006-жылы И. Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы У. Асаналиев атындагы тоо-кен жана металлургия институтунун тоо-кен иштери жана тоо-кен технологиялары факультетин ийгиликтүү аяктап, кен бай-

лыктарды жер алды иштетүү адистиги боюнча тоо-кен инженери адистигин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Ушул эле жылдын 1-сентябрында “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында нефть өндүрүү боюнча III разряддагы оператор болуп жумушка кабыл алынган. 2006-жылдын 1-ноябрынан скважиналарды утурумдук жана капиталдык ремонттоо цехине бургулоочунун IV разряддагы жардамчысы катары которулган. 2007-жылдын 12-январынан нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын өндүрүштүк изилдөөлөр тобуна IV разряддагы скважиналарды изилдөөчү оператор болуп иштей баштаган. 2007-жылдын 19-мартынан “Кыргызнефтегаз” ААКнын нефть жана газ өндүрүүчү башкармалыгынын геологиялык технологиялар бөлүмүнө III категориядагы геолог катары которулуп, ушул эле жылдын сентябрь айында И. Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы У.Асаналиев атындагы тоо-кен жана металлургия институтунун геология факультетине тапшырып, окууну жумуш менен айкалыштырган. 2009-жылдын 17-июлунан “Кыргызнефтегаз” ААКнын нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын геологиялык технологиялар бөлүмүндө II категориядагы геолог болуп иштеген. 2010-жылдын июнунда И.Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин алдындагы У.Асаналиев атындагы тоо-кен жана металлургия институтунун геология факультетин геологиялык сүрөткө алуу, баалуу кен-байлыктарды изилдөө жана чалгындоо адистиги боюнча тоо-кен инженери адистигине ээ болгон. 2011-жылдын 4-январынан “Кыргызнефтегаз” ААКнын нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын геологиялык технологиялар бөлүмүндө утурумдук жана капиталдык ремонттоолор цехинде I категориядагы геолог кызматын аркалаган. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу академиясынын магистратурасына бизнести башкаруу адистиги боюнча окууга кирген. 2012-жылдын август айынан “Избаскент I” нефть өндүрүү участкасынын башчысы болуп дайындалып, ал эми 2016-жылдан “Кыргызнефтегаз” ААКнын башкармалыгынын аппаратында сырткы экономикалык байланыш жана инвестиция бөлүмүнүн башчысы милдетин аркалап келет.

Үй-бүлөлүү, 3 уулдун атасы.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

“Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун кадрлар бөлүмүнүн тарыхы аталган коомдун өзүнүн тарыхы менен үзгүлтүксүз байланыштуу.

1932-жылы Чаңгыр-Таш кенинде бир нече изилдөөчү кудуктар казылып бүтүлдү. Ушул эле жылы №2-кудуктан 250 метр тереңдиктен өндүрүштүк мунайдын биринчи фонтаны алынган. Бул менен палеоген чөкмөлөрү V пластта мунайлуу экени далилденген.

Ушул эле мезгилде Кыргызстан мунай өнөр-жайынын кадрлары түптөлө баштаган. Техникалык ийримдер, квалификацияны жогорулатуу курстары, жумушчуларды практикалык окуп үйрөтүүлөр, мунун баары өндүрүштүк эмгектин жогорулашына мүмкүнчүлүк жараткан.

Майли-Суу IV, Избаскент жана Чыгыш Избаскент кендери Кыргыз ССРинин аймагында кыска убакыттын ичинде ачылуусу 1955-жылы “Кыргызнефть” мунай өндүрүү башкармалыгы (МӨБ) аталышындагы кыргыз мунай өндүрүүчү ишкананын түптөлүшүнө негиз болуп берген. Кийинки жылдары “Кыргызнефть” МӨБ бир нече кайра уюшууларга туш болду. 1997-жылдын январь айынан баштап Өкмөттүн Токтому менен “Кыргызнефть” “Кыргызнефтегаз” акционердик коому болуп кайра түзүлгөн. 2004-жылдын апрель айынан “Кыргызнефтегаз” акционердик коому “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коому болуп кайра уюшулган.

Азыркы учурда “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунда 2354 адам эмгектенет. Республикадагы мунай өнөр-жайы тармагынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эмгек жамааттын өзгөчө стабилдүүлүгү эсептелет. Өзүнүн ишмердүүлүгүн аткарууда кадрлар бөлүмү “Кадрлар бөлүмү жөнүндөгү” жобону, Кыргыз Республикасынын эмгек кодексин, ченемдик документтер жана жоболорду жетекчиликке алат. Кадрлар бөлүмүнүн башкы тапшырмасы “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун жетекчилиги менен биргеликте штаттык расписаниеге ылайык бөлүмдөрдүн жетекчилигине жана инженердик-техникалык кызматтарга адистерди тандап алуу. Кадрлар бөлүмү тарабынан “Кыргызнефтегаз” ААКнын кадрларын алардын адистиктерине жана квалификацияларына жараша рационалдуу колдонууну жана жайгаштырууну, кызматкерлердин штаттык-кызматтык инструкцияларды аткаруусун, адистердин резервин түзүүнү, инженердик-техникалык кызматкерлердин кызматтарын ээлеген тажрыйба топтоочуларга берилген жолдомо боюнча чараларды кабыл алууну, жогорку жана атайын орто окуу-жайларга жолдомо берүүнү көзөмөлдөйт. Өндүрүштөн оолактатып, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну пландайт жана уюштурат.

“Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун кадрлар бөлүмү бул жумушка кабыл алуучу, жумуштан бошотуучу жана өргүүгө жөнөтүүчү кызмат.

Бул жай сизди кунт коюп угуп, керектүү тактаманы берип, консультациялап, түшүндүрүп, кандай документтер керек экендигин айтып, сиздин маселеңиз менен кимге кайрылуу керек экендигин айтып берет. Анткени кадрлар бөлүмүнүн кызматкерлеринин ишинен жамааттын ар бир мүчөсүнүн тагдыры чечилет деп айтууга толук болот. Кадрлар бөлүмүндө адамдын эмгек ишмердиги толугу менен, анын профессионалдык өсүүсү келечектеги перспективасы баштан аяк чагылдырылып сакталат.

Бөлүмдүн башкы сиңирген эмгеги жана сыймыгы-бул жылдар бою тарбияланган, өзүнүн ишине берилген жана ар качан берилген тапшырманы так аткарууга даяр чыныгы кесипкөйлөрдүн жамааты. Бөлүмдө өзүнүн эмгектери менен анын тарыхында өчпөс из калтырып кеткен ардагерлерди кадырлап баркташат.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын дээрлик жарым кылымдык тарыхында кадрлар бөлүмүн төмөнкү адамдар жетектеген:

Горшунов Дмитрий Сергеевич 1961-1962-жылдары,
Тринченко Виктор Алексеевич 1962-1975-жылдары,
Минина Татьяна Ивановна 1975-1977-жылдары,
Мироненко Пелагея Пантелеевна 1977-1992-жылдары,
Ал эми 1992-2008-жылдары Бейшеналиева Айнура жетектеген.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда эмгек мамилелерин уюштуруу боюнча жумуштарга баа жеткис эмгегин төмөнкү адамдар кошкон: В.А.Коскина, П.А.Кисленко, Л.С.Филипенко, А.А.Трегубова, Х.Галиева, Н.И.Липова, В.И.Кравцова, Н.В.Безверхняя, Т.Понамерева, Т.Надейкина ж.б.

2008-жылдын 18-августунан тартып азыркы мезгилге чейин кадрлар бөлүмүн Абдикарим Эгембердиев жетектеп келет. Ага ишенип тапшырылган бөлүм татыктуу иштеп жатат. "Кыргызнефтегаз" ААКнын кадрлар бөлүмү жогорку кесипкөй, өз жумуштарын оперативдүү жана эффективдүү чече алчу адистерден куралган бөлүм, ынтымактуу жамааттын сый-урматына ээ.

Бардык уюштуруу маселелерин чечүү, ишмердикти координациялоо, кадрлар бөлүмү тарабынан берилген тапшырмалардын аткарылуусун көзөмөлдөө, жумушчулардын кесиптик билимин жогорулатууну, жетекчи кызматкерлердин жана адистердин квалификациясын дайыма жогорулатып туруу, кадрларды кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатууга кеткен каражаттар сметасын түзүү кадрлар бөлүмүнүн I категориядагы инженери Мамлакатхан Мырзамамытова тарабынан ишке ашырылып келет. "Кыргызнефтегаз" ААКнын аппаратынын жана участкаларынын өздүк курамынын эсебин алууну кадрлар бөлүмүнүн II категориядагы инженери Эльвира Нугманова алып барат. Мектепке чейинки тарбиялоочу балдар мекемесинин өнүгүүсүнө жана жакшыруусуна багытталган, ошондой эле аскерге милдеттүүлөрдүн эсебин жана брондоо жумуштарын Юлия Благодаренко алып барат.

“Кыргызнефтегаз” ААК кадрлар бөлүмүнүн структурасына “Кыргызнефтегаз” ААКнын структуралык бөлүмдөрүнүн кадрлар бөлүмдөрү баш ийет алардын жетекчилери:

- Сыдыкова Нургуль – нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы;
- Орозова Азиза – технологиялык-транспорттор башкармалыгы;
- Жоробаева Роза – Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы.

Бүгүнкү күнгө “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунда 2354 адам, алардын 201 жетекчи кадрлар, 303 адистер жана 1850сү жумушчулар. Кадрлардын 632си жогорку билимдүү, 404ү атайын орто билимдүү.

Аталган мекемеде кесиптик жактан жогорку жана атайын орто билим алууну каалаган жаштар өндүрүштөн ажыратылбай туруп жогорку жана атайын орто окуу жайларында сырттан окушат. “Кыргызнефтегаз” ААКсы Кочкор-Ата техникалык колледжи, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз-Россия Славян университети жана ошондой эле академик У. Асаналиев атындагы тоо-кен технологиялык институту менен жаш адистерди даярдоо жана өндүрүштүк практикалардын бардык түрүн өтөө боюнча кызматташат.

Ошентип, 2015-жылы кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн 278,8 миң сом, 2016-жылы курстарда окутуу жана квалификацияларды көтөрүүгө 178,2 миң сом каражат жумшалды.

Кадрлар бөлүмү тарабынан жеринде жеке окутуу усулу менен жумушчуларды даярдоо, кайра даярдоо жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча жумуштар жасалып келет. 2017-жылдын ичинде биринчи кесип катары нефть жана газ алуучу участкаларда иштөөчү ширетүүчү-ремонттоочу, скважиналарды капиталдык ремонттоочу бургулоочунун жардамчысы, электр жабдыктарын ремонттоочу жана тейлөөчү электромонтер (нефть жана газ алуучу участкаларда иштөөчү), суусуздандыруучу жана туссуздандыруучу курулманын оператору, скважиналарга жер алды ремонт жасоочу оператор, автоунааларды оңдоочу ширетүүчү, автоунаа жуучу кесиптери боюнча 21, экинчи кесип катары жүк көтөрүүчү машинанын машинисти, скважиналарды цементтөө боюнча машинист, моторист, колдо ширетүүчү уста, мобилдүү компрессордун машинисти, күйүүчү зат аппаратурасы боюнча ширетүүчү адистиктери боюнча 10 адам окутулду.

Квалификациясын 22 киши жогорулатты: нефть жана газ өндүрүү оператору, суусуздандыруучу жана туссуздандыруучу курулманын оператору, автоунаалардын айдоочулары, жабдууларды ширетүүчү, автоунаа оңдоочу ширетүүчүлөр, кыймылдаткычтарды оңдоочу ширетүүчүлөр, колдо куюучу ширетүүчүлөр, ремонтточу ширетүүчүлөр, газ курулмаларын экплуатациялоочу жана оңдоочу ширетүүчүлөр, баары биригип, 22 адис кесиптик чеберчиликтерин жогорулатышты.

Өндүрүшкө керек болуучу кесиптерге жумушчуларды жеринде индиви-

дуалдык окутуу усулу менен окутулат, жана ошондой эле экинчи кошумча кесипке да жеринде мына ушундай жеке усул менен окутулат. Өндүрүштүк мекеме тарабынан 2017-жылдын 9 айында окутуу жана квалификацияны жогорулатууга 21212,53 сом жумшалган.

ЭГЕМБЕРДИЕВ АБДИКАРИМ,
“Кыргызнефтегаз” АККнын кадрлар бөлүмүнүн азыркы башчысы

1965-жылдын 8-августунда Ош областына караштуу Ленин районунун Хиля айылында туулган. 1983-1984-жылдары Калинин атындагы колхоздо колхозчу болуп иштегенден тарта анын эмгек жолу башталган. 1984-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин (КМУ) экономика факультетинин студенти болуу бактысына туш келди. 1985-1987-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1987-1991-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде да билим алуусун уланткан. 1991-жылы "Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин пландоо бөлүмүнө 2-категориядагы экономист болуп жумушка кабыл алынган. 1992-жылы пландоо бөлүмүнүн 1-категориядагы экономисттигине которулган. 1994-жылы пландоо бөлүмүнүн башчысы кызматына дайындалды. 1998-жылы "Кыргызнефтегаз» ААКнын пландоо, экономика жана бюджет департаментинин башчысы болуп дайындалды.

2000-жылы нефть, газ өндүрүүчү башкармалыгында жетектөөчү экономист болуп эмгек жолун улантты. 2005-жылы "Кыргызнефтегаз» ААКнын пландоо бөлүмүнүн башчылыгына дайындалды. 2008-жылдан кадрлар бөлүмүнүн башчысы милдетин жогорку жоопкерчилик менен аткарып келет. 2003-жылы бухгалтерлер жана аудиторлор палатасынын кыска курсунда окуп "Башкаруу учёту» боюнча сертификатка ээ болгон. 2004-жылы Мамлекеттик мүлктү башкаруу комитетинин алдындагы окуу борборунда кыска курста окуп, "Ишканаларды башкаруучу кадрлар» программасы боюнча сертификат ыйгарылган, 2005-жылы Москва шаарында Россия Федерациясында нефть, газ тармагы боюнча институтта окуу курсунан өтүп, "Нефтегаз компаниясында финансыны башкаруу» боюнча сертификат алууга жетишкен.

Абдикарим Эгембердиевдин нефть, газ тармагындагы татыктуу эмгеги 2007-жылы "Кыргызнефтегаз» ААКнын Ардак грамотасы, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин, 2015-жылы Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун Ардак грамоталары менен бааланган.

Үй-бүлөлүү, уул-кыздардын жана неберелердин бактылуу атасы.

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ААКнын КООПСУЗДУК КЫЗМАТЫ

Коопсуздук кызматы башкармалыктын өзүнчө структуралык бөлүгү болуп саналат. Негизги милдеттери төмөндөгүчө:

- "КНГ" ААКнын жумушчуларынын коопсуздугун камсыздоо;
- "КНГ" ААКнын мүлктөрүн кайтарууну уюштуруу жана коопсуздугун камсыз кылуу;
- Коррупцияга каршы иш-чараларды уюштуруу.

"Аскерлештирилген күзөт" бөлүмүн уюштуруу боюнча буйрук 2000-жылдын 5-майында чыккан. "Аскерлештирилген күзөт" бөлүмүн уюштурган жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын обңекттерин кайтарууга алган биринчи бөлүм башчысы болуп милициянын отставкадагы майору Дарманкулов Аскарбек 2000-жылдын 5-майынан тартып 2005-жылдын 1-июлуна чейин иштеген. Мында башчы, 1 инспектор жана 206 күзөт кызматынын адамдары эмгектенишкен.

2005-жылдын 1-июлунан тартып 2009-жылдын 30-мартына чейин өндүрүштүк объектилерин кайтаруу кызматын Омуркулов Жолдошали башкарган. Ал кезде башчы, 2 инспектор жана 118 күзөт кызматынын адамдары иштеген.

2009-жылдын 30-мартынан тартып 2011-жылдын 31-октябрына чейин өндүрүштүк объектилерин кайтаруу кызматын Суюмбаев Айбек башкарган.

2011-жылдын 31-октябрында "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармалыгында коопсуздук кызматы түзүлгөн, анын жетекчиси кызматында

2011-жылдын 31-октябрынан 2012-жылдын январь айына чейин Нишанкулов Абдилмурат, ал эми 2012-жылдын январь айынан тартып 2017-жылдын 27-апрелине чейин Мустапакулов Алмазбек эмгектенишкен.

2017-жылдын 27-апрелинен 2017-жылдын 13-июлуна чейин жетекчинин милдетин Арзымбеков Азамат аткарган.

2017-жылдын 13-июлунан тартып ушул күнгө чейин коопсуздук кызматын милициянын отставкадагы полковниги Тойчуев Насирдин жетектеп келет. Коопсуздук кызматынын жамаатында эки адис, улук инспектор, эки инспектор жана 242 күзөт кызматынын адамдары эмгектенет.

Арзымбеков Азамат – кагаз иштери жана жалпы маселелер боюнча адис;
Абдакимов Акбарали – курал-жарак боюнча адис;
Маматкулов Сабыржан – улук инспектор;
Мурзакулов Нурбек – инспектор;
Камчиев Равшанбек – "Карагач" нефть өндүрүү участкасы боюнча инспектор.

ТОЙЧУЕВ НАСИРДИН
"Кыргызнефтегаз" ААКнын
коопсуздук кызматынын башчысы

1957-жылдын 15-мартында Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Бел-Өрүк айылында туулган. 1976-1980-жылдары Казак ССРинин Караганда шаарында жайгашкан Милициянын жогорку окуу жайын бүтүргөн. 1980-1985-жылдары Ош облусттук ИИБда инспектор, ага инспектор, 1985-1991-жылдары Ош областынын Ленин РИИБнын Социалисттик мүлктү уурдоого каршы күрөшүү бөлүмүнүн (ОБХСС) башчысы болуп иштеген. Андан соң, 1991-1995-жылдары Базар-Коргон РИИБнын Социалисттик мүлктү уурдоого каршы күрөшүү бөлүмүнүн (ОБХСС) башчысы, 1995-2000-жылдары өзгөчө маанидеги иштер боюнча ага опер өкүл, 2000-2004-жылдары Жалал-Абад ШИИБнын экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, 2004-2006-жылдары Жалал-Абад ШИИБнын кызматтык кылмыштар менен күрөшүү кызматынын башчысы кызматтарын аркалаган. Ал эми 2006-2010-жылдары Жалал-Абад областтык ички иштер башкармасынын Тогузунчу бөлүмүнүн башчысы, 2011-2017-жылдары "Оптима Банк" ААКнын Түштүк аймагы боюнча коопсуздук кызматынын башчысы болуп иштеген. 2017-жылдын 13-июлунан тартып "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун коопсуздук кызматынын башчылыгына дайындалган. Мына бүгүнкү күндө мына ушул жоопту милдетти ийгиликтүү аткарып келет.

ЭНЕРГЕТИКА БӨЛҮМҮ

Энергетика кызматынын негизги милдети болуп "Кыргызнефтегаз" ААКнын электроэнергия менен сапаттуу жана үзгүлтүксүз камсыздоо, электр чубалгыларын, жабдыктарын, аппараттарын, трансформатордук чордондорду сапаттуу, туура абалда иштетүү болуп эсептелет.

Пландык алдын-ала ремонттоо иштерин өз убагында аткаруу иш-чараларын уюштуруу жана көзөмөлдөө;

"Кыргызнефтегаз" ААКнын бардык структуралык бөлүмдөрүндө, участкаларында жана социалдык объектилеринде иштетилип жаткан электр жабдыктарынын сапаттуу иштөөсүн көзөмөлдөө;

Ишкананын балансында турган электр чубалгылары, аппараттары, жабдыктары, трансформатордук чордондору боюнча бүт маалыматтарды топтоо, көзөмөлдөө жана резервдик электр жабдыктары менен камсыздоону уюштуруу;

Электр энергия маселеси боюнча же электр жабдыктарынын айынан авариялык абал жаралса, оперативдүү түрдө абалды жөнгө салуу жана анализдөө иштерин жүргүзүү;

Колдонгон электр энергия боюнча сатуучу ишканалары менен келишим түзүү, оперативдик иш-чараларды туура жүргүзүү, отчёттук иштерди өз убагында тапшыруу, ошондой эле башка ички жана тышкы отчёттук иш-чараларды өз убагында аткаруу;

Электр энергияны үнөмдөө иш-чараларына жана үнөмдөөчү жаңы электр

жабдыктарын алынып келүү боюнча көзөмөл жүргүзүү жумуштары аталган бөлүмдүн жасай турган иштеринин багыты болуп эсептелет.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын структуралык бөлүмдөрүнүн, участкаларынын жана социалдык объектилери тарабынан берилген жылдык буюртмалардагы электр жабдыктарын көзөмөлдөйт. Бүгүнкү күндө энергетика бөлүмүнүн адистери мына ушул багытта ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Ар бир жасалган иш пландуу түрдө жана учурдагы жумуштар болсо так, убагында аткарууга чоң жоопкерчилик менен мамиле жасалат. Демек, "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда энергетик бөлүмүнүн орду, ролу чоң.

Энергетика бөлүмүндө үч адис өз жумушун аткарат. Башкы энергетик-Абдырасул Борбиев, II категориядагы инженер-энергетик – Сатывалды Маматов, инженер-энергетик – Абдиллажан Сарыгулов.

БОРБИЕВ АБДЫРАСУЛ,
башкы энергетик

1958-жылдын 14-сентябрында Жалал-Абад областынын Ленин районунун "Арал" айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1975-жылдын ноябрь айынан 1976-жылдын ноябрь айына чейин Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздо колхозчу болуп эмгек чыйырын баштаган.

1976-жылдын ноябрь айынан 1978-жылдын ноябрь айына чейин Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын өтөгөн. 1978-жылдын 20-ноябрынан 1979-жылдын 1-декабрына чейин кайрадан Ленин районундагы Калинин атындагы колхоздо колхозчу болуп иштөө менен эмгек жолун улантканан.

1979-жылдын 1-декабрында Фрунзе политехникалык институтунун даярдоо бөлүмүнө угуучу болуп кирген. 1979-жылдын 1-сентябрынан Фрунзе политехникалык институтунун энергетика факультетинин 1-курсунун студенти болуу бактысына ээ болгон жана 1985-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, жогорку билимге ээ болгон.

1985-жылдын август айынан 1986-жылдын апрель айына чейин Жалал-Абад "Дан азыктар комбинатында" - электроцехтин начальниги болуп иштеген.

1986-жылдын 15-майынан Кочкор-Ата шаарчасындагы "Анар" заводуна II категориядагы инженер-конструктор болуп иштей баштаган. 1986-жылдын 1-июнунан 1988-жылдын 10-ноябрына чейин "Анар" заводунун электроце-

хинде улуу устат (ст мастер) болуп эмгектенген.

1988-жылдын 10-ноябрынан 1989-жылдын 1-декабрына чейин II категориядагы инженер-конструктор болуп иштеген. 1989-жылдын 1-декабрынан 1992-жылдын 9-сентябрына чейин заводдун башкы энергетик бөлүмүндө электротехникалык бюросунун башчысы милдетин аткарган.

1992-жылдын 9-сентябрынан 2000-жылдын 20-январына чейин заводдун башкы энергеттиктигине дайындалган.

2000-жылдын 26-январында "Кыргызнефтегаз" АКнын Өндүрүштү автоматташтыруу участкасында (УАП) 5-разряддагы электро монтер болуп иштей баштаган.

2000-жылдын 12-июлунан баштап УАПтын электротехникалык лабораториясынын башчысы болуп дайындалган. 2001-жылдын 1-июлунан УАПтын башчысынын орун басары болуп которулган.

Аткарган кызматындагы татыктуу эмгеги үчүн КРнын өнөр жай, энергетика министрлигинин Ардак грамотасы жана КРнын “Энергетикасынын мыктысы” төш белгиси менен сыйланган.

2003-жылдын 8-сентябрынан ушул күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы энергетиги болуп иштеп келе жатат.

Үч уулу, бир кызы бар.

ЭНЕРГО-МЕХАНИКАЛЫК БӨЛҮМ

"Кыргызнефтегаз" ААКнын энерго-механикалык кызматында эки кызматкер эмгектенет. II категориядагы инженер-механик Абишев Кадырбек. Бул чакан бөлүмдү Жолчубай Кочкоров жетектейт.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы механика бөлүмү бардык жабдууларды үзгүлтүксүз жана техникалык жактан туура пайдалануу үчүн бардык иштелүүчү түрдүү жабдууларды авариясыз жана ишенимдүү иштешин камсыз кылып келет. Өз убагында, сапаттуу оңдоп-түзөө жана модернизациялоо жумуштарын жүргүзүп турат.

Жаңы жабдууларды кабыл алууда, орнотууда жана түзөп, ишке киргизүүгө катышат. "Кыргызнефтегаз" ААКнын структуралык бөлүмдөрүнүн пландык алдын-алуу ремонторунун графиктерин түзөт жана бул максатка берилген материалдык ресурстарды туура сарптоосун көзөмөлдөп келет. Тетиктердин тез жейилип, эскирип кетишинин себептерин тактап аныкташат жана оңдоп-түзөтүшөт.

Мамлекеттик "Экологиялык жана технологиялык коопсуздук" инспекциясына көзөмөлдүү механизмдерди жана башка объектилерди көзөмөлдөөгө даярдашат.

Жүк көтөрүүчү жана чоң басымда иштөөчү идиштерди өз убагында оңдоп-түзөө, туура колдонулушун жана өз убагында техникалык кароо өткөрүлүшүн көзөмөлдөшөт. Техникалык кырсыктарды изилдөөсүндө катышышат. Оңдоп түзөтүү иштерин жүргүзүүдө эмгекти коргоо эрежелерин жана коопсуздук техникасынын сакталышын камсыз кылат жана көзөмөлдөйт. "Кыргызнефтегаз" ААКнын нефтегаз өндүрүүдө жылдык милдетин убагында аткарууну механикалык шаймандарын үзгүлтүккө учуратпоо кызматтарын аткарат.

Алексей Набиулин
12.02.2014

КОЧКОРОВ ЖОЛЧУБАЙ

1963-жылы 25-январда ошол кездеги Ош областынын Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Хиля айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Үй-бүлөдө 11 бир тууган. 6 кыз, 5 уул тарбияланышкан, ал эркек балдардын улуусу.

Орто мектепти аяктаган соң, 1980-жылдан Өзбекстандагы Фергана өрөөнүндөгү Азиз Каримов атындагы нефть техникумунда окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. 1981-жылдан Ооган Демократиялык республикасында ийгиликтүү кызмат өтөп, "Эрдик үчүн", "Аскердик кызматы үчүн" жана башка орден-медалдар менен сыйланууга татыктуу болгон.

Андан соң, жолдомо аркылуу ошол мезгилдеги Фрунзе шаарындагы политехникалык институтунун механикалык факультетине тапшырып, ийгиликтүү аяктаган.

1984-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин нефть, газ өндүрүү башкармалыгында эмгек жолун баштап, оператор, ширетүүчү-ремонттоочу, уста, механик, улуу механик, механика цехинин башчысы, өндүрүштүк бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенген.

Аткарган кызматындагы татыктуу эмгеги үчүн көптөгөн областтык, райондук мактоо баракчалар менен сыйланган.

Ал өзүнүн эмгек жолунда көптөгөн жаштардын устаты болгон.

2009-жылдан баштап "Кыргызнефтегаз" ААКсында башкы механик болуп үзүрдүү иштеп келет.

2017-жылы ага Ноокен районунун "Ардактуу атуулу" наамы берилген.

Үй-бүлөлүү, алты баланын атасы, жети неберенин таятасы.

ЭМГЕКТИ КОРГОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК БӨЛҮМҮ

ШЕРИМБЕКОВ АБДИМИТАЛИП

1949-жылдын 15-октябрында Ош областынын Өзгөн районунун Мырза-аке селосунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1967-1977-жылдары Куйбышев атындагы политехникалык институтунун нефть тармагы боюнча жогорку билим алып, инженер-механик адистигине ээ болгон. 1994-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде билим алуусун улантып, 1998-жылы ийгиликтүү аяктаган жана мунай жана газ кендерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү адистигине ээ болгон.

1977-жылы өзүнүн эмгек жолун “Кыргызнефтегаз” өндүрүштүк бирикмесинде механиктик жумуштан баштап, бул ишинде 1978-жылдарга чейин эмгектенген. 1978-1982-жылдары “Избаскент” участогунда улуу механик, 1982-1985-жылдары УППНдин участогунда башкаруучу, 1985-1986-жылдары ПРУЭОнун цехинде башкаруучу болуп иштеген. 1986-1994-жылдары “Кыргызнефтегаз” өндүрүштүк бирикмесинде профсоюздук комитетин жетектеген. 1994-1995-жылдары нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башчысы, 1995-1998-жылдары турак-жай, коммуналдык башкармалыгынын башчысы, 1998-2002-жылдары Баткендеги нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башчысы, 2002-2003-жылдары башкы механиктин орун басары болуп эмгектенген. 2003-жылдан тартып, “Кыргызнефтегаз” АКнын эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук бөлүмүнүн башчысы, башкы инженердин жардамчысы кызматын аркалап келет.

Үй-бүлөлүү, жубайы Гүлнара Жумабаева азыр эс алууда, экөө үч уул, бир кыздын ата-энеси, он небереси бар.

ЭШАТОВ МЫРЗАБЕК

1982-жылы 24-октябрда Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

2000-жылы Кочкор-Ата техникалык коллеждин аяктап, орто билимдүү техник-механик адистигине ээ болгон. 2005-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетин аяктап, инженер-механик квалификациясын алууга жетишкен.

2002-жылы технологиялык-транспорт башкармалыгында №3-автоколоннада унааларды оңдоочу ширетүүчүлүктөн эмгек жолун баштаган. 2008-2009-жылдары аталган башкармалыкта жол куруунун устаты, 2009-2010-жылдары технологиялык-транспорт башкармалыгында диспетчер, 2010-2013-жылдары №1-автоколоннанын механиги, 2013-2014-жылдары технологиялык-транспорт башкармалыгынын техникалык бөлүмүнүн башчысы, 2014-2017-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКда механик-диспетчер болуп эмгектенген. 2017-жылдан бүгүнкү күнгө чейин эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук бөлүмүндө биринчи категориядагы инженер кызматын аркалап келатат.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Асел Эргешбаева азыркы учурда Дос-Кредо" банкта иштейт. Эки уул, бир кыздын атасы.

МАДОМОРОВ МАРАТБЕК

1985-жылдын 21-январында Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

2007-жылы Исхак Разаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Бизнес жана башкаруу институтунун экономика жана ишканаларды башкаруу (тармактар боюнча) факультетин ийгиликтүү аяктап, жогорку билимге ээ болгон.

2007-2008-жылдары "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун технологиялык-транспсорт башкармасынын өндүрүш-техникалык бөлүмүндө инженер болуп иштеген.

2008-жылдан азыркы күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын транспорт боюнча инженери болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын атасы.

КЫРГЫЗ БУРГУЛОО ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

Биздин аймактагы нефть өндүрүү боюнча биринчи маалыматтар XIX кылымдын 80-жылдарына туура келет, ал учурда нефть жана озокерит көп эмес өлчөмдө Майлуу-Сай жана Кичик-Май өрөөндөрүндө өндүрүлө баштаган. Ал мезгилде чалгындоо иштери жай жүргөн.

1930-жылдары "Майли-Сай нефть кенинде кайрадан чалгындоо иштери башталып, геологдордун сунушу боюнча, "Ортоазиянефть" трести тарабынан "Чаңгыр-Таш-Текебел" аянтчаларында бургулоо иштери башталган.

1932-жылга карата Чаңгыр-Таш аянтында бир нече скважиналарда бургулоо иштери бүткөрүлгөн.

№2-скважинасынан 250 метр тереңдиктен биринчи жолу өндүрүштүк масштабдагы нефть фонтанын алуу менен, палеоген чөкмөлөрүнүн V катмарынын мунайлуулугу далилденген.

1933-жылы №7-скважинасынан 400 метр тереңдиктен III кен катмарынан нефть фонтаны алынган.

1937-жылга карата эки бургулоо курулмалары менен 20 скважина бургуланып, алар 400-500 метр тереңдиктен нефть берген. 1939-жылга карата

бургуланып, нефть берүүчү скважиналардын саны 40ка жеткен.

1950-жылы "Избаскент" кенинде 10273 метр бургулоо иштери жүргүзүлүүсү каралып, алар төмөнкү маселелерди чечиш керек эле:

1. Избаскент структурасында палеогендин мунайлуулугун чалгындоо (иликтөө).

2. Избаскент антиклиналынын тектоникасын 10 чакырым аралыгында изилдөө.

3. Майлуу-Суу IV антиклиналынын чыгыш бөлүгүнүн тектоникасын жана мунайлуулугун чалгындоо.

1951-жылы "Чаңгыр-Таш", "Майлу-Суу" жана "Избаскент" нефте промыслаларынын базасында "Ортоазиянефть" бирикмесинде №1-бургулоо конторасы түзүлүп, ал Жалал-Абад облусунун Ленин районунда орун алган. №1-бургулоо конторасынын башчысы болуп П. Т. Папипровский дайындалган.

Азыркы Кочкор-Ата шаарчасы, маданий-турмуш-тиричилик комплекстери жана өнөр-жай үчүн керектүү имараттары менен 1952-жылы курула баштаган.

1953-жылы Кочкор-Ата шаарчасында "Кыргызнефть" нефтепромыслалык башкармасы ачылган. Бул негизде №1-бургулоо конторасы "Кыргызнефть" нефтепромыслалык башкармасына түздөн-түз өткөн.

1953-жылы №1-бургулоо конторасынын башчысы болуп П.К. Шевцов, башкы инженери И.А. Ивашковский дайындалышкан.

1958-жылга карата №1-бургулоо конторасы чалгындоо бургулоосун "Избаскент", "Чыгыш Избаскент", "Майли-Суу", "Чаңгыр-Таш" жана "Кара-Булак" аянттарында, ал эми эксплуатациялык бургулоо "Избаскент" аянтында жүргүзүлгөн.

1959-жылдан баштап чалгындоо бургулоосу 4 жаңы, Кара-Булак, Сузак, Түштүк Избаскент жана Бутакара аянттарында жүргүзүлө баштаган.

1959-жылы №1-бургулоо конторасы – "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин карамагындагы чалгындоого бургулоо конторасы болуп аты өзгөргөн, ал эми "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеси өз учурунда "Ферганнефтегаз" бирикмесине баш ийдирилген.

1964-жылы 31-июлда "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин №400-буйругунун негизинде чалгындоо бургулоо конторасы – "Ферганнефтегаз" бирикмесинин Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы болуп өзгөргөн.

1964-жылы Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы Нарын моноклиналь (Түндүк-чыгыш Фергана) чектеринде жана Ак-Мечеть Сузак аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзгөн.

Ошол эле 1964-жылы чалгындоо конторасынын башчысы болуп Л.М. Мурадян, башкы инженер В.Н.Кучин дайындалышкан.

1965-жылдын 1-январынан баштап Түштүк-Кыргыз чалгындоо контора-

сы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин 1965-жылдын 14-январындагы №16-буйругунун негизинде аталган мекеменин карамагына өткөрүлгөн.

1970-жылдын 1-январынан баштап Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы – Кыргыз бургулоо иштери башкармалыгы болуп аты өзгөртүлгөн. Мекеменин 1970-жылдын 1-ноябрындагы буйругу менен "Кыргызнефть" нефтегаз өндүрүү башкармалыгы, 1975-жылдын 1-октябрындагы буйругунун негизинде "Кыргызнефть" нефтегаз өндүрүү башкармалыгынын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн. 1984-жылы СССР нефть өнөр жай министрлигинин Кыргыз бургулоо иштери башкармалыгынын башчысы болуп В.Н. Кучин, башкы инженер Т.Э.Дорбанов дайындалышкан.

1994-жылдын августунда Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы болуп Т.Э. Дорбанов, башкы инженери болуп К.И.Исабаев, ал эми 1995-жылы башкы инженер болуп О.К.Нурумбетов дайындалган.

1994-жылдын 1-ноябрынан бургулоо иштеринин азайышынын себебинен жумушчулардын кескин кыскартылуусуна байланыштуу Кыргыз бургулоо иштери башкармалыгы Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы болуп кайрадан уюштурулган. "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин 1994-жылдын 31-октябрындагы № 92-буйругу менен Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы болуп кайрадан уюштурулган. 1997-жылдын 2-майынан баштап "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы – "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы болуп кайта өзгөртүлгөн.

Бургулоо иштеринин өсүшүнө байланыштуу 1999-жылдын 14-сентябрындагы №50-жылдагы буйругу менен Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы – Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы болуп кайрадан уюштурулган.

2003-жылдын сентябрында Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы болуп О.К. Нурумбетов, башкы инженери болуп А.А. Жусупов дайындалышкан.

Кыргызстандын нефть өнөр жайы өзүнүн өнүгүүсүндө бир нече этаптардан турат:

1-этап: 1938-башталат. "Чаңгыр-Таш" кенинин өндүрүшкө берилиши, 1939-1949 жылдары нефть өндүрүүнүн жылдык көлөмү 300 тоннадан 19,7 миң тоннага чейин өскөн.

2-этап: 1950-1957-жылдары нефть өндүрүүнүн жылдык көлөмү 47,2 миң тоннадан 356,1 миң тоннага чейин өсүшү.

3-этап: 1958-1961 жылдар. 1958-жылы эң чоң көрсөткүч-490 миң тонна нефть өндүрүлгөн.

4-этап: 1962-жылдан баштап нефть өндүрүүнүн көлөмү акырындык менен азая баштаганы байкалат. Бул этап 1998-жылга чейин уланып, көрсөткүч 73,2 миң тоннаны түзгөн.

5-этап: 1999-2002-жылдары нефть өндүрүүнүн көлөмү 75 миң тонна тегерегинде калыптанып, бул этап 2013-2015-жылдарга чейин уланган.

1951-жылы "Чаңгыр-Таш", "Майли-Суу" жана "Избаскент" нефтепромыслаларынын базасында "Ортоазиянефть" бирикмесинде №1-бургулоо кон-

торасы түзүлүп, ал Жалал-Абад облусунун Ленин районунда орун алган. №1-бургулоо конторасынын башчысы болуп П. Т. Папировский дайындалган.

Азыркы Кочкор-Ата шаарчасы маданий-турмуш-тиричилик комплекстери жана өнөр-жай үчүн керектүү имараттары менен 1952-жылы курула баштаган.

1953-жылы Кочкор-Ата шаарчасында "Кыргызнефть" нефтепромыслалык башкармасы ачылган. Бул негизде №1-бургулоо конторасы "Кыргызнефть" нефтепромыслалык башкармасына түздөн-түз өткөн.

1953-жылы №1-бургулоо конторасынын башчысы болуп П.К.Шевцов, башкы инженери И.А. Ивашковский дайындалышкан.

1958-жылга карата №1-бургулоо конторасы чалгындоо бургулоосун "Избаскент", "Чыгыш Избаскент", "Майлу-Суу", "Чаңгыр-Таш" жана "Кара-Булак" аянттарында, ал эми эксплуатациялык бургулоо "Избаскент" аянтында жүргүзүлгөн.

1959-жылдан баштап чалгындоо бургулоосу 4 жаңы, Кара-Булак, Сузак, Түштүк Избаскент жана Бутакара аянттарында жүргүзүлө баштаган.

1959-жылы №1-бургулоо конторасы – "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармасынын карамагындагы чалгындоого бургулоо конторасы болуп аты өзгөргөн, ал эми "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармасы өз учурунда "Ферганнефтегаз" бирикмесине баш ийдирилген.

1964-жылы 31-июлда "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин №400- буйругунун негизинде чалгындоо бургулоо конторасы– "Ферганнефтегаз" бирикмесинин Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы болуп өзгөргөн.

1964-жылы Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы Нарын моноклиналь (Түндүк-чыгыш Фергана) чектеринде жана Ак-Мечеть Сузак аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзгөн.

Ошол эле 1964-жылы Чалгындоо конторасынын башчысы болуп Л.М. Мурадян, башкы инженер В.Н. Кучин дайындалышкан.

1965-жылдын 1-январынан баштап Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин 1965-жылдын 14-январындагы №16- буйругунун негизинде "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармасынын карамагына өткөрүлгөн.

1970-жылдын 1-январынан баштап Түштүк-Кыргыз чалгындоо конторасы-Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы болуп аты өзгөртүлгөн.

СССР нефть өнөр жай министрлигинин № 481-буйругу менен "Кыргызнефть" нефтегаз өндүрүү башкармалыгынын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы – "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы болуп кайра түзүлгөн.

1984-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы болуп В.Н Кучин, башкы инженерлигине Т.Э. Дорбанов дайындалышкан.

1994-жылдын августунда Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы болуп Т.Э.Дорбанов, башкы инженери болуп К.И. Исабаев, 1995-жылы башкы инженер болуп О.К. Нурумбетов дайындалган.

1994-жылдын 1-ноябрында бургулоо

иштеринин азайышынын себебинен жумушчулардын кескин кыскартулуусуна байланыштуу Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы – Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы болуп кайрадан уюштурулган. Буга "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин 1994-жылдын 31-октябрдагы № 92-буйругу негиз болуп саналат.

1997-жыл 2-майдан баштап "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы – "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы болуп кайта өзгөртүлгөн.

1999-жылдын 1-сентябрдан бургулоо иштеринин өсүшүнө байланыштуу Кочкор-Ата терең бургулоо экспедициясы-Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы болуп кайрадан уюштурулган.

2003-жылдын сентябрында Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы болуп О. К.Нурумбетов, башкы инженери болуп А.А.Жусупов дайындалган.

Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы (КБИБ) "Кыргызнефтегаз" ААКнын түзүмдүк бирдиги болуп саналат. Бул башкармалыкта 225 адам иштеген.

Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын негизги милдети болуп чалгындоочу, издөө жана нефть, газ үчүн эксплуатациялык скважиналарын бургулоо болуп эсептелинет. Эксплуатациялык скважиналар белгиленген көлөмдөрдү камсыз кылуу, нефть жана газ запастарынын өсүү планын

аткарууну уюштуруу максатында бургуланышат.

Бургулоо иштери акыркы жылдары негизинен: Түштүк-Чыгыш тоо аралыгындагы "Карагач", "Майлу-Суу, IV-Чыгыш Избаскент" жана "Чаңгырташ" кендеринде жүргүзүлөт. Терең бургулоо нефть жана газ кендерин чалгындоо жана эксплуатациялоонун бирден бир куралы болуп саналат.

Нефть жана газ скважиналарын куруу-өтө татаал, көптөгөн стадиялардан турган процесс болуп: ал жолдорду, суу, электр жана байланыш линияларын куруудан, бургулоо жабдыктарын монтаждоодон, бургулоодон, бургуланган скважинаны обсадкалап сыноодон турат.

Бул жумуштар баары бир-бири менен тыгыз байланышта болгондуктан, бул этаптарды реализациялоо көмөкчү, тейлөөчү жана башкаруучу процесстер менен ишке ашырылып, алар Бургулоо башкармалыгынын өндүрүштүк структурасынын базасы болуп саналышат.

Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы: бургулоо участогунан, мунара куруу участогунан, механикалык устаканалардан, энерго жабдыктар участогунан, жуугуч суюктуктар участогунан жана трубалар аянтчасынан турат.

Жогоруда айтып кеткендей, терең скважиналарды бургулоо өтө түйшүктүү жана татаал технологиялык процесс болгондуктан, анын сапаты менен ийгиликтүүлүгү иштеп жаткан жумушчулардын профессионалдык квалификациясынан жана жаңы техника, технологиялар менен камсыз болушунан көз каранды болот. Ошондуктан бургулоо башкармалыгында иштеп жатышкан жумушчулар менен инженердик-техникалык кызматкерлердин кесиптик деңгээли өтө жогорулуулугун, аткарылып жаткан жумуштар далилдейт.

Аталган мекемеде өз эмгеги менен урмат-сыйга жана жогорку сыйлыктарга ээ болгон өндүрүштүн алдыңкылары иштешкен. Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын тарыхы мына ушундай өрнөктүү адамдардын эмгеги менен байланышкан.

НУРУМБЕТОВ ОРОЗБЕК,
Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы

1959-жылдын 3-мартында Ноокен районунун Коминтерн айылында туулган. 1991-жылы Москва шаарындагы И.М. Губкин атындагы нефть жана газ институтун аяктаган.

Алгач 1980-1981-жылдары Кочкор-Атадагы кесиптик-техникалык окуу жайында окуп, ийгиликтүү аяктаган. 1981-1983-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында нефти жана газга эксплуатациялык жана чалгындоо скважиналарын бургулоонун бургулоочусунун 4-разряддагы жардамчысы болуп иштеген. 1984-1991-жылдары Москва шаарындагы Губкин атындагы "Нефть жана газ" институтунда окуп, ийгиликтүү аяктаган. 1991-1992-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында нефтке жана газга эксплуатациялык жана чалгындоо скважиналарын бургулоонун 5-разряддагы бургулоочусу, 1992-1993-жылдары бургулоо устаты, 1993-1994-жылдары 1-категориядагы бургулоо инженери, 1994-1995-жылдары Кочкор-Ата бургулоо бөлүмүнүн башчысы, 1995-2003-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармасында башкы инженер, 2003-2005-жылдары жетекчи, 2005-2007-жылдары башкы инженер кызматтарын аркалаган. 2007-жылдан кайрадан аталган Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчысы кызматына дайындалып, бүгүнкү күнгө чейин мына ушул кызматты аркалап келатат.

Академик У.Асаналиев атындагы сыйлыктын лауреаттыгын алган. 2008-2012-жылдары жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайланган. Сырткы соода жана өнөр жай Министрлигинин жана өнөр жай, соода жана туризм министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Орозбек Нурумбетов туурасында да өзүнчө сөз кылууга татыйт. Өмүр, эмгек таржымалында жогоруда белгилеп өткөндөй 1981-жылы 22 жашында азыр өзү жетектеген Кыргыз бургулоо иштер башкармасында жөнөкөй бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун баштаган, ошондогу жаш адис бүгүнкү күндө ар тараптан жетилген чыгаан жетекчилердин сабына кошулду. "Кыргызнефтегазда" өзүнүн орду, өзүнүн жүзү, айта турган омоктуу ою, терең көз карашы бар, тажрыйбалуу жетекчи, кадыр-барктуу адис.

- Мен ишке келгенде КУБРда Мурадян Леонид Михайлович жетекчи, ал эми Диких Владимир Егорович "Кыргызнефтегазда" башкы директор болуп иштеп жатышкан. Мурадяндын 50лөрдөн ашкан курагы. Экөө тең иш билги, жөндөмдүү жетекчилер. Эки жарым жыл иштегенден кийин мекеменин жолдомосу менен Москвадагы Губкин атындагы нефть, газ өнөр жай инс-

титутунун Оренбургдагы филиалынын нефть, газ скважиналарын бургулоо факультетинде сегиз ай даярдоо курсунда окудум. Экзаменден ийгиликтүү өтүп, Москвага окууга кеттим, - дейт Орозбек Нурумбетов. - Ар жылы жайкы эс алууга келгенде Кыргыз бургулоо иштер башкармасында эки ай иштеп кетем. Анткени, булар мага стипендия төлөп окутуп жатпайбы, бир чети теориялык алган билимимди пракактика жүзүндө өздөштүрүп, тез калыптанып кетишиме өндүрүштүк иштер албетте мага пайдасын берчү.

Ал окуусун аяктап, жогорку билим алып келгенден кийин деле дароо жетекчилик, же бир жакшы кызматка дайындалган эмес. Ошондо да кайра эле бургулоочу ишин улантты. Бир жылдан кийин мастердин, же болбосо устаттын жардамчылыгына которушту. Анан эле оор иштер боюнча устат болду, жетекчилик анын жөндөмүн сынап көрдү. 1993-жылы бургулоо участкасына инженерликке дайындалды. Андан соң, улам кызматы жогорулап олтуруп, азыркы кызмат ордуна жетти. Мына эми быйыл 14-жыл Кыргыз бургулоо иштер башкармасын жетектеп жатышы. Бир жерде, бир кызматта иштөө азыркы кезде баарынын эле колунан келе бербейт. Анткени, өз ишин мыкты билет, мына ушундан улам жетекчилик, кимиси гана келбесин ага ишеним колдоо көрсөтүп келет.

Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын иши жеңил эмес, анткени анын айтымына караганда бургулоо иштерине ири суммадагы каражат сарпталат. Каржылоого, камсыздоого жараша жылдык пландын аткарылышы ар кандай деңгээлде болот, бирде жогору болсо, бирде түшөт, кайра жогорулайт дегендей... Ар жылкы көрсөткүчтөр анын көз алдында.

2008-жылы бургулоо иштери 78,5 пайызга аткарылган. 2009-жылы

53,8,2010-жылы 37,74 пайыз, өтө төмөнкү көрсөткүч. Республикадагы кырдаал, Түштүктөгү жаңжал баары өндүрүшкө оор залакасын тийгизген. 2011-жылы кырдаал тартипке келтирилип, "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунда таза пайда жакшыраак болуп, бургулоо иштерине да жеткиликтүү каражат ажыратылып, көңүл бурулуп, бургулоо иштеринин жылдык көрсөткүчү ашыра аткарылган, тактап айтканда 100,13 пайызга аткарылган. 2012-жылы 100,07 пайызга жеткен. 2013-жылы бургулоо иштери бошоңдоп, 73,92 пайызды түзгөн. 2014-жылы кайрадан жумуш өз ыргагы менен жүрүп, 103,79 пайызга бургулоо иштери болгон. 2015-жылы 104,41, 2016-жылы 100,7 пайызга орундатылса, 2017-жылы камсыздоо начарлап, 27 пайызга гана бургулоо иштери жүргөн. 2018-жыл ичинде Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында жумуш кескин көтөрүлүп, бургулоо иштери бир кыйла жандангандыгынын натыйжасында 101 пайызга жылдык план аткарылды. Бул жылы 11 жаңы скважинаны бургулоого жетишишти.

Анын айтымында бургулоо болбосо келечек жок. Өндүрүү бүгүнкү күндүн проблемасын чечет, ал эми бургулоо эртеңки күндүн, геология келечектин проблемасын чечет.

- Нефть өндүрүү тармагында ушундай термин бар, - деп белгилейт тажрыйбалуу жетекчи. - Келечектеги проблемаларды чечүү үчүн геология күчтүү болушу керек. "Кыргызнефтегаздын" чыныгы геологдорунун көбүнүн көзү өтүп кетти, кээси союз тарагандан кийин сыртка кетип калышты. Чыныгы геологду окутуп, тарбиялоо үчүн кеминде 10-15 жыл убакыт керектелет. Бүгүн эле кадрды тарбиялай коюу мүмкүн эмес. Мен өзүм беш жыл окуп, беш жыл иштеп, ашып барса 50-70 пайыз билишим мүмкүн. Бизди окуткан Евгений Матвевич Соловьев деген мугалимибиз бар эле. Бургулоо боюнча чыныгы адис. Кырк жыл сабак берген. Өзү 82 жашта. Улуу Ата Мекендик со-

гушка катышкан. Канчалык жакшы билебиз дегенибиз менен бир да ирет “беш” деген баа койчу эмес.

- Эмнеге “беш” койбойсуз, - деп сурачубуз. Анда ал күлүмсүрөп туруп:

- мен өзүм “бешке” билбесем кантип, силерге “беш” коём, - дечү. - Анан мен бургулоону жүз пайыз билем деп айта албайм.

- Мына караңызчы, 40 жыл иштеп, студенттерге бургулоо боюнча ошончо жыл лекция окуган мугалим өзүнө канааттанбайт. Демек, бургулоо эң оор, эң көп акча каражатын талап кыла турган жумуш. Бул менин сөзүм эмес, дүйнөнүн кайсыл жерине барса да нефть өнөр жайында айтылып келген сөз. Адамга операция жасаган хирург анын ичин ачып баарын көз алдынан өткөрмөйүнчө операция жасай албайт. Биз бургулоочулар жердин терең катмарын көрбөй туруп, эки-үч километр жердин түбүндө жумуш жасайбыз. Башкалар бургулап койсо эле нефть чыга берет дешет, андай эмес. Жердин катмарында 200 метрден тартып, 1000, 2600 метрге чейин бургулоо иштерин жасап келдик. Бардык жерде эле ойлогондой боло бербейт.

Орозбек Нурумбетовдун ойлорун угуп олтуруп, ынана кетесиз. Ким билиптир, чалгындалган жерлердин баарынан эле болжогондой нефть чыгышын. Анан ал айткандай көрбөй туруп, тээ тереңдикте иш жүрсө, чындыгында канча нефть, канча газдын чыгышын алдын ала бир кудай билбесе, толук билүү кыйын тура. Ал дагы бир кызык ойду айтты.

- “Кыргызнефть” банкрот болбой турган ишкана. Жасалма банкрот кылуу мүмкүн. Качан гана жер алдында нефть түгөнсө ошондо банкрот болушу мүмкүн. Эгерде акыл эстүүлүк, билгичтик менен иштетсе бул мекеме киреше берүүчү тармак. Дагы буюрса кеминде 50-100 жыл иштейт. Кыргызстан тоолуу өлкө, анын 50 пайызы изилденип бүтсө, дагы иликтене элек 50 пайызы турат. Бул үчүн ири өлчөмдө каражат сарпталат. Сарпталган каражат жөн эле ашыра пайдасын берет.

Бул үчүн мамлекеттик деңгээлде колдоо керектигин кошумчалайт Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын башчысы Орозбек Нурумбетов.

ӨНДҮРҮШТҮН ӨРНӨКТҮҮ АДАМДАРЫ

ДОРБАНОВ ТИРКЕШ,
Геологиялык-технологиялык бөлүмдө инженер-технолог

1947-жылы 7-февралда Ноокен районунун Сакалды айылында туулган. Атасы Эргеш Дорбанов ички иштер кызматында 25 жыл иштеп, отставкага чыккан. Апасы Жамбү сегиз баланы тарбиялап, өстүргөн. Ал балдардын улуусу болгон.

1969-жылы Ташкент шаарындагы политехникалык институттун геология-чалгындоо факультетин аяктап, тоо инженериа дистигине ээ болгон. Биринчи эмгек жолун "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармасынан бургулоочунун жардамчылыгынан баштаган. 1969-1971-жылдары бургулоочу, бургулоо мастери болуп иштеген. Ишине жөндөмдүү, дилгир жигиттин кызматы улам жогорулай берген. 1972-1974-жылдары ага инженер-технолог, 1974-1976-жылдары нөөмөт башчысы, 1976-1981-жылдары "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармасында кесиптик кошундун төрагасы, 1981-1983-жылдары Жалал-Абаддагы нефть-чалгындоо экспедициясында башкы инженер, 1983-жылдан Кыргыз бургулоо иштер башкармасында борбордук инженер-техникалык кызматтын башчысы, 1984-1994-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармасында башкы инженер кызматы менен улам ал кызматтык тепкичтерге көтөрүлгөн. Бул да болсо анын өз ишинде такшалып, тажрыйба артып, дасыккан адис болуп калгандыгынын натыйжасы болчу. "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин жетекчилиги анын адистик чеберчилигин жана эмгегин баалаган. Мына ушундан улам 1994-жылы ага чоң ишеним менен өзү башкы инженер болуп эмгектенип жат-

кан Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын башчылык милдети жүктөлгөн. Бул милдетти ал 2003-жылга дейре ийгиликтүү аткарган. Ошол жылдан нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башчылыгына дайындалган, анткени бул жерге ошол учурда дал мына ушул Тиркеш Дорбанов сыяктуу тажрыйбалуу жетекчинин келиши зарыл болчу. Бул жерде 2003-2005-жылдары жемиштүү иштеп, өндүрүштү бир кыйла көтөргөндөн соң, жетекчилик тарабынан кайрадан Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынын башчылыгына которулду. 2005-2007-жылдары бул жерде иштеп, андан соң, 2007-2010-жылдар аралыгында "Кыргызнефть" акционердик коомунун башкармасынын төрагасынын бургулоо иштер боюнча орун басары милдетин да жигердүүлүк менен аткарган.

Ал өз билимин, эмгегин нефть, газ өндүрүшүнө жумшады. Жашынан мына ушул тармакка иштөөгө келген адис бүгүнкү күндө ар тараптан такшалып, дасыккан, турмуштук да, эмгектик да баа жеткис тажрыйба топтогон замандын чыныгы адамына айланды. Өзүнүн көз карашы, ой жүгүртүүсү, кесиптик чеберчилиги менен жаштардын насаатчысы болуп калды. 1969-жылдан

бери “Кыргызнефтегаз” мекемесин жетектеген он бир төрага менен иште-ди. Ар биринин жасаган иши, кыргыз мунайынын өнүгүшүнө канчалык деңгээлде кошкон салымы ага белгилүү. Кала берсе кулкмүнөзүнөн бери эмдигиче көз алдында турат. Анын дилинде, ой сезиминде бул ишкананын жана андагы жөнөкөй жумушчудан тартып, жетекчисине чейин жазылбаган тарых издери сакталып жүрөт. Ал талыкпай иштеди, эмгегин бир тармакка жадабай арнап келди. Мына азыр дале иштеп жатат, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында геологиялык-технологиялык бөлүмдө инженер-технолог милдетин аркалайт.

Ал туурасында сөз козгогондо көпчүлүгү “менин устатым, “Кыргызнефтини” сактап келген адамдардын бири”, деп ачык эле айтышат.

Нефть тармагындагы 50 жылдык эмгеги куру бекер кетпептир. 2000-жылы республиканын өнөр жай министрлигинин “Өнөр жайынын мыктысы” төш белгиси менен сыйланды. 2003-жылы Нефть жана газ өндүрүшүнө кошкон салымы үчүн "Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын ардактуу кызматкери" деген ардактуу наам ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, бир уул, үч кыздын атасы. 15 неберенин бактылуу чоң ата, таятасы. Жубайы Махия бир кезде “Анар” заводунда, кийин Кыргыз бургулоо иштер башкармасында иштеп, эс алууга чыккан.

САБЫР, ЫРЫС АКЧАБАЕВдер

1956-жылдын 20-июлунда Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Момбеков айылында туулган. 1975-1976-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызмат өтөгөн. 1976-жылдан тартып "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде 5-разряддагы электр монтёру болуп эмгек жолун баштаган. 1978-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында эмгек жолун улантып, ошол жылдын 19-июнунан электр тетиктерин монтаждоо боюнча механик болуп иштеген. Андан кийин 1978-жылдын 15-февралынан тартып башкы механик, 1993-жылы ушул эле цехтин башчысы болуп дайындалган жана бул кызматта ийгиликтүү иштеген. Аны билгендер мүнөзү өтө токтоо, эч бир адамдын көңүлүн калтырбаган инсан эле, дешет. Өзүнүн өндүрүштөгү ишин так, жогорку деңгээлде, өтө тездикте аткаруучу тура. Кыйын кезеңде да жоктон бар жаратып, өндүрүштү токтотпостон жолун таап жүргүзүп келген, баарынан өндүрүштүн кызыкчылыгын жогору койгон мекенчил инсандыгы туурасында пикирлер бар.

Анын өмүрлүк жубайы Ырыс Акчабаеванын эмгеги да бул өндүрүштүк мекеменин эмгек жамааты арасында көп айтылат.

Ал 1953-жылдын 12-мартында Нарын областынын Кочкор районундагы Кош-Дөбө айылында төрөлгөн.

1971-жылдан 1974-жылга чейин Фрунзедеги трикотаж фабрикасында иштеген. 1974-жылдан 1978-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинин "Бухгалтердик эсеп" бөлүмүн аяктаган.

1978-жылы жолдомо менен Кочкор-Ата шаарындагы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 2003-жылдын 19-сентябрында "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык транспорт башкармалыгына башкы бухгалтер болуп которулган. 2009-жылы 10-январда ардактуу эс алууга чыккан.

2017-жылдын 18-октябрынан тартып ГСФРга башкы эсепчи болуп 2018-жылдын 5-декабрына чейин эмгектенген.

Ал биринчи күндөн эле өзүнүн билими менен, ишке болгон жоопкерчилиги, тартипти бекем сактагандыгы менен айырмаланып, бара-бара кызматтык баскычка көтөрүлө баштады.

Акчабаевдер, экөө тең “Кыргызнефтегазга” өндүрүштүк мекемесине эмгеги сиңген инсандар болгон, жоопкерчиликтүү, так иши, коллективде кадыр-баркы чоң үчүн көптөгөн ишкананын, райондун, шаардын ар кандай сыйлыктары менен сыйланып, эмгектери бааланып келген. Сабыр Акчабаев жана Ырыс Акчабаева ишканада коомдук иштерде активдүү катышышкан, Сабыр Акчабаев өзү иштеген башкармалыктын профсоюздук уюмунун мүчөсү, Ырыс Акчабаева "Кыргызнефтегаз" ААКнын текшерүү комиссиясынын мүчөсү катарында аталган уюмдардын ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүлүшүндө сиңирген эмгектери чоң болгон.

Алар үч кыздын ардактуу ата-энеси, беш неберенин таята-таянеси болушту. Кочкор-Ата шаарынын үлгүлүү үй-бүлөлөрүнүн катарында шаардыктар арасында да өз орду, кадыр-баркы бар адамдар болушкан.

СЫДЫКОВ КАДЫРБЕК,
Бургулоо мастери

1938-жылы жарык дүйнөгө келген. Үзүрлүү эмгеги үчүн бир нече жолу Ардак Грамоталар, орден жана медалдар менен сыйланган, эл депутаттарынын шаарчалык кеңешине депутат болуп шайланган. Эмгектеги жетишкендиктери үчүн 1971-жылы ал "Коммунистик эмгектин ударниги" наамына татыктуу болуп, төш белги менен сыйланган. 1974-1975-1977-жылдары эмгектик жетишкен жогорку көрсөткүчтөрү үчүн "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" төш белгиси ыйгарылган. Дайыма өз ишине жоопкерчилик менен карап, үлгүлүү эмгектенген кесип ээсинин эмгеги бааланып турган. Ага 1974-жылы "Эмгек Кызыл Туу" ордени ыйгарылган. Ошол эле жылы Кыргыз ССРнин 50 жылдыгына арналган медаль менен сыйланган. 1981-жылы "Онунчу беш жылдыктын ударниги" төш белгисине, 1984-жылы "Эмгек ветераны" медалына татыктуу болгон. 1987-жылы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын 70 жылдыгына арналган республикалык социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон.

Татыктуу эмгектенип, өрнөктүү жашаган бул инсан 2007-жылдын 20-ноябрында дүйнө салган. Эмгеги менен нефть өндүрүүгө татыктуу салым кошкон инсандын ысымы Кочкор-Ата шаарында өзү жашаган көчөгө ыйгарылган.

ДЖУРАЕВ ХАЛИК,
Бургулоо мастери

Ал 1932-жылы жарык дүйнөгө келген. Кыргыз бургулоо иштер башкармасында жемиштүү иштеп, такшалып, тажрыйба артып, өз кесибинин чыныгы устаты болгон. Бургулоо мастери өзүнүн эмгек жолунда көптөгөн жаштарды тарбиялоого жетишкен. Ал бул тармакка сиңирген көп жылдык татыктуу эмгеги жана жетишкен ийгиликтери үчүн 1971-жылдын май айында ага Ленин ордени ыйгарылган.

БАКИРОВ КАДЫРБЕК,
оңдоочу

1951-жылы жарык дүйнөгө келген. Окуп, билим алып, эрезеге жетип, өзүнүн эмгек жолун "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде баштап, дал ушул жерде мезгилдин ысык-суугуна карабастан үйрөнүп, кесибинде такшалды, аткарган кызматы бургулоо жабдууларын тейлөөчү, ширетүүчү. Анын бул тармактагы талыкпаган эмгеги жана нефть жана газ өндүрүшүнө кошкон салымы бааланып 2003-жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

УРКУМБАЕВА ГҮЛИЙПА,
жетектөөчү эсепчи

1964-жылы 30-апрелде Сузак районундагы Октябрь айылында туулган. 1986-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинин өндүрүш боюнча эсепчи бөлүмүн бүтүргөн. Биринчи эмгек жолун 1986-жылдан борборубуздагы "Мектеп" басмасында экономист болуп иштөө менен баштаган. 1988-жылдын сентябрынан "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармалыгында эсепчи болуп эмгек жолун улантып, 1991-1994-жылдары Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайында башкы бухгалтер, 1994-1999-жылдары башкы эсепчинин орун басары болуп иштеген. 1999-2003-жылдары технологиялык-транспорт башкармалыгында башкы эсепчи, 2003-2009-жылдары нефть, газ өндүрүү башкармалыгында жетектөөчү эсепчи болуп эмгектенсе, ал эми 2009-жылдан тартып, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында жетектөөчү эсепчилик кызматты аркалап келет.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын энеси.

КАДЫРОВ КАМЧЫБЕК,
Бургулоо мастери

1959-жылы туулган. Кокон шаарындагы нефть өнөр жай техникумун ийгиликтүү аяктап, атайын кесипке ээ болгон. 1981-жылдан тартып, "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде иштеп келет, бүгүнкү күндө скважиналарды бургулоонун техниги кызматын аркалап жатат. Ал бул тармакта жигердүү иштеп, кесиптештерине өзүнүн эмгектик эң мыкты сапаттарын көрсөтө алган. Ошол себептүү ага 2005-жылы КРнын Ардак грамотасы ыйгарылган. Мындан тышкары республикалык бир катар тийиштүү министрликтердин, "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Ардак грамоталарына татыктуу болгон.

БҮГҮНКҮНҮН АЛДЫҢКЫЛАРЫ

АВАЗОВ ТӨЛӨМЫРЗА,
бургулоочунун жардамчысы

1962-жылдын 22-апрелинде Жалал-Абад областына караштуу Сузак районунда туулган.

Анын алгачкы эмгек чыйыры 1982-жылы Жалал-Абад шаарындагы нефть изилдөө экспедициясында ширетүүчүлүктөн башталган. Кокон шаарында атайын жолдомо менен окуу өндүрүштүк комбинатында окуп, адистик алган. 1984-жылдан Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун уланткан. Бул жерде өз ишине үйрөнүп, кесиптик такшалуудан өтүп, өз ишинин адиси катарында көрүндү. Андан соң, нефть жана газ өндүрүү башкармалыгына которулган. Бул жерде да жемиштүү иштеди. Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында иштеген жылдарында ал бургулоого катышкан бургулоо качалкаларынын баарында ушул тапта кирешелүү нефть өндүрүлүп жатат.

Анын эмгеги бир нече жолу Ардак грамоталар менен бааланып, кезегинде сүрөтү Ардак тактага илинди. Эмгектеги жетишкендиктери үчүн “Коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү” төш белгиси менен сыйланды.

АШИРОВ АСКАРАЛИ,
оңдоочу

1957-жылы 15-июлда Базар-Коргон районунун Акман айылында туулган. Анын алгачкы эмгек жолу 1975-жылдын 12-декабрында труба цехинде жумушчу болуп иштөө менен башталган. 1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Андан соң эмгек чыйыры өзү иштеген труба цехте улантылган. 1980-жылдын июль айынан Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бургулоочунун жардамчысы болуп эмгек жолун уланткан. 1984-жылы нефть, газ техникумун аяктап, өз адистиги боюнча кесипке ээ болгон. Ал эми 2012-жылдан тарта ширетүүчүлүк кесипте үзүрлүү иштеп келет. 30 жылдан ашык “Кыргызнефтегазда” эмгектенип, нефть өндүрүүгө өлчөөсүз салымын кошуп келген бул инсандын басып өткөн жолу жаштарга үлгү деп айтууга негиз бар.

АКМАТАЛИЕВ МУРАТАЛИ,
бургулоочунун жардамчысы

1982-жылы атайын адистик алууну максат кылган жигит Фрунзедеги №1 кесиптик-техникалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, кесипке ээ болгон. Ошол жылдан тартып Ош гидрогеологиялык мекемесинде эмгек жолун баштаган. 1984-1986-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын ийгиликтүү өтөгөн. Андан соң, кайрадан Ош гидрогеологиялык мекемесинде эмгек чыйырын уланткан. 1987-жылдан "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинде эмгектене баштаган.

Ал эмгектенген жылдары кайсыл жерде нефть бургуланса, ошол жерден нефть алынган.

Анын эмгек жолунда канчалаган кызыктуу жана мазмундуу ирмемдер кайталанган. Анын эки мисалы, 2000-жылы Аскар Акаев жана 2012-жылы Роза Отунбаева "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть участкаларында нефтичилердин жетишкен ийгиликтери үчүн өткөрүлгөн иш-чараларга күбө болгон учурлары эле.

АРАПБАЕВ АБДИЛМАЖИТ,
моторист

1967-жылдын 20-апрелинде Ноокен районуна караштуу Кыла айылында туулган. Ал алгач Ноокен районунун борборундагы автомектепте окуп, айдоочулук адистик алган. 1987-жылдан тартып, "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмеси, азыркы ачык акционердик коомунда эмгектенип келет. Ошондон тарта өзү тандап алган кесибин сүйүп, ар бир ишке жоопкерчилик менен карап, татыктуу эмгектенди.

Алгачкы күндөн тартып, ишинен кемчилик кетирбей, кынтыксыз эмгектенип келгендиги үчүн 1997-жылы "Авариясыз айдоочу" төш белгиси менен сыйлануга татыктуу болгон.

БАРАКАНОВ ЭШМАМАТ,
оңдоочу

1970-жылдын 15-мартында жарык дүйнөгө келген. Мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин кесип алууну көздөгөн жигит Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөн. 1990-1992-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын өтөгөн. Ал эми 1993-жылдан Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочунун жардамчысы болуп эмгек жолун баштаган. Нефтегаз тармагына өзүнүн 25 жылдык татыктуу салымын кошкон эмгек адамы азыр аталган башкармалыкта ширетүүчүлүк кесипти аркалап келет.

Анын эмгек жолунда унутулгус жана кызыктуу ирмемдер көп кайталанган. Өлкөнүн мурдагы президенти Роза Отунбаеванын “Кыргызнефтегаз” АКсынын жаңы бургулоо жабдуусун алып, аны ишке киргизүүгө арналган салтанатка келген учурундагы бургулоочулар менен бул саамалыкка бирге күбө болгон кез анын да эмдигиче эсинен кетпеген.

ДАВРАНОВ АЛИНУР,
машинист

Орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин технологиялык-транспорт башкармалыгында биринчи эмгек жолун баштаган. Эки жылдан соң, Советтик Армиянын катарында ийгиликтүү кызмат өтөгөн. Андан соң, кайрадан аталган мекемеде электрик болуп иштей баштаган. Кийин Андижандагы электромеханикалык техникумду аяктагандан соң, электромонтерлуктан эмгек жолун улантканы. Бул жерде электро жабдуулар участкасында мастер болуп жемиштүү эмгектенген. Азыркы убакта насостук техникада машинист болуп үзүрлүү иштеп жатат.

Алинур Давранов “Кыргызнефтегаз” акционердик коомунда 1978-жылдан бери жемиштүү иштеп, бир кезде өзү улууларга шакирт болсо, азыр жаштарды өзү барктаган кесипке үйрөтүп, алардын кесиптик такшалуусуна колдоо көрсөтүп келет.

ЖУМАНОВ АЛИМБЕК,
моторист

1963-жылдын 20-майында жарыкчылык дүйнөгө келген.

Орто мектепти аяктагандан кийин №16 кесипчилик-техникалык окуу жайында өз билимин улантып, төртүнчү разряддагы бургулоочунун жардамчысы кесибине ээ болгон. Андан соң, айдоочуларды даярдоочу автомектепте билимин улантып, айдоочулук адистигин алган. Өз кесибин урматтоо менен барктап, техникага жакын бул адам "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде өз адистиги боюнча эмгек жолун баштаган. Ал 38 жылдан бери бир чети түйшүктүү, бир чети оор, бирок ардактуу кесипти аркалап келет. Демек, кесиби боюнча бургулоочу Жуманов Алимбек азыркы Кыргыз бургулоо иштер башкармасында мотористтик милдетти аркалайт. Алгач технологиялык транспорт башкармасында, азыркы Кыргыз бургулоо иштер башкармасында иштеп жатып, бир нече курдай Ардак грамоталарга татыктуу болгон.

Ал өзүнүн эмгек жолунда бир топ белгилүү жана кызыктуу адамдар менен жолугушкан. "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесин Таштемир Калбаев жетектеп жүргөн учурда аны менен бирге республиканын борборуна жумуш сапары менен барганда, бир учурда аталган өндүрүштүк бирикмесинде эмгектенип, нефтегаз өнөр жай тармагына өзүнүн бараандуу эмгектик салымын кошкон Апас Жумагулов менен жолугушкан кез анын өмүрүндөгү кызыктуу ирмемдерден болуп калган.

ЖАКЫПОВ АДЫЛБЕК,
бургулоочу

1969-жылдын 5-январында Ноокен районунун Кыла айылында туулган. 1987-жылы Кочкор-Атадагы №77-кесипчилик-техникалык окуу жайын аяктап, бургулоочунун жардамчысы адистигине ээ болгон. 1987-1989-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1989-жылдын 28-ноябрынан Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочунун жардамчысы болуп эмгек жолун баштаган. Андан соң, башкача айтканда 2009-жылдан бургулоочу адистигин аркалап келет.

Бул мезгилдин аралыгында анын эмгек жолунда кызыктуу жолугушуулар көп болгон. Анын бири Экс-президент Роза Отунбаева жаңы бургулоо качалкасынан алгачкы нефть булагы чыккан учурга туш болгон учур, бул ирмем дале анын эсинде. Ошондо нефтичилердин катарында ал да мамлекеттин башчысы менен жолугушуп, нефтичилерди эмгектик жагымдуу саамалыгы менен куттуктоосун укkан.

ЖУМАЕВ ТОКТОРБЕК,
бургулоочу

1965-жылдын 16-июлунда туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин 1983-1985-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1988-жылы Кочкор-Атадагы №77-кесиптик-техникалык окуу жайын аяктаган. Анын кыргыз бургулоо иштер башкармасында моторист болуп иштеген мезгили 1989-жылга туура келген. Ошол учурдан тартып, азыркы мезгилге чейин аталган мекемеде бургулоочу кызматын аркалап келет. Ал өз кесиптештери менен бирге өзүнүн эмгек жолунда көптөгөн скважиналарды бургулоо жумуштарына катышкан. Бургулоо качалкаларынын жумушун ийгиликтүү аяктап, нефть өндүрүүчүлөргө тапшырышкан жемиштүү күндөр анын эмгек жолунда көп ирет кайталанган. Ошондой кубанычтуу күндөргө мамлекеттин белгилүү адамдары, бир катар жетекчилер катышкан мезгилдер көп. Ошол кезде нефтичилер күбө болгон саамалыкка мамлекеттин туңгуч президенти Аскар Акаев да келген. Мамлекет башчысынын карапайым нефтичилер менен болгон жолугушуусу алардын сезимдеринде жагымдуу окуя болгон.

ИБРАГИМОВ АБАЗ,
Бургулоо монтёру

1988-жылдын 20-июнунда №77-кесиптик-техникалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, өзү тандап алган кесипке ээ болгон. Анын эмгек жолу “Кыргызнефтегаз” ишканасында катардагы жумушчулуктан башталган. Мындан 29 жыл мурда эмгек жолуна жаңыдан кадам койгон жигит өз ишине үйрөнүп, бара бара телчигип, такшалып жүрүп олтуруп, өз кесибин сүйгөн, урматтап, барктап татыктуу иштей билген кесип ээсине айланды. Ошондон тарта арадан 30 жылга чукул мезгилдин жазы келип, жайы өтүп, күркүрөгөн күз мезгилине күбө бо-

луп, кычыраган кышты тосуп алды. Бул мезгилдин аралыгында көптү үйрөндү. Кесибине каныгып, такшалды. Жаш кезинде Сабыр Акчабаев, Мамасали Тагаев сыяктуу устаттардан өз кесибин өздөштүрүүнү үйрөнсө, бүгүн өзү артынан келаткан жаш кадрлардын чыныгы устаты болуп калды.

МАМЕДОВ АБДЫКАПАР,
моторист

Кесиби бургулоочу. Алгач Калуж областындагы Малаяраслав шаарындагы техникалык лицейде, кийин Ош окуу комбинатында окуп, кесип алууга жетишти. Анын эмгек жолу “Кыргызнефтегаз” мекемесинде бургулоочулуктан башталып, андан соң, мезгилдин талабына туура келген газ электро ширетүүчү, монтаждоочу, ашпозчу сыяктуу адистиктерди алууга жетишкен. Азыр Абдыкар Мамедов кыргыз бургулоо иштер башкармасында 4-разряддагы моторист болуп иштеп келатат.

Ал эмгек жолун баштагандан тартып, өзүнүн алган кесиптик билимин жана эмгегин нефть бургулоого арнап келди. Ал көп кырдуу кесиби аркылуу белгилүү адамдар менен жолугушту. Ала-Бука районунда нефть бургулоодо иштеп жүргөндө ошол кездеги мамлекет башчысы Аскар Акаев менен жолугушканын, кийин залкар ырчы Рысбай Абдыкадыров менен дидарлашып, маектешкен учурлар анын өмүрүндөгү кызыктуу ирмемдер болуп калды.

КАДЫРОВ ЭРКИНБЕК,
бургулоочу

Мектепти ийгиликтүү аяктагандан соң, Кочкор-Атадагы №77-кесиптик-техникалык окуу жайынан адистик алууну максат кылган. Аталган окуу жайдын нефть жаатында адистикке ээ болгон. Мына ушундан кийин “Кыргызнефтегаз” өндүрүштүк бирикмесинде биринчи эмгек жолун баштаган. Азыр анын бул тармакта эмгектенгенине 32 жылдын жүзү болду. Ошол мезгилдин аралыгында өзүнүн эмгегин нефть тармагына жумшап, ошол эле учурда алгач өзү тажрыйбалуу нефтичилерден үйрөнсө, улам такшалып олтуруп, кесиптик жактан чеберчилиги артып, жаштардын устаты болду. Бургулоо иштеринин ийгиликтүү аякташында бургулоочу катарында анын да салымы бар.

КАРАБЕКОВ КАНЫБЕК,
бургулоочу

Эс тартып, эрезеге жеткенден кийин мектепти ийгиликтүү аяктагандан соң, Кочкор-Ата шаарындагы колледжде окуп, атайын адистикке ээ болду. Бул жерде ал нефть, газ тармагы боюнча кесип алууга жетишти. 1991-жылдан тартып, кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында жигердүү иштеп, бургулоо иштеринин ийгиликтүү жүргүзүлүшүнө салым кошуп келет. Кесиптештери арасында өз ишин мыкты билген, тажрыйбалуу адис катарында урмат-сыйы бар.

Бургулоо иштери ийгиликтүү жүрүп, нефть менен газдын өндүрүлө баштаган ар бир биринчи эмгек күнү ага кызыктуу таасирлерди берет. Алгачкы күндөн тарта өз кесибин аздектеп, үзүрлүү иштеп келет.



КАРАБЕКОВ ТААЛАЙБЕК,
бургулоочу

1968-жылдын 8-июлунда жарык дүйнөгө келген. Жашы жетип, мектептин босогосун аттап, орто мектепти ийгиликтүү аяктады.

Анын алгачкы эмгек жолу 1991-жылдан Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында ширетүүчүлүктөн башталган. Андан соң, 1999-жылдан бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун улантып, 2009-жылга дейре иштеген. Ал эми 2009-жылдан бургулоочулук кесипти аркалап келатат.

2017-жылы “Ноокен районунун ардактуу атуулу” наамы ыйгарылган.

Анын эмгек жолундагы кызыктуу күндөрдүн бири Кыргыз Эл жазуучусу Чынгыз Айматов жана мамлекеттин мурдагы башчысы Алмазбек Атамбаев менен жолугушкан.

КУРМАНАЛИЕВ СУЛАЙМАН,
Бургулоочунун жардамчысы

1984-жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы №16-техникалык окуу жайын аяктап, бургулоочунун жардамчысы, электр менен ширетүүчү адистиктерин алган. 1991-жылы Оштогу айыл чарба техникумунда окуп, техник-механик адистигине ээ болгон. Ал аталган өндүрүштүк мекемеде иштегенден тарта ар бир нефть кудуктарын казууга катышкан.

2001-жылы Көк-Арт өрөөнүндө бургулоо техникасы ишке берилгенде жана 2011-жылы 8-райондогу бургулоо жабдуусунан нефть алына баштаганда, ушул эки ирет болгон маанилүү окуяда, ошол кездеги мамлекет башчысы Аскар Акаев келип, ошол жагымдуу көрүнүшкө күбө болгон. Ушул учурлардагы Сулайман Курбаналиев президент катышкан ачылыштар анын эмгек жолундагы унутулгус окуялар катарында бааланган.

КУШБЕКОВ РУСЛАНЖАН,
бургулоо инженери

1964-жылдын 14-июлунда жарык дүйнөгө келген. 1981-жылы орто мектепти бүтүргөндөн соң, 1983-жылы Калужа областындагы Малаярослав шаарындагы инженердик-геологиялык, гидрогеологиялык жана гидроразведкалык, нефть, газ кудуктарын бургулоо боюнча техникалык окуу жайын бүтүргөн.

1983-1985-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин 1986-жылдын 14-январынан Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында эксплуатациялык жана нефть чалгындоо жана газ кудуктарын бургулоо боюнча бургулоочунун жардамчысы болуп ишке кирген. Иштеп жүрүп, 1994-1999-жылдары Жалал-Абад Мамлекеттик университетинде окуп, “Нефть жана газ булактарын изилдөө жана иштетүү” боюнча адистикке ээ болгон. Бара-бара өз ишине үйрөнүп, тажрыйба артып такшалган кесип ээси учурда бургулоочунун жардамчысы кесибин аркалап келет. Анын бургулоо тармагында эмгектенгенине 32 жылдын жүзү болгон. Анын эмгек жолу кызыктуу ирмемдерге күбө болгон. Ошол мезгилдердин бири, Шамалды-Сай ГЭСинин ачылышына катышкан. Ошол ачылышка КРнын Президенти Аскар Акаев келген. Кийинки жолу бургулоо иштеринин башталышында өлкөнүн

биринчи айымы Роза Отунбаева болгон.

Ал нефть, газ өндүрүшүнө өзүнүн салым кошуп жатканына кубанат. Ар бир күнү жумушуна жылуу маанайда келет.

Татыктуу иштеп, өз кесибинин устаты саналган Кушбеков Русланжандын эмгек жолу мына ушундай кызыктуу жолугушуулар менен коштолгон.

МАМАТОВ КУБАТ,
улуу моторист

Ал техникалык окуу жайында окуп, аны ийгиликтүү аяктап, бургулоочу адистигине ээ болгон. Кыргыз бургулоо иштер башкармасында улуу моторист болуп иштеп келет. Бул жумуш анын өзү тандап алган сыймыктуу кесиби. Ал дал ушул тармакта иштеп, такшалып, тажрыйба топтоп, эмгегинин үзүрүн көргөн кесип ээси. Анын эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы ыйгарылган.

Ал өзүнүн татаал жана түйшүктүү иш жолунда эмгегинин ийгилигин, жакшылыгын, кубанычын да көрдү. Кесиптик майрамдар, ар кандай иш чаралар, жетишкен ийгиликтер, анын баарында бул кесип ээсинин да салымы бар. Ал иштеген “Кыргызнефтегазга” өлкөбүздүн жетекчилери, белгилүү адамдар көп келишти. “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомуна жумуш сапары менен келген Роза Отунбаева, Апаз Жумагулов, Дооронбек Садырбаев, Аскар Акаевдер менен нефтичилердин жолугушууларына күбө болгон.

ОСОНОВ АШИРБЕК,
бургулоо устаты

1967-жылдын 2-майында жарык дүйнөгө келген. Эр жетип, жигиттик куракка келип, 1985-1987-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн. 1988-жылы Кочкор-Ата шаарындагы кесиптик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, кесипке ээ болуп, 1989-жылдан тартып, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында моторист болуп эмгек жолун баштап, ушул күнгө дейре дал ушул кесибинде эмгектенип келет. Иштеп жүрүп, өндүрүштөн ажыратылбастан туруп, 1999-жылы Кочкор-Ата шаарындагы колледжди аяктап, кесип алууга жетишти.

Азыркы күндө бургулоочунун устаты кесибин аркалап келет.

РАЙИМКУЛОВ АБДИМИТАЛИП,
бургулоочунун жардамчысы

1956-жылдын 14-апрелинде жарыкчылыкка келген. 1978-жылы Кокон шаарындагы техникалык окуу жайында окуп, бургулоочунун жардамчысы адистигине ээ болгон.

38 жылдан бери бир кесипте иштеп, нефть, газ, өнөр жай тармагынын өсүп-өнүгүшүнө салым кошуп келет.

Ал өзүнүн эмгек жолунда Сооронбай Жээнбеков, Дооронбек Садырбаев, Өмүрбек Текебаев, Молдомуса Конгантиев, Камчыбек Ташиев сыяктуу бир катар көрүнүктүү инсандар менен жолугушуп, кызыктуу ирмемдерди өз башынан өткөргөн.

Эмгектик ийгиликтери үчүн профсоюздук уюм тарабынан жолдомо аркылуу бир катар эс алуу жайларында эс алды, булардын баары анын өз кесибиндеги татыктуу эмгегинин сыйы.

РАХИМОВ ХАШИМЖАН,
дизелчи-моторист

1963-жылдын 5-февралында төрөлгөн. 1981-1983-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызмат өтөгөн. Андан соң, кесипке ээ болуу максатын көздөп, 1984-жылы кесиптик-техникалык окуу жайынан нефть өнөр жай тармагы боюнча адистикке ээ болгон. Ошол жылдан бери “Кыргызнефтегаз” өндүрүштүк бирикмеси, азыркы ачык акционердик коомунда дизелчи-моторист кызматын аркалап, жемиштүү иштеп келет.

ТУРДУЕВ РАЗЫК,
бургулоочу

1958-жылдын 10-сентябрында Базар-Коргон районуна караштуу Акман айылында туулган. 6-разряддагы бургулоочу.

1981-жылы кесипчилик-техникалык окуу жайын аяктап, бургулоочунун жардамчысы кесибине ээ болгон. Ошол эле жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармасында өзүнүн кесиби боюнча эмгек жолун баштаган. Ал өзүнүн эмгек чыйырында 1982-1984-жылдары бургулоочунун жардамчысы, 1984-2014-жылдары бургулоочу кызматын аркалап келди. Ал эми 2014-жылдан бери Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында диспетчер болуп иштеп келатат.

ЭРГЕШОВ БОЛОТБЕК,
бургулоочу

1959-жылдын 13-сентябрында Ноокен районунун Ноокен айылында туулган.

1977-1979-жылдары Белоруссиянын Минск шаарында жоокердик милдетин өтөгөн. 1980-жылы Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайынын Кочкор-Атадагы филиалын аяктап, ошол эле жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармасында 4-разряддагы бургулоочунун жардамчысы болуп иштей баштаган. 1981-жылы Кокон шаарындагы бургулоочуларды даярдоочу курста окуп, кесиптик чеберчилигин жогорулатып келген. 1991-1994-жылдары Сургутта “Кыргызнефть” өндүрүштүк бирикмесинин бөлүмүндө иштеген. 1994-жылдан Кыргыз бургулоо иштер башкармасында кайрадан бургулоочулуктан эмгек жолун уланткан. 2007-2010-жылдары Кыргызстандагы “Косиион ойл шерик” чет элдик бургулоо компаниясында бургулоочу болуп эмгектенген. Ошол кезде Россиянын Россиянын Нефтеюганск шаарында НКИ институтунда кечки бөлүмдө окуп, эл аралык категориядагы 7-разряддагы бургулоочу сертификатына ээ болгон.

2010-жылдан бери Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочу, бургулоо бөлүмүндө диспетчердик жумуштарды аркалап келет.

ТОКТОБОЛОТОВ КЕҢЕШБЕК,
бургулоочу

1959-жылдын 6-октябрында жарыкчылыкка келген. 1975-жылы Жалал-Абад шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, атайын адистикке ээ болгон. 1977-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун баштаган. 1978-1980-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн. Ошол жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармасынан өзүнүн эмгек жолун уланткан. 1978-жылдан Кокон шаарындагы окуу өндүрүштүк комбинатында окуп, бургулоочунун жардамчысы адистиги боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатууга жетишкен, 4-разряд ыйгарылган. Эки жылдан соң өзү иштеген мекеменин жолдомосу менен кайрадан кесиптик чеберчилигин жогорулатып, 6-разряддагы бургулоочулукка ээ болгон. Андан кийин 1985-жылдан Нижневартовдо, 1991-жылдан Сургутта бургулоочу болуп эмгектенген. Ал эми азыркы кезде Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында иштеп, бургулоочулук кесипти аздектеп келет.

ШАМШИДИНОВ ЭРКИН,
бургулоо устаты

1956-жылдын 6-апрелинде Базар-Коргон районунда төрөлгөн. 1973-жылы Фергана политехникалык институттун "Тоо инженери" адистиги боюнча билим алууну көздөгөн. 1978-жылы аталган окуу жайынан нефть, газ скважиналарын бургулоо боюнча кесипке ээ болуп, жогорку билим алууга жетишкен. Өзүнүн эмгектик ишмердүүлүгүн 1978-жылдын 1-июнунан ошол эле жылдын 1-сентябрына чейин бургулоочунун жардамчылыгынан баштаган. Ошол мезгилден 1980-жылдын 1-сентябрына чейин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1980-жылдан 2007-жылга дейре “Кыргызнефтегазда” инженер-технолог, бургулоо мастери, бургулоо жетекчиси, Карагач РИТСтин башчысынын орун басары, ЦИТСтин башчысынын орун басары, ЦИТСтин нөөмөт башчысы, скважиналарды бекемдөө тобунун башчысы, Риштан бургулоо участкасынын башчысы, Кочкор-Ата бургулоо участкасынын башчысы, Кыргыз бургулоо иштер башкармасында инженер-технолог жумуштарын аткарган. Ал эми 2007-жылдан 2014-жылга дейре “Каспиан Ойл” Австралиялык компаниянын, “Шерик-менеджер” жоопкерчилиги чектелген коомунун бургулоо боюнча менеджери кызматтарын аркалады. Азыр Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында эмгектенип келет.

ХУДАЙБЕРДИЕВ МУРАТБЕК,
бургулоочу

1962-жылдын 1-июлунда жарык дүйнөгө келген. Мектепти аяктагандан кийин Кочкор-Атадагы №77-кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, атайын адистикке ээ болгон. Өзүнүн алгачкы эмгек чыйырын "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинде 1985-жылдан электро-механиктиктен баштаган. 2009-жылдан тартып, Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочу болуп эмгектенип, бул кесибинде жакшы жана жемиштүү иштеп, ушул кесиби аркылуу эмгегинин үзүрүн көрүп келет. Эмгеги менен эмгек жамааты арасында өзүнө таандык кадыр-барк, урмат-сый алууга жетишкен. Аны өз ишине такшалган кесип ээси катарында көпчүлүк билет жана ал ушул тапта да дасыккан бургулоочу катарында белгилүү.

АХМАТОВ ТАЛАНТБЕК,
Тейлөөчү электро монтер

1977-жылдын 9-ноябрында Момбеков айыл өкмөтүнүн Курулуш айылында жарык дүйнөгө келген.

1992-жылы Кочкор-Ата шаарындагы колледжде окуп, техник-технолог кесибине ээ болгон. 2005-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгынан мунараны монтождоочу электр монтерлуктан 2-разряд менен эмгек жолун баштаган. Убакыт өтүп, бүгүнкү күндө 4-разряддагы тейлөөчү электр монтер.

Ал эмгектеги жетишкендиктери үчүн 2012-2017-жылдардын аралыгында "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун жана Кочкор-Ата шаардык мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. Бир уул, эки кыздын атасы.

БАШКЫ ИНЖЕНЕР ӨЗ КЕСИПТЕШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын башкы инженери Абдилла Жусупов өз өмүрүн бургулоо иштерине арнаган адам. Ал 1980-жылы алгач бургулоочунун жардамчылыгынан эмгек жолун баштаган. Андан соң бургулоочу, бургулоо устаты болуп иштеген. 2003-жылдан бери аталган башкармалыкта башкы инженер кесибин аздектеп келет. Ал дал ушул деңгээлге жеткенче дасыккан бургулоочулардан таалим, тарбия алып, бул кесиптин өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын жана улуулугун билди. Азыр ал адамдардын кулк-мүнөзүнөн тартып, жасаган ишине чейин көз алдында. Эсте калгандарын баарын саймедиреп айтып берди. Алардын бир катары үй-бүлөсү менен дал ушул кесипти аркалашкан.

Ушул тапта төрт кыз, бир уулдун атасы, сегиз неберенин чоң ата, таятасы.

Башкы инженер өз кесиптештери жөнүндө мындайча эскерет: мунай жана газды чалгындап, бургулоо иштерин жүргүзүү оңой жумуш эмес.

Жумуш жыйырма төрт саат үзгүлтүксүз, күнү-түнү тынбай жүрүп турат.

Аптапта, жаан-чачын, көк муз, аязда ачык асман астында ар бир өткөөл метр үчүн аябай катуу күрөш жүрүп, эбегейсиз эмгек талап кылынат.

Коопсуздук эрежелерин сактап башына бекем, бышык пластик баш кийим, бутуна кирза өтүк, үстүнө майга чыдамдуу кийим, колунда брезент кол кап кийген бети башы майланган, капкара, ылай чачыраган, тиши эле агарып көрүнгөн адам көрдүңүз беле?

Ал деген бургулоочу!

Анын колунда жүздөгөн ат күчүнө ээ бургулоо орнотмосунун туткасы. Тутканы башкарып ошол жүздөгөн ат күчүн жер астында болот түтүктөргө уланган жогорку сапаттагы болоттон жасалган бургуну кыймылга келтирүүгө жумшап, улам тереңдетип бургулап казып турат. Узак токтоого мүмкүн эмес. Токтотсоң кылган мээнетиң талаага кетип бургуңду кысып же түтүгүңдү кысып калып айлаңды кетирет.

Кысып калса орнотмонун бүт күчүн күркүрөтө жумшап, көккө тиренген болот мунара кычырап араң чыдап, түтүктөрдү жер бетине сууруп алууга аракет кылышат.

Ал мейли кез кезде болуп турат. Байкабай кокустан ашыкча күч жумшап алып ошол болот түтүктү жер астынан тереңирээк жеринен үзүп алсаң шо-

руңдун куруганы.

Атайын аспаптарды колдонуп тереңдиктен үзүлгөн түтүктүн баш жагын таап, ага аспапты этияттап улап эптеп сууруп алууга умтуласың.

Бургулоочу төрт жардамчысы менен тыным албай кезметтешип кезеги менен колдон колго алып улам жешилген бургуну жаңысына алмаштырып жанын үрөп иштешет.

Жер эне койнуна каткан мунай корун жөн эле кармата бербейт.

Техника араң жеткен чоку, кууш колоттон жай жасалып, жол салынып бургулоо орнотмосу коюлуп ал ишке берилип колот ичи шаңга бөлөнүп болоттон жасалган түтүктөрдүн оордугуна чыдабай кубаттуу танкалык дизель кыймылдаткычтары кара түтүнүн көккө бүркүп, насосторду ылай аралашмасын тереңдикке жогорку басым астында айдоого мажбур кылат.

Жогорку басымга чыдабай калың түтүктөр бычак менен тилгендей жарылышат. Ширетүүчү күн-түн дебей бирге болуп жарылганын жаңылап жамап турат.

Оңдоочусу колунан майлагычы түшпөй, бүлүнгөнүн, бузулганын оңдоп, түзөп жөндөп майлап, зыпыйтып таза кармоого аракет кылат.

Ылай аралашмасы жөн эле суу менен топурактан турбайт. Атайын кошулмалар кошулуп ийленип, басымга, сууга, ысыкка чыдамдуу болуп жер астынан бургуланып бошогон тоо тегин алып чыгат.

Тереңдиктен ылай аралашмасы менен чыккан бургуланган тоо тегин электен өткөрүп, тоо тектен бөлүнүп ылай аралашмасы кайрадан жер астына тереңдикке айдалып турат.

Мунай газ коруна жетип бургулоо токтотулуп, ал жерге мунай газды пайдалануу үчүн атайын түтүктөр коюлуп, аларды бекемдөө коргоо максатында түтүктөрдүн сыртын цементтөө жумушу жүрөт.

Жер астына бирине бирин улап, эки миң метр болоттон жасалган түтүк коюлганын, элестетип көрсөңүз.

Келиңиз эми биз ошол түтүктөрдүн ылдыйкы үч жүз метр сыртына цемент куябыз дейли. Атайын билимдүү адистерибиз чай кайнамда сизге белгилүү болгон эсептөө жолу менен сизге белгисиз ыкма менен ал ишти толук кандуу бүтүрө салат.

Мына ошондон кийин ал түтүктөрдү мунай газ кору тушунан көзөп тешүү жумушун аткарышат.

Техника чыга албаган тоскоолдуу тоо токойлуу аянттар астында жаткан мунай газ коруна жетүү да өзүнчө жумуш, ал да кызык. Илим билим жетишкен кезде ал да кыйынчылыкты туудурбайт.

Атайын адистерибиз тоо токойлуу тоскоолдуу жер алдына багыттап жантайтып бургулоодо алдына адам чыгарбайт. Тоо токойлуу тоскоолдуу жер алдында жаткан мунай газ коруна көрбөй туруп эсептөө менен, кагаз бетине

коюлган чекитке жеткендей жетишет. Аларды артынан "кыйшык уста" деп коюшат. Сейрек кесиптин ээси десек болчудай.

Мына ушундай жер киндигин теше күнү түнү тынбай бургулап, мунай газ чалгындап, издеп колот колотко, жонго коюлган бургулоо орнотмолорунун саны он экиге жеткен. Бул он эки орнотмодон сырткары төрт орнотмосу мунай кудугун изилдөө, сыноо менен алек болсо дагы төртөө куруу жыйноо жана бузуп ташып кетүүдө болгон. Ушул жыйырма бургулоо орнотмосун тынымсыз жүргүзүү үчүн бир миң эки жүз адам эмгектенген Кыргыз бургулоо иштери башкармалыгы түзүлгөн.

Жетекчилигине иш билги, көптү билген, жогорку билимдүү, тажрыйбалуу, башынан ысык суук өткөн инсандарды дайындашкан. Алар Л.М.Мурадян, В.Н. Кучин В Н, Т.Э. Дорбановдор.

Жергиликтүү кадр катары аттын кашкасындай таанылган принципиалдуу, иш билги, уюштуруучу, кырк жылдан ашуун эмгек кылган далай жаш жергиликтүү кадрларды канатында ала жүрүп тарбиялап өстүргөн өзгөчө чыгаан инсан Тиркеш Дорбанов экендиги талашсыз.

Жогорку окуу жайын Ташкент шаарынан бүтүрүп, ушул эмгек жаматында катардагы жумушчудан баштап, ишканада башкы инженер, башчылыкка чейин жетип, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрагасынын бургулоо боюнча орун басары болуп иштеген.

Союз урап, ар ким өз алдынча күн кечирип калган кезде кийин керек болот деп орнотмолорду бир жерге ийне жибине чейин жыйып, көзөмөлгө алып ишканада иштеген балтага сап, уютку болор адамын кетирбей сактап калды. Мына ошолор кийин өндүрүш жандана баштаган кезде кереги тийди. Бирөөнөн төртөө болду.

Али бүгүнкү күнгө дейре, кээде, бизде жок дебей четинен алынып сынган чыккандын ордун толуктап, керегине жараша кемтик жерине иштетип жүрүшөт.

Жаңысы өтө чоң акча экенин, издесең табарың күмөн болорун ал киши дароо билген. Азыр андай жетекчи сейрек. Жокко эссе. Иштеп көнгөн жан али да болсо кайратынан жана элек, жаштар менен тең чуркап өндүрүш үчүн күйүп бышып, кеп кеңешин аябай, күүлүү-күчтүү.

Бал аары баккандардын чыгааны. Жумуштан бош кезинде дайыма тоо арасында бал аарысы менен алек. Аары адамды чыдамкай, эмгекчил, байкоочу, тартиптүү болууга тарбиялайт.

Жаратылыш үчүн төрт түлүк малдын катарында аарынын мааниси зор. Аары менен алпурушкан адамдардын дени соо болуп, оору сыркоого туруштук берет.

Деги бал аарысын баккандардын арасынан кембагалын көрбөдүм. Баарынын турмушу жакшы. Көзгө көрүнбөгөнү менен чоң мээнетти талап кылат.

Аарыны чыдаган адам гана багат,- дейт Тиркеш Дорбанов.

Тарбиялап өстүргөн кадрларынын бири Нурумбетов Орозбек. 1991-жылдан бери участканын инженери, жетекчиси, башкы инженер, ишкананын башчысы кызматын аркалап келет.

"Аганы көрүп ини өсөт",- дегендей бир тууган иниси Дорбанов Малик мунай кудугун капиталдык оңдоо боюнча алдына адам чыгарбаган устат. Эмгек жолун 1981-жылы дизелистке жардамчылыктан баштаган. Өз баласы Замирбекти төрт жылдан бери өзү менен ала жүрүп телчитип, көп нерсени үйрөтүп койду.

Дагы бир иниси Дорбанов Кубаныч мунай газ өндүрүү ишканасында эсепкысап жагында жанда жок адис, башкы эсепчи. Кубанычтын уулу Сардар да атасындай эсепчи.

Чыныгы мээнет менен күн көргөн адамдар сабында Тиркеш Дорбановдун инисинин баласы Азамат да бургулоочунун жардамчысы болуп иштеп жатат.

ШАВОЛОТОВДОР

Ошол "кыйшык усталардын" бири Шаволотов Кубанычбек. Тукум улап бургулоочулардын үчүнчү мууну. Чоң атасы мунай газга чалгындоо жумуштарында алп эмгеги менен алкыш алган өкмөттүн Ленин орденинин кавелери, орден медалдарынын ээси, эмгек ардагери – Шаволотов Даданбай.

Карагачи, Бешкент Тагап мунай корлорун ачууда эбегейсиз зор салым кошкон.

Жалал-Абад шаардык музейде көрүнүктүү адам катары бул адамга арналган бурч да бар.

Иш десе ичкен ашын жерге койгон адам болгон. Жумуштун оор экендигине карабай өз балдарын аябай өзү менен ала жүрүп такшалтып талпындырган. Маңдай пешене тер, ак эмгек эмне экендигин туйгузган, туюндурган. Өз атасы Шаволотов Азизбек. Азизбек ата кесибин аркалап дизелистке жардамчы, бургулоочу, бургулоо устаты болуп отуз беш жыл эмгектенип ардактуу эс алууга чыкты. Төрт уул бир кыздын атасы.

Эки уулу ата жолун жолдоп Муратбеги бургулоочу, Кубаныч багытап жантайтып бургулоо устаты - "кыйшык уста".

Даданбай абабыздын кызы Авазхан 1986-жылы Москвадан мунай газ институтунун экономика факультетин бүтүрүп, "Кыргызнефтегаз" ишканасында отуз үч жылдан бери эмгектенип келе жатат.

Авазхандын уулу Бектур политехникалык институтун аяктап, технологиялык унаа башкармалыгында диспетчер.

КАРАБЕКОВДОР

Карабеков Кочкор эмгек жолун 1959-жылы бургулоочунун жардамчысы катары баштап, отуз үч жыл бир ишканада эмгектенип, 1992-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Эмгек ардагери, беш уул, беш кыздын атасы.

Эмгек китепчесинде болгону бир гана "ишке кирди", "иштен чыкты", деген жазуу бар. Иштин жеңилин издебей, ар тоонун чөбүн эңсебей адал эмгек кылган адам.

Ата жолун эки уулу улап, азыркы кезде бургулоочу болуп эмгектенип жатышат.

Таалайбеги афган ардагери, колунан көөр төгүлгөн ширетүүчү, ал ширеткен түтүктөн эч жарака кетпейт. Болбой баратса "жасап бер", - деп ага кайрылышат, үйүнөн алдырып суранышат.

Азыр бургулоочу. Эмгек жолун 1990-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында ширетүүчүлүктөн баштаган.

Бир уул, үч кыздын атасы.

Каныбеги 1991-жылы ата, ага жолун бургулоочунун жардамчысы катары улап азыр дасыккан бургулоочу.

Баткен, Лейлек, Аксы, Сузак, Ала-Бука аймагыбы, дегиси барбаган жери жок, жооптуу жерде майын чыгара иштеп, ак мээнет адал иштин ээси.

Маңдайдан аккан тер, шорголоп чыныгы чымырканган эмгек менен чыдап иштебесең болбойт.

Улам тереңдеп, аз аздан карыштап казганың бургулаганың көбөйүп бир жарым, эки чакырымда мунай кору көрүнүп, аны да алып чыгуу оңой эмес эсиңди эки кылат.

Бургулоо орнотмолору өтө оор келип, аларды ташуу, жыйноо, жүктөөдө катуу эмгекти талап кылат. Жылдын төрт мезгилине карабай аны куруп бургулап иштешет.

Кеңеш өкмөтү улуу жашына, улутуна карабай атайын адистерди Фергана өрөөнүндө мунай газга бургулоо жумушуна жиберип, жергиликтүү калк арасында да атайын адистерди даярдоого жакшы көңүл бурган.

Республикабыздын туш тарабынан келген жаштар шаар куруп, күнү-түнү иштеп, мунай газды чалгындоо жумуштарын өздөштүрүп, аларды өндүрүүдө жакшы катышып, алдыңкылардан болушкан.

Алды Москва, Ташкент, Грозный, Краснодар, Алматы, арты Кокон, Андижан шаарларынан окуп, билим алып, кесибин ушул биздин Кочкор-Атада улантып, асты кырк жыл, бир жерде иштеп эмгегинен баар таап көгөргөн. Баркталып, ак эмгеги текке кетпей, аты шаарыбыздын көчөлөрүнө коюлган.

Улутуна карабай бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир туугандай бирин-бири жөлөп-таяп, жардам берип, ырыс алды ынтымак менен жашап келип, ушул чаңы учкан, жантак баскан, суусуз боз адырга алгачкы

жыгачтан жасалган үйлөр (финский дом) пайда болуп, биздин шаарыбыз Кочкор Атаны түптөп курушкан.

Тээ ылдый он беш чакырым жерден жер алдынан ичүүгө жарактуу болгон тунук таза суу корун табышып, аны түтүктөр аркылуу жеткизип алышкан.

Азыр алар ардактуу эс алууда. Жака белиндеги колхоздорго менин ишим эмес дебей, улутуна, улуу-кичүүсүнө карабай жакындан жардам берип, пахтасын терип, жыйып, жүгөрүсүн оттон арылтып, чөбүн чаап, саманын жыйып, тамекисин терип, тизип ынтымакта жашашкан.

Райондо жападан жалгыз кенен маданият үйүнө ээ болушкан. Ушул кенен маданият үйүндө чогулуш, семинарлардан тартып, райондук маанидеги маданий иш-чаралар күнү куру эмес , дүркүрөп өтүп турган. "Атын атасаң куту сүйүнөт" дегендей.

КЕРИМОВ ВИКТОР

Бургулоо иштерин жүргүзүүдө механикалык устакана, балка дөөшүсү, көмүрү менен темир уста албетте керек.

Керектүү тетиктерди, аспаптарды убагында жасап, алар бургу аянтына жеткирилет.

Темир уста бузулганын, сынган чыкканын, жешилгенин убагында карап, оңдоп алмаштырып турат.

Ушул кызматты устакана башчысы Керимов Виктор аркалап келген. Кол алдында иштеген жумушчулары менен тең иштеп, көзөмөл жүргүзүп, алдын ала саресеп салып, керек тетикти даярдап турган. Аптапта бешене терин арчып алып жумушка аянбай катуу киришчү. Алыс жолго чыкса эки колунда балмуздак. Кандай тамак жебесин артынан балмуздак жебесе тура алчу эмес. Теңтуштары "Сладкий механик" деп коюшкан.

Азыркы заманда устакана башчысы болуп шаардык кеңешке депутат Суеров Канат эмгектенет. Жогорку билимге ээ болуп, эмгек жолун ушул устаканада оңдоочуга жардамчы болуп баштаган. Жыйырма жылдан ашуун эмгек кылып койду. Устаты Керимовдой болуп эмгектенип, ара чолодо шаардык кеңешке чуркап, чогулуштардан калбай калк арасында оозго илинип, көзгө көрүнүп, карааны калдайып калган кез.

Төрт уул, эки кыздын атасы.

Бургулоо иштери күндөп түндөп жүргүзүлөт. Электр шамдары күйүп, түн күндүзгүдөй жап жарык. Кубаттуу электр кыймылдаткычтары орнотмону кыймылга келтирип турат. Электр энергиясыз бургу орнотмосун элестетүү кыйын.

Ушул электр тармагын ишканада тейлеген энергия менен камсыздоо жана электр жабдыктары бөлүмү болот.

Кубаттуу электр кыймылдаткычтарын улап, оңдоп жөнгө салып жана жүргүзүү, көзөмөлдөө иштерин кезеги менен бөлүмдүн кызматкерлери аткарышат. Бөлүм башчысынын милдетин бургулоочунун мураскору Евтушенко Виктор Леонидович аткарып келет.

1965-жылы бургулоочунун үй-бүлөсүндө туулган. Атайын билимдүү, даярдыгы шайма шай, белсенип иштегендердин бири.

Бир кыздуу.

Жоготконуң жок туруп, издегениң издеген дейбиз геологдорду.

Бургулоо ишканасында иштеген далай өз ишин жакшы билген мыкты геологдору болгон. Башкасын айтпасак да Г.А.Сарьян, Э.К.Базарбаев, Ю.Ф.Пекин, С.И. Мусаев жана башка геологдор өлкөбүздүн мунай, газ өнөр жайына сиңирген эмгеги менен өзгөчөлөнөт.

Мына ушулар менен иштешип таалим алып тарбияланган геолог Немат Мирзаев отуз алты жылдан бери геология жагында эмгектенип келе жатат.

Жер алдында мунай корунун жаткан тереңдигин, анын калыңдыгын, басымын, катмарын жатка билген жан ушул.

ЖОРОБАЕВДЕР

Жоробаев Маматибраим 1934-жылы 10-майда туулган. Айтылуу Өзгөн районунун кулуну.

Эмгек жолун 1960-жылы бургулоочунун жардамчысы болуп баштаган. Бургулоочу, бургулоо устаты, ишкана боюнча райондук инженер, технологиялык кызматтын башчысы болуп иштеп, 1992-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Мунай, газ өнөр жайын өнүктүрүүдө алгылыктуу албан эмгеги, кошкон салымы эске алынып, СССР мунай, газ өнөр жай министрлигинин өзгөчө төш белгиси менен сыйланган. Ишкананын далай акчалай сыйлыктарынын ээси.

Кыргызстандын түштүгүндө ал кирбеген колот, баспаган жол, ичпеген суу калбады.

- Алайдын суугуна, түтөгүнө чыдап, Лейлекте Бешкент, Тагап, Ташрабат, Каракчы Кум, Тузлук, Арка, Ноокаттын Кырк Колунда, Өз жери Өзгөндүн Сузактын Чаңгыр Таш, Чыйырчыгы, Теке Белин, Аксынын алмалуу Желтмес Иринжити, Кызыл Жарын, Ноокендин Майлуу Суусун, Алчалуу-Майдан Алашын, Базар-Коргондо Ак Мечит мунай кенине чалгындоого катышты.

СССРдин менмин деген атактуу мунайчы геологдору менен жанаша жүрүп иштештим. Эмгек ардагеримин, Насип кылган экен ажылык сапарына барып келдим, - дейт ак сакалын жайкалтып. Зериккенде кабар алып, ишканага келип турат.

Кеп-кеңешин, көргөн-билгенин, тажрыйбасын айтып, адамдын ажаатын ачат. Кызы Роза отуз жылдан бери ишкананын кадрлар бөлүмүн жетектейт. Мыкты адис. Канча иштеди, кимге качан эмгек өргүү, эмне менен сыйланган, кимге сөгүш, кантип алган, мунун баарын жатка билген жан ушул. Жолдошу бургулоо устаты. Колтукташып бирге басып таң эрте, божурашып алар келет жумушка.

КАЛЧАЕВДЕР

Калчаев Нажимидин ушул алгачкы бургулоочулардын бутуна оролуп жүрүп чоңойгон.

Башкыр, татар, орустардын балдары менен ойноп, тез эле тил билип алган. 1949-жылы 1-майда жарык дүйнөгө келген. Эмгек жолун 1970-жылы тракторчулуктан баштап, дизелист, бургулоочунун жардамчысы, бургулоочу, улук дизелист болуп 2014-жылга чейин иштеген. Жалпы кырк төрт жыл эмгектенди. Жүрбөгөн дизел жок, Нажимидинди көргөн эле дизел от алат дешет тааныштары. Эптей албай эси кеткендер атайын издеп келишет, жүргүзүп бер, сураганыңды берейин деп.

1971-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын өтөгөн.

Бош кезде Нажимидин айтып берер эле:

- Армияга чакырылгандар алгачкы күндөрүн карантинде өткөзөт эмеспи. Көнүмүш эмес бөтөн эл, бөтөн жер, керели кечке жер тээп маршта. Ортодо тептегиз чоң аянт чекелеринде казарма ашкана, мончо, андан ары танкалар үчүн ангарлар, оңдоп түзөөчү жайлар.

Жер тээп, сап-сап болуп тизилип кетип жатабыз. Бир жайда мага тааныш дизелдин чала үзүл-кесил үнү угулду. Улам улам кимдир бирөө тиги дизелди от алдырууга аракет кылып жатты. Анысынан майнап чыкпай кыйкырыша башташты.

Бизге командирибиз танапис жарыялап ар-ар жерге көлөкөлөй баштадык.

Байкап турсам тиги танкадагы дизел дагы эле от албай үч-төрт капкара май болгон кийимчендер тегеректеп, күйпөлөктөп жүрүшөт.

Армияга чейин бургулоо орнотмосунда дизелист болуп, далай дизелди оңдоого катышып түзүк эле тажрыйба алып калгам.

Мени ким билет эле акырын басып жакындап байкай баштадым. Мени менен эч кимдин иши жок.

Өтө эле жакын барып мойнумду созуп кызыгып эмнесинен экен деп кар-

малай баштадым шектүү жерин баамдап. Менин кийимимден жаңы келгенимди дароо бир дөөдөй кара кийимчен биле койгонбу көчүктөн ары бир тээп, мен кантип жүргүзүштү айткыча болбостон "обед" деп жарыялап баары жөнөп кетишти. Мени угушкан жок.

Алар кетишкенден кийин мен дароо дизелге жармаштым, тиги мен билген жерин түзөп, майды жеткизип туруп бир бастым эле, буулугуп турган дизел от алды.

Өзүмчө сүйүнүп карап турдум. Танканы карай чуркап келе жаткан офицер ким жүргүздү деп кыйкыра баштады.

Мен колумдун майын аарчып акырын мен, - дедим.

Менин артымдан чурка деп чуркатып столовойго алып барып бир полковникке көрсөттү "мына" деп.

- Сенби жүргүзгөн, - деди.

- Ооба, - дедим.

- Кантип, - деди, мен айтып бердим.

Көрсө беш-алты күндөн бери полктун командиринин танкасынын дизели жүрбөй баары ошону менен убара болушуп, эң керектүү жерине келгенде эстен чыгып аны карашкан эмес экен.

Түшкү тамакты жеп олтурса анын танкасынын үнү чыгат.

Ии баракелде жүргүзүштү азаматтар деп компойсо тиги оңдогондор баары жанында, эми эле айтышкан от албай атат себеби такталган жок деп.

Эмне ким деп тигилерден сураса эч ким эч нерсе дей албагандан бир офицери танкасын көздөй чуркатып жатпайбы кантип эле өзүнөн өзү жүрсүн. Полкту тизип туруп, армияга жаңы барган мага жолдон сырткары он күнгө өргүү жарыялап, тиги кара кийимчендерге сөгүш берди. Өргүүгө үйгө келсем атамдын эси чыгат качып келдиңби деп.

Болгон окуяны айтып бердим.

Өргүү бүтүп кайра бардым.

Мени тиги кара кийимчендерге кошуп коюшту кара кийим берип. Эки жылдык кызматымда далай дизелдин жанына жан кошуп жүрдүм дейт.

Ошол күндөрүн Нажимидин көп эстээр эле

Нажимидин эки уул, үч кыздын атасы.

Нурбеги ата жолунда дизелист, эки уул, эки кыздуу.

СЫДЫКОВ КАДЫРБЕК
бургулоо устаты

1938-жылы, 10-сентябрда туулган. Аты шаарыбыздын өзү жашаган көчөсүнө коюлган. Карсылдап иштеп, каткырып күлгөн кайратман адам Кадырбек болгон. Өз жерин, эне тилин өтө сүйгөн өзгөчө жан эле. Оюндагысын шарт айткан, жоомарт адам болгон. Ишкана жетекчилиги кайда жөнөтпөсүн

жоопкерчиликти сезе билип, иштин майын чыгара иштеп артынан далай жаш кесиптештерин тарбиялап, талпынтып уядан учурду.

Ал жетектеген бригада ар дайым кандай гана мелдеш болбосун алдыңкылардан болуп утуп чыккан.

Кыштын күнү ызгаарда кара тери тончон Кадырбек аке өзү баш болуп жер алдындагы жогорку басымга жана ысыкка чыдабай ирип кеткен ылай аралашмасын кайрадан ийлеп жарактуу кылып, айдоону көзөмөл кылчу.

Жумуш убакыты бүткөнүнө карабай үйүнө кетпей иштин кызыкчылыгына карап бургулоо аянтында кала берип күндөп түндөп иштеген күжүрмөн болгон. Азыркы кезде жалгыз уулу Бакыт ата жолунда бургулоочуга жардамчы болуп алыскы Карагач аянтында эмгектенет.

Беш кыз, бир уулду тарбиялап өстүргөн бактылуу үй бүлөнүн атасы болгон.

ФАРИЗОНОВ ШАМИЛ

Эмгек жолун бургулоодон баштаган. Тажрыйбалуу бургулоо устаты болгондо ага бургулоо жумушунда өтө оор, ары татаал, кыйынчылык менен бүтүүчү иштерди табышташкан. Бул жумуштар күндөп түндөп бургу аянтында калып жер алдында сынган, кысылып калган бургу түтүктөрүн улап аларды жер бетине алып чыгуу болгон. Бул жумуштар анын гана колунан келген. Далай чалгындоо кудуктарын кыйроодон куткарып тазалап жөнгө салган жөнөкөй адам эле.

ПЕРЕХРЕСТ АЛЕКСАНДР ВАСИЛЬЕВИЧ

Аскердик милдетин өтөп келип бургулоочуга жардамчы, бургулоочу, бургулоо устаты болуп көп жылдык тажрыйбалуу эмгек кылган. Убагында тажрыйбалуу адис катары Пакистан өлкөсүндө иштеп келген. Мамилеси, мүнөзү жумшак, туура сүйлөгөн түз адам эле. Ким гана болбосун аны менен иштешкени даяр турган. Эмгек тартиби, иштеген иши жөндүү адис катары үлгү болгон. Кайда барбасын сыйлуу болуп, сөзү эки болбой иши жакшы жүргөн.

ТӨРӨБАЕВДЕР

Алгачкы мунай газга чалгындоо жүргүзгөндөрдүн арасынан Төрөбаев Жоробайдын атын атабай койсок болчу эмес. 1930-жылы туулган. Жумуштун оордугуна карабай көп балалуу үй бүлөсүн багып, аларга жеткиликтүү тарбия берип жетилгенин өз жанына алып жумушка орнотуп жүргөн. Кимдир бирөөгө жомок, кимгедир чын түштөнүүгө алып барган азгандай тамак, жегенге убакыт жок кайтып үйгө алып келген күндөр көп болгон. Себеби токтоого убакыт жок, тынымсыз иштебесең, бургулабасаң болбойт.

Бул тууралуу балдары көп эстешет.

Туну Абдулхамит бургулоочу болуп иштеп, азыр ардактуу эс алууда, анын балдары Илияс токар, Дилмураты электрик, коопсуздук кызматында иштеп азыр эс алууда,

Экинчи уулу Абдулхафиз өтө иш билги сыпаа бургулоочу болуп иштеген.

Үчүнчү уулу колунан көөр төгүлгөн унаа устасы, Абдулмажит бургулоо орнотмосунда механик болуп иштеп барбаган жери жок, болбойт дегенди болтурган, оңдолбойт дегенди оңогон чебер уста. Оңдоп бер деп сүйрөтүп келишет машинасын тээ алыстан кээ бирөө. Адамдын ажаатын ачып, алеки саатта себебин таап, оңдоп жолго салат келгенди.

Өмүрлүк жолдошу Караматхан ишканада кырк жыл бир жерде иштеген бирден бир экономика жаатындагы адис. Кайсы кудук качан кантип, эмне менен бүткөнүн, тереңдигин, канча чыгым сарпталган, үзбөй дайым, даана жазган киши бул. Анан да айта кетчү нерсе жанга жагымдуу ыр саптардын ээси.

Майрам сайын көңүлдү көтөргөн ыр саптарын жазып жамаатка тартуулайт. Жүрөктү эзип, жүлүнгө жеткен жөп-жөнөкөй ырларын ар туулган күндө берип турат.

Поетесса!

Уулу Фуркат ширетүүчү, оңдоочу, бургулоочуга жардамчы.

Ал да атасындай чебер уста болчудай.

Давайте будем рядом в трудный час,
Давайте иногда не будем злиться.
И, если кто-то вдруг обидит нас,
Не будем воздавать ему сторицей.

Давайте будем бережно хранить,
Кристаллы чувств, что нашу душу греют.
И близкими своими дорожить-
Ведь люди так стремительно стареют.

Давайте чаше говорить с детьми,
Им очень важно знать – они любимы.
И пусть давно выросли они,
Но, как и в детстве, до сихпор раними.

Давайте внуков будем обожать,
И получать невольно наслажденье.
Ведь бабушкам положено прошать,
И вкусное готовить угошенье.

Давайте будем радоваться жить,
Иметь работу это очень важно,
Пусть дети нами будут дорожить
А остальное, в принципе, не важно.

РАХМАНАЛИЕВДЕР

1926-жылы туулуп эрезеге жетип, бургулоочунун журдамчысы болуп иштеп, алты уул, эки кыздын атасы Канболоттун да өз орду бар ишкананын тарыхында.

Убагында күркүрөп төрт уулу эмгектенип ишкананын сыймыгы болушкан. Уулдардан азыр Эркинбеги алдына ат салдырбаган азамат бургулоо устаты.

Жооптуу жерге карыса да каршы болбой аттанган азаматтын бири ушул. Мээнеткеч, талыкпаган эмгек менен көгөргөн. Тажрыйбалуу, менменсип өпкөлөнбөгөн, билгенин бекитбеген берешен адам. Бир нече жолку өкмөттүк сыйлыктардын ээси.

Эки уул, бир кыздын атасы.Беш небереинин чоң атасы.

ДҮЙШЕБАЕВДЕР

Дүйнөнү дүңгүрөткөн спорт чебери гандболчу Талант Дүйшебаевдин агасы Асат Дүйшебаев 1978-жылдан бери бургулоочу болуп эмгек кылганына кырк жыл болду.

Алты уулдун атасы. Тажрыйбалуу, мээнеттен качпаган адам. Ардактуу эс алууга аттанар мезгили да келип калды. Асаттын атасынын иниси Төлөн акебиз оңдоочу, бургулоочуга жардамчы, бургулоочу болуп тынбай иштеп эс алууга чыккан.

Уул-кыздары Кочкор-Атаны жердеп жашап иштешет.

МАМАДИЕВДЕР

Мамадиев Самидин 1934-жылы туулган. Эмгек ардагери. 1957-жылы ушул ишканага кирип, отуз беш жыл жылбай иштеп, 1992-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Бургулоочуга жардамчы, оңдоочу катары эмгектенип, үй-бүлөсүн эч нерседен кем кылбай, төрт кыз, эки уулду тарбиялап эрезеге жеткирген. Кызы Зулфия ишканада материалдык жактан камсыздоо бөлүмүндө экономист. Өз ишин жакшы билген өжөр кыз. Бир уулдун бактылуу энеси.

МАМЕДОВДОР

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, согуш жана эмгек ардагери Мамедов Тешебай 1921-жылы Кыла айылында туулган.

1953-жылдан бургулоочунун жардамчысы болуп жумушка кирип, кийин мунара куруучу болуп иштеп, 1981-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Эки уул, беш кыздын атасы. Эки уулу "Кыргызнефтегазда" ата жолун улап иштешкендерден.

Абдыкапар улук моторист, 1992-жылдан бери ишканада эмгектенип, бир уул, үч кыздын сүйүктүү атасы.

Мамедов Абдрахман мунай газ өндүрүү боюнча жумушчу болуп 1975-жылы эмгек жолун баштаган. Отуз бир жыл эмгектенип, азыр эс алууда. Үч уул, бир кыздын атасы.

ЧОҢМУРУНОВ САТАР

1932-жылы туулган. Балалык кези согуштун оор кезине туура келип, кыйынчылык менен чоңойгон. Эс тартып ойноп, Майлуу-Суу дарыясын бойлоп иштеп жаткан бургулоо орнотмолорун кызыга карап, четтен байкап, жумушчуларга чай, суу ташып, аз-аздан аларга аралаша кетип, бирок жашы жетпей жүргөн.

1956-жылы эмгек жолун бургулоочуга жардамчы болуп баштаган.

Сегиз кыз, бир уулдун атасы.

Эмгек жолун ушул ишканада баштап эс алууга чыкканга чейин отуз эки жыл бургулоочу болуп иштеген.

Өз пикирин жашырбай шарт айтып, иштин кызыкчылыгы үчүн жан аябай жашырынып жөн жатпаган адам болгон. Эмгекти сүйө билген. 1973-жылы "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" катары СССР Мунай өнөр жай министрлигинин төш белгиси менен сыйланган. Тапканын талаага чачпай, ак дилден эмгек кылып көпчүлүк арасында кадыр-барктуу эле.

Эмгек ардагери.

Эчен эчен кыйын кезде туңгуюктан жол тапкан сөзмөр, тамашакөй адам болгон.

Үй бүлөсүн жакшы карап окутуп, үч кызы жогорку билимдүү болуп, азыр өз алдынча түтүн булатып калышкан.

Небере чөбөрөлүү.

ХУСАНОВДОР

Хусанов Худайназар 1936-жылы туулган. 1956-жылы майлоочу катары жумушка алынып, дизелистке жардамчы, бургулоочуга жардамчы, бургулоочу болуп эмгектенген.

1987-жылы мунай өнөр жайынын алдыңкысы болуп өзгөчө төш белги менен сыйланган.

Эмгек ардагери.

Маңдай тер, ак эмгек, турмуштун ачуу таттуусун жакшы билген заманынын алдыңкысы болгон.

Жумушка кетүүчү аялдамага эрте келип жоро-жолдошторунун ахбалы менен сурашып, шатыра шатман күлкү менен күн кечирип иштеген.

Үч уул, төрт кыздын мээрим төккөн атасы.

Уулу Юсупжан ата жолун жолдоп, ишканада оңдоочу, бургулоочу, механик болуп иштеп, азыр эс алууда.

Ал да үлгүлүү үй-бүлөнүн атасы.

Эки уул, эки кыздуу болду. Туну Фархад врач, экинчи уулу Исламбек ширетүүчү.

Худайназар акенин уулдарынын бири Өктөм ата жолунда, ишкана абийири. Жыйырма жети жылдын жүзү болду иштегенине. Ишканада оңдоочу болуп далай жер алдында жогорку басым астында суюктук менен иштөөчү кыймылдаткычтарды колдон өткөрүп, оңдоп-түзөп жөнөтүп турат.

"Өктөмсүз өмүр өтпөйт, жана той өтпөйт",- деп бирге иштегендери, кошуналары тамашалап калышат. Барган жери ыр-күлкү, көңүл көтөргөн тамаша.

Эки уул, эки кызды тарбиялап жатат.

ТОКТОНАЛИЕВДЕР

Токтоналиев Акимжан абабыз үч уул, эки кыздын иштерман атасы болгон. 1938-жылы туулган. Отуз үч жыл ширетүүчү кесибин аркалап эмгектенип, 1994-жылдан бери эмгек ардагери. Канчалаган түтүктөрдү бирине бирин улап ширеткен.

Металлды ширетүүдө жетишкен ийгиликтери үчүн Е.О.Патон атындагы ширетүүчүлөр институтунан алган өздүк эн тамгасы (личное клеймо) болгон.

Он биринчи беш жылдыктын (1973 жыл) социалисттик жарышынын жеңүүчүсү.

1972-жылкы Коммунисттик эмгектин сокку уруучусу.

Оозунда адам угар жыпжылуу сөзү бар, ак сакалын жайкалткан ажы абабыз азыр сексен бирде.

Уулу Замирбек технологиялык унаа башкармалыгында мунай ташуучу унаада айдоочу.

АСАТОВ АБИЙБИЛЛА

1952-жылы туулган. 1977-жылы Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгына ширетүүчү болуп отуз эки жыл эмгектенип, 2009-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Эл үчүн, жамаат үчүн эмгектенген. Бир уул, төрт кыздын кадырман атасы. Өндүрүш үчүн, темирдей тартип үчүн күрөшкөндөрдөн. Кадыры калкка сиңген, абройлуу, чындык үчүн чыркырагандардын, калыс, туура сүйлөгөндөрдүн бири болгон.

МАМАЖАНОВ ТАВАКАЛ

Бургу мунарасын куруу өтө түйшүктүү иш. Долбоорго карап, эрежеси менен иш алып барбасаң абийириң кетет.

Ушул ишти аркалап ширетүүчү болуп ишке кирип мунара артынан мунара куруп иш тажрыйбасы өсүп, иш өндүрүүчү болуп бригадага жетекчилик кылып, кырк жыл иштеп, ардактуу эс алууга кетти. Эңгезердей толук бойлуу күчкө толгон бакыбат адам болгон. Керели кечке тик туруп, эч кимге тыным бербей күпүлдөп иштеген адам эле. Ошого жараша тамак иччү экен. "Тавакалдын табагы" деп коёт мунара куруучулар, эгер ченемден чоңураак кесе көрүшсө, ашпозчу атайын ала жүрчү башка кеселерден чоңураак кесеге тамакты куюп ага узатчу.

Иш десе ишке тойбой, аш десе ашка тойбой жанып турган адам болгон.

Иш бүтпөй же кемчиликтен улам жүрүшбөй баратса башындагы топусун жерге, чаңга ыргыта чаап, кала берсе чоң өтүгү менен тебелеп тебелеп туруп, кайра анысын жерден алып кагып кагып туруп башына кийип, ушуну менен бир аз эс ала өзүнө келип, кайрадан өз жумушун улап кете берчү.

Талаа-түздө, жатаканада жанында адам бирге жатып уктай алган эмес. Баары качып чыгышчу коңуруктан.

Тарбиялап өстүргөн кесиптештери азыр да аны менен сыймыктанышат.

Биздин устатыбыз деп ар дайым ооздорунан түшүрүшпөй жүрүшөт.

Төрт уул, эки кыздуу.

ТЕМИРБАЕВДЕР

Темирбаев Хаджибала 1902-жылы туулган. Бургулоо иштерине Чаңгыр Таш, Көк Таш аянтында 1933-жылдан катышып, бургулоочуга жардамчы, бургулоочу болуп иштеп турган.

Улуу Ата-Мекендик согушка 1942- жылы суранып, өз каалоосу менен аттанган. Согушта оор жаракат алып, аскердик ооруканада дарыланып, 1949-жылы кайтып келген. Кайрадан бургулоочу болуп эмгектенип, 1957-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Темирбаев Хаджибаланын уулу, ата жолун жолдогон иш өндүрүүчү Темирбаев Уразали 1934-жылы туулган.

Эмгек жолун 1952-жылы ширетүүчү болуп баштап, 1989-жылы отуз жети

жыл эмгек кылып, ардактуу эс алууга чыккан.

Мамажанов Тавакал аке менен колтукташ бирге жүрүп, бирге өскөн, бирге иштешкен кесиптеши. Ак эмгек, адал турмуш менен күн кечирип адамга жаккан.

Турмуш жолунда тоодой тоскоолдуктарды жеңип, өндүрүштүн алдыңкыларынан болууга жетишкен. Заманына жараша залкар болуп, болот түтүктөрдү ширетүү жумушунда, мунара куруу жаатында алдыңкы усулдарды колдоно билгендиги үчүн далай сыйлыктардын ээси болгон. Эмгегин эринбей жаштарга үйрөтүп кеткен. Ошол усулдарын дагы эле колдонуп жүрүшөт.

Эки уулдуу болгон. Уулдарынын бири Темирбаев Рахманжан азыр ата жолунда эмгектенип жатканына отуз тогуз жыл болду. Алдыңкы иш өндүрүүчү.

Төрт уулдун бактылуу атасы. Уулдары Россияда курулуш жаатында иштешип жатышат.

КУПАХУНОВДОР

Кыргыз бургулоо иштер башкармасында мунара куруу жагында 1980-жылдан бери иштеп келе жаткан дасыккан адис, ажы Купахунов Тохиржан кууш колот башыбы, тар жерби, какшыган сайбы, баарын акырын тегиздеп, алакандай жерге айбаттуу бургу орнотмосун ташып келип, бекемдеп орното салып, тез жүргүзүп, тапшырууга шашат. Өзүнүн артынан ээрчитип жүрүп далайын үйрөтүп койду. Курган бургулоо орнотмолору өзүнчө менменсине көктү тиреп, асманда ай булутка жеткенсип. Уулу Талыпжан да ата жолун улап, ишканада эмгектенип жатат.

КИРГИЗОВ МАХАМАТЖАН

Түтүктөрсүз бургулоо мүмкүн эмес. Ошол түтүктөрдү тазалатып, майлатып керегине жараша өлчөмү, чени менен жөнөткөн түтүктөр аянтынын устаты Киргизов Махаматжан кырк жылдан ашуун иштеп, ардактуу эс алууга кетти. Тактыгында шек жок, кайсы күнү кимге эмне жөнөткөн, дептеринде баары даана жазылган.

Аш палоосунда кеп жок колу ширин, "Байата" деп лакап койгон баарысы. Жоон моюн, жалкоолорду топтоп туруп башчыбыз иштеткенге берет эле Байатанын колуна.

"Байата" эс алууга кетип, ордуна талыкпаган эмгеги менен келечегинен көптү үмүттөндүргөн Молдалиев Курсант дайындалып, азыркы учурда түтүктөр аянты шаңга бөлөнүп, иш тынымсыз жүрүп жаткан кези.

Курсант бир уул, бир кыздын кадырман атасы, келинчеги Назгүл мектепте мугалим.

Лейлектик балбан Кадыров Камчыбек кырк жылдык эмгек жолун ушул ишканада бургулоочуга жардамчыдан баштап, азыр аттын кашкасындай

таанымал бургулоо устаты. Эң татаал бургулоо иштерин ишенип, колунан келет деп Камчыбекке беришет.

Эки уул, төрт кыздын атасы. Эң эски бургулоо устаты Шамшидинов Эркин кырк жыл иштеп, ишканабызда абройлуу адам.

Уул-кыздын уюткулуу атасы, азыр небересине ардактуу айдоочу, бакчага жеткирип, кайра алып жагымдуу түйшүк менен алек. Жумушун таштай элек, кайратуу адам.

Артыбыздан кууп келген жаш муундардан Талиев Нуридин өндүрүш жагында ат салдырбас азамат адис. Керектүү материалдык заттык жабдуулар качан эмне керектелет, жай жайына текчелеп жазып, жыйып серептеп койгон жалгыз адам.

Ишкананын жүрөгү десек жаңылбайбыз. Быйыл жыйырма алты жылдын жүзү болду иштеп баштаганына.

Үч уул, эки кыздын урматтуу атасы. Азыркы учурда бургулоо жумуштарын элпек башкарып, анын нугун өз багытында алып бараткандар жаш муундун өкүлдөрүнө Абдыкеримов Данияр, Таштаналиев Эмир, Таштемиров Адыл, Садралиев Баялылар кирет.

Жазсаң жарашат, Кочкор-Ата шаарынын түптөлүшүнө ар кимдин өз алдынча, алынча кошкон салымы бар.

Кимдир бирөөлөр эстен чыгып, көз жаздымда калып кетсе капа болбос, аты аталбаса да мунайчы, таксистпи, кароол, ашпоз, мугалим, теги ушул жерде жашап, эмгектенип жаткандан кийин шаарыбыздын гүлдөп-өсүшүнө, өнүгүүсүнө аз да болсо өз үлүшүмдү салымымды коштум деп эсептей берсин.

Палеозой палеоген, неоген,
Пайдасын таразалап геологу.
Жоготкону жок туруп,
Жонуна артып жол кабын,
Издегени дайыма издеген.

Кокту колот, адырына, кырына,
Кумурскадан таалим алып үйрөнүп.
Жолду салган кыйналбастан чыксын деп,
Кыйын адам геодезист, маркшейдер.

Жазгым келди тарыхын -
Тарыхын жөнөкөй адамдын.
Бургулоочу карапайым мунайчынын,
Алп эмгегин мен алардын.

Абдилла Жусупов, кесиптештери туурасындагы баянын мына ушундайча аяктаган.

НЕФТЬ, ГАЗ ӨНДҮРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

Бул башкармалык "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы негизги башкармалык болуп саналат. Анткени, нефть, газ өндүрүүчүлөр мына ушул башкармалыктын адистери жана жумушчулары.

Акционердик коомдун карамагында нефтегаз өндүрүү башкармалыгы (НГДУ)- нефть, газ өндүрүү, скважиналарды капиталдык жана жер алдында ремонттоо, нефтепромысль жабдууларын ремонттоо, нефтепромыслдар жана скважиналарды орнотуу жана нефтегаз, суу трубаларын, электро берүү линияларын куруу багытында комплекстүү иштерди жасайт.

Аталган башкармалыктын да өзүнө таандык тарых, таржымалы бар. СССРдин нефть өндүрүү министерствосунун 1970-жылдын 9-сентябрдагы №497-буйругу менен 1970-жылдын 1-ноябрынан "Кыргызнефть" нефти промыслдык башкармасы – "Кыргызнефтинин" нефти жана газ өндүрүү башкармасы болуп түзүлгөн. Бул башкармалык 1994-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин алдындагы борбордук инженер-техникалык кызматтын базасында уюшулган.

1996-жылдын 30-декабрында Кыргыз республикасынын №222-буйругу менен "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы деп аталган. 2001-жылдын 15-февралындагы акционердик коомдун №51-буйругу менен нефть өндүрүү башкармалыгы болгон. "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун 2003-жылдын 31-мартындагы буйругу менен 2003-жылдын 1-апрелинен нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы болгон.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын негизги милдети нефть жана газ өндүрүүгө байланыштуу: "Избаскент", "Карагач", "Чаңгыр-Таш", "Избаскент-Инвест" нефть өндүрүү участкалары, кудуктарды жер астында жана баштан аяк оңдоо цехи, газ өндүрүү цехи, иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасы, нефтини даярдоо жана оңдоо участогу, электр жана электр жабдыктарды оңдоо участоктору бар. Ал эми аппарат болсо: бухгалтерия, геология-технологиялык, өндүрүү-технологиялык, пландоо жана үнөмдөө, кадрлар бөлүмдөрүнүн адистери иш алып барышат.

Нефть, газ өндүрүү башкармалыгында нефть жана газ өндүрүүдө төмөнкү кесиптин ээлери эмгектенишет:

Нефть жана газ өндүрүү операторлору, бургулоочулар, бургулоочунун жардамчысы, скважиналарды изилдөө операторлору, туздан жана суудан ажыратуу операторлору, слесарь-оңдоочулар, ширетүүчүлөр, технологиялык насостордун машинисттери, электромонтерлор ж.б. жалпысынан 40тан ашуун кесиптин ээлери иштешет жана жалпысынан азыркы күндө 733 адам эмгектенүүдө.

Нефть өндүрүү башкармалыгынын ишмердүүлүгү аты айтып тургандай нефть өндүрүүгө байланышкан. Нефть качалкалары аркылуу өндүрүлгөн нефть жер алдындагы трубалар менен башкы кампага жеткирилип, бул жерде буу казандары аркылуу суу менен туздан ажыратылып, нефтини кайра иштетүүчү заводго даярдалат. Мындан кайрадан түтүктөр аркылуу нефтини кайра иштетүүчү заводго жөнөтүлөт.

Ошону менен бирге аталган башкармалык бузулган нефть качалкаларын жана жер казуу жабдууларын капиталдык жана жер алдындагы ремонт иш-

терин жасайт, ал эми бузулган тетиктери көпчүлүгү өздөрүндөгү цехтерде ремонттолот, ошону менен бирге айрым тетиктерди өздөрүндө жасашат.

Бүгүнкү күндө нефть өндүрүү башкармалыгы өндүрүштүк жаңы методдорду киргизүү менен нефть, газ өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуунун үстүндө иштеп жатат.

Бул башкармалыкты кезегинде нефть өндүрүүдө жемиштүү иштеп, республиканын нефть өнөр жайына чоң эмгек сиңирген нефтичилер жетектеген. Алар: В.А.Бакалейко, В.К. Косьяненко, А.М.Патиллаев, М.М.Нарбаев, Т.Т.Мураталиев, А.А.Полотов, А.Н. Акимбеков, З.Ж. Ажикулов.

Ал эми бүгүнкү акционердик коомдун негизги нефть өндүрүү башкармалыгы эсептелген бул ири мекемени жаш, тажрыйбалуу адис Нурлан Абылов жетектеп келет.

Башкармалыктын өткөн тарыхына саресеп сала турган болсок, бул жерде көптөгөн тажрыйбалуу нефтичилердин баа жеткис эмгеги чоң. Алсак, убагында В.Т. Штефан, В.А.Бакалейко, И.И.Амираев, В.И.Шкапин, Ж.Өмүрзаков, А.И.Крутобережный, А.М.Муссакулов, О.Осмонов, Р. Абдукаримов, З.Сулейманов, С. Молдалиев, Т.Н.Белякова, А.Молдалиев, В.Ф.Согрин, К.Ф.Согрина, К.Юлдашев, Т.Юлдашев, А.Е.Волков, Д.Каримов, А.Д.Панасенко, С.А.Асяев, Н.Ф.Паневина,В.Ф. Белоус, И.П.Масков, П.К. Максимкиндер өздөрүнүн эмгегин нефть, газ өндүрүшүнө арнап келишкен.

Нефть газ өндүрүү башкармалыгын биринчи күндөн тартып жетектеген инсандар:

Шеримбеков Абдимиталип.
Патиллаев Абдрахман.
Мураталиев Тимур.
Полотов Алишер.
Акимбеков Анатолий.
Дорбанов Тиркеш.
Ажикулов Заирбек.
Абылов Нурлан.

МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРГА ЭЭ БОЛГОН ЖУМУШЧУЛАР

ПИДЬКО АЛЕКСАНДР ПАНФИЛОВИЧ

1942-жылдын 13-июнунда Курган областындагы Шадрин районунун Ховригад разъездинде туулган.

Орто билимдүү, үй-бүлөлүү, 2 кыздын атасы.

Ал өзүнүн эмгек жолун 1960-жылдан баштаган. Өндүрүштө иштөө менен бирге 1988-жылы Кокондогу мунайзат техникумунун "Мунай жана газ кудуктарын эксплутациялоо" адистигин бүтүргөн.

1962-1965-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызмат өтөгөн. 1966-жылдан бери "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун мунайгаз өндүрүү башкармасынын газ өндүрүү цехинде жөнөкөй жумушчудан тартып, цехтин башчысына чейинки иштерде ийгиликтүү эмгектенген.

2003-жылы мунайгаз тармагын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн "Даңк" медалы менен сыйланган. Азыркы учурда ардактуу эс алууда.

ЭРГЕШОВ ТӨРӨБАЙ, оператор

1954-жылдын 17-февралында Базар-Коргон районуна караштуу Акман айылында туулган.

Атайын орто билимдүү, үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

1973-1976-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1976-жылы "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча операторлуктан эмгек жолун баштаган, азыр 5-разряддагы оператор. Бул тармакта өзүнүн көп жылдык эмгек жолунда үзүрлүү эмгектенген. КРнын нефтегаз өнөр жай тармагына сиңирген эмгеги үчүн 2007-жылы Кыргыз Республикасынын "Ардак грамотасы" ыйгарылган.

МОЛОШЕВ АДИЛБЕК,
оператор

1955-жылы 24-январда Ленин районуна караштуу Хиля айылында төрөлгөн.

Орто билимдүү, үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы

1974-жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде кудуктарды жер астында жана баштан аяк оңдоо боюнча бургулоочунун жардамчысы болуп эмгек жолун баштаган. 1982-жылы Кочкор-Атадагы кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, бургулоочунун жардамчысы адистиги боюнча кесипке ээ болгон. 2002-жылдын 1-июлунан тартып "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору болуп эмгек жолун уланткан.

"Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 4-разряддагы оператору. Кыргыз Республикасынын нефтегаз өнөр жай тармагына сиңирген эмгеги үчүн 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

АБЫЛОВ НУРЛАН
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын азыркы башчысы

1972-жылдын 22-сентябрында Ленин районунун Кочкор-Ата шаарчасында туулган. 1994-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүрүп, "Пайдалуу кендердин булактарын изилдөө жана чалгындоо" адистиги боюнча тоо инженери квалификациясына ээ болгон.

Эмгек жолун ошол эле жылы Ленин райондук спорт комитетинде спорт инструкторлуктан баштаган. 1999-2001-жылдары нефть, газ өндүрүү башкармалыгында кудуктарды баштан-аяк оңдоо боюнча бургулоочунун 4-разряддагы жардамчысы, 2001-2002-жылдары бургулоо иштер башкармасында технологиялык кызматынын I категориядагы геологу, 2006-жылдын 18-декабрынан аталган башкармалыктын геологиялык-технологиялык кызматынын башчысы болуп эмгектенген. Ал эми 2010-жылдын 7-январынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын нефть, газ өндүрүү башкармасынын башчысы кызматын аркалап келет.

Нурлан Абылов нефть, газ өндүрүү башкармалыгын мына быйыл тогуз жылдан бери жетектеп келет. Бир сүйлөгөн, оюн түз айткан, чындыкты бетке сүйлөгөн сапаты менен да өзгөчөлөнөт. "Кыргызнефтегаз" ААКнын бүгүнкү жетекчилиги да аны мына ушул сапаттары аркылуу дайыма ишеним менен карайт. Тапшырылган иштин натыйжасын дайым сурап, өзүнө караган башкармалыктын ар бир адамынан өз ишине болгон жоопкерчиликтин өтөөсүнөн чыга алдыбы, жасалган жумуштун үзүрү барбы, дагы канткенде өндүрүштү көтөрүүгө болот, деген сыяктуу суроолор дайыма анын оюнда турат.

Күндөгү жумуш күндө кайталанат, күндө өндүрүш. Иш бөлмөсүндө таң саарынан адистерди кабыл алып, бир күндө мурдагы жасалган жумуштун отчётун алып, ошол күнкү жасай турган жумуштарын талкуулашып, ар бири өз жумушу менен иш ордуна кеткенден кийин да жасай турган иштери көп. Башкармалык чоң. Ошого жараша түйшүк да көп, жоопкерчилик да жогору. Эгерде кандайдыр бир көйгөй жаралса, жетекчиликке жеткирбей бүткөрүүгө умтулат. Анткени, маселе чечет, өндүрүштү жүргүзөт деп, аны мындан тогуз жыл мурда ушул кызматка дайындаган. Ошол күндөн камчы салдырбай, кынтыксыз жумушун жасап, мына ушул чоң башкармалыктын ишин жүргүзүп келет. Алгач жаш, али коё турсаңар болоор эле дешкендер болгон. Анын аракетчил, жөндөмдүү, анан дээринде бар көпчүлүккө окшобогон жакшы бир сапатын байкаган ошол кездеги жетекчилик азыркы кызматына дайындаган. Көрсө туура тандоо болгон экен. Эмгек жамааты арасында урматсыйы да бар.

Жетекчиликтин да ага көз карашы жаман эмес. "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармалыгын мүчөсү, өткөрүлгөн жыйындарда оюн түз айтып, өз пикирин ачык билдирген жагы көп, анын жасаган ишин гана эмес, мүнөзүн да жакшы билишет. Бир сырдуу, аз сүйлөп, көп иштеген сапаты көпчүлүккө жагат.

Дегиси бул инсан туурасында жылуу сөздөр көп айтылат, келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш жетекчинин жалпы эле башкармалыкта кадырбаркы бар.

Эмгектеги жетишкендиктери үчүн Мамлекеттик геология Агенттигинин, Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика министрлигинин Ардак грамоталары, КРнын өкмөткө караштуу Мамлекеттик мүлк фондусунун, "Мамлекеттик башкаруунун мыктысы" төш белгисине татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

БАЗАРБАЕВ ЭМИЛЬ,
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башкы инженери

1964-жылдын 11-апрелинде туулган. 1986-жылы Томскийде Радиоэлектроника жана системаларды автоматташтыруу, башкаруу институтун бүтүргөн. "Кыргызнефтегаздын" системасында эмгек жолун 1994-жылдын июнь айында Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында электротехникалык лабораторияда башчы болуп иштөө менен баштаган. Өз ишин мыкты билген адис, бат эле эмгек жамаатынын жана жетекчиликтин ишенимине кирип, 1995-жылы май айында нефть жана газ өндүрүү башкармасына электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогуна башчы болуп которулган. 2010-жылдан азыркы убакытка чейин башкы инженерлик кызматын жоопкерчилик менен аздектеп келет.

"Кыргызнефтегаз" системасында өзүнүн милдеттерин жакшы билген адис жана өндүрүштү мыкты өздөштүргөн жетекчи катары белгилүү.

Кесиптештери аны өз ишине так, жоопкерчиликти жогору баалаган адис катары билишет. Ак көңүлдүгү, пейилинин тазалыгы, башкаларга камкордук көрө билген адамгерчилиги, боорукердиги менен өзгөчөлөнүп турат. Эмгек жамааттын арасында мына ушундай сапаттары менен кадыр-баркка ээ болгон.

Үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыгы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондусунун Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыгы, Кыргыз Республикасынын өнөр-жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу боюнча Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

ИШ БИЛГИ АДИСТЕР

СЫДЫКОВА НУРГУЛЬ,
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын кадрлар бөлүмүнүн башчысы

1968-жылы туулган, 1991-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун "Тамак-аш өнөр-жайынын машина жана аппараттар" боюнча адистигин бүтүргөндөн кийин ага "Инженер-механик" квалификациясы берилген. 2004-жылы Кочкор-Ата техникалык колледжинде "Бухгалтердик эсеп, чарбалык иштерди көзөмөлдөө жана талдоо" адистигинде сырттан окуу бөлүмүндө кошумча окуп, "Бухгалтер" квалификациясына ээ болгон.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда 1993-жылдын 12-апрелинен бери эмгектенип келе жатат. Кыргыз бургулоо иштер башкармасында кадрлар бөлүмүнүн инспекторунан эмгек жолун баштаган. 1996-жылдын 13-августунан нефть, газ өндүрүү башкармасына которулуп, кадрлар бөлүмүнүн инженерлигине дайындалган. Ал эми 2007-жылдын 2-апрелинен бери кадрлар бөлүмүнүн башчысы кызматын жемиштүү аркалап келет.

Кадрлар бөлүмүндө жумушчуларды жумушка кабыл алуу, которуу башка бөлүмгө тиешелүү болгон иш кагаздарын туура жана так аткаруу жоопкерчилиги ага жүктөлгөн. Тагыраак айтканда, кадрлар бөлүмүндө ар тараптуу административдик жана өндүрүштүк буйруктарды чыгарууга, пенсионерлердин документтерин даярдоого, Т-2, өздүк делолор, эмгек китепчелерди убагында толтурууда жана жакшы иштеген жумушчуларды ар кандай майрамдарда сыйлыктарга сунуштоодо анын эмгеги чоң.

Бул жердеги эмгек жолунда өзүнүн ишин так билген, жоопкерчиликти эң башкы орунга койгон адис өзүнүн жакшы сапаттары менен эмгек жамаатында урмат-сый тапты. Кандай гана тапшырма болбосун ынтаа коюп жана болгон билимин жумшап, өз убагында сапаттуу аткарууга тырышкан Нургуль Сыдыкованын өзгөчөлүгү – эмгекчилдиги, өз ишине тактыгы, өз кесибинин чыныгы устаты экендиги. Өзүнүн билим деңгээлин жогорулатууга, дайыма өзүнүн үстүндө иштөөгө кызыкдар. Бирге иштеген кесиптештерине камкор, башкаларга жардам берүүгө дайыма даяр. Мына ушундай сапаттары менен "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бардык тармактарынын жамааттарынын арасында кадыр-баркка ээ айым.

Өндүрүшкө сиңирген эмгеги үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамоталары жана башка акчалай сыйлыктары менен сыйлануга татыктуу болгон.

Үй- бүлөлүү, 1 баланын мээримдүү апасы.



ЖУМАШЕВ ТУРАЛЫ,
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын газ өндүрүү цехинин башчысы

1958-жылдын 16-февралында туулган. Кокондогу нефть техникумун ийгиликтүү бүтүрүп, атайын кесипке ээ болгон.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1977-жылдын ноябрь айынан "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмеде газ цехинде 2-разряддагы ширетүүчү-оңдоочу кесибинен баштаган. 1983-жылдын декабрь айынан баштап кудуктарды жер астында жана баштан аяк оңдоо цехинде кудуктарды баштан аяк оңдоо боюнча бургулоочунун 4-разряддагы жардамчысы болуп которулган. 1984-жылдын октябрь айында газ цехине устат болуп эмгек жолун улантканан. Бул цехте ага устат, I категориядагы инженер, газ өндүрүү боюнча устат болуп эмгектенген. 2001-жылдын февраль айынан "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун газды өндүрүү жана жөнөтүү башкармасына башкы инженер болуп дайындалган. 2003-жылдын апрель айынан нефть жана газ өндүрүү башкармасында газ өндүрүү цехинде I категориядагы инженер, ал эми 2008-жылдын сентябрь айынан баштап газ өндүрүү цехинин башчысы болуп эмгектенип жатат.

Ал газ өндүрүү цехинин башчысы катары газ өндүрүү кудуктардан газды өндүрүү жана газ керектөөчү мекемелерге жана шаарларга кетүүчү магистралдык газ түтүктөрүнө жеткирип берүү жумуштары дайыма анын көзөмөлүндө турат. Нефтини даярдоочу участкаларга УППН, Көк-Таш, 5 район, Чаңгыр-Таш, Кочкор-Ата шаарына газ жеткирип берүү, участкаларга газ берүүдө эмгекти уюштуруу жана коопсуздукту сактоо, жумушчулардын өз милдеттерин так аткаруу боюнча көзөмөлдөө, план-тапшырмаларды аткарууга олуттуу көңүл буруу анын негизги милдеттеринин катарында саналат.

Ал жогорку квалификациялуу эмгекчил, иш билги, мыкты адис катарында урмат-сый тапкан. Жумушчуларга камкор, жакшы жетекчи деп билишет. Өзүнүн көп жылда арттырган тажрыйбаларын бирге иштеген жаштарга үйрөтүп, аларды ак ниет иштөөгө, өз кесибин барктоого тарбиялап келет.

Үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы менен бир нече жолу, Кыргыз Республикасынын өнөр-жай жана энергетика Министрлигинин, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстардын Министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

БЕГНАЕВ САБЫРЖАН,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын башчысы

1965-жылы туулган, 1990-жылы Ярославль шаарындагы политехникалык институтун бүтүргөн, "Инженер" адистигине ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун ишенимдүү баштаган адис "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасында 2005-жылдан бери эмгектенет. 2005-жылы өндүрүштүк жана техникалык кызматынын башчысы болуп иштеген. 2006-жылы иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын башчысы болуп которулган.

2011-жылдан баштап "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын башчысы болуп жемиштүү иштеп келет.

"Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын башчысы катарында анын аткарган жумушу бир топ жооптуу. "Кыргызнефтегаз" карамагындагы нефть түтүктөрүн толук тейлөө, технологиялык режимдерин сактоо, убагында профилактикалык ремонттоо ал жетектеген участканын негизги милдети жана да нефтини өндүрүү болуп эсептелет. Ошондой эле чет мамлекеттик компаниялар менен тыгыз мамиледе жумушту жүргүзөт.

Анын башкалардан өзгөчөлөнгөн мыкты сапаты ак көңүл, ниети таза, чынчыл жана эмгекчил инсан экендиги. Ал эми жумушта так жана жоопкерчиликтүү, принципиалдуу жетекчи. Коомдук иштерге жана өткөрүлүп туруучу бардык иш-чараларга активдүү катышат. Эмгекчилдиги, тактыгы менен Нефть жана газ өндүрүү башкармасынын жамаатынын эле эмес, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бардык башкармалыктарынын жамааттарынын арасында да кадыр-баркка ээ болгон. Ар түрдүү мамлекеттик сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 1 баланын атасы.

ПАРМАНКУЛОВ ЖЫРГАЛБЕК,
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын Чаңгыр-Таш участкасынын башчысы

1967-жылы 11-майда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1985-жылы Кочкор-Ата шаарындагы №77-техникалык окуу жайында окуп, бургулоочу кесибине ээ болгон. 1987-жылы Кокон шаарындагы Азизкариев атындагы нефть боюнча техникумунан "Бургулоочу" адистиги боюнча аяктаган. Биринчи эмгек жолун Оренбург шаарындагы "Оренбург Нефть" ишканасында жардамчы бургулоочулуктан баштаган. Бул жерде ал Бугуруслан, Ак-Сай, Карачаганак нефть өндүрүү жайларында иштеген. Анын эмгек жолу 1990-жылдан Кочкор-Ата шаарындагы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочунун жардамчысы болуп баштаган. Риштанда жана Өзгөндө №1-бургулоо качалкасында эмгектенген. 1991-жылдан Сургут шаарындагы "Нижний сартым" нефть өндүрүү участкасында устат, 1993-жылдан "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинин Чаңгыр-Таш участкасында нефть өндүрүү оператору, слесарь жана пульт башкаруу оператору болуп эмгектенген. 2001-жылы Чаңгыр-Таш участкасынын нефть өндүрүү устаты болуп иштесе, 2013-жылдын 23-октябрь айынан тартып бүгүнкү күнгө чейин Чаңгыр-Таш участкасынын жетекчиси кызматын аркалап келет.

СУЛТАНАЛИЕВ УЛАНБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармасынын башчысынын камсыздоо боюнча орун басары

1964-жылдын 14-августунда туулган. Кыргызстандагы Эл аралык университетинин юридика факультетин аяктап, жогорку билимге ээ болгон.

1982-жылдын август айында "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун транспорт тейлөө башкармалыгында ширетүүчүлүктөн эмгек жолун баштаган. 1997-жылдан 2008-жылга чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун камсыздоо башкармалыгында экономист болуп иштеген. 2008-жылдан 2010- жылга чейин камсыздоо башкармалыгынын башчысы кызматын аркалап, 2010- жылдан азыркы убакытка чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармасынын камсыздоо боюнча орун басары болуп иштеп келет.

Ал "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда өзүнүн милдеттерин жакшы билген адис жана камсыздоо жагын убагында кынтыксыз аткарган жетекчи катары белгилүү.

Эмгеги менен көпчүлүккө таанымал болгон бул инсан 2004-жылдан 2008-жылга чейин Кочкор-Ата шаардык кеңешинин депутаттыгына шайланып, эл ишенимине ээ болгон. 2008-жылдан 2012-жылга чейин Кочкор-Ата шаардык кеңешинин төрагасы милдетин аркалап келген.

Өз ишин мыкты билген адис, камкор жетекчи. Иште жоопкерчиликти жогору койгон, бир чети эмгекчил инсан, ушул сапаттары аркылуу жамааттын арасында кадыр-баркка ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын бактылуу атасы.

ОРМОНКУЛОВ ЗАМИРБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын автоунаалар боюнча жетектөөчү инженери

1960-жылы туулган. 1984-жылы Фрунзедеги автомобиль жана жол техникумдун "Автомобилдерди техникалык жактан тейлөө жана ремонттоо" адистигин бүтүрүп, "Техник-механик" квалификациясына ээ болгон.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда технологиялык-транспорт башкармасында 1984-жылдан эмгек жолун баштаган. 1996-жылдан ушул башкармалыктын эксплуатация бөлүмүндө диспетчер болуп иштеген. 2006-жылдан баштап нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында автоунаалардын инженери болуп эмгектенген. 2008-жылдан ушул күнгө чейин аталган башкармалыктын жетектөөчү инженери болуп эмгектенип келе жатат. Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы менен технологиялык автоунаалардын башкармалыгынын ортосунда түзүлгөн келишимде көрсөтүлгөндөй керектүү санда транспорттору камсыздап берет.

Күнүнө транспорттордун жумушка чыгуусун көзөмөлдөп, цехтерге, участокторго жана керектүү жерлерге бөлүштүрүү анын негизги милдети. Ошентип, ал нефть өндүрүүгө чоң салым кошкон адистердин бири.

Ал өзүнүн эмгек жолунда жалаң гана жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал мээнеткеч жана берилген тапшырмаларга жоопкерчилик менен мамиле жасаган такшалган адис. Кесиптештерине болгон камкордугу, өз ишине тактыгы, чынчыл, ак ниеттиги менен эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

ДЖУНУСОВ ЗАЙИРБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын эмгекти коргоо жана техника коопсуздугу кызматынын башчысы

1963-жылы 12-майда туулган. 1990-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1999-жылдын сентябрь айынан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасында 4-даражадагы слесарь-оңдоочу кесибинен баштаган. Андан соң, 2001-жылдын февраль айынан баштап эмгекти коргоо жана техника коопсуздугунун инженери болуп эмгектенген. 2005-жылдын июнь айынан жетектөөчү инженер болуп иштеген.

2005-жылдын ноябрь айынан баштап эмгекти коргоо жана техника коопсуздугу кызматынын башчысы. Өзүнүн кызматтык милдетинен сырткары бир нече жолу нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында өзгөчө кырдаал боюнча жарандык коргонуу штабын жетектеген.

Эмгекти коргоо жана техника коопсуздугу кызматынын башчысы катары жумушчулардын өмүрүнө, ден-соолугуна келген коркунучтарды, өндүрүштүк кырсыктардын жана техникалык кырсыктардын алдын-алуу иш-чараларын иштеп чыгуу, анын аткарылышын көзөмөлдөө, жумушчулардын иш орундарында заманбап жана коопсуз эмгек шарттарын уюштуруу, көзөмөлдөө, камсыздоо милдетин жоопкерчилик менен аркалап келет. Коопсуздуктун алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү, жүк көтөрүүчү механизмдерди, чоң басым менен иштөөчү сосуддарды, жогорку чыңалуудагы электр жабдыктарын коопсуз иштетүү жана өз убагында сыноодон өткөрүүнү уюштурууну да ийгиликтүү жүргүзүп келет. Жумушчулардын жана адистердин техника жана өрт коопсуздугу эрежелерин так аткаруусун көзөмөлдөө, атайын иш кийимдери, өздүк коргоо каражаттары, ысык тамак, сүт азыктары менен камсыздоо, эмгек шарттарын убагында текшерүү боюнча дайыма иштөөчү комиссиянын иштерин жетектөө менен бирге жумушчулардын жана адистердин билимин жогорулатууга, методикалык жардам көрсөтүүгө олуттуу көңүл буруп келет.

Жогорку квалификациядагы көп тармактуу адис, өз тажрыйбасын тажабай үйрөткөн жаштардын устаты. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы жана сыйлыктары менен бир нече жолу сыйланган.

Үч баланын атасы.

АЙТМАМБЕТОВА МАЙРАМГҮЛ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы

1967-жылы Нарын шаарында туулган. 1989-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун аяктаган.

Эмгек жолун 1989-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин комсомол комитетинин сектор башчысы болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин бир канча эмгек тепкичтерин басып өттү, баарында тең өз ишин мыкты өздөштүрүп, жемиштүү иштеп келди. Ошентип, 1991-жылдан азыркы күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда эмгектенет. Учурда нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын пландоо жана үнөмдөө бөлүмүнүн башчысы.

Нефти жана газ өндүрүү башкармалыгында нефть жана газ өндүрүү үчүн жумушчулардын жумуш көлөмдөрүн, эмгек маяналарын туура жана сарамжалдуу бөлүштүрүү жана нефть өндүрүүгө кеткен чыгымдардын көрсөткүчтөрүн эсептөө, пландоо жана туура пайдалануу менен кытай компаниялары менен дагы тыгыз иш жүргүзүп келет.

Ал өзүнүн эмгек жылдарынын арасында жалаң гана жакшы жактарын көрсөтө алды. Аны өз ишин мыкты билген адис катарында жакшы билишет. Эмгек жамаатынын арасында кадыр баркка ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, 2 баланын мээримдүү апасы.

ГАДЖИЕВ ИСЛАМ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн башчысы.

1958-жылы туулган. 1980-жылы Азербайжандагы М. Азизбеков атындагы институтунун "Нефть жана химия" адистигин бүтүрүп, "Инженер-механик" квалификациясына ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун 1981-жылдын 30-январында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин Кыргыз бургулоо иштер башкармасында өндүрүштүк бургулоо базасын тейлөө боюнча механик болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылдын 10-ноябрынан 1997-жылдын 1-декабрына чейин ушул эле башкармалыктын башкы механиги болуп дайындалган. 1997-жылдын 2-декабрынан 2010-жылдын 12-майын чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун энерго-механикалык кызматынын башкы

механиги болуп которулган. 2010-жылдын 13-майынан жана ушул убакка чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап келет.

Өндүрүштө план боюнча тапшырмаларды анализдеп, жана алардын аткаруусун иштеп чыгып, текшерүү, өндүрүштүк объектилердеги приборлордун жана механизмдердин, эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздугун текшерүү жоопкерчилиги, жаңы технологиялардын экономикалык натыйжалуулугун эсептөө милдеттери ага жүктөлгөн, бул милдеттердин баарын жогорку жоопкерчилик менен аткара билет. Ал "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун тармактарында иштөө учурунда өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөттү. Ал ишине жан-дили менен берилген, кайсы кесипти аркалабасын жигердүү иштеген. Ак көңүлдүүлүгү, элпек мүнөздүүлүгү, чынчылдыгы менен "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун жумушчуларынын арасында айырмаланып турат. Берилген тапшырмаларды өз убагында, так жана сапаттуу аткара билгендиги менен башкаларга үлгү.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн нефтичилердин кесиптик майрамына карата Кыргыз Республикасынын өнөр жай министрлигинин, энергетика министрлигинин, "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталары жана мактоо баракчалары жана акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 баланын сүйүктүү атасы.

КОЧКОРОВ ОЛЖОБАЙ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармасынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана ондоо участкасынын башчысы

1965-жылы туулган. 1993-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтун бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1995-жылдан материалдык-техникалык камсыздоо боюнча экономист болуп баштаган. 2012-жылдан нефти жана газ өндүрүү башкармасынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Бузулган жабдыктарды убагында оңдоо, тейлөө, нефть өндүрүү участокторунда жабдыктардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоо, капиталдык оң-

доо жумуштарын өз убагында жасоо, жумушчулардын жасаган иштерин көзөмөлдөө, жумушчулардын квалификациясын ар дайым жогорулатуу, иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо иштеринде участкасынын башчысы катары анын жоопкерчилиги чоң.

Өзүнүн эмгек жолунда инсандыктын жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал мээнеткеч, өз ишин мыкты билген, татыктуу адис, өз участкасынын жоопкерчилигин аркалай алган, кесибинин устаты, эмгек жамааты арасында кадыр-барктуу инсан.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

КАЙЫМОВ БЕГАТАН,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Карагач" нефть өндүрүү участкасынын башчысы

1970-жылы Лейлек районунда төрөлгөн. Бишкек шаарындагы керек-жарак техникумунун юридикалык бөлүмүндө окуп, "Укук" адистиги боюнча 1992-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Фрунзедеги политехникалык институтту аяктап, "Эмгекке окутуунун жана жалпы техникалык сабактардын мугалими" квалификациясына ээ болуп, жогорку билим алууга жетишкен.

2017-жылдын 21-ноябрынан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Карагач" нефть өндүрүү участкасынын башчысы кызматын аркалады.

"Карагач" нефть өндүрүү участогу - "Тагап", "Бешкент", "Карагач" аталышындагы 3 бөлүктөн турат. Азыркы учурда бул нефть участкаларында 62 нефть качалкалары иштейт. Ар бир качалканын өз учурунда өндүрүмдүү иштеши үчүн кадрлардын жоопкерчилигин көтөрүп, керектүү техникалык жабдуулар менен камсыздоо анын жоопкерчилигиндеги башкы маселе.

"Достук" нефть даярдоо бөлүгүндө өз убагында нефтини суудан жана туздан ажыратып, таза нефтини Тажикистан Республикасынын келишими бар фирмаларына сатуу иши жүзөгө ашып келет. Азыркы учурда Тажикстан Республикасынан "Аджон", "Тиенг" "МА", "Шохон" фирмаларына нефти жүктөп жана жөнөтүлөт.

Ар бир айдын акырында 1 айлык өндүрүлгөн нефтинин эсебин тапшыруу да жоопкерчилиги бар. Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Карагач" нефть өндүрүү участкасынын башчысы катарында мына ушундай милдеттердин баары ага жүктөлгөн, бул бир чети түйшүктүү жана чоң жоопкерчиликти талап кыла турган кызмат. Анын баарында бул инсандын жоопкерчилиги жогору.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

ДОРБОНОВ КУБАНЫЧБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын эсептөө бөлүмүнүн жетектөөчү эсепчиси

1967-жылы жарык дүйнөгө келген. Оштогу соода техникумун бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда өзүнүн эмгек жолун 1995-жылы август айында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде Кочкор-Ата бургулоо экспедициясында I категориядагы эсепчи кесибинен баштаган. Анын эмгек жолу 2004-жылдын сентябрь айынан баштап нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында I категориядагы эсепчи болуп иштөө менен улантылган. 2012-жылдын июль айынан баштап жетектөөчү эсепчи болуп эмгектенип жатат.

Негизги акчалай каражаттарды жана материалдык байлыктарды туура пайдалануу, үнөмдөө, акчалай каражаттарды өз убактысында инвентаризациялоону көзөмөлдөө, штаттык, каржы жана кассалык тартипти, бухгалтердик документтерди сактоо, белгиленген тартипте каттоодон өткөрүү жана убагы келгенде архивге тапшыруу жумуштарын убагында аткарууда жемиштүү иштеп келет.

Ал өз ишине болгон берилүүсү, сүйүүсү, мээнеткечтиги, берилген жумушту так, жоопкерчилик менен аткара билүүсү, эмгек жаматынын ага болгон ишеними, булардын бардыгы аны кадыр-баркка жеткизди.

Дорбонов Кубанычбек үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун, Кыргыз Республикасынын экономика Министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйлануурга татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

АКМАТОВ БОЛОТБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын нефть өндүрүү бөлүмүнүн башчысы

1976-жылы 21-апрелде туулган. 1997-жылы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Кочкор-Ата шаарындагы колледжинин "Мунай жана газ чыккан жерлерди иштетүү жана пайдалануу" факультетин бүтүргөн. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1997-жылдан мунай жана газ өндүрүү боюнча 2-даражадагы оператор кесибинен баштаган. 2004-жылдан "Карагач" нефть өндүрүү бөлүмүндө мунайзатты даярдоо устаты, 2005-2015-жылдары промыслдык изилдөө тобунун 4-даражадагы оператору болуп иштеген. 2015-2017-жылдары "Избаскент-Инвест" нефть өндүрүү бөлүмүнүн ага устаты болуп эмгектенген.

"Кыргызмунайгаз" боюнча жаңы кудуктарды, мунайды биргелешип казып алуу боюнча иштерди бургулоону бардык салым кошкон компаниялар менен келишимдердин, макулдашуулардын жана башка документтерге ылайык, тараптардын бири-катышы боюнча мунай так эсебин алууну камсыз кылууну бөлүмдүн башчысы катары жемиштүү аткарып келет. Иштин ыргактуу болушу, мыйзам бузууларга жол берилбеши, чийки мунайдын эсебинин туура жүргүзүлүшү, чогуу салым компаниялардын өкүлдөрү менен нефтини даярдоо жана айдоо участогунда табигый мунай өндүрүүгө так эсептөө, уюштуруу-техникалык чараларды, анын планы боюнча иштерди өз убагында жана сапаттуу аткаруу, ошондой эле пландан тышкаркы салым компаниялардын өкүлдөрү менен биргеликте иштөө, күзгү-кышкы мезгилге өндүрүш объектилерин өз убагында даярдоону камсыз кылуу үчүн салым компаниялар менен бирге кудуктарды пайдалануу жакшыртуу сыяктуу толгон-токой жумуштардын баарында бөлүмдүн башчысы катарында анын аткарган иши чоң жоопкерчиликти талап кылат.

Көк-Таш, 48-8-5-27 райондордо – "Энергоресурсы Средней Азии" жоопкерчилиги чектелген коому, Пи И Ай, Гидрокарбонс, Тен И, Тен Лун, Сань Шань Юань, "Кыргыз-Жер" нефть, газ компаниялар менен кызматташта иштеп келишет. Акматов Болотбек кесиптештерине өз тажрыйбасын үйрөтүп, жардамын аябайт, эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ. Үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

Төрт баланын атасы.

МУРАТАЛИЕВ РЫСБЕК,
Нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын башкы геологу

1979-жылы Токтогул районунун Комсомол айылында төрөлгөн.

2000-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Нефть жана газ иштери адистигин" бүтүргөн. 2002-жылы Казакстандагы Каныш Сатпаев атындагы улуттук техникалык университетинин "Мунай жана газ чыккан жерлерди иштетүү жана пайдалануу" адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган.

"Кыргызнефтегаз" ААКда 2000-жылдан 2009-жылга чейин оператор, инженер-технолог, мастер, геолог, геологиялык-технологиялык бөлүмдүн башчысы жана башкы геолог кызматтарын аркалаган.

Геология боюнча аткарыла турган жерлерди илимий изилдөөсүн аныктоодо, нефть газ өндүрүү тармактарында запастарды талдоо жана нефть-газ өндүрүү боюнча өндүрүштүк жогорку көрсөткүчтөрдүн жаралышында Мураталиев Рысбектин өз кесиптештери сыяктуу салымы чоң.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

ТАШТАНАЛИЕВ УЛАНБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын геология-технологиялык бөлүмүнүн башчысы

1981-жылы жарык дүйнөгө келген. 2003-жылы К.И. Сатпаев атындагы Казак улуттук техникалык университетинин "Нефть жана газ булактарды изилдөө жана иштетүү" адистигин бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда нефть жана газ өндүрүү башкармалыгына 2003-жылдын 2-сентябрында "Избаскент" нефть өндүрүү участкасында нефть жана газ өндүрүү боюнча оператору болуп эмгек жолун баштаган. 2004-жылдын 27-октябрында геологиялык-технологиялык бөлүмдүн III-категориядагы инженер-технологу болуп иштеген. 2010-жылдын 1-июнунда геологиялык-технологиялык бөлүмдүн башчысы, 2017-жылдын 1-январында "Избаскент-Инвест" нефть өндүрүү участкасынын башчысы болуп эмгектенген. Ал эми 2018-жылдын 10-сентябрынан технологиялык геология бөлүмүнүн башчысы.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

БОКОНБАЕВ ЖОРОБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын камсыздоо бөлүмүнүн кампа башчысы

1979-жылы жарык дүйнөгө келген. Жалал-Абад коммерциялык институтунун "Менеджмент" адистиги боюнча жогорку билимге ээ болгон.

2003-жылы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында күзөтчү болуп иштеп баштаган. 2004-жылдан аталган ишкананын кампачысы болуп дайындалган. Ал эми 2006-жылдан баштап НГӨБнын кампачысы кызматын аркалап келет.

Кампадагы материалдык жана товардык баалуулуктарды кабыл алуу, сактоо жана таркатуу менен, алардын сапатынын жакшы, көлөмүнүн туура болушуна өзгөчө көңүл бурат. Бул багытта отчёт-учёт иштерин да өз убагында жүргүзүүгө кылдаттык менен карайт. Ал өзүнүн мээнеткечтиги, өз кесибин сүйүп, ишине берилгендиги менен урмат-сый тапкан.

Ага эмгек жамаатында мындайча мүнөздөмө берген: "иш учурунда мээнеткечтиги, берилип иштегендиги менен айырмаланат, дайыма өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алган. Ал өз кесибин сүйгөндүктөн, талбай, ак мээнет менен эмгектенип келет. Ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасоого үйрөнгөн. Берилген жумушту өз убагында, так аткарат. Адамдык жакшы сапаттарга ээ. Жылуу мамилеси менен эмгек жамаатында кадыр-баркка жетишкен. Коомдук ишке дайыма активдүү катышат".

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

ДЖУМАБАЕВ МЫКТЫБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын газ өндүрүү цехинин нефти жана газ өндүрүү боюнча 3 разряддагы оператору

1960-жылы туулган. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1981-жылдын 22-январь айында газдык жабдыктарын оңдоо жана эксплуатациялоо боюнча слесардын окуучусу кесибинен баштаган. Андан кийин газдык жабдыктарын оңдоо жана эксплуатациялоо боюнча 3-разряддагы слесарь болуп эмгектенген. Азыркы убакытта газ өндүрүү цехинин нефти жана газ өндүрүү боюнча 3-разряддагы оператору.

Ал 100-райондо газ өндүрүлө турган №312-скважинаны дайыма көзөмөл-

гө алып турат. Өндүрүлүп жаткан газдын алынуу көлөмүн ар бир саатта журналга каттап, көрсөткүчүн белгилейт. Ошондой эле саат сайын ГРСке маалымат берип, качалкалардын иштөө абалы дайыма анын көз алдында.

Иштеген жылдардын арасында жалаң гана өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал жоопкерчиликтүү, өз ишине так, тыкандыгы, берилген тапшырмаларды өз убагында, кечиктирбей аткара билген мүнөзү менен жетекчилердин сынына толгон. Жаш муундарга өзүнүн тажрыйбасын үйрөтүп, бир канча жаштарды тарбиялап чыгарды. Эмгек жамааты арасында кадырбаркка ээ.

Эмгектик жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Ноокен райондук мамлекеттик администрациясы менен Эл депутаттарынын райондук Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурс Министрлигинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

АБДРАИМОВ АБДЫМАНАП,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын газ өндүрүү цехинин нефти жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору

1956-жылы жарык дүйнөгө келген. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1993-жылдын 1-ноябрында кудуктарды баштан-аяк оңдоо боюнча бургулоочунун 4-разряддагы жардамчысы кесибинен баштаган. 2006-жылы июнь айында газ өндүрүү цехине 4-разряддагы мунай жана газ өндүрүү участкаларында тикеден-тике алек болгон слесарь-оңдоочу болуп которулган. Азыркы учурда газ өндүрүү цехинде нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору болуп эмгектенет.

Анын милдети 100-райондо № 312, 563, 559-скважиналарды тейлөө менен оператордун иштегенин көзөмөлгө алып турат. Алынган маалыматка таянсак, газ линияларын текшерип, газды өндүрүүнү техникалык жактан тейлөө, газды комплекстүү даярдоочу курулуштардын (установка), насостук-компрессордук станциялардын иштөөсүн көзөмөлдөө, газды жер алдында сактоо жана башка нефтепромыслдык жабдыктарды тейлөө иштерин дайыма билгичтик менен аткарып келет. Скважинадагы насостук-компрессордук куурларда парафиндин, чайырдын жана туздун катмарлануусуна жол бербөө үчүн реагенттердин жардамында алдын алуучу чараларды көрүү сыяктуу бир топ жумуштарды жоопкерчилик менен жүргүзөт.

Ага эмгек жамаатында мындайча мүнөздөмө берген: "иштөө учурунда мээнеткечтиги, берилип иштегендиги менен айырмаланат, өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал өз кесибин сүйгөндүктөн, талбай, ак мээнет менен эмгектенип келет. Мээнеткеч, жоопкерчиликтүү. Берилген жумушту өз убагында жана так аткарат. Адамдык жакшы сапаттарга ээ. Жакшы мамилеси менен кадыр-баркка жетишкен. Коомдук иштерге активдүү катышат".

Өндүрүштө сиңирген эмгеги үчүн Ноокен райондук администрациясынын Ардак грамотасы жана "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. 5 баланын атасы.

НАЗАРМАТОВ АБДИКАЛИЛ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын нефть даярдоо жана айдоо участкасынын нефтини суудан жана туздан ажыратуу боюнча оператору

1958-жылы туулган. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1979-жылдын 9-апрелинде "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин газды өндүрүү цехинде газды жана нефтини өндүрүү боюнча оператордун окуучусу болуп баштаган. 1979-жылдын 13-июнунан ага тарифтик-квалификациялык комиссиянын токтомунун негизинде нефть жана газ өндүрүү боюнча оператордун 2-разряды ыйгарылган. 1994-жылдын 1-апрелинен газ өндүрүү цехинен нефтини даярдоо жана айдоо участкасына нефтини суудан жана туздан ажыратуучу 3-разряддагы оператор болуп которулган. 2004-жылдын 16-февралынан бери нефтини суудан жана туздан ажыратуу боюнча 4-разряддагы оператор болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Техникалык курулуштардын (установкалардын) жобосуна ылайык адистердин тили менен айтканда жеңил көмүртектүү суутектерди кең өлчөмдө тандап алуу менен нефтинин суусуздануусунун, тузсуздануусунун жана туруктуулугунун (стабилизациясын) технологиялык жараянын сактоо иштерин аткарат. Технологиялык параметрлерди: технологиялык аппараттардын температурасын, басымын, чыгымын, баскычтар аралык деңгээлин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт. Даярдалган нефтинин көлөмүн, керектелген химиялык реагенттерди учетко алат. Колдонулуучу аппараттарды ремонтко даярдайт, ага катышат жана кайра өткөрүп алат.

Өзүнүн эмгек жолунда жалаң гана жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал

мээнеткеч жана берилген тапшырмаларга жоопкерчилик менен карап, өз убагында аткаруу менен мамиле жасайт. Мүнөзү токтоо. Чынчыл жана ак ниет. Сылыктыгы, кесиптештерине болгон камкордугу жана колунан келген жардамын аябаган мүнөзү менен эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ болгон. Коомдук иштерге жана мекемеде өткөрүлүп туруучу иш чараларга активдүү катышат, - деп белгилешет ал тууралуу жакшы билген кесиптештери.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр-жай министрлигинин Ардак грамотасы жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын акчалай сыйлыктары менен сыйлануруга татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

ИБРАГИМОВ РАВКАТ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын нефтини даярдоо жана айдоо участкасынын нефтини суудан жана туздан ажыратуу боюнча оператору

1956-жылы туулган."Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1976-жылы 13-апрелде Кыргыз бургулоо иштер башкармасынан нефтини даярдоо жана айдоо участогуна 3-разряддагы слесарь-оңдоочу болуп баштаган. 1982-жылы 1-февралдан тартып, ушул эле участканын нефтини суудан жана туздан ажыратуу боюнча 3-разряддагы оператору болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Бул жумушту аркалаган адистер сыяктуу эле ал да техникалык курулуштардын (установкалардын) жобосуна ылайык жеңил көмүртектүү суутектерди кең өлчөмдө тандап алуу менен нефтинин суусузданууусунун, тузсузданууусунун жана туруктуулугунун (стабилизациясын) технологиялык жараянын сактоо иштерин аткарат. Технологиялык параметрлерди: технологиялык аппараттардын температурасын, басымын, расходун, баскычтар аралык деңгээлин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт. Даярдалган нефтинин көлөмүн, керектелген химиялык реагенттерди учетко алат. Колдонулуучу аппараттарды ремонтко даярдайт, ага катышат жана кайра өткөрүп алат.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун НГӨБүндө иштөө учурунда өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөттү. Берилген тапшырмаларды ынтаа коюп жана болгон билимин жумшап, өз убагында сапаттуу аткарат. Эмгекчил жана өзүнө так. Ишенип тапшырылган иштерге жан-дили менен

берилген мыкты адис. Дайыма өзүнүн алдында иштеген жумушчуларга камкор. Колунан келген жардамын аябайт. Жамааттын тегерегинде өткөрүлүп туруучу баардык коомдук иштерге активдүү катышып келет, кадыр баркка ээ инсан.

Нефти жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы, Алкыш баракчасы жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын мээримдүү атасы.

МОЛДАЛИЕВ БӨРҮБАЙ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогунун нефть жана газ өндүрүү участкаларында телемеханика жана автоматика боюнча устаты

1961-жылы жарыкчылыкка келген. 1996-жылы Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетти "Өндүрүштүк ишканаларды электр менен камсыздоо" адистиги боюнча бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1982-жылы 2-октябрда электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогуна слесарь-электрик болуп баштаган. 1998-жылдын 7-июлунда электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо боюнча электромонтердун 5-разряды ыйгарылган. 2008-жылдын 22-декабрынан нефть жана газ өндүрүү участкаларында телемеханика жана автоматика боюнча устат болуп үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

Молдалиев Бөрүбай нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын объекттериндеги байланышты, ар бир станок-качалкадагы байланыш точкаларын, байланыш линияларынын ремонтун, станок-качалканы башкарууну көзөмөлдөйт. Молдалиев Бөрүбайдын кол алдында автоматика жана байланыш линияларынын ремонтуна жооп берген 8 электромонтер иштейт.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун НГӨБүндө иштөө учурунда өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөттү. Берилген тапшырмаларды ынтаа коюп жана болгон билимин жумшап, өз убагында сапаттуу аткарат. Эмгекчил жана өзүнө так. Ишенип тапшырылган иштерге жан-дили менен берилген мыкты адис. Дайыма өзүнүн алдында иштеген жумушчуларга камкор. Колунан келген жардамын аябайт. Жамааттын тегерегинде өткөрүлүп туруучу баардык коомдук иштерге активдүү катышып келет, кадыр баркка ээ инсан.

Нефти жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

СУЗДАЛЕВ АНАТОЛИЙ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогунун башчысы

1959-жылы жарыкчылыкка келген.1978-жылы Казань энергетикалык техникумун "Техник-электрик" адистигин бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1981-жылы 20-февралда "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин, электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогунда 5-разряддагы электромонтер кесибинен баштаган. 1982-жылы 18-октябрда ушул участоктун инженер-энергетиги болуп которулган. 2011-жылдын 4-апрелинен баштап электр жана электр жабдыктары менен камсыздоо участогунун башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Нефть жана газ өндүрүү башкармасынын ар бир бөлүмүндөгү объектилердеги электр жабдууларды сапаттуу жана өз убагында ремонттоону, өндүрүштүк объектилерди электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну көзөмөлдөйт жана жооп берет.

Өзүнүн эмгек жолунда жалаң гана жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал мээнеткеч жана берилген тапшырмаларга жоопкерчилик, өз убагында аткаруу менен мамиле жасайт. Мүнөзү токтоо. Чынчыл жана ак ниет. Сылыктыгы, кесиптештерине болгон камкордугу жана колунан келген жардамын аябаган мүнөзү менен эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ болгон. Коомдук иштерге жана мекемеде өткөрүлүп туруучу иш-чараларга активдүү катышат.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика Министрлигинин Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

НАЗАРОВ КУБАНЫЧБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Избаскент" нефти өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору

1958-жылы жарыкчылыкка келген. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1978-жылдын 11-декабрь айында нефть жана газ өндүрүү боюнча 3-разряддагы оператору кесибинен баштаган. Азыркы учурда "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору болуп эмгектенип келет.

Ал № 488, 485, 392, 491,501-скважиналарды тейлеп, алынган нефтини жабдуулар аркылуу күн сайын өлчөп, топтолгон сырьёну нефть сакталуучу жайларга жиберишет. Ошондой эле иштеген станок-качалкалардын иштешине көзөмөлдөйт.

Иштөө учурунда мээнеткечтиги, берилип иштегендиги менен айырмаланып, өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөттү. Ал өз кесибин сүйгөндүктөн, анын ысык-суугуна күйүп, үзүрлүү иштеп келет. Жумушуна так, бирге иштегендерге жылуу мамиле жасай билгендиги аркылуу кадыр-баркка жетишкен. Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Соода жана өндүрүштүк министрлигинин Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыгы, ошондой эле Ноокен райондун администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 6 баланын атасы.

ЖАРКУЛОВ ЖУМАБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 4-разряддагы оператору

1969-жылы жарыкчылыкка келген. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1990-жылдын 8-январь айында, кыртышка атайын таасир берүүчү агенттерди айдоо боюнча соргузгуч станциясынын 2-разряддагы машинисти болуп иштеп баштаган. 1996-жылдын 13-августтан баштап нефть жана газ өндүрүү боюнча 3-разряддагы оператору болуп которулган, ал эми 2010-жылдын 20-майынан баштап ушул күнгө чейин нефть жана газ өндүрүү боюнча 4-разряддагы оператору болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

№ 672, 753, 754, 673, 757-скважиналарды тейлеп, алардын иштөөсүн көзөмөлгө алуу менен ар бир жумушуна кылдат, жогорку жоопкерчилик менен мамиле кылат. Жаш адистердин устаты.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын геология жана минералдык ресурстардын мамлекеттик агенствонун Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

КУШБАКОВ АБДИМАНАП,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын "Избаскент" нефти өндүрүү участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору

1958-жылы туулган. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы эмгек жолун 1979-жылдын 19-ноябрында нефть жана газ өндүрүү боюнча 3-разряддагы оператору кесибинен баштаган. Азыркы учурда "Избаскент" нефть өндүрүү участкасынын нефти жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы оператору болуп эмгектенип келет.

№ 77, 6-Ш, 411, 227, 3-Ш скважиналардын иштөөсүнө көз салуу анын жоопкерчилигиндеги негизги жумуш.

Берилген тапшырманы өз убагында, так жана тыкан аткарат. Жаш муундарга өзүнүн тажрыйбасын үйрөтүп, бир канча жаштардын чыныгы устатына айланды. Жоопкерчиликтүү, өндүрүш жана эмгек тартибин дайыма сактоого олуттуу көңүл бурат. Коллектив арасында кадыр-баркка ээ.

Өндүрүшкө сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстардын министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

КАДЫБАЕВ МАМЫТБЕК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды жер астында оңдоо боюнча 5-разряддагы оператору

1963-жылы туулган. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1984-жылдын 20-августунан баштаган. "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесиндеги кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин, кол менен ширетүүнүн 2-разряддагы электрогазширетүүчүсү болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылдын 28-июнунан баштап ушул эле цехтин кудуктарды жер астында оңдоо боюнча оператордун окуучусу болуп которулган. 1989-жылдын 13-сентябрында тарифтик-квалификациялык комиссиянын токтомунун негизинде кудуктарды жер астында оңдоо боюнча оператордун 3-разряды ыйгарылган. 1994-жылдын 1-апрелинен баштап ушул күнгө чейин нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин жер астында оңдоо боюнча 5-разряддагы оператору болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Жер астындагы оңдоону талап кылган кудуктардын куурларын, жабдыктарын оңдоп-түзөшөт жана өз убагында кайра кудуктарды ишке тапшырышат. Мекемеде өткөрүлүп туруучу иш-чараларга активдүү катышып келет. Бригадасынын жумушчуларына, кесиптештерине жардам берүүгө дайыма даяр жана аларга камкордук менен мамиле жасайт. Өзүнүн тактыгы, токтоо мүнөзү, жоопкерчиликтүүлүгү менен эмгек жамаатынын арасында кадырбаркка ээ болгон.

Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында үзүрлүү эмгектенип, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

ТОКТОСУНОВ КАЛБАЙ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармасынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин башчысы

1965-жылы туулган, 2018-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжин "Мунайзат жана газ кендерин бургулоо" боюнча адистигин бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунда-

гы өзүнүн эмгек жолун 1987-жылдын 13-февраль айында бургулоо иштери боюнча башкармасында, бургулоо боюнча жабдыктардын 3-разряддагы дизелисти болуп баштаган. 1989-жылдын 10-апрель айында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин, кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоого даярдоо боюнча 3 разряддагы оператору болуп которулган. 1990-жылдын 18-апрелде ушул эле цехтин кудуктарды баштан-аяк оңдоо боюнча 3-разряддагы бургулоочунун жардамчысы болуп иштеген.1991-жылдын 9-декабрынан баштап ушул эле цехтин кудуктарды баштан-аяк оңдоо боюнча бургулоочунун 5-разряды ыйгарылган.

1999-жылдын 25-октябрында ушул эле цехтин устаты болуп иштеген. 2003-жылдын 29-август айында ушул эле цехтин кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо боюнча ага устаты болуп которулган. Ал эми азыркы учурда кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин башчысы болуп эмгектенет.

Анын негизги милдети: нефть кудуктарынын куурларын жана жабдыктарын ремонттоо, оңдоо иштерин аткаруу. Жер астындагы оңдоону талап кылган кудуктардын куурларын, жабдыктарын кабыл алып, аны оңдоп-түзөшөт жана өз убагында кайрадан скважиналарды тапшырышат. Кудуктардын ишке берилишин уюштуруу жана коопсуздукту сактоо, жумушчулардын өз милдетин аткаруудагы жумушун көзөмөлдөө. Бул иштерди аткаруу сергектикти, кыраакылыкты талап кылгандыктан Токтосунов Калбай өзүнө жүктөлгөн милдеттерди дайыма так, убагында жана жоопкерчилик менен аткарып келет. Мыкты уюштуруучу. Мекемеде өткөрүлүп туруучу иш-чараларга активдүү катышып келет. Цехтеги жумушчуларга, кесиптештерине жардам берүүгө дайыма даяр жана аларга камкордук менен мамиле жасайт. Өзүнүн тактыгы, токтоо мүнөзү, жоопкерчиликтүүлүгү менен эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ болгон. Коомдук иштерге активдүү катышат.

Өндүрүшкө сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын геология жана минералдык ресурстардын мамлекеттик агентствонун Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

АРЗЫКУЛОВ МАЛИК,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды жер астында оңдоо боюнча устаты

1955-жылы туулган. 1985-жылы Кокондогу мунайзат техникумунун "Нефти жана газ булактарын иштетүү" боюнча адистигин бүтүргөн.

Өзүнүн эмгек жолун 1976-жылдын 6-майынан "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун "Избаскент" инженердик-технологиялык кызматынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 2-разряддагы оператору болуп иштөө менен баштаган. 1980-жылдын 3-июль айында кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоого даярдоо боюнча 3-разряддагы оператору болуп которулган. 1984-жылдын 1-июлунан баштап ушул убакытка чейин нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк ондоо цехинин жер астында оңдоо боюнча устаты болуп эмгектенип келет.

Анын негизги милдети: нефти кудуктарынын куурларын жана жабдыктарын ремонттоо, оңдоо иштерин аткаруу. Жер астындагы оңдоону талап кылган кудуктардын куурларын, жабдыктарын кабыл алып, аны оңдоп-түзөшөт жана өз убагында кайра нефти өндүрүү участкаларына тапшырышат. Ошондой эле бригадасына план боюнча берилген жумуштарын так аткарат.

Чынчыл жана ак ниет, өз ишине жан-дили менен берилген, билимдүү адис. Кол астында иштеген жумушчуларга камкор жана көп жылдан бери арттырган тажрыйбасын жаш жумушчуларга, адистерге талыкпай үйрөтүп келет.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин "Алкыш" баракчасына ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

МОЛДАЛИЕВ АБДУРАХМАН,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын нефть жана газ өндүрүү участкаларында нефтепромыслдык жабдыктарды оңдоо жана тейлөө боюнча ага механиги. НГӨБнын профсоюз комитетинин төрагасы

1970-жылы туулган. 2009-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетти "Нефти жана газ булактарын изилдөө жана иштетүү" адистиги боюнча бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1990-жылдын 25-сентябрында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин, кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды жер астында оңдоо жана даярдоо боюнча 3-разряддагы оператору болуп баштаган. 1994-жылдын 1-апрелинде нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын кудуктарды жер астында жана баштан-аяк оңдоо цехинин кудуктарды баштан-аяк оңдоо боюнча 4-разряддагы бургулоочунун жардамчысы болуп которулган. 2008-жылдын 4-августунда ушул эле ишкананын жумушчу ашканасынын башчысы болуп иштеген. 2011-жылдын 15-августунан баштап азыркы учурга чейин иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын нефть жана газ өндүрүү участкаларында нефтепромыслдык жабдыктарды оңдоо жана тейлөө боюнча ага механиги болуп эмгектенип келет.

Жумушчуларга кудуктарды баштан-аяк оңдоого берилген тапшырмаларды көзөмөл кылып, ошондой эле техникалык тетиктерди оңдоп участкаларга жеткизип берүү менен техникалык коопсуздукту сактоо жана жумушчулардын өз милдетин аткаруудагы жумушун көзөмөлдөйт.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун НГӨБүндө иштөө учурунда өзүнүн жалаң гана жакшы жактарын көрсөттү. Берилген тапшырмаларды ынтаа коюп жана болгон билимин жумшап, өз убагында сапаттуу аткарат. Эмгекчил жана өзүнө так. Ишенип тапшырылган иштерге жан-дили менен берилген мыкты адис. Дайыма өзүнүн үстүндө иштеп, билим деңгээлин дагы да кеңейтип турат. Сылык, мүнөзү токтоо. Кол алдында иштеген жумушчуларга камкор. Колунан келген жардамын аябайт. Жамааттын арасында өткөрүлүп туруучу бардык коомдук иштерге активдүү катышып келет жана нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын жамаатынын, ошондой эле "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бардык тармактарынын жамааттарынын арасында кадыр-баркка ээ инсан.

Нефти жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесип-

тик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун, Кочкор-Ата шаардык жана "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын мээримдүү атасы.

МАТМУСАЕВ СУЕРКУЛ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын темирди колу менен жасаган 4-разряддагы устасы

1960-жылы туулган. "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1982-жылдын 12-майында бургулоо иштери боюнча башкармасында иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо цехинин жүк ташуучусу болуп иштеген. 1992-жылдын 3-мартында ушул эле цехтин турбобурлардын слесарь-оңдоочусунун окуучусу болуп которулган. 1992-жылдын 5-майында ушул эле цехтин турбобурлардын слесарь-оңдоочунун 5-разряды ыйгарылган. 1993-жылдын 26-ноябрында темирди колу менен жасаган 2-разряддагы устасы болуп которулган. 1998-жылдын 7-август айынан баштап азыркы учурга чейин иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын темирди колу менен жасаган 4-разряддагы устасы болуп эмгектенип келет.

Өзүнүн негизги милдети участкалар берген темир штанга жана түтүктөрдөн, түрдүү тетиктердин формасын жасап берет. Берилген тапшырманы өз убагында, так жана тыкан аткарат.

Цехтеги жумушчуларга, кесиптештерине жардам берүүгө дайыма даяр жана аларга камкордук менен мамиле жасайт. Жаш муундарга өзүнүн тажрыйбасынан үйрөтүп, бир канча жаштарды тарбиялап чыгарды. Жоопкерчиликтүү, өндүрүш жана эмгек тартибин дайыма сактайт. Коллектив арасында кадыр-баркка ээ. Коомдук иштерге активдүү катышат.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамотасы жана башка акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. 4 баланын атасы.

МЫРЗАБЕКОВ АБДЫКАДЫР,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын нефть жана газ өндүрүү боюнча 5-разряддагы слесарь-оңдоочусу

1959-жылы жарыкчылыкка келген. 1997-жылы Кочкор-Атадагы электрондук аспаптар техникумунун "Машина инструменттери боюнча материалдарды жана унаалардын линияларын иштетүү" адистиги боюнча бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1981-жылдын 9-январында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин газ өндүрүү цехинин компрессордук бөлүмдөрдүн машинистинин окуучусу болуп баштаган. 1981-жылдын 15-майынан баштап ушул эле цехтин компрессордук бөлүмдөрдүн машинистинин 2-разряды ыйгарылган. 1994-жылдын 1-апрелинде нефть жана газ өндүрүү башкармасында иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын нефть жана газ өндүрүү участкаларында тикеден-тике алек болгон 3-разряддагы слесарь-оңдоочусу болуп которулган. 1997-жылдын 19-ноябрынан баштап ушул күнгө чейин нефть жана газ өндүрүү башкармасынын иштеп жаткан жабдыктарды прокаттоо жана оңдоо участкасынын нефть жана газ өндүрүү участкаларында тикеден-тике алек болгон 5-разряддагы слесарь-оңдоочусу болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Ал оңдоо-монтаждоо жана сыноо татаал бөлүктөрүн жана механизмдерин демонтаж кылуу менен бирге жабууларды бирдиктерин жана кемчиликтерди жоюу боюнча ишти жүргүзөт. Ошондой эле келген редуктор жана насосторду анализ кылып, оңдоп участкаларга тапшырышат.

Мекемеде өткөрүлүп туруучу иш-чараларга активдүү катышып келет. Бригадасынын жумушчуларына, кесиптештерине жардам берүүгө дайыма даяр жана аларга камкордук менен мамиле жасайт. Өзүнүн тактыгы, токтоо мүнөзү, жоопкерчиликтүүлүгү менен эмгек жамаатынын арасында кадырбаркка ээ болгон.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр-жай министрлигинин жана Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 3 баланын мээримдүү атасы.

ЭРГЕШОВ ЖУСУБАЛЫ,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын нефть даярдоо жана айдоо участкасынын ага устаты

1961-жылы туулган. 2004-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетти "Нефти жана газ булактарын изилдөө жана иштетүү" адистиги боюнча бүтүргөн.

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомундагы өзүнүн эмгек жолун 1982-жылдын 21-январынан "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин нефтини даярдоо жана айдоо участкасынын технологиялык орноштуруунун слесарь-оңдоочусунун окуучусу болуп иштеп баштаган. 1982-жылдын 19-майынан ушул эле участоктун технологиялык орноштуруунун слесарь-оңдоочусунун I разрядды ыйгарылган. 1994-жылы 1-апрелде нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын нефть даярдоо жана айдоо участкасынын нефтини суудан жана туздан ажыратуу боюнча 4-разряддагы оператору болуп которулган. 2009-жылы 14-майда ушул эле участоктун нефтини даярдоо жана туруктуу сактоо боюнча жылыткыч чарбанын устаты болуп иштеген. 2018-жылдын 2-июлунан баштап ушул участоктун ага устаты болуп үзүрлүү эмгектенип келет.

Анын негизги милдеттери нефтини даярдоо жана жөнөтүү болуп эсептелет. Ошондой эле ушул нефтилерге тиешелүү документтерди так жана туура толтуруу, участоктун техникалык коопсуздугун сактоо жана жумушчулардын өз милдетин аткаруудагы жумушун көзөмөлдөйт.

Ушул жылдардын арасында жалаң гана өзүнүн жакшы жактарын көрсөтө алды. Ал жоопкерчиликтүү, өзүнө так, тыкан. Берилген тапшырмаларды өз убагында, кечиктирбей аткарат. Жумуш орду дайыма таза. Өзүнөн кийинки жаш муундарга көп жылдык арттырган тажрыйбасын талыкпай үйрөтүп келет. Участкада өткөрүлүп туруучу иш-чараларга активдүү катышат жана эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркка ээ.

Нефть жана газ өндүрүү тармагында жетишкен ийгиликтери жана кесиптик чеберчилиги үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондусунун жана "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

СУЛТАНОВ КАБЫЛЖАН,
Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын административдик-чарбалык кызматынын башчысы

1961-жылы туулган, 1987-жылы Р.Ф.Мичурин атындагы мөмө-жемиштер институтун бүтүргөн, "Зооинженер" квалификациясына ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун нефть жана газ өндүрүү башкармалыгында өндүрүштүк объектилерди күзөтүү кызматында инспектор болуп 2007-жылы баштаган. 2007-жылдын 20-августунан баштап азыркы учурга чейин административдик-чарбалык кызматынын башчысы болуп эмгектенип келет.

Анын негизги милдети- башкармалыктын чарбалык жабдууларын толуктап, камсыздап берет. Канцелярдык керектөөлөрдүн санын эсептеп, "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармалыгына аныктап берет, ошондой эле бухгалтердик иш кагаздарын, сатып алуулар боюнча актыларын өткөрөт. Материалдык баалуулуктардын сакталуусуна жооп берет.

Ал өз ишине берилген, эмгекчил адис катарында көпчүлүккө белгилүү болуп калган. Ал өз кесибин сүйгөндүктөн, талбай, ак мээнет менен эмгектенип келет. Мээнеткеч, жоопкерчиликтүү. Берилген жумушту өз убагында жана так аткарууга жетишет. Инсандык жакшы сапаттары, башкаларга жасаган жылуу мамилеси менен кадыр-баркка жетишкен.

Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Бул эмгек адамдардын өмүр жана эмгек таржымалдары жана жылуу пикирлер аталган башкармалыктын жетекчилиги жана кадрлар бөлүмүнүн берген мүнөздөмөсүнүн негизинде жазылды. Тактап айтканда алар эмгектенген нефть, газ өндүрүү башкармалыгынан 2018-жылдын 31-декабрына карата кадрлар бөлүмүнүн адистеринин берген маалыматына таянсак, жалпысынан кыргыз, орус, өзбек, тажик, уйгур, мордвин, орус, казак, азербайжан, корей, татар жана башка улуттан турган 718 түрдүү кесип ээлери эмгектенишет. Негизинен жумуштун оор түйшүгүн аркалашкан бургулоочулар, бургулоонун жардамчылары, операторлор, машинисттер, нефть линияларын текшерүүчүлөр, электро-монтерлор, слесарь-оңдоочулар, токарлар, электрогаз менен ширетүүчүлөр, темир, жыгач усталар сыяктуу түрдүү кесип ээлери иштешет. Алардын ар биринин өздөрүнө таандык жооптуу жумуштары бар. Иш жеңил эмес. Жайдын ысыгы, кыштын суугуна карабай, таң эми гана агара баштагандан тартып, ар бири өз жумуш ордунда болушат.

Нефть, газ өндүрүү качалкаларынын түнү-күнү үзгүлтүксүз иштеп жатышында мына ушул кесип ээлеринин эмгеги чоң.

Айта кетчү сөз башкармалыктын карамагында союз мезгилинен бери иштетилип келген цехтер сакталып калган. Жайында салкын, кышында жылуу цехтерде жумушчулар үчүн жакшы шарт жаратылган.

Нефть өндүрүү качалкалары өндүрүмдүү иштетилип, күн сайын белгиленгенге караганда 60-70 тоннадан ашык нефть өндүрүлүүдө. Алардын суткасына орточо өндүрүмдүүлүгү 1,35 тонна нефтини, 7,9 мин куб газды түзөт.

ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТРАНСПОРТ БАШКАРМАЛЫГЫ

Технологиялык транспорт башкармалыгы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун негизги бөлүгүнүн бири жана өзүнүн өнүгүү, жашоо тарыхына бай. Айта кетсек, 1953-жылы январь айында Кыргызстандын аймагында жайгашкан "Избаскент", "Көк-Таш", "Чаңгыр-Таш", "Палван-Таш" нефть өндүрүү промыслдер жана №9,10,11,12-автогараждары "Средазнефть" өндүрүштүк бирикмесинен "Кыргызнефть" нефть өндүрүүчү башкармалыгы болуп бөлүнүп чыгып жана анын ичинде автотрактордук контора түзүлгөн. 1970-жылдын ноябрь айынан тартып "Кыргызнефть" нефть жана газ өндүрүүчү башкармалыктын АТКсы (авто-трактордук колоннасы) болуп эсептелет. 1975-жылы октябрь айынан баштап, өндүрүлгөн нефтинин көлөмү, техникалардын жана жумушчулардын саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу, "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин технологиялык транспорт башкармалыгы (ТТБ) болуп аталат. 1997-жылы январь айынан "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун технологиялык транспорт башкармасы болуп түзүлөт.

Технологиялык транспорт башкармалыгын "Кыргызнефтегаз" ААКнын жүрөгү" деп айтсак да болот.

Технологиялык транспорт башкармалыгында 504 адам эмгектенет. Анын ичинде 65 жетекчи жана адистер, 439у жумушчулар.

Бүгүнкү күндө башкармалыктын карамагында 261 даана техника бар Алар: адам ташуучу, жүк ташуучу, атайын техникалар, тракторлордун түрлөрү жана жеңил автоунаалардан турат.

ТТБнын негизги өндүрүштүк кызмат иши "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бардык ишканаларынын, нефть жана газ өндүрүүчү башкармалыгынын (НГӨБ), бургулоо иштер башкармалыгынын (УБР) жана башка структуралык бөлүмдөрүнүн буюртмаларын технологиялык жана атайын техникалар менен убагында толук камсыз кылууга багытталган. Техникалардын стабилдүү иштөөсү үчүн ТТБда 2 нөөмөт менен оңдоо иштери уюштурулган, себеби техникалардын толук кандуу иштөөсү нефть жана газ өндүрүүнүн көлөмүнө түздөн-түз таасирин тийгизет.

Технологиялык транспорт башкармалыгы №1,2,3-трактордук, Сузак районунда жайгашкан "Чаңгыр-Таш", Баткен облусуна караштуу Лейлек районундагы "Арка" автоколонналарын камтыйт. Алардын ар биринин аткарган иштерин айта кетсек:

Кочкор-Ата шаарында жайгашкан №1-автоколоннанын унаалары ВАЗ, УАЗ, КАВЗ, ПАЗ, М-Бенц Спринтер жана башка үлгүдөгү жеңил жана жүргүн-

чүлөрдү ташуучу унаалары "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун жалпы жумушчуларын ташуу жана башка ар кандай буюртмаларды аткарышат.

№2-автоколоннадагы ГАЗ-66, ЗИЛ-ММЗ, HOWO, КамАЗ, КрАЗ, SHACMAN үлгүсүндөгү атайын автоунаалар кудуктарды изилдөө, оор жүктөрдү жана нефть, мазут, күйүүчү-майлоочу, суу ташуу иштерин аткарышат.

№3-автоколонна дагы HOWO SINOTRYK, КраЗ, ППУД атайын унаалар жер астындагы түтүктөрдү жогорку температурадагы буу менен эритип, жабышып калган парафиндерден тазалайт, КамАЗ, КрАЗ, ЦА320, HOWO компрессор атайын техникалар жер астындагы түтүктөрдү кум жана майда таштардан суу менен жууп, жогорку басымдагы аба менен айдап, тазалайт. КрАЗ, ЦА320, HOWO үлгүсүндөгү автоцистерналуу унаалар өндүрүлгөн нефтилерди жана кудуктарга суу ташыйт.

Трактордук колоннадагы атайын трактордук техникалар, Бакинец-32, УПТ-50, эксковатор, трактордук крандар, бульдозер жана КамАЗ, КрАЗ, HOWO үлгүсүндөгү Азинмаш-37, АПРС-30,40, А-50 атайын техникалары кудуктарды оңдоп түзөтүү, жер астындагы түтүктөрдү көтөрүп-түшүрүү, алмаштыруу иштерин аткарат.

Баткен областындагы Лейлек районундагы "Арка" жана Сузак районун-

дагы "Чаңгыр-Таш" автоколонналары "Карагач" жана "Чаңгыр-Таш" нефть жана газ өндүрүүчү участоктордун бүткүл транспортко болгон муктаждыктардын бардыгын камсыз кылышат.

ТТБда акыркы 5 жылдын ичинде автоунаалардын катары 25 даанага жаңыланды, анын ичинде; жүк ташуучу унаалар – 12 даана, жеңил автоунаалар–4 даана, атайын техникалар – 9 даана.

2013-жылы заманбап, ашканасы, конференцзалы, жумушчулар үчүн жуунуучу, кир жуучу жайлары менен имарат эксплуатацияга берилген.

Технологиялык транспорт башкармалыгынын тарыхында эмгектенип кетишкен жетекчилердин ар бири мекеменин өнүгүп-өсүшүнө баа жеткис салым кошкон. Айта кетсек: Б.Н.Горбунов, А.Н. Сугробов, Н.А. Кропотов, А.Н. Копиносенко, В.А. Наговицин, А.Ф.Аксенов, А.С.Барилов, В.В. Вергун, Т.А.Таштаналиев.

ТТБ өзүнүн 30 жылдан ашуун жигердүү эмгектенип, өлкөсүнө эмгеги сиңген ардактуу эс алуудагы ардагерлери менен даңктанат. Мисалы: Тургунов Сарбай, Абдуллаев Гайбулла, Абдуллаев Саткинбай, Абдымомунов Аким, Аттокуров Аллакул, Каримов Абдурахман, Мадоморов Мамажан, Муждабаев Аким, Мойдинов Алижан, Мамадалиев Алижан, Мехтиев Гумбат, Ненашев Григорий, Сариев Анарбек, Сайфутдинов Нуманжан, Фарамазов Владимир, Хакимов Эжод, Шкляренко Владимир, Ташбаев Абдулхамут, Вострецова Надеждалар эмгек жамаатынын жүзү болуп келишкен, азыр да алардын эмгеги жаштарга өрнөк катарында айтылат.

Азыркы убакта Н.В. Пожарский, Ш.С.Розуев, К.Салижанов, Т. Дарманкулов, А.Касымбеков, К.Т. Абдраманов, Г.К. Грязева, С.Эргашев,Э.Аллакулов, А.Буваматов, А.Гапуров, Р.Ахмедов К.Темиров, К.Эшбаев, А.Абдакимов, К.К.Нуркулов, Б.У.Сейткулов, Ж. Суеркулов, Г.А.Төлөнова, А.Б Бейшеналиева, Я.Жуманов, Э.Сабирбаев, А.Шаволотова, П.Сыдыкова, А.Сариев, К.Маражапов, Т.Акимджанов, А.Төрөбаев, Р.Амадалиев, А.Асранкулов, Э.Калмуратов, К.Алиев, Ы.Иметкулов, К.Амадалиев, М. Өмүрзаков, П.Тухтаматов, Т.Акматалиев, Э.Найманов, К.Айдаралиев сыяктуу көп жылдардан бери талыкпай, үзгүлтүксүз эмгектенип келе жаткан адистердин эмгегин да белгилеп кетүүгө тийишпиз.

Бул мекемени "Кыргызнефтегаз" ААКнын жүрөгү" деп айтсак да болот. Анткени, кыргыз нефтисин өндүрүү жана анын көлөмүнүн өсүп баратышында мына ушул кесип ээлеринин салымы бар деп ачык эле айтууга болот.

УПРАВЛЕНИЕ ТЕХНОЛОГИЧЕСКОГО ТРАНСПОРТА
ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТРАНСПОРТ БАШКАРМАСЫ

345КЗ
1210
3017 DA

СУУ

2017

АЛГАЧКЫ ЖЕТЕКЧИЛЕР

ГОРБУНОВ БОРИС НИКИТОВИЧ

1923-жылдын 23-апрелинде Россия Федерациясынын Челябинская областында туулган. 1958-жылдын 1-октябрынан тартып 1959-жылдын 11-февралына чейин технологиялык транспорт башкармалыгынын директору болуп иштеген.

КРОПОТОВ ЮРИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

1926-жылдын 9-июнунда Россиянын Томск шаарында туулган. 1963-жылдын 18-сентябрынан тартып 1966-жылдын 1-мартына чейин ТТБнын директору болуп иштеген.

КОПИНОСЕНКО АЛЕКСАНДР АЛЕКСАНДРОВИЧ

1922-жылдын 19-майында Украинанын Полтава шаарында туулган. 1966-жылдын 2-мартынан баштап 1967-жылдын 1-июлуна дейре ТТБнын директору болуп эмгектенген.

НАГОВИЦИН ВИКТОР АФАНАСЬЕВИЧ

1939-жылдын 15-майында Россиянын Киров шаарында туулган. 1967-жылдын 2-июлунан 1970-жылдын 25-декабрына чейин ТТБнын директордук кызматын аркалаган.

АКСЕНОВ АЛЕКСАНДР ФЕДОРОВИЧ

1926-жылдын 21-сентябрында Россиянын Куйбышев шаарында туулган. 1971-жылдын 25-июнунан 1978-жылдын 19-июнуна чейин ТТБнын башкаруучусу болуп иштеген.

БАРИЛОВ АЛЕКСАНДР СЕРГЕЕВИЧ

1937-жылдын 12-февралында Өзбекстандын Мырзачөл шаарында туулган. 1978-жылдын 26-июнунан тартып 1984-жылдын 4-декабрына дейре технологиялык транспорт башкармасынын башкаруучусу кызматын жетектеген.

ВЕРГУН ВАСИЛИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

1934-жылдын 7-ноябрында Базар-Коргон районунун Советское айылында туулган. 1985-жылдын 2-январынан 1985-жылдын 28-июнуна чейин ТТБнын башкаруучусу болуп иштеген.

ТАШТАНАЛИЕВ ТОКТОМАТ

1954-жылдын 30-майында Ош областына караштуу Жаңы-Жол районунда туулган. 1985-жылдын 20-августунан тартып 1992-жылдын 4-сентябрына чейин ТТБны башкарган.

БЕКБОЛОТ СУЛТАНОВ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын азыркы башчысы

1951-жылы Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Хиля айылында төрөлгөн. 1967-жылы орто мектепти аяктагандан кийин "Кыргызнефть" ишканасынын автотранспорттук кеңсесине автоширетүүчү болуп орношкон.Кийин айдоочу болуп өндүрүштө 1971-жылга чейин эмгектенип, 1971-жылдан 1973-жылга чейин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

Аскер кызматынан кийин кайрадан "Кыргызнефть" нефть жана газ өндүрүү башкармалыгынын автотранспорттук кеңсесинде айдоочу болуп эмгек жолун улантканан. 1973-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин жолдомосу менен жогорку окуу жайына жөнөтүлүп, 1979-жылы Фрунзе политехникалык институтунун "Автомобилдер жана автомобилдик чарба" адистигин бүтүргөн. Эмгек жолун автомобилдерди оңдоо боюнча ширетүүчүлүктөн баштап, автомобилдерди оңдоо боюнча устат, коопсуздук техникасы боюнча улуу инженер, коопсуздук техникасы бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1981-жылдан өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, технологиялык транспорт башкармасынын башчысынын орун басары, ал эми 1992-жылдан аталган башкармалыктын башчысы кызматын аркалап келет.

Кочкор-Ата эл депутаттарынын шаардык Кеңешине, Эл депутаттарынын Ленин райондук Кеңешине депутат болуп шайланган. 1990-

жылы Эл депутаттарынын Ноокен райондук Кеңешинин төрагасынын орун басары болуп коомдук башталышта 1995-жылга чейин негизги жумушуна айкалыштырып эмгектенген.

1996-2000-жылдар аралыгында “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун Директорлор Кеңешине мүчө, 2000-жылдан тартып “Кыргызнефтегаз” ААКнын башкармасынын мүчөсү. 1995-2000-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катарында эл ишенимин аткарган.

Шаардын, “Кыргызнефть” өндүрүштүк бирикмесинин Ардак грамоталары, СССР нефть өнөр-жай министрлигинин, Кыргыз Республикасынын сырткы соода жана өнөр-жай министрлигинин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондунун Ардак грамоталары, ”Манас-1000” юбилейлик медалы, Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 70 жыл" юбилейлик медалы, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Ардак грамотасы, "Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр-жай каарманы", “Мамлекеттик менчикти башкаруу фондусунун Мыктысы” төш белгилери, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2008-жылы “Кочкор-Ата шаарынын Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы, 12 неберенин чоң ата, таятасы..

Бекболот СУЛТАНОВ:

"ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН УМТУЛУУ МЕНЕН ЖАШАШЫБЫЗ КЕРЕК"

Каармaныбыздын өмүр жана эмгек таржымалына сарасеп салып көрсөк, анын жашоосу азыркы өзү жетектеген технологиялык-транспорт башкармалыгы менен байланышкан. Артка бир кылчайып көрөлү. Анын өмүр баянында мындайча жазуулар бар:

"Мен Султанов Бекболот Мырзакасымович Хиля айылында төрөлгөм. Орто мектепти аяктагандан кийин "Кыргызнефть" өндүрүштүк башкармалыгынын автотранспорттук кеңсесинде автослесарь болуп ишке орноштум. 1971-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөдүм. Жоокердик милдетимди өтөп келгенден кийин кайрадан автотранспорттук мекемесинде эмгек жолумду уланттым".

Ишкананын жолдомосу менен Фрунзедеги политехникалык институтка кирип, аны ийгиликтүү бүткөрдү. Технологиялык транспорт мекемесинде слесарлыктан автомобилдерди оңдоо боюнча устат, коопсуздук техникасы боюнча улуу инженер, коопсуздук техникасы бөлүмүнүн башчысы, өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, технологиялык транспорт башкармасынын башчысынын орун басары кызматтарын аркалап, өзүнүн ишке жөндөмдүү, жоопкерчиликтүү сапаттары менен жетекчилердин сынынан өтүп, улам кызматтык бийиктиктерге жетип олтурду.

1992-жылы технологиялык транспорт башкармасынын башчылыгына дайындалды. 26 жылдан бери мына ушул кызматты аркалап келет. Мекемени жетектөө менен ынтымактуу эмгек жамаатынын калыптанышында жана аны өндүрүштүк кубаттуу ишканага айланышында да анын белгилүү деңгээлде салымы зор. Чоң мекеменин жоопкерчилиги да, түйшүгү да чоң.

- Өндүрүштү туура уюштура билсең, бир калыпта иш жүрө берет. Өз ишин мыкты билген кадрлар болсо алар өз милдеттерин жоопкерчиликтүү аткара билсе, жетекчиге оорчулук деле туулбайт. Бирок, күн сайын 300дөн ашуун техниканы ремонттоп, көзөмөлдөп ишке чыгарып туруу бир топ оор. Техниканын күйүүчү майы, тетиктери үчүн чыгымы көп болот. Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы менен нефть, газ өндүрүү башкармалыгында күнү-түн-

КНГ

нү токтобой жумуш жүрөт. Ошого жараша бизде да үч нөөмөт менен үзгүлтүксүз иш болот. Мына ушундан улам өндүрүштүк кыйынчылыктар жаралат, - дейт каарманыбыз.

КРнын Жогорку Кеңеши эки палаталуу болгон учурда 1995-жылы Эл өкүлдөр Жыйынына депутат болуп шайланып, 2000-жылга дейре бир чакырылышта жемиштүү иштеди. Ошол учурда анын талапкерлигин эл өзү көрсөткөн, мен мыктымын деген 12 талапкердин арасынан озуп чыгып, эл ишеничине ээ болгон.

- Ал учурда "Кыргызнефтегаз" ААКсында СССР кездегидей тартип, өндүрүш жүрүп турган. Чечилбеген маселе, көйгөй болгон эмес. Колдон келишинче Ноокен районунда бир катар маселелерди чечүүгө аракеттер болду, - деп белгилейт Бекболот Султанов.

Ал депутат кезде эмне жумуш жасап, эмнелер аткарылгандыгын билгендер көп. Алынган маалыматка таянсак, ошол кезде Кочкор-Ата шаарындагы медициналык санитардык бөлүккө япон үлгүсүндөгү диагностикалык аппарат сатып алынган. Ноокен районунун Кызыл-Жылдыз айылына суу түтүгү тартылып, Кочкор-Ата шаарынын көчөсүнө жана райондук борбордук оорукканасына жогорку чыңалуудагы эки трансформатор орнотулган.

Андан бери агылып айлар, зымырап жылдар өттү. Өмүрдүн эң керемет ирмемдерин өз ичине камтыган жылдар ошентип артта калып, чачтар буурул тартып, эмгектик да, турмуштук да тажрыйба артып, каныккан куракка кел-

ди. Өзү көнгөн, көзү каныккан жумушунда бир калыпта иштеп келет. Кааманыбызга жөнөкөй суроолорду узаттык.

Жетекчиликтеги 30 жылга чукул жылдарыңызда эмне арттырдыңыз?

- Кудайга шүгүр дос күттүм, жакшы адамдарды арттырдым, анан мага капа болгон адамдар да болду. 500-600 адам иштеген мекемеде болбой койбойт. Азыр көп эркектер, аялдар да айдоочулук күбөлүк алышкан. Бизге келишсе, алардын баарын эле кызматка алууга мүмкүнчүлүк болбойт. Анан алар түшүнбөй капа болуп кетишет. Ошентип, артында ар кандай сөздөр жүрө берет, бара-бара ага көнөт да экенсиң.

Бекболот Султановдун күчтүү жана катуу жетекчи экендигин айтышат. Чынында ал эмгек жана аткаруучулук тартипти катуу талап кылган жана өзүнө да ошондой талап кылууга үйрөнгөн жетекчи. Кала берсе үй-бүлөсү да ошондой тартипке үйрөнүшкөндүгүн айтат. Ырасында тартип болбогон жерде ийгилик да болбойт. Бул жерде ишинен кемчилик кетирген, эмгек тартибин бузган ар бир жумушчу, же кызматкер мыйзамдуу жазасын алат.

Көрсө иштеген адамдын айланасында ар кандай пикирлер айтыла берет тура. Ага биздин каармaныбыз терикпейт деле. Бирок, өзү жетектеген технологиялык-транспорт башкармалыгын сактап калгандыгын айткандар да көп. Ошондон улам "Эгерде Султанов болбогондо ТТБ жок болуп кетмек", деген пикирлер кездешет. Анткени, республикабызда менчиктештирүү саяа-

саты башталганда келечекти ойлобогон ошол кездеги жетекчилердин айынан ири өнөр жай мекемелери, чоң-чоң ишканалар, короо-сарайлардан бери менчикке берилип, таланып-тонолуп, талкаланып жок болуп кеткендигин баарыбыз билебиз. 1996-жылы республикалык мүлк фондусу ТТБны "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинен ажыратып, акционерлештиргиле" деген буйрук жолдогон. Ошондо Бекболот Султанов каршы туруп, өз пикирин ачык айткан.

- Акционердик коом кылууга болбойт. Анткени, биринчиден ТТБ жоюлуп, жок болуп кетет. Экинчиден менчик болгондо кызмат акысы көтөрүлөт, анын негизинде бургулоо, өндүрүү токтоп, "Кыргызнефтегаз" банкротко учурайт, - деген Бекболот Султановдун оюн туура көргөн жетекчилик мекемени менчиктештирүүгө каршы турат. Ошентип, технологиялык-транспорт башкармалыгынын сакталып калышына мына ушул инсандын эмгеги чоң болгондугун калыстык үчүн айтып коюу керек.

- Жакшы эле иштедик. Мен да эс алайын, ордумду жаштарга берейин дейм. Мындай пикиримди жетекчилерге дайыма айтып келем. "Иштеп туруңуз", - дешет. -Алмаштыргыс кадр болбойт. Качан кетсем да, иштин көзүн билген, жакшы, чыныгы адиске тапшырсам дейм.

- Иштеп көнгөн адам, жумушсуз олтура албайт, кайсыл бир күнү ордуңузду кимдир бирөөгө тапшыра турган болсоңуз эмне жумуш жасайын дейсиз?

- Жасайм десем жумуш көп. Чынында азыр деле үйдө тим олтура албайм.

Анан кудай берген неберелерим бар, аларды тарбиялоого кенен-кесири убакыт бөлүп калам.

Жубайы Айнура Бейшеналиева да өзүнүн эмгегин "Кыргызнефтегазга" арнаган адам. Азыр ТТБда өз ишин мыкты билген адис. Экөөнүн бир уул, үч кызы бар, баары окуп, жогорку билим алып, иштеп жатышат. Дегиси ата-эненин жолун улантып, атын чыгарган татыктуу уул-кыздар.

- Сиздердин эмгек жамаатта байкаган адамга өзүңүз айтмакчы тартип да, жана бири-бирине болгон урмат-сый, жылуу маанай байкалгандай.

- Албетте эң ынтымактуу коллективбиз деп айтсам аша мактангандык эместир. Ошол ынтымак менен ийгиликке жетишип жатабыз. Дегеле "Кыргызнефтегазда" азыр жумуш өз ыргагы менен жүрүп жатат. Бардыгынын көздөгөн максаты дагы өнүксөк деген тилек. Азыркыдай эле тартипте иштеп, жылына 100 миң тонна нефтини өндүрүп жүрө берсек болот. Бирок, азыр адистешкен бургулоо, өндүрүү техникалары эчак эле эскирип бүттү. Улам ремонттоп иштетип жатабыз. Эскирген сайын чыгым көбөйөт. Бул техникалар оңдой келгенде өтө көп каражатты талап кылат. Запастык тетиктер болсо иштете берсе болот, бирок баары бир жаңылоо керек. Экинчиден өндүрүшкө зыяны тийип жатат. Нефтинин көлөмүнүн жогорулашы эң башкысы техникага байланыштуу. Бизде адистер күчтүү, техникабыз эски. Эгерде инвестор келсе баарын жаңылашат, алар биздин техникалар менен иштешпейт . Азыр "Газпром" деп жатабыз, алар эч убакта нефтинин көлөмүн көтөрбөй койбойт. Бургулоо, нефть, газ өндүрүүчү жаңы адистешкен техникаларды алышат. Экинчиден Жалал-Абад шаарындагы нефтини кайра иштетүүчү завод 2019-жылдын августунан ишин токтотууга туура келет. Ошондуктан сөзсүз түрдө инвестиция керек. Ансыз нефть, газ өндүрүүнүн көлөмүн көтөрүү мүмкүн эмес. Азыр Токтогул, Суусамырда нефтинин запастары аныкталган. Баткенде газдын 4 миллиард 100 миллион куб запасы бар. Буларды алуу үчүн ири суммадагы каражат керек. Ошондуктан, дагы өнүгүү үчүн келечекке карай умтулуу менен жашашыбыз керек, - дейт каарманыбыз. Анын сөзүндө өзү жетектеген технологиялык-транспорт башкармасынын эле эмес, жалпы “Кыргызнефтегаз“ ААКнын, жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөгөн ойлор айтылды.

Бул көп жылдык тажрыйбасы бар, иштин көзүн билген, жолун таба алган, каныккан, тажрыйбалуу жетекчинин ою. Бул бир эле анын эмес, бүгүнкү күндөгү "Кыргызнефтегаздын" кызыкчылыгын көздөгөн ар бир нефтичинин пикири.

Айта берсек, дагы ойлор көп, бирок убакыт кыска. Ошондуктан, көптөн бери ушул инсан туурасында кеп козгосок деген максатыбызды ушул ирет ишке ашыргандай болдук.

签 字 仪 式
胜利油田工贸集团公司

БАШКАРМАЛЫКТЫН АППАРАТЫ

АБДРАМАНОВ КАДЫРБЕК,
башкы инженери

1956-жылдын 7-ноябрында Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун "Коммунизм" участкасында туулган. Атасы Абдраманов Тагай колхоздо эсепчи, бригадир болуп иштеп, колхоз өндүрүшүнө активдүү катышкан. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Кан майдандан келгенден кийин өзүнүн ден соолугуна карабастан, жетекчилердин сунушу менен Каганович атындагы колхозду татыктуу жетектеген. Апасы Абдраманова Буажар да колхоз өндүрүшүндө иштеген. Алар бир үй-бүлөдө алты бир тууган-эки уул, төрт кыз тарбияланышкан. 1963-1973-жылдары Ж.Турусбеков атындагы №16-орто мектепте билим алып, 1973-жылы сентябрь айында КУБРда слесарь болуп эмгек жолун баштаган. 1974-жылы РВК аркылуу ДОСААФка окууга чакырылып, айдоочу кесибине ээ болгон. 1975-1977-жылдары Россиянын Саратов шаарында жоокердик кызмат өтөгөн.

1977-жылы июнь айында азыркы ТТБда №1-автоколоннада айдоочу болуп эмгек жолун баштаган. 1992-жылы эксплуатация кызматына-диспетчерликке которулган. 1994-жылы Кочкор-Атадагы техникумду аяктап, техник-технолог квалификациясына ээ болгон. 1996-жылы ага диспетчер болуп иштеп, 1999-жылы материалдык-техникалык жабдуулар бөлүмүнө башчы болуп дайындалган. Өндүрүштө иштеп жүрүп, 2000-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Нефть жана газ булактарын изилдөө жана иштетүү" адистигине ээ болгон. 2004-жылдан өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчылык милдетин аркалай баштаган. 2008-жылы ТТБнын башкаруучусунун эксплуатациялоо боюнча орун басары, ал эми 2014-жылдын апрель айынан тартып ушул күнгө чейин ТТБнын башкы инженери.

Өмүрлүк жары Чыйбылова Бурма "Алтын-Казык" фармацевтикалык аптекасында фармацевт болуп иштейт. Эки уулу, бир кызы, сегиз небереси бар.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн жана өндүрүшкө ойлоп табуучулук сунуш киргизгендиги үчүн бир канча акчалай сыйлыктарга, алкыштарга жана Ардак грамоталарга ээ болгон. Тактап айтканда 1988-жылы "Авариясыз иштегендиги үчүн" деген II даражадагы төш белги, 2007-2015-жылдары Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин, 2011-2012-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын, Ардак грамоталары менен сыйланган.

СУЛТАНОВ МУНАРБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын башчысынын эксплуатациялоо боюнча орун басары

1970-жылы 22-апрелде Ноокен районуна караштуу, Момбеков айылында туулган. 1995-жылы Бишкектеги Кыргыз техникалык университетин "Машина куруу технологиясы" адистиги боюнча аяктаган.

Эмгек жолун 1987-жылы технологиялык-транспорт башкармасынын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында автоунааларды оңдоочу слесарь кесибинен баштаган. 1988-жылдан 1990-жылга чейин Советтик Армиянын катарында Владимир шаарында кызмат өтөгөн. 1990-1991-жылдары кайрадан ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында автоунааларды оңдоочу слесарлыктан эмгек жолун улантканы. 1991-1995-жылдары Калинин атындагы колхоздо колхозчу болуп эмгектенген.

1996-жылы январь айында ТТБнын №2 автоколоннасына автоунаа айдоочусу болуп эмгек жолун улантып, 1996-жылдын ноябрь айында эксплуатация кызматына диспетчер болуп которулган. 1998-жылы өндүрүштүк-техникалык бөлүмүндө көзөмөл устаты, 1999-жылы эксплуатация кызматында диспетчер, 2008-жылы июнь айында борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканада ага устат болуп иштеген. 2008-жылдын август айында борборлоштурулган механикалык устакананын башчысы болуп дайындалган. 2014-жылдын апрель айынан тартып ушул күнгө чейин ТТБнын башкаруучусунун эксплуатациялоо боюнча орун басары болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Үч баласы бар. Өмүрлүк жубайы Токтоналиева Алтынай өзүнүн жеке ишканасында эмгектенет.

Көп жылдык үзүрлүү эмгектенгени үчүн 2007-жылы Ноокен райондук администрациясынын, 2016-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталарына, 2018-жылы Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун алкышына ээ болгон.

КАЛМУРАТОВ ЭМИЛБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн башчысы, профсоюз уюмунун жетекчиси

1971-жылдын 10-февралында Ноокен районуна караштуу Момбеков айылында туулган. 2005-жылы Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин "Кыймылдарды уюштуруу жана анын коопсуздугу" адистиги боюнча аяктаган.

1989-1991-жылдары Казакстандын борбору Астана шаарында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

Эмгек жолу ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында автоунааларды оңдоочу слесарь кесибинен башталган. 1999-жылы диспетчер, 2008-жылы Баткен областындагы "Арка" автоколоннасында башчы, 2014-жылы №3 автоколоннада механик болуп иштеген. 2014-жылдын май айынан тартып ушул күнгө чейин өндүрүштүк-техникалык бөлүмдө башчы болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Төрт баласы бар. Өмүрлүк жубайы Мамадалиева Замира атайын орто билимдүү эсепчи. Азыркы учурда өзүнүн жеке ишканасында иштейт.

Ал эми Калмуратов Эмилбек 2017-жылдын август айынан тартып ТТБнын профсоюз уюмун жетектейт.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча акчалай сыйлыктарга, баалуу белектерге жана 2018-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасына ээ болгон.

ТӨЛӨНОВА ГҮЛСҮНБҮ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын жетектөөчү эсепчиси

1963-жылы 20-ноябрда Ноокен районун (азыркы) Момбеков айыл өкмөтүндө туулган. Атасы Төлөнов Айтмамат, апасы Төлөнова Шайбүлөр өмүр бою чарбада чабандык кесипте эмгектенишип, эки уул, сегиз кызды тарбиялап чоңойтушкан.

1981-1982-жылдары Фрунзедеги эсепчилик окуу-өндүрүштүк комбинатында окуп, атайын адистикке ээ болгон.

2002-2007-жылдары Жалал-Абад шаарындагы Ишкердик жана экономи-

ка университетинин бухгалтер-аудитор кесибинде окуган.

Эмгек жолун 1981-жылдан "Жалал-Абад айылкурулуш" трестинде, Ленин колхоздор аралык курулуш көчмө колоннасында, азыркы Кочкор-Ата "Айыл курулуш" мекемесинде баштаган. Бул жерде 1988-жылга чейин эсепчи болуп эмгектенген. 1988-жылдан 2007-жылга чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында эсепчи, башкы эсепчинин орун басары болуп иштеген. 2007-жылдан 2009-жылга чейин Газ сатуу участкасында жетектөөчү эсепчи кызматын аркалап, 2009-жылдан бүгүнкү күнгө чейин технологиялык-транспорт башкармалыгында жетектөөчү бухгалтер болуп эмгектенип келатат.

Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын энеси. Беш небереси бар.

Жолдошу Сатыбалдиев Өмүрзак көп жылдар жетекчи кызматтарда эмгектенген. 2015-жылы жарыкчылык менен коштошкон. Гүлсүнбү Төлөнова ошол мезгилден тарта иштеп да, балдарына ата-энелик жоопкерчиликти кошо тартып, жашоонун агымы менен турмуш кечирип келет. Ал өз ишине берилген, өз кесибинин чыныгы адиси. Анын үзүрлүү эмгеги бир топ Ардак грамоталар жана алкыштар менен бааланган.

МЫРЗАКАСЫМОВ НАДИРБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын ЭК, ТК жана ККБнын бөлүм башчысы

1964-жылы 28-июлда Ош областынын Ленин районуна караштуу Хиля айылында төрөлгөн. 1999-2005-жылдары М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде сырттан окуп, аяктаган. 1982-1984-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызмат өтөгөн.

1984-жылдын декабрь айынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын ТТБнын №3-автоколоннасында айдоочу болуп иштеп, андан соң, 2008-2014-жылдары көзөмөлдөөчү устат болуп эмгектенген. 2014-жылдын май айынан тартып ЭК, ТК жана ККБнын бөлүм башчысы кызматын аркалап келет.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Айсулуу Гаппарова менен жашоо кечирип, эки кыз, бир уулдуу болушкан.

САБИРБАЕВ ЭМИЛЬ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын трактордук колоннасынын башчысы

1970-жылдын 1-июлунда Таш-Көмүр шаарына караштуу, Кызыл-Жар шаарчасында туулган. 1977-1987-жылдары ушул эле шаарчада В.Панфилов атындагы орто мектепте окуган.

1987-1992-жылдары Бишкектеги политехникалык окуу жайында окуп, "Автомобилдер жана автомобилдик чарба" адистигине ээ болгон. Ошол эле окуу жайдын аскердик кафедрасында окуп лейтенант аскердик чинин алган.

Эмгек жолун 1992-жылдын сентябрь айында "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколоннасында автоунааларды оңдоочу-слесарь кесибинен баштаган. 1992-жылдын декабрь айынан тартып өндүрүштүк-техникалык бөлүмдө көзөмөл устаты, 1995-жылы июль айынан тартып трактордук колоннада ага устат, 2010-жылдын февраль айынан тартып №2-автоколоннада башчы, ал эми 2010-жылдын ноябрь айынан тартып ушул күнгө чейин трактордук колоннада башчы болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.

Жубайы Маматова Дамира саламаттыкты сактоо кызматкери.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана өндүрүшкө ойлоп табуучулук сунуштарды киргизгени үчүн бир канча жолу акчалай, баалуу сыйлыктарга жана Ардак грамоталарга ээ болгон. Алсак, 2003-жылы Өнөр жай жана сырткы соода министрлигинин, 2011-жылы Мамлекеттик мүлктү башкаруу комитетинин Ардак грамоталары менен сыйлануунга татыктуу болгон.

БЕЙШЕНАЛИЕВА АЙНУРА,
Технологиялык-транспорт башкармалыгында бөлүм башчы

1955-жылы 15-октябрда Нарын шаарында кызматкердин үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Атасы Сыдыков Бейшеналы, апасы Сыдыкова Аскен он баланын ардактуу ата-энелери.

Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. 1979-жылы Кочкор-Ата шаарындагы "Анар" жабык типтеги заводдо инженер-конструктор, 1980-жылы соода тармагында өндүрүштүн жетекчиси, 1982-жылдан баштап "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинде техник, кадрларды даярдоочу инженер, 1990-жылдан тартып кадрлар бөлүмүнүн башчысы, 2009-жылдан технологиялык транспорт башкармалыгында бөлүм башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

Бул аялзатынын "Кыргызнефтегаз" тармагында иштегенине 37 жылдын жүзү болду. Кесиптештери аны өз ишин мыкты билген, өтө билимдүү, турмуштук да, эмгектик да жактан такшалып, дасыккан бай тажрыйбалуу адис катарында баалашат. Өзүнүн жаштыгын жана билимин, эмгегин көп жылдар бою мына ушул тармакка арнап келет. Негизинен бул жердеги эмгек жолунун көпчүлүк учуру кадрлар жаатына арналды. Ошондон уламбы көбүнчө эл менен иштеп, көпчүлүктүн кулк-мүнөзүнөн тартып, жасаган ишине чейин жадыбалдай жаттап калган. Анан да кагаз иштерине өтө тактыгы жана тыкандыгы менен бир катар адистерден айырмаланып тураарын көпчүлүк тана албайт. Ар тараптан каныккан бул аялзатынын "Кыргызнефтегаз" тармагында ошончолук эмгеги сиңгендиги жашыруун эмес. Ошого жараша өзүнө таандык кадыр-баркы бар.

Өз ишиндеги татыктуу эмгеги үчүн көптөгөн мекеменин, райондун, областтын жана тийиштүү министрликтердин Ардак грамоталары жана акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Үй бүлөлүү, 4 баланы тарбиялап өстүргөн. Жолдошу Султанов Бекболот учурда ТТБнын башчысы.

Алардын үй-бүлөсүн нефтичилердин династиясы деп айтууга негиз бар. Анткени, балдарынын көпчүлүгү мына ушул тармакта эмгектенишет. Султанов Алтынбек Жалал-Абаддагы нефтини кайра иштетүүчү заводдо жетекчинин орун басары, Султанова Гүлбарчын "Кыргызнефтегаз" ААКнын Бишкектеги өкүлчүлүгүндө эсепчи, Султанова Айжаркын "КНГ" ААКнын тышкы экономикалык байланыш бөлүмүндө экономист болуп эмгектенишет. Султанова Алина Кыргыз архитектура-курулуш институтунун "Дизайнер" факультетин аяктаган.

АКИМДЖАНОВ ТАГАЙ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасынын башчысы

1954-жылы 27-майда Ленин районуна караштуу, Калинин атындагы колхоздун Кыла айылында туулган.

Атасы Жоробаев Акимжан, апасы Жоробаева Рабы өмүр бою Майлуу-Суу шаарында электр-лампа заводунда жумушчу болуп иштешкен. 1972-1974-жылдары Советтик Армиянын катарында Украинада кызмат өтөгөн. 1974-1978-жылдары Майлуу-Суудагы электр-лампа заводунда токарь болуп эмгектенген. 1978-1984-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык транспорт башкармалыгынын №3-автоколоннасында автоширетүүчү, андан кийин автокранчы болуп иштеген. 1984-1988-жылдары борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканада устат, ага устат болуп эмгектенген. 1988-1992-жылдары көзөмөл устат, 1993-1996-жылдары жол устаты, 1993-1996-жылдары участка башчысы, 1998-1999-жылдары нефтини даярдоо жана айдоо участкасында жылытуу чарбасынын устаты, 1999-2006-жылдары ТТБнын "Арка" автоколоннасында башчы, 2006-2009-жылдары көзөмөл устаты, 2009-2012-жылдары жол устаты, 2012-2013-жылдары диспетчер, 2013-2014-жылдары көзөмөл устаты кызматтарын аркалаган. Ал эми 2014-жылдын октябрь айынан тартып ушул күнгө ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасынын башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

Аялы Каримова Турдукан №15-мектепте мугалим болуп иштеген. Учурда эс алууда. Экөөнүн бир кыз, эки уулу бар. Кызы ТТБда эсепчи, уулу Акимджанов Талант жана Акимджанов Марат кытай компаниясында айдоочу болуп иштешет.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча алкыштарга, акчалай сыйлыктарга жана 2002-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын, 2014-жылы Өнөр жай жана энергетика Министрлигинин Ардак грамоталарына ээ болгон.

ОРОЗОВА АЗИЗА,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын кадрлар бөлүмүнүн башчысы

1972-жылы 20-январда Жалал-Абад областына караштуу Базар-Коргон районунун Сейдикум айылында туулган.

1996-жылы Ош мамлекеттик университетин "Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы" адистиги боюнча аяктаган.

Эмгек жолун 1991-жылы Ош мамлекеттик университетинин "Сүрөт тартуу искусствосу" кафедрасында лаборант кесибинен баштаган.

2004-жылдын январь айынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык транспорт башкармасынын кадрлар бөлүмүнө кадрлар боюнча инспектор болуп жумушка орношкон. 2006-жылдын сентябрь айынан кадрларды кесипке даярдоо боюнча инженер болуп которулган. 2010-жылдын май айынан тартып ушул күнгө чейин ТТБнын кадрлар бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап келет.

Үй-бүлөлүү. Эки баланын бактылуу энеси. Өмүрлүк жолдошу Таалайбек Мурзакулов "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасынын транспорт жана жалпы маселелер боюнча директору.

2017-жылы нефть жана газ өндүрүшүнүн кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ТАШТАНБЕКОВ ОСМОНАЛЫ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын энерго-механикалык кызматынын башкы механиги

1961-жылы 20-октябрда Ленин районунун Хиля айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1982-1983-жылдары Казакстандын Отар шаарында аскердик милдетин өтөгөн. 1983-1984-жылдары технологиялык-транспорт башкармасынын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында фрезеровщик болуп иштеген. 1984-1987-жылдары Фрунзе политехникалык институтунда окуп, «Курулуш, жол машиналары жана жабдыктары» адистигин бүтүргөн. 1987-1989-жылдары ТТБда унааларды оңдоочу слесарь, жүк көтөргүч механизмдер боюнча устат, 1989-1996-жылдары курулуш-монтаждоо участогунда тейлөө боюнча инже-

нер, механик, 1996-жылдан ТТБда көзөмөл устаты, башкы механик, №1-колоннада башчы, өндүрүштүк-техникалык бөлүмдө башчы, эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук жана кыймыл коопсуздугу бөлүмүндө башчы болуп эмгектенген. 2017-жылдын июль айынан технологиялык-транспорт башкармасынын энерго-механикалык кызматынын башкы механиги.

Үй-бүлөлүү. Аялы Гүлнара Таштанбекованын кесиби дарыгер. Уулу Майсалбек технологиялык-транспорт башкармасынын трактордук колоннасында ага механик. Кызы Жибек Кытай элдик республикасында жогорку окуу жайын бүтүрүп, Кытай компаниясында эмгектенет.

ШАВОЛОТОВА АВАСХАН,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын экономикалык пландоо бөлүмүнүн башчысы

1963-жылдын 14-декабрында Жалал-Абад шаарында туулган.

1986-жылы Россия Федерациясынын борбору Москва шаарындагы И.М Губкин атындагы Москва нефтехимиялык жана газ өнөр жай институтунун "Нефти жана газ уюштуруунун экономикасы" адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, жогорку билимге ээ болгон. Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин 1986-1991-жылдары ТТБда экономист болуп иштеген. Андан ары анын эмгек жолу улантылып, 1991-1994-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКда экономист, 1994-1996-жылдары НГДУда пландоо боюнча I категориядагы инженер, 1996-2000-жылдары ТТБда күйүүчү-майлоочу материалдардын инженери, 2000-2001-жылдары ТТБда экономист, 2001-2007-жылдары эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча II категориядагы инженер болуп иштеген. Ал эми 2007-жылдын ноябрь айынан тартып ушул күнгө чейин ТТБнын экономикалык пландоо бөлүмүндө башчы болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Беш баласы, 3 небереси бар.

Жолдошу Жаркулов Жамбул Кочкор-Ата шаардык стоматологиялык эмканасынын башчысы.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча жолу акчалай сыйлыктар, баалуу белектер жана 2005-жылы Экономикалык өнүгүү жана өнөр жай жана соода Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

КАДЫРОВ МАДАНБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколоннанын башчысы

1966-жылы 22-декабрда Базар-Коргон районуна караштуу "Правда" айылында туулган. Атасы Кадыров Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, II топтогу майып, согуштан кийинки жылдарда "Ачы" токой чарбасында учётчик болуп иштеген. Апасы Кадырова Уулжан колхозчу болуп эмгектенген.

Эмгек жолун 1983-жылдан "Ачы" токой чарбасында катардагы жумушчу болуп иштөөдөн баштаган, 1985-жылдан 1987-жылдын май айына чейин аскердик кызматта жоокердик милдетин өтөгөн. 1990-жылы токой чарба техникумун аяктап, токой тармагы боюнча адистикке ээ болгон. 2004-жылы Ош мамлекеттик университетинин "Финансы кредиттик" адистиги боюнча сырттан окуп бүтүргөн.

Анын эмгек жолу 1991-жылдын январь айынан "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин ХСМУ участкасында башкы кампачы болуп иштөө менен башталган. 1992-жылдын декабрь айынан камсыздоо боюнча экономист болуп эмгектенген, 1995-жылдын июль айынан ТТБга курулуш мастери болуп которулган. 1999-жылы эксплуатация бөлүмүндө диспетчер, 2002-жылдан ага диспетчер болуп иштеп, 2008-жылдын июль айынан "Арка" автоколоннасынын башчысы, 2013-жылдын 15-апрелинен эмгекти коргоо техникалык коопсуздук жана кыймыл коопсуздук бөлүмүнүн башчысы, 2014-жылдын май айынан борборлуштурулган механикалык оңдоочу участкасынын башчысы, 2014-жылдан тартып №1-автоколоннага башчы болуп эмгектенип келатат.

Үй-бүлөлүү, эки уул, эки кыздын атасы, келинчеги Мамажанова Айсалкын үй жумуштары менен алек. Бүгүнкү күнгө чейин эмгектеги жетишкендиктери үчүн "КНГ" ААКнын бир нече жолу акчалай сыйлыктары жана Ардак грамоталары менен сыйланган.

ЭГЕМБЕРДИЕВ НУРЛАНБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгында №2-автоколоннанын башчысы

1973-жылы 20-ноябрда Ленин районуна караштуу Калинин атындагы колхоздун Кыла айылында туулган.

Атасы Эгембердиев Манап өмүр бою колхоздо малчы болуп эмгектенген. Апасы Эгембердиева Адалат ага жардамчы малчы болуп, өмүр бою колдоо көрсөтүп келген. Бир үй-бүлөдө беш бир тууган, үч уул, эки кыз тарбияланышкан. 1980-1990-жылдары Кочкор-Ата шаарчасындагы Ломоносов атындагы жатак-мектебинде билим алган. 1991-1993-жылдары Бүргөндүдөгү кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, соода тармагы боюнча адистик алган. 1993-1994-жылдары Тажикстан жана Афганистандын чек арасында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1995-жылы январь айынан тартып, ТТБда ширетүүчүлүктөн эмгек жолун баштаган, ошол эле 1995-жылы май айында азыркы ТТБда автоунаалардын тетиктерин сатуучу дүкөндө иштеген. 1997-жылы октябрь айынан тартып АЗСте оператор болуп иштеп, 2000-жылдан Кочкор-Ата шаарындагы колледжде сырттан окуп бүтүргөн. 2004-жылы 23-февралда эксплуатация боюнча диспетчер болуп которулган. 2008-жылы 14-июлдан ага диспетчер, 2010-жылы 6-ноябрдан тартып №2-автоколоннанын башчысы болуп иштеп келатат.

Эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн бир канча жолу "Кыргызнефть" ААКнын акчалай жана баалуу сыйлыктары менен сыйланган.

САРИЕВ АСАНАЛЫ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгында №3-автоколоннанын башчысы

1970-жылдын 9-мартында азыркы Ноокен районунун Момбеков айылдык кеңешинин ошол кездеги Кочкор-Ата кыштагында туулган. Атасы Сариев Орозбек "Кыргызнефтегаз" АККнын нефть, газ өндүрүү башкармалыгынын "Избаскент" участкасында машинист болуп иштеген. Ал жерде 40 жылдан ашуун эмгектенип, эс алууга чыккан. Апасы Сариева Бегайым 9 баланын энеси, "Баатыр эне", азыркы күндө ардактуу эс алууда.

Сариев Асаналы Кочкор-Атадагы №77-кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, электрик кесибин алган. 1988-1990-жылдары аскердик кызматты өтөп келип, 1990-жылы ноябрь айында "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк ишканасынын технологиялык-транспорт башкармалыгынын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасына автоунаа оңдоочу, ширетүүчү болуп катардагы жумушчулуктан эмгек жолун баштаган. Ушул эле ишканада иштеп жүрүп, 1996-жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы "Электроприбордук" техникумунун сырттан окуу бөлүмүн аяктап, техник-технолог кесибин алган. Азыркы учурда Жалал-Абад шаарындагы Ош технологиялык университетинин филиалында сырттан окуу бөлүмүндө 3-курста окуп жатат. 2005-жылдын сентябрь айынан №2-автоколоннанын механиги кызматын аркаласа, ал эми 2013-жылдын ноябрь айынан №3-автоколоннын башчысы.

Үй-бүлөлүү. Үч уулу бар. Аялы "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун "ХАЛ" бөлүмүндө 2013-жылдан бери лаборант.

Анын эмгеги бир канча жолу алкыштарга жана анын катарында 2016-жылы Кыргыз Республикасына караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондусунун акчалай жана баалуу сыйлыктары менен бааланган.

ТЕМИРБАЕВ ТОЙЧУ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгында Чаңгыр-Таш участкасынын башчысы

1959-жылдын 25-ноябрында Сузак районунун Кара-Дарыя айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1978-жылы кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп, айдоочулук кесибине ээ болгон. 1978-1980-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн. 1981-жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы №16-кесипчилик-техникалык окуу жайында окуп "Бургулоочунун жардамчысы" адистигине ээ болгон. 1982-1985-жылдары кыргыз бургулоо иштер башкармасында бургулоочунун жардамчысы болуп иштеген. 2000-жылы технологиялык-транспорт башкармалыгынын Чаңгыр-Таш участкасында айдоочу болуп эмгек жолун уланткан. 2009-жылдан баштап ушул күнгө чейин Чаңгыр- Таш участкасынын башчысы кызматын аркалап келет.

2014-жылы Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин "Кыймыл коопсуздугунун уюштуруу инженери" кесибин бүтүргөн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлк фондусунун, Жалал-Абад областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 4 уул, 1 кыздын атасы.

НУРКУЛОВ КАЛИЛ,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын башкы механика бөлүмүндө инженер-энергетик

1961-жылы 13-августта Ленин районуна караштуу Кочкор-Ата шаарында туулган. 1984-жылы Андижан электромеханикалык техникумун "Өнөр жай ишканаларынын электр жабдыктары" адистиги боюнча аяктаган. 1979-1981-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөндөн кийин эмгек жолун ошол жылдын декабрь айында технологиялык-транспорт башкармалыгынын №3-автоколоннасында ширетүүчүлүктөн баштаган. 1982-жылдан автоунаа айдоочу болуп эмгек жолун уланткан. 1984-жылы башкы механик бөлүмүндө электр жабдыктары боюнча устат болуп иштеген. 1991-жылы борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканада автоунааларды оңдоочу-ширетүүчү, 2010-жылдын октябрь айынан тартып ушул күнгө чейин башкы механик бөлүмүндө инженер-энергетик болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Үч баласы, эки небереси бар. Аялы Нуркулова Бүсайра үй кожойкеси. Уулу Нуркулов Азамат азыркы учурда "Кыргызнефтегаз" ААКда экономикалык пландоо бөлүмүндө экономист, уулу Нуркулов Самат Кочкор-Ата аймактык ооруканасында хирургиялык бөлүмүндө хирург, кызы Нуркулова Аселя Жалал-Абад ишкердик жана экономика университетинде окутуучу.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана ойлоп табуучулук сунуштарды киргизгендиги үчүн бир нече алкыш жана баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

ДЖАПЫНОВ АКБАР,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын автоколонна башчысы

1958-жылдын 17-майында Лейлек районуна караштуу Даркум айылында туулган. Атасы Джапынов Орозбай, апасы Джапынова Жаннат "Коминтерн" колхозунда жумушчу болуп иштешкен.

Орто мектепти аяктагандан кийин 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык институтуна кирип, 1981-жылы "Автомобилдер жана автомобилдик чарба" адистигине ээ болгон. Институтта аскерге даярдоо курсунда окуп, лейтенант аскердик чинин алган.

1981-жылдан "Ошколхоздор аралык курулуш" автобазасынын Лейлек ав-

тобазасында диспетчерликтен эмгек жолун баштаган. 1982-1992-жылдары "Ошмелиоводстрой" трестине караштуу Лейлектеги автоколонналарында механик, эксплуатациялоо боюнча устат, гараждын жетекчиси, автоколонна башчысы кызматтарында иштеген. 1992-2005-жылдары "Лейлексуукурулуш" ачык акционердик коомунун автобазасында механик, автоколонна башчысы болуп эмгектенсе, 2006-жылдын январь айынан тартып, азыркы күнгө чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык-транспорт башкармалыгында алгач механик, акыркы мезгилде автоколонна башчысы болуп иштеп келе жатат.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кызы бар. Баары үй-бүлө күтүп, өз-өзүнчө түтүн булатып жатышат.

КАПАРОВ АЛМУРЗА,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын унааларга май куюучу оператор

1961-жылдын 11-мартында Ленин районундагы Рахманжан атындагы колхоздо туулган. 1979-1981-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөгөн. Андан соң, 1981-жылы Фрунзедеги №5-автобазада айдоочулуктан эмгек жолун баштаган. Бул жерде 1983-жылга чейин эмгектенген. 1983-1986-жылдары республикалык ички иштер министрлигинин күзөт кызматында, Кыргыз өкмөтүндө күзөттө иштеген. 1986-жылдан тартып, Ленин райондук автомектепте өндүрүштүк окутуу боюнча мастерликтен эмгек жолун улантып, бул жумушунда, 1988-жылга чейин эмгектенген. Ал эми 1988-жылдан технологиялык-транспорт башкармалыгынын унааларга май куюучу жайында оператор, 1991-жылдан аталган жайдын башчысы болуп азыркы күнгө дейре эмгектенип келет.

Үй-бүлөлүү. 4 уул, бир кыздын атасы, 3 небереси бар.

СЫДЫКОВ ЖАМАЛДИН,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын "Арка" автоунаа бөлүмүнүн башчысы

1968-жылдын 28-апрелинде Ош областынын Ленин районунун Калинин атындагы колхозунда туулган. 1986-1988-жылдары Подольск шаарында Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1989-жылы

Калинин атындагы колхоздо жумушчулуктан эмгек жолун баштаган. 1997-жылы колхоз таратылгандан кийин жерлер менчикке берилип, майда чарбалар уюштурулуп, ал "Нурманбет" дыйкан чарбасын жетектеген. Андан соң, 2001-жылдын 26-ноябрынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын технологиялык-транспорт башкармалыгынын автоунаа айдоочу бөлүмүндө 4-разряддагы айдоочу болуп эмгек жолун уланткан. 2004-жылдын 12-апрелинде текшерүү бөлүмүнө көзөмөл устаты болуп которулган. 2008-жылдын 10-январынан №3-автоунаа бөлүмүнүн башчысы, 2008-жылдын 25-ноябрынан №1-автоунаа бөлүмүнө башчысы болуп дайындалган. 2013-жылдын 18-мартынан Эмгекти коргоо техникалык коопсуздук жана коопсуздук кыймыл бөлүмүнүн башчысы, 2013-жылдын 15-апрелинен "Арка" автоунаа бөлүмүнө башчы болуп которулган.

АБЫШОВА ФИЛЬМА,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын чарба бөлүмүнүн башчысы

1964-жылдын 3-апрелинде Ыссык-Көл областынын Балыкчы шаарында төрөлгөн. Эмгек жолун 1982-жылдан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы партиянын тарыхы институтунан баштаган. Андан соң, 1994-жылга чейин Фрунзедеги "Кыргызстан", "Адабият", "Мектеп" басмаканасында катчылыктан эмгек жолун уланткан. 1994-жылдан 1998-жылга дейре ошол кездеги "Октябрдын 50 жылдыгы" атындагы университетте лаборантка болуп эмгектенген.

Ал эми 2007-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин технологиялык транспорт башкармалыгында жол баракчаларын эсептөө бөлүмүндө жумушчу, кампачы. 2012-жылдан бери чарба бөлүмүнүн башчысы.

Үй-бүлөлүү. Эки кыз, бир уулдун энеси, Аилиа, Аруuке аттуу эки небересү болгон. Кызы Аида жогорку билимдүү, кызы Айгерим, уулу Айдар-Бек студент. Жолдошу Эшиев Абдугани 1980-жылдан 2000-жылга чейин ички иштер кызматында иштеген, 2000-жылдан 2017-жылга чейин нефть, газ өндүрүү башкармалыгында механик болуп эмгектенген. Адабиятка кызыгат, бир канча ырлары басма сөздө жарыяланып келет. Азыр көптөгөн проза, поэзиялык чыгармалардын автору.

Ал эми Фильма Абышова өзүнүн көп жылдык эмгек жолун технологиялык транспорт башкармалыгына өз кызматын арнап келет. Чарба бөлүмүн жетектөө менен түйшүктүү жана жооптуу жумушу аркылуу эмгек жамаатында урмат-сый тапкан.

ТАТЫКТУУ ИШТЕП, ЭС АЛУУГА ЧЫГЫШКАН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРДЫН ЭЭЛЕРИ

ЭГЕМБЕРДИЕВ МАМАТКАЙЫМ

1944-жылдын 1-мартында Ноокен районунун Кыла айылында туулган. 1971-жылдын 10-февралынан тартып 2008-жылдын 15-февралына чейин ТТБда ага механик, трактордук колоннанын башчысы, башкы инженер, атайын жана жер казуучу техникалар боюнча башкаруучунун орун басары болуп иштеген. 2003-жылдын 15-июлунан 2008-жылдын 15-февралына чейин эс алууга чыкканга дейре башкы инженердик кызматты аркалап келген. Анын өз кызматындагы татыктуу эмгеги, көп жылдык үзүрлүү иш-аракеттери үчүн 2003-жылы ага "Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер" ардактуу наамы ыйгарылган.

МАДОМОРОВ МАМАЖАН

1944-жылдын 24-февралында Кытай Элдик Республикасынын Кулжа шаарында туулган. Фрунзе политехникалык институтун "Автомобилдик транспорт" адистиги боюнча 1975-жылы аяктаган. 1975-жылдын 3-октябрынан тартып 2008-жылдын 4-февралына чейин устат, механик, автоколонна башчысы кызматтарын аркалаган, ал эми 2001-жылдан тартып 2008-жылга чейин ТТБда башкаруучунун эксплуатациялоо боюнча орун басары болуп иштеп, андан соң ардактуу пенсияга чыккан. Анын аталган башкармалыктагы татыктуу эмгеги 1986-жылы "Ардак белгиси" ордени, 2003-жылы "Даңк" медалы менен бааланган.

СЫСУЕВ АНАТОЛИЙ ИВАНОВИЧ

1951-жылдын 31-майында Сузак районундагы Серный айылында туулган. 1972-жылдын 6-январынан тартып 2005-жылдын 14-январына чейин ТТБнын №1, №2, №3-автоколонналарында эмгектенген. Акыркы жылдары №2-автоколоннада автомобилдик крандын машинисти болуп иштеген. Үзүрлүү эмгеги үчүн 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

КАСЫМБЕКОВ ЖОПОН

1940-жылдын 1-январында Ноокен районуна караштуу Кыла айылында жарыкчылыкка келген. 1965-жылдын 1-мартынан тартып, 2002-жылдын 5-апрелине чейин автоунааларды оңдоочу слесарь, автоунаа айдоочусу болуп эмгектенген. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

САРЫМСАКОВ АЗИМЖАН

1949-жылдын 18-июлунда Ноокен районуна караштуу Кыла айылында туулган. 1970-жылдын 23-июлунан тартып 2010-жылдын 16-январына чейин алгач экскаватордун машинисти, андан соң көтөргүч машинисти болуп трактордук колоннада иштеп, пенсияга чыккан. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ЗАКИРОВ АСИЛ

1952-жылдын 27-августунда Ноокен районуна караштуу, Ноокен айылында туулган. 1981-жылдын 12-январынан тартып 2009-жылдын 17-июлуна чейин ТТБнын №3-автоколоннасында 320-цементтөөчү агрегаттын мотористи (моторист цементировочного агрегата-320) болуп иштеп пенсияга чыккан. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

КАЛМАМАТОВ ЭРКИНАЛЫ

1955-жылдын 27-январында Момбеков айылынын Коммунизм участкасында туулган. 1975-жылдын 15-декабрынан тартып 2015-жылдын 2-февралына чейин ТТБнын трактордук колоннасында көтөргүч машинисти (машинист подъемника) болуп иштеп, пенсияга чыккан. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ЭМГЕК АЛДЫҢКЫЛАРЫ

ХАЛФИН РАСУЛ

1950-жылдын 1-сентябрында Өзбекстандын Андижан областынын Кокон-Кыштак айылында туулган. ТТБда 1990-жылдын 3-сентябрынан тартып 2010-жылдын 29-октябрына чейин трактордук колоннада башчы болуп иштеп, пенсияга чыккан.

ЛИВИЦКИЙ АНАТОЛИЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

1954-жылдын 2-июнунда Сузак районуна караштуу Октябрь айылында туулган. 1975-жылдын 24-июнунан тартып 2009-жылдын 4-ноябрына чейин айдоочу, автоунааларды оңдоочу слесарь, жабдуулар боюнча инженер, механик, 2001-жылдан тартып 2009-жылдын ноябрь айына чейин "Чаңгыр-Таш" участкасынын башчысы болуп иштеген.

КАДЫРОВ ТЕШЕБАЙ

1946-жылдын 25-сентябрында Өзбекстандын Андижан областынын Избаскен районунда туулган. 1973-жылдын 1-январынан тартып 2007-жылдын 13-августуна чейин көчүп жүрүүчү парафинсиздештирүүчү буу установкасынын машинисти (ППДУ), автоунааларды оңдоочу слесарь, акыркы жылдары күзөтчү болуп иштеп пенсияда. 1989-жылы үзүрлүү эмгеги үчүн "Жигули" автоунаасы ыйгарылган.



МАМАДИЯРОВ КУВАНЫЧБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколоннанын айдоочусу

1958-жылы 15-сентябрда Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Учурда технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколоннасында 1-класстагы автоунаа айдоочусу болуп иштейт.

Орто мектепти аяктагандан кийин 1975-1977-жылдары кесиптик-техникалык окуу жайында окуган. 1977-жылдан тартып 1979-жылга чейин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1980-жылы январь айында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколон-

насына 1-разряддагы автоунааларды оңдоочу-ширетүүчү катары жумушка орношкон. 1980-жылдын ноябрь айында 3-класстагы автоунаа айдоочусуна которулган. 1992-жылдын август айында 2-класстагы автоунаа айдоочусу квалификациясы берилген, 2002-жылдын июль айынан тартып, ушул күнгө чейин №1- автоколоннада 1-класстагы автоунаа айдоочусу.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча жолу алкыштарга, акчалай сыйлыктарга ээ болгон. 1997-жылы "Автомобилдик транспортчулардын" күнүнө карата "Кырсыксыз иштегендиги үчүн" II-даражадагы төш белгиси менен сыйланган. 2001-жылы "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. Төрт кыздын ардактуу атасы.

УСЕНБАЕВ ШАКИРДЖАН,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын №2-автоколоннанын айдоочусу

1961-жылы 12-июнда Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарчасында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1979-жылы февраль айында "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин технологиялык-транспорт башкармалыгынын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасына үйрөнчүк-ширетүүчү катары жумушка кабыл алынган. 1979-жылдын апрель айында 1-разряддагы автоунааларды оңдоочу ширетүүчү квалификациясы берилген. 1980-жылдын апрель айынан тартып 1982-жылдын апрель айына чейин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1982-жылдын июнь айында кайрадан технологиялык-транспорт башкармалыгынын №1-автоколоннасына 3-класстагы автоунаа айдоочусу катары жумушка кирген. 1988-жылдын июль айында №3-автоколоннага 4-разряддагы кудуктарды изилдөө боюнча оператор, 2008-жылдын ноябрь айында №1-автоколоннага 2-класстагы автоунаа айдоочусу болуп жумушка которулган. 2015-жылдын январь айынан тартып ушул күнгө чейин №2-автоколоннада 2-класстагы автоунаа айдоочусу болуп иштеп келе жатат.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча алкыштарга, акчалай сыйлыктарга ээ болгон. 2000-жылы "Нефть жана газ өндүрүүчүлөрдүн" кесиптик майрамына карата "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. Бир уул, төрт кыздын атасы.

АНАРБАЕВ КАДЫРБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын 320-цементтөөчү агрегаттын моторист

1964-жылы 9-сентябрда Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Момбеков айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Учурда ТТБнын №3-автоколоннасында 6-разряддагы 320-цементтөөчү агрегаттын машинисти.

1982-1984-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1984-1985-жылдары Кочкор-Ата айылдык кесиптик-техникалык окуу жайында билим алган. 1985-1986-жылдары Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бургулоочунун жардамчысы болуп иштеген.

1987-жылдын июнь айынан тартып "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин №1-автоколоннасына 3-класстагы автоунаа айдоочусу болуп жумушка кирген. Ага 1997-жылы 2-класс айдоочунун квалификациясы, 2002-жылы айдоочунун 1-класс квалификациясы берилген. Ушул жылы №3-автоколоннада 1-класстагы автоунаа айдоочусу болуп эмгек жолун уланткан. 2008-жылы №1-автоколоннага, 2013-жылы №2-автоколоннага, 2014-жылы кайрадан №3-автоколоннага 1-класстагы автоунаа айдоочусу болуп которулган. 2014-жылдын август айынан 6-разряддагы 320-цементтөөчү агрегаттын моторист болуп азыркы күнгө чейин ийгиликтүү иштеп келе жатат.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча алкыштарга, акчалай сыйлыктарга ээ болгон. 2003-жылы Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын, 2008-жылы Кыргыз Республикасынын "Нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн" кесиптик майрамына карата Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйлануунга татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү. Бир кыз, эки уулдун атасы.

АМАДАЛИЕВ КУБАНЫЧБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын трактордук колоннасынын көтөргүч машинисти

1962-жылы 28-февралда Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Кыла айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Кочкор-Ата техникалык колледжин "Техник-механик" адистиги боюнча аяктаган.

1979-1980-жылдары "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинде үйрөнчүк-ширетүүчү, андан соң 1-разряддагы автоунааларды оңдоочу ширетүүчү болуп иштеген.

1980-1982-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1982-жылдын июль айында кайрадан ТТБнын №1-автоколоннасында 3-класстагы автоунаа айдоочусу, 1990-жылы 2-класстагы автоунаа айдоочусу, 1997-жылдын февраль айынан тартып трактордук колоннада 2-класстагы автоунаа айдоочу, 1997-жылдын июнь айынан тартып 1-класстагы автоунаа айдоочусу болуп эмгектенген. 2016-жылдын март айынан тартып ушул күнгө чейин трактордук колоннада 6-разряддагы көтөргүч машинисти болуп иштеп келе жатат.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча алкыштарга, акчалай сыйлыктарга ээ болгон. 1997-жылы "Автомобилдик транспортчулардын" күнүнө карата "Кырсыксыз иштегендиги үчүн" I-даражадагы төш белгиси менен сыйланган. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн кесиптик майрамына карата Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн кесиптик майрамына карата сырткы соода өнөр жай Министрлигинин, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын мүлктү башкаруу мамлекеттик комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2010-жылы "Автомобилдик транспортчулардын" күнүнө карата ага "Кырсыксыз иштегендиги үчүн" I-даражадагы төш белгиси ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү. Үч кыз, эки уулдун атасы.

НАЙМАНОВ ЭРКИНБЕК,
Технологиялык-транспорт башкармалыгынын оңдоочу-ширетүүчү

1962-жылы 19-мартта Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Кыла айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Учурда ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында 5-разряддагы автоунааларды оңдоочу ширетүүчү болуп иштейт.

1980-1982-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын ийгиликтүү өтөгөн. 1982-жылдын август айында ТТБнын борборлоштурулган механикалык оңдоочу устаканасында 1-разряддагы автоунааларды оңдоочу ширетүүчү болуп жумушка орношкон. 1983-жылы ага дал ушул кызматында 2-разряд, 1988-жылы 3-разряд, 2006-жылы 4-разряд берилсе, 2008-жылдан тартып ушул күнгө чейин 5-разряддагы автоунааларды оңдоочу-ширетүүчү болуп үзүрлүү иштеп келатат.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча алкыштарга, акчалай сыйлыктарга, баалуу белектерге ээ болгон. 1985-жылы эмгектеги жогорку өндүрүштүк көрсөткүчү жана Кочкор-Ата шаарчасынын коомдук иштерине активдүү катышкандыгы үчүн Ардак грамота менен сыйланган. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн кесиптик майрамына карата Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн кесиптик майрамына карата "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2010-жылы Кыргыз Республикасынын нефть жана газ өндүрүүчүлөрүнүн кесиптик майрамына карата Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү. Эки уул, бир кыздын атасы.

ГАЗ РЕАЛИЗАЦИЯЛОО БӨЛҮМҮ

Газ реализациялоо бөлүмүн биринчилерден болуп Пидько Александр Панфилович башкарган.

1998-жылдын 1-апрелинде бул бөлүм Кочкор-Ата шаар тибиндеги башкармалыгынын карамагына кирген. 2000-жылдын 14-августунда "Суугаз камсыздоо бөлүмү" болуп кайра түзүлүп, 2001-жылы "Газ өндүрүү жана сатуу бөлүмү", 2003-жылы "Газ өндүрүү цехи" деген аталыштарга ээ болгон.

2004-жылдын 1-мартында "Кыргызнефтегаз" башкармалыгынын чечими менен "Нефтигаз" (НГДУ) башкармалыгынан бөлүнгөн, азыр өз алдынча мекеме катары "Кыргызнефтегаз" ААКнын ишканасы болуп саналат.

Мекемени 2004-2007-жылдары Кубанычбек Садырбаев, 2007-2010-жылдары Абдуманап Токтогулов, 2010-2013-жылдары Абдумалик Мамадияров, 2013-2016-жылдары Залым Тагаев жетектеген.

Ал эми 2016-жылдан Кочкорбай Амадалиев газ реализациялоо бөлүмүн жетектеп келатат.

АМАДАЛИЕВ КОЧКОРБАЙ,
Газ реализациялоо бөлүмүнүн башчысы

1960-жылы 15-декабрда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Скрябин атындагы айыл чарба институтунун Гидромелиорация факультетинин "Инженер-гидротехник" адистигин бүтүргөн. Эмгек жолун 1983-жылы Калинин атындагы колхоздо инженер-гидротехник кызматы менен баштаган. Анын эмгек жолу 1984-1986-жылдары аталган колхоздо башкы инженер болуп иштөө менен улантылган. 1986-жылы ал колхоздун профсоюздук комитетинин төрагалыгына шайланып, бул кызматында аз эле убакыттын ичинде жемиштүү иштеген. Андан соң, анын эмгек жолу комсомолдук кызматка арналып, 1986-1989-жылдары комсомолдун Ленин райондук комитетинин экинчи катчысы болуп эмгектен. Комсомолдук иштерде татыктуу иштеп, такшалган. 1989-1991-жылдары партиянын Ленин райкомунда инструктор, 1992-жылы Жалал-Абад областтык суу курулуш трестинин Кара-Булак ПМКсында инженер, бөлүм башчы болуп иштеген. 1993-1994-жылдары Жалал-Абад областтык суу курулуш трестинин аталган ПМКсында башкы инженер, 1994-1999-жылдары Жалал-Абад областтык суу башкармалыгынын

Ноокен ХРСУнын башкы инженери кызматтарын аркалаган. 1999-2001-жылдары Ноокен райондук чарбалык эсептеги курулуш ремонттоо башкармалыгынын, 2001-2008-жылдары Алаш СХУсун жетектеген. 2008-2016-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын газ реализациялоо бөлүмүндө мастер, жетекчинин орун басары болуп иштеп, 2016-жылдан бери "Кыргызнефтегаз" ААКнын газ реализация бөлүмүн жетектеп келет.

2018-жылы Кочкорбай Амадалиевге Кыргыз Республикасынын газ жана нефть өнөр жайынын кызматкерлеринин кесиптик майрамынын урматына өз кызматтык милдетин ак ниеттүүлүк менен аткаргандыгы үчүн КРнын өкмөтү тарабынан алкыш жарыяланган.

Үй-бүлөлүү, төрт кыз, эки уулдун атасы. Жубайы Эшиева Заира Жусуп Турусбеков атындагы орто мектепте жаш жеткинчектерге билим берип келет.

Мекеме бүгүнкү күндө Кочкор-Ата шаарын, Момбеков айыл өкмөтүнүн Коммунизм, Бостон айылдарын жаратылыш газы менен камсыздап, элге тейлөө кызматын көрсөтүп келет. Бул кызматта 48 киши эмгектенет. Алар жалпысынан 5000ден ашуун абонентке, ошондой эле 160тан ашуун коммерциялык ишканаларга кызмат көрсөтөт.

Газ реализациялоо бөлүмүнүн эмгек жамааты З.М. Каримова, Б.С.Молдалиев, Б.М. Абдрасулов, О.Б. Токталиев, М.А.Усенов, С.М. Абдуллаев өндүү көп жылдардан бери иштеген татыктуу адистер менен сыймыктанышат. Ал эми жетектөөчү эсепчи Зульхида Каримова 2015-жылы республикалык мамлекеттик мүлк фондусунун сыйлыгына татыктуу болгон.

КАРИМОВА ЗУЛЬХИДА,
газ реализациялоо бөлүмүнүн жетектөөчү-эсепчиси

1960-жылдын 26-июлунда Базар-Коргон районунун Киров айылында жумушчунун үй бүлөсүндө туулган. 1977-жылдын сентябрь айынан тартып, 1979-жылдын июль айына чейин Фрунзе кооперативдик техникумда окуган.

Алгачкы эмгек жолун 1980-жылы Ленин районундагы малды бордоп семиртүүчү базада эсепчи болуп баштаган.

1986-жылдан 1997-жылга чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын коммуналдык, турак-жай мекемесинде башкы эсепчинин орун басары болуп иштеген. 1997-2003-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкы эсепчисинин орун басары, 2003-2009-жылдары "Кыргызнефтегаз" ААКнын Суу башкаруу мекемесинде жетектөөчү эсепчи кызматын аркалап келген. 2009-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Газ сатуу бөлүмүнүн жетектөөчү эсепчиси болуп эмгектенип келе жатат.

Каримова Зульхиданы кесиптештери өз ишине берилген, өз кесибинин чыныгы адис, дешет. Анын үзүрлүү эмгеги бир топ ардак грамоталар жана алкыштар менен бааланган. 2015-жылы республикалык мамлекеттик мүлк фондусунун Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыгына татыктуу болгон. 2019-жылы "Жетиген" журналынын "Кыргыздын мырзайымы" номинациясы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, эки баланын энеси, алты неберенин чоң энеси.

ТОКТАЛИЕВ ОРОЗМАМБЕТ,
газ реализациялоо бөлүмүнүн оператору

1960-жылы 11-февралда Ош облусуна караштуу Ленин районундагы Коминтерн колхозунда туулган. 1979-жылы Оштогу айыл-чарба техникумун бүтүргөн. 1980-1998-жылдары Бүргөндүдөгү №9-кесипчилик лицейинде өндүрүштүк окутуунун мастери, комсомол комитетинин секретары, окуу тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген. Ушул мезгилдин аралыгында татыктуу эмгеги үчүн 2 жолу ВЛКСМ борбордук комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргызстан ЛКСМдын XXIII съездине делегат болуп шайланган. 1998-жылдын август айынан баштап “Кыргызнефтегаз”ААКда чарбачылык

иштер бөлүмүндө мастер, аталган бөлүмдө башчынын орун басары, башчы болуп иштеген. Андан кийин “Кыргызнефтегаз”ААКна караштуу сүт заводунун директору болгон. Учурунда өзүн татыктуу жетекчи катарында көрсөтө алган. 2005-жылдын май айынан баштап “Кыргызнефтегаз” ААКна караштуу газ реализациялоо бөлүмүндө газ эсептөө бөлүмүнүн техниги, андан кийин мастери, азыркы учурда газ бөлүштүрүү участкасында оператор болуп эмгектенүүдө.

Үй-бүлөлүү. 5 баланын атасы, 11 неберенин чоң атасы.

АКМАТОВА ЖУМАКАН,
газ реализациялоо бөлүмүнүн газ текшерүүчүсү

1963-жылы 19-январда туулган. 1981-жылы Майлуу-Суу шаарында электр лампалар заводунда эмгек жолун баштаган. 2005-2007-жылдары Кочкор-Ата шаарындагы борбордук ооруканада жумушчу болуп эмгектенген. 2007-жылдан тарта “Кыргызнефтегаз” ААКнын Газ реализациялоо бөлүмүндө газ текшерүүчүсү болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Кочкор-Ата шаардык мэриясынын, ”Кыргызнефтегаз” ААКнын Ардак грамоталарына жана акчалай сыйлыктарына татыктуу болгон.

Үй-бүлөлүү. 1 уул, 2 кыздын энеси, 5 неберенин чоң эне-тайэнеси.

САТЫБАЛДИЕВА ГҮЛНАР,
газ реализациялоо бөлүмүнүн эсепчиси

1976-жылы 14-июлда Ноокен районуна караштуу Арал айылында туулган. 1994-жылы Кочкор-Ата шаарындагы “Машиналарды башкаруу жана материалдарды кайра иштетүү" техникумун бүтүргөн. 1998-жылы ”Кыргызнефтегаз” ААКда “Машина эсептөө бюросунда" эмгек жолун баштаган. 2005-жылдан “Кыргызнефтегаз” ААКнын Газ реализациялоо бөлүмүндө газ текшерүүчү болуп иштеген. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Экономика факультетинде бухгалтердик эсеп жана анализ адистиги боюнча сырттан окуп бүтүргөн. 2017- жылдан тартып азыркы учурга чейин газ реализациялоо бөлүмүндө эсепчи болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү. 2 уул, 2 кыздын энеси, 2 неберенин тайэнеси.

МОЛДАЛИЕВ БАРАТАЛИ,
газ реализациялоо бөлүмүнүн улуу устаты

1976-жылы 14-октябрда Кочкор-Ата шаарында туулган. 1992-1996-жылдары Кочкор-Ата техникалык колледжин бүтүргөн. 1999-2004- жылдары Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжинде "Мунайзат жана газ кендерин иштетүү" адистигин аяктаган. 2000-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКда диспетчер болуп эмгек жолун баштаган. 2003-жылдан баштап ГРСте оператор, 2013-жылдан тарта газ реализациялоо бөлүмүндө улуу устат болуп иштөөдө. "Кыргызнефтегаз" ААКнын сыйлыктарынын ээси.

Үй-бүлөлүү. 4 баланын атасы.

АМАДАЛИЕВ КАМБАР,
газ реализациялоо бөлүмүнүн авариялык түзөтүү слесары

1968-жылы 25-июлда Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Момбеков айыл өкмөтүнө караштуу Коммунизм участкасында туулган. 1985-1986 -жылдары эмгек жолун Калинин атындагы колхоздо жумушчу болуп баштаган. 1986-1989- жылдар аралыгында Советтик Армияга чакырылып, өзүнүн жоокердик милдетин аткарган. 1989-1991-жылдары "Анар" заводунда эмгек жолун уланткан. 1991-1998-жылдары Фергана газ участкасында магистраль газ түтүктөрүн текшерүүчү болуп иштеген. 1998-жылдан тарта бүгүнкү күнгө чейин "Кыргызнефтегаз"ААКна караштуу Газ реализациялоо бөлүмүндө газ түтүктөрүн авариялык тейлөө жумушчусу болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү. 2 уул, 1 кыздын атасы, 1 неберенин чоң атасы.

НАЗЫРОВА ГУЛИЙНА,
газ реализациялоо бөлүмүнүн
газ текшерүүчүсү.

1968-жылдын 23-февралында Ноокен районунун Арал айылында туулган. 1987-жылы соода кооператив окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол эле жылы соода уюмунда сатуучу болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. 1991-жылы балдар бакчасында чарба бөлүмүнүн башчысы, 1993-жылы нефтичилердин ресторанында кассир болуп эмгектенген. 2003-жылдан тартып Газ реализациялоо бөлүмүндө текшерүүчү болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Өзү тейлеген газ пайдалануучулар менен жакшы иштеп, тапшырылган жумушун так жана жоопкерчилик менен аткарып, башкалардан өзгөчөлөнгөн адис татыктуу эмгеги үчүн "Кыргызнефтегаз"ААКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, 2 кыз, 1 уулдун энеси, 1 неберенин тайэнеси.

ЖУМАНОВ БАКТЫБЕК,
Газ реализациялоо бөлүмүнүн
авариялык түзөтүү слесары

1970-жылдын 31-майында туулган. 1992-жылы Украинанын Донецк областынын Славянск шаарындагы авиациялык окуу жайын бүтүргөн. 1993-2000-жылдары Ош аэропортунда иштеген. 2006-жылдан тарта "Кыргызнефтегаз" ААКна караштуу газ реализациялоо бөлүмүндө жемиштүү эмгектенип келе жатат. Үзүрлүү эмгеги жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы жана акчалай сыйлыгы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. 3 баланын атасы.

ЗУЛПУЕВ МУРАТАЛЫ,
газ реализациялоо бөлүмүнүн экономисти

1979-жылдын 23-январында Жалал-Абад областынын Рахманжан айылында жарык дүйнөгө келген. 2001-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин экономикалык факультетинин финансы жана кредит адистигин аяктаган.

2004-жылдын март айында "Кыргызнефтегаз" ААКдагы Газ реализациялоо бөлүмүндө текшерүүчү болуп эмгек жолун баштаган. Өз ишин так мыкты аткаргандыктан 2006-жылы октябрь айында жетекчиликтин жана жамааттын көрсөтүүсү менен газдын эсебин алуучу техниги болуп дайындалган. 2015-2018 -жылдар аралыгында газ түтүктөрүн түзөтүүчү, 2018-жылдын апрель айынан бүгүнкү күнгө чейин газ реализациялоо бөлүмүндө экономист болуп үзүрлүү эмгектенип жатат. Эмгектеги жетишкен ийгиликтери үчүн "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамотасы, акчалай сыйлыгы, Профсоюздардын Жалал-Абад областтык комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Азыркы учурда үй-бүлөлүү, 1 уул, 3 кыздын атасы.

АБДУРАСУЛОВА БАКТЫГҮЛ,
газ реализациялоо бөлүмүнүн газ текшерүүчүсү

1976-жылдын 24-март айында Ош шаарында жарык дүйнөгө келген. 1998-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Агро-биология факультетинин билогия мугалими адистигин бүтүргөн. 1999-жылы Момбеков айылындагы №16 - Турусбеков атындагы мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 2000-жылдан "Кыргызнефтегаз " ААКнын газ-суу сатуу бөлүмүндө текшерүүчү болуп иштеген. Мына ушул тармакта иштеп жүрүп, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжиндеги "Мунайзат жана кендерди иштетүү" адистигин сырттан окуп бүтүргөн.

Өз ишине берилген, эмгек жамааты арасында урмат-сыйга ээ болгон адис 2017-жылдан газ реализациялоо бөлүмүнүн профсоюз уюмунун төрайымдыгына шайланган. 2016-жылы Ноокен райондук мамлекеттик мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасына татыктуу болгон. Үй-бүлөлүү. 2 уул, 1 кыздын энеси.

ӨНДҮРҮШТҮ АВТОМАТТАШТЫРУУ УЧАСТОГУ (УАП)

Өндүрүштү автоматташтыруу участогу (УАП) "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун бир бөлүмү болуп эсептелет.

Өндүрүштү автоматташтыруу участогу 1975-жылы (УАП) мурунку базалык цехтин негизинде уюштурулган. Бул участокту (УАП) биринчи Владимир Петров башкарган. Кийинки жылдары башчысы болуп Дмитрий Баронин, Ягофаров Равил Давыдович, Борбогулов Тыныбектер иштешкен.

2010-жылы Борбогулов Тыныбек жетекчиликтеги эмгектик ийгиликтери үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана 2011-жылы "Каарман" медалы, 2012-жылы Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Өндүрүштү автоматташтыруу участогу төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

- Лабораториялык приборлор (КИПиА),
- электротехникалык лаборатория (ЭТЛ),
- физикалык жана механикалык текшерүү үчүн келишимдик лаборатория (ФМИ),
- өнөр жай автоматикалык группасы,
- өндүрүштүк-технология байланыш кызматы.

Өндүрүштү автоматташтыруу участогу (УАП) төмөнкү иштерди аткарат:

Аталган мекеме "Кыргызнефтегаз" ААКсына караган башкармалыктар,

СХЕМА РАСПОЛОЖЕНИЯ СКВ. ЦДН – ИЗБАСКЕНТ.

бөлүмдөр менен участкаларга тийиштүү болгон нефть жана газ өндүрүүгө байланышкан бардык жабдуулардын иштешине өлчөөчү жана байкоочу, текшерүүчү жабдуулар аркылуу көзөмөл жана байкоо жүргүзөт. Заманбап үлгүдөгү жабдуулар менен камсыз кылынган лабораториялар кызмат кылат. Атайын кесиптик жактан билим алышкан адистер иштешет.

Өндүрүштү автоматташтыруу участогу (УАП) төмөнкү бөлүмдөрдү тейлейт:

НГДУ – Мунай жана газ өндүрүү башкармалыгы (МГӨБ);
УТТ – Технологиялык-транспорттук башкармалыгы;
№2, №5, №3-балдар бакчалары;
№1-кампа жана №2-материалдык кампа;
Жалал-Абад базасы маркетинг борбору (ЖБМЦ);
Бишкек өкүлчүлүгү (ПБ);
газ сатуу участогу;
Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгы;
суу менен камсыздоо участогу;
маркетинг жана материалдык камсыздоо. башкармасы (УМОМ);
сүт заводу;
административдик чарбалык бөлүм;
өрт бөлүмү;
спорт комплекси;
маданият үйү;
профилактория;
"Зорька" пионер лагери;
"Нефтянник" жана "Көк-Бель" эс алуу багыттары.

БУРКАНОВ АБДИЛАМИД,
Өндүрүштү автоматташтыруу участогунун башчысы

1961-жылдын 1-сентябрында Кара-Суу районуна караштуу Ош облусунун Савай айылында төрөлгөн. 1991-жылы Украинанын Харьков шаарындагы айыл чарба институтунун "Энергетика" бөлүмүн аяктап, "Инженер-энергетик" кесибине ээ болгон.

Ошол эле жылы "Кыргызнефтегаз" ААКнын Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында бөлүмдө электромонтер болуп эмгек жолун баштаган. Анан электро-техникалык лабораториянын башчысы, Кыргыз бургулоо иштер башкармалыгында башкы энергетик, 2003-жылдан "Кыргызнефтегаз" ААКда башкы энергетик болуп иштеген. Ошол эле жылдан өндүрүштү автоматташтыруу участогуна (УАП) орун басар жана электро-техникалык лабораториясынын башчысы (ЭТЛ) кызматтарын аркалаган. Ал эми 2012-жылдан баштап, өндүрүштү автоматташтыруу участогунун башчысы болуп иштеп келет.

Ал 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Мүлк Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

ТАЗА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ

Суу менен камсыздоо бөлүмү Кочкор-Ата шаарынын калкын таза ичимдик суу жана чыгынды суусун тазалоо менен камсыздап келет. Бөлүмдүн суу тартуучу жүрөгү болуп "Водозабор" - суу тосмосу бөлүмү саналат. Суу тосмосу Сакалды айыл өкмөтүнүн аймагында Кочкор-Ата шаарынан 6,4 чакырым алыстыкта жайгашкан. Ал 1958-жылы курулуп, ошол эле жылы жумушка берилген. Аянты 22 гектарды ээлеп бетон тосмо менен тосулган. 1958-жылдан 1991-жылга шаардын жашоочулары жана Кочкор-Ата шаарынын аянты кеңейгендигине байланыштуу 12 скважина 2 насостук станция, кубаттуулугу 35/6 кВт 2500 кВа көмөкчү чордону орнотулган. Аталган жылдары Мерник менен Водозаборду бириктирип туруучу 4 даана көлөмү 325–400 мм болгон, узундугу 6,4 чакырымга созулган түтүктөр орнотулган.

Суу менен камсыздоо бөлүмү түптөлгөндөн баштап өздөрүнүн салымын кошкон жетекчилер:

Набутовский Израиль;
Индин.И.Г.;
Требунских.И.И.;
Ниязов Алимжан;
Ушаков Вячаслав;
Шумахер Александр;
Шеримбеков Абдимиталип;
Цымбал Александр;
Маматов Асилбек;
Ардагерлер:
Болушова Минабар;

Ахмедов Сапарбай;
Киреева Күлмайрам;
Рахманбердиев Юлбарс сыяктуу пенсионерлердин суу менен камсыздоо бөлүмүнө кошкон салымы чоң.

2017-жылдын сентябрь айынан бери суу менен камсыздоо бөлүмүн Калдарбек Абдразаков жетектеп келүүдө. Ал жетектеген мезгилден бери бөлүмдүн иши дагы да жанданып элди тейлөөнүн сапаты жакшыра баштады.

Жер астынан суу тартуучу скважинанын тереңдиги 120 метр. Мүнөздөмөсү.

№ скв	Курулган жылы	Суу тартуучу түтүктүн Ø	Суу тартуучу насостордун аталышы
1	1958	255	ЭЦВ-10-210-30
2	1958	406	ЭЦВ-10-255-35
3	1960	305	ЭЦВ-10-255-35
4	1960	255	ЭЦВ-10-63-65
5	1966	255	ЭЦВ-10-63-65
6	1967	305	ЭЦВ-10-160-60
7	1967	248	ЭЦВ-10-63-65
8	1970	273	ЭЦВ-10-255-35
9	1970	406	ЭЦВ-10-255-35
10	1970	305	ЭЦВ-10-255-35
11	1990	255	ЭЦВ-10-160-60
12	1991	255	ЭЦВ-10-63-65

Сууну водозабордун Мернике жеткизип берүү үчүн ЦНС 300/240 көлөмдүгү 5 насос орнотулган. Ар бир насос саатына 300 М³ суу таркыч насосту айлантууга 400 кВт сарп кылуучу электр кыймылдаткычы орнотулган. Жер астынан тартып алынган суу "Мерник" участкасына жайгашкан көлөмү 3000 М³ жана 1000 М³ болгон суу кампасына келип түшөт.

Мерник суу сакталуучу жайы Кочкор-Ата шаарынын үстүңкү бөлүгүндө жайгашкан. Ал 1958-жылы курулуп пайдаланууга берилген.

Мерник участкасында жер астында жайгашкан бетондон курулган көлөмү 3000 М³ жана 1000 М³ темирден жасалган суу сактагыч орнотулган. Бир сакталуучу суунун көлөмү 4000 М³ түзөт.

Кочкор-Ата шаарынын элинин бир күндүк сууга болгон талабы 50 М/М³, ал эми Кочкор-Ата шаар ичинде жайгашкан суу түтүктөрдүн жалпы узундугу 447 чакырымга созулган.

Ø 325-62 км.
Ø 250-30 км.
Ø 159-25 км.
Ø 100-800 км.
Ø 80-60 км.
Ø 76-70 км.
Ø 50-40 км.
Ø 40-80 км.

Шаар ичинде 4150 суу ичүүчү кран (суу түтүктөрү) орнотулган, жана 301 даана суу бөлүштүргүч иштейт.

Сууну тазалоо бөлүмү 1965-жылы колдонууга берилген. Чыгынды сууну тартуучу үч насос орнотулган. Орнотулган насостор саатына 150 $М^3$ чыгынды сууну резервуарларга айдайт. Чыгынды сууну хлордоо үчүн үч ванна орнотулган. Кочкор-Ата шаарынын ички чыгынды суу тартуучу түтүкчөлөрдүн узундугу 17,5 чакырымга созулган жана 1340 даана курлар орнотулган. Өндүрүп алуу менен сатуунун ортосундагы чыгымдын айырмасын "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому өздүк казынасынан төлөйт.

Кочкор-Ата шаарында 17,5 чакырым болгон чыгынды суу агуучу түтүкчө бар.

1340 мт кудук орнотулган;
Ø 300-8 км.
Ø 200-3,5 км.
Ø 150-3,5км.
Ø 100-2,5км.

Азыркы күндө Кочкор-Ата шаарында 13 689 калк жашайт. Аларды таза суу менен камсыздоо үчүн суу менен камсыздоо бөлүмүндө 70 адам эмгектенет.

МЕКЕМЕНИН ӨРНӨКТҮҮ АДИСТЕРИ

КАЙНАЗАРОВ КАНАТБЕК,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары

1977-жылдын 15-июлунда Жалал-Абад областына караштуу Ноокен районунун Масы айылында төрөлгөн.

1999-жылы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Кара-Көл инженердик факультетин аяктаган.

Мына ошентип, жогорку билимдүү адис 2000-жылы алгач "Кыргызнефтегаз" ААКнын суу менен камсыздоо бөлүмүндө электромонтер жумушуна орношкон. Алган жогорку билими практика жүзүндө натыйжасын берип, бат эле өз кесибин өздөштүрүп кетти да, кесибине жараша кызматтык тепкиче көтөрүлө баштады. Натыйжада, 2008-жылдан тартып, инженер-энергетик кызматына дайындалды, бул жумушунда 2017-жылдын сентябрь айына чейин ийгиликтүү иштеп келди. Азыркы күндө суу менен камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары милдетин аркалайт.

Каарманыбыздын айтымына караганда мурда суу тартуучу насостору бузулган учурда атайын оңдоп-түзөө үчүн Ош шаарына барууга туура келчү, бул убакытты, каражатты да көп талап кылаар эле. Ал эми ушул тапта "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун тийиштүү башкармалыктарында, эч кайда барбастан жеринде оңдоо иштерин жүргүзүүгө жетишилди.

Анын өз ишиндеги жигердүүлүк менен жасаган эмгеги үчүн ага 2010-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын, ошол эле жылы Жалал-Абад областтык профсоюздук комитетинин, 2014-жылы Кыргызстан профсоюздар федерациясынын Жалал-Абад областынын, 2015-жылы Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жай министрлигинин Ардак грамоталары ыйгарылган.

БАРАКАНОВА АПИСА
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн жетектөөчү эсепчиси

1989-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетин бүтүргөн. Өзүнүн тандап алган кесибинде 30 жылдык эмгек тажрыйбасына ээ болду.

Кайсыл участкага бухгалтер болуп барбасын, өз милдетин туура, жоопкерчилик менен аткарып, учёт-отчёт иштерин жүргүзүүдө тактыгы жана иш билгичтиги менен башкалардан өзгөчөлөнгөн. Бул айымдын эмгек жамаатында урмат-сыйы бар. Анын эмгеги Ардак грамоталар менен бааланган.

Үй-бүлөлүү. Кызы Мээримгүл, уулу Максат да Кыргызстанда Славян университетин аякташып, апасынын жолун жолдошуп, экономист, эсепчи адистигине ээ болушкан. Азыр өз кесиптери боюнча иштеп жатышат.

РАИМКУЛОВА ВЕНЕРА,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн эсепчиси

1960-жылы 1-февралда Кочкор-Ата шаарында төрөлгөн. Атасы Раимкулов Эргеш 40 жыл ички иштер кызматында иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери болгон, 2003-жылы бул тирүүлүк менен коштошуп, дүйнө салган. Апасы Раимкулова Мария 8 баланы төрөп, тарбиялап өстүрүп, эрезеге жеткирген Баатыр эне болгон. "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинин коммуналдык мекемесинде иштеп, эс алууга чыккан. 2017-жылы жарыкчылыктан кол жууган.

Раимкулова Венера 1977-жылы "Анар" заводунда катардагы жумушчулуктан эмгек жолун баштаган. 1989-жылдын 18-августунан тартып суу менен камсыздоо бөлүмүндө эсепчи болуп иштеп келет.

3 баланын энеси.

1982-жылы Фрунзе шаарындагы эсепчилик окуу жайын аяктаган. Андан соң, 1983-жылдан эмгек акы боюнча эсепчи. 1985-жылдан баштап материалдык бухгалтерлик кесипти аркалап келет. Союз учурунда мекемеде комсомол уюмунун катчысы болгон. Кийин профсоюз комитетинин активдүү мүчөсү катары өз эмгегин эмгек жамаатынын укугун коргоого, аларга шарт жаратууга жумшаган. Азыр мекемедеги татыктуу кесип ээси. Үзүрлүү эмгеги үчүн ардак грамоталар менен сыйланган.

ЭШИЕВ КАНЫБЕК,
"Таза суу" коомунун жетекчиси

1967-жылдын 14-мартында Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Масы айылында төрөлгөн.

Кыргыз техникалык университетин аяктап, атайын жогорку билимге ээ болгон. Эмгек жолун алгач Майлуу-Суудагы электр лампалар заводунан баштаган. Андан соң, Кочкор-Атадагы "Анар" заводунда, Кочкор-Ата шаардык мэриясында эмгектенген. 1999-жылы Кочкор-Ата шаардык коммуналдык департаментинин башкы инженери, 2000-жылы суу чарба бөлүмүнүн инженери болуп иштеген. 2001-жылы газ, суу чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп, азыркы учурда суу чарба бөлүмүндө оператор жана Кочкор-Ата "Таза суу" коомунун жетекчиси болуп эмгектенет. 16 жыл бою райондук жана жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына шайланып, эл кызматын аркалаган. Кочкор-Ата шаарына Майлуу-Суу каналынан сугат суусунун жеткирилишинде, ошондой эле шаар ичинде газ эсептегичтерин орнотуу иштерин жүргүзүүдө эмгеги чоң.

Анын кайсыл гана кызматта болбосун өз ишин жогорку жоопкерчилик менен аткарып жана жетишкен ийгиликтери үчүн "Кыргызнефтегаз" ААКнын жана шаар мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Аялы Өсөрова Асылкан "Кыргызнефтегаз" ААКнын "Кокольчик" балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенет. 3 уул, 1 кыздын бактылуу атасы.

САРИЕВА СОНУНБҮ,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн эсепчиси

Ош областынын Ленин районуна караштуу Хиля айылында 1963-жылдын 22-июнунда кызматкердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1986-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетинин "Эмгекти үнөмдөө" адистигин бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгон. Эмгек жолун 1986-жылы "Анар" заводунан баштаган. 2000-жылдан тартып "Кыргызнефтегаз" ААКнын суу менен камсыздоо бөлүмүндө эсепчилик кызматын жемиштүү аркалап келет. Анын көп жылдык үзүрлүү эмгеги бир нече жолу "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталары менен бааланган.

Кызы Нурайым Молошева Жалал-Абад кыздар түрк лицейин 2015-жылы алтын медаль менен аяктаган. Азыр Кыргыз Мамлекеттик Медициналык Академиясынын дарылоо факультетинин 3-курсунун студенти.

ИБРАИМОВА АЙГҮЛЬ,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн экономисти

1981-жылдын 11-ноябрында Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарында кызматкерлердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 2007-жылы Жалал-Абад шаарындагы Эл Аралык Университетине экономика багыты боюнча окуп, ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү кесипке ээ болгон. Анын эмгек жолу 2005-жылы суу менен камсыздоо бөлүмүндө контролерлуктан башталган. Өз ишин бат өздөштүрүп, үйрөнүүгө жетишкен кесип ээси 2006-жылы мекемеде эсепчиликке которулуп, дал ушул жумушта эмгек жолун уланткан. Андан ары такшалып, тажрыйба артып олтурган. Ошол эле мекемеде 2008-жылдан тартып экономист болуп, үзүрлүү иштеп келет.

Татыктуу эмгеги үчүн мекеменин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. Жолдошу экөө бир уул, бир кызды татыктуу тарбиялап, алардын жаркын келечеги үчүн ата-энелик камкордугун көрүп келишет.

ГАПУРОВ КАБЫЛЖАН,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн оператору

Өзүнүн эмгек жолун 1976-жылы "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесине караштуу технологиялык транспорт башкармасында автоширетүүчүлүктөн баштаган. Андан соң 1976-1978-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин ийгиликтүү өтөгөн. Аскердик кызматын өтөп келгенден кийин кайрадан жогоруда аталган башкармалыкта эмгек жолун улантууга мүмкүнчүлүк жаралган. Шартка жараша бул жердеги эмгек жолун кийин, башка иш участогунда улантып, азыркы учурда суу менен камсыздоо бөлүмүндө оператор болуп эмгектенет.

Ал кесиптештери арасында өзүнө тапшырылган ишти так жана жоопкерчилик менен ийгиликтүү аткара билгендиги менен айырмаланаарын кесиптештери жакшы билишет. Өз жумушун убагында аткарып, дайыма ак ниети менен иштөөгө умтулган кесип ээси бир нече ирет баалуу жана акчалай сыйлыктарга татыктуу болгон. Анын эң негизги өзгөчөлүгү өз милдетин билгичтик менен аткара билгендигин кесиптештери жакшы билишет.

КАСЫМОВ УЛАРБЕК,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн ширетүүчүсү

1970-жылы 11-июлда жарык дүйнөгө келген. Балалыгы өтүп, мектептеги окуучулук кымбат учурларын артка таштап, убагы келгенде билим алууну эңсеген жигит студент болуу бактысына туш болуп, натыйжада Бологовский совхоз-техникумун "зоотехник" багыты боюнча аяктаган. Союз маалында Советтик Армияда кызмат өтөп жүрүп, электрогазширетүүчүлүк кесибине да ээ болгон. Турмушунда бул кесиби өз пайдасын берди. Анткени, эгемендүүлүк алып, өз алдыбызча мамлекет болгонубуздан кийин малдардын баары менчиктештирилип, мал чарба адистерине муктаждык болбой калды, бул саясаттын шарданы менен ветеринардык дарыгер, зоотехник кадрлар жумушсуз калышты. Атайын окуп алган экинчи адистиги анын жумуш таап кетишине багыт берди.

Ошентип, ал азыркы мезгилде суу менен камсыздоо бөлүмүндө ширетүүчүлүк жумушту аздектеп келет. Ал бул жумушу аркылуу Кочкор-Ата шаарынын эскирген суу түтүктөрүн жаңылоо иштерине активдүү катышып, шаардын тургундарына, пенсионерлерге кызмат көрсөтүп келет.

Мына ушул багыттагы татыктуу эмгеги үчүн Кочкор-Ата шаардык мэриясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Ширетүүчүлүк кесип жеңил эмес кесиптердин катарына кирет. Жумуш учурунда татаал жагдайларга туш болгон учурлар эсинде. Кээде ар кандай ойлорго алаксый түшүп, колдору калтырап кетип, жасаган жумушунун максаттагыдай болбой калышы күмөн эмес. Бирок, алардын кесибинде иш мезгилинде ой менен алаксуу мүмкүн эместиги белгилүү. Дегиси кандай гана учур болбосун өз ишине так, берилип иштеген бул адис жетекчилеринин ишенимине кирип, өз кесиптештеринин арасында кадыр-барк тапкан.

ХАН ЮРИЙ,
Суу менен камсыздоо бөлүмүнүн оператору

Хан Юрийдин эмгек жолу да мазмундуу ирмемдер менен коштолгон. Ал суу менен камсыздоо бөлүмүндө 1994-жылдын август айынан ширетүүчүлүк кесиби менен эмгек чыйырын баштаган. Бул жерде мына ушул жумушунда тогуз ай иштеген. Өз ишин бат эле жакшы өздөштүрө билген жөндөмдүү сапатынан улам жетекчилик аны кийин диспетчердикке которушту, бир жыл диспетчер болуп, суу камсыздоо бөлүмүндө жемиштүү иштеди. Участканын жетекчилигинин буйругу менен андан соң, "Агындыларды тазалоо" боюнча операторлукка которулду. Ошондон тарта мына ушул кесипте үзүрлүү иштеп келет.

Эмгектенип жүрүп, өндүрүштөн ажыратылбастан Оштогу курулуш техникумда сырттан окуп бүтүргөн. Анын өз кесибиндеги талыкпаган, татыктуу эмгеги бир нече ирет баалуу, акчалай сыйлыктар жана Ардак грамоталар менен бааланган.

"НЕФТЧИ" САНАТОРИЯ-ПРОФИЛАКТОРИЯСЫ

"Кыргызнефтегаз" ААКнын алдында негизделген "Нефтчи" санатория-профилакторияның өзүнчө тарыхы бар.

"Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин жумушчуларын атайын медициналык жактан тейлөө үчүн 1980-жылдан тартып Кочкор-Ата шаарчасынын медико-санитардык бөлүмү аркылуу кызматташуу жүрө баштаган. Ошол кезде биринчи дарыгер-терапевт Мастура Арзыматовага атайын эмгек акы ажыратылып, ал нефтичилердин ден соолугун көзөмөлдөн өткөрүп турган. "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмесинин профсоюз уюму аркылуу каржылоо жоопкерчилиги жүктөлгөн.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын "Нефтчи" санатория-профилакториясы ачылганга чейин Кочкор-Ата медико-санитардык бөлүктүн базасында бардык медициналык кызмат мына ушундай жол менен көрсөтүлүп келген.

1987-жылы "Кыргызнефтегаз" акционердик коомунун алдында санатория-профилактория негизделип, ушул күнгө чейин нефтичилердин ден соолугун чыңдоо максатында иштеп келе жатат.

Мекемени биринчи күндөн Арзыматова Мастура жетектеп, 2011-жылга чейин үзүрлүү эмгектенип келген. Бул ден соолукту чыңдоо жайынын ачылып иштей баштагандан тартып, андан ары түптөлүп, материалдык-техникалык базасынын чыңдалышында анын жетекчи катарында уюштуруучулук эмгеги чоң болгон. 2013-жылдан тартып башкы дарыгерлик милдети Тургун Турдуматовага жүктөлгөн.

Ал эми 2018-жылдын февраль айында Алимбай Осмоналиев "Нефтчи" санаторий-профилакториясынын жетекчилигине дайындалган.

"Нефтчи" санатория-профилакториясында нефтчилердин ден-соолугун чыңдоо үчүн дары суу, парафин жана баткак менен дарылоо, электр тогу жана электр-жылыткыч аппараттары (электрофарез, СМТ, соллюкс, световая ванна) менен дарылоо жүргүзүлөт.

Укалоочу кабинеттер, фитнес кабинети кызмат көрсөтөт. Жалпы эмгек жамаатынын катары 23 адистен турат. Алардын катарында айрыкча башкы дарыгер Тургун Турдуматованын, улуу мээрбан эже Диларам Маматованын, мээрбан эже Гүлзина Касымбекованын, башкы ашпозчу Саадат Мирзакулованын, укалоочу Акмат Шаимкуловдун жана ушул сыяктуу көп жылдык тажрыйбасы бар адистерди кошууга болот.

ОСМОНАЛИЕВ АЛИМБАЙ,
"Нефтичи" санаторий-профилакториянын директору

1959-жылы 3-мартта Жалал-Абад областынын Ноокен районунун Шайдан айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1977-жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы Ломоносов атындагы жатак-мектебин ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы билим алууну улантуу максатында Майлуу-Суу шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайына кирип, 1978-жылы бүтүргөн. 1978-1980-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик кызматын ийгиликтүү өтөгөн.

1981-жылдан тартып, 1984-жылга чейин "Анар" заводунда слесарь-ремонттоочу жумушунда иштеген.

Өндүрүштө иштеп жатып, 1989-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Мамлекеттик университетинин "Экономика" факультетин ийгиликтүү аяктап, жогорку билимдүү "Экономист" адистигине ээ болгон.

1989-1990-жылдары "Анар" заводунда инженер-экономист кесибин аркалаган, 1990-жылдан тартып, 1996-жылга Ленин районундагы көчмө курулуш монтаждоо колоннасынын башчысынын экономика жана маркетинг боюнча орун басары болуп эмгектенген.

1996-жылдан 1998-жылга чейин Кочкор-Ата шаардык байланыш бөлүмүн жетектеген. 1998-1999-жылдар аралыгында "Кыргызнефтегаз" ААКнын материалдык камсыздоо башкармалыгында экономист, ошол эле 1999-жылдан 2010-жылдын март айына чейин "Кыргызнефтегаз" ААКда административдик чарбалык бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

2010-жылдын март айынан июнь айына чейин "Нефтчи" санатория-профилакториянын директору, ушул эле жылдын июнь айынан сентябрь айына чейин "Кыргызнефтегаз" ААКнын чарба департаментинин директору болуп иштеген. 2010-жылдын 8-сентябрынан 2018-жылдын февраль айына чейин материалдык камсыздоо башкармалыгынын башчысы болуп эмгектенип, ушул эле 2018-жылдын февраль айынан баштап "Нефтчи" санатория-профилакториянын директору кызматын аткарып келет.

Ал өз кызматындагы татыктуу эмгеги үчүн 2014-жылы Кыргыз Республикасынын өнөр-жай жана энергетика министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.

ТУРДУМАТОВА ТУРГУН,
"Нефтичи" санаторий-профилакториянын башкы дарыгери

1960-жылдын 26-февралында Кара-Суу районуна караштуу Төлөйкөн айылында кызматкердин үй бүлөсүндө туулган. 1983-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун ийгиликтүү аяктап, педиатрия кесиби боюнча жогорку билимге ээ болуп, "Балдар дарыгери" адистигин алууга жетишкен. Анын алгачкы эмгек чыйыры 1983-жылдан башталган. Ошол жылдан тартып, 2015-жылга чейин райондук, областтык ооруканаларда жөнөкөй дарыгерликтен, бөлүм башчылыгына чейинки кызматтарда эмгектенген.

Анын саламаттыкты сактоо тармагындагы эмгеги бааланып, 2010-жылы Кочкор-Ата аймактык ооруканасында иштеп жаткан мезгилинде КРнын "Саламаттыкты сактоосунун мыктысы" төш белгиси ыйгарылган.

2013-жылдын апрель айынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын алдындагы "Нефтчи" санатория-профилакториясында башкы дарыгер болуп иштеп келет.

Үй-бүлөлүү, 3 кыз, 1 уулдун бактылуу энеси.

БАЛДАР БАКЧАЛАРЫ

"Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомуна караштуу 3 балдар бакчасы иштейт. Ушул тапта бул балдар бакчаларында 682 бала тарбияланып, 104 кызматкер эмгектенет.

№2-"ЖООГАЗЫН" (Тюльпан) БАЛДАР БАКЧАСЫ

"Жоогазын" балдар бакчасы 1965-жылы уюштурулган. Ошол кезде анын биринчи жетекчиси Диких Людмила Ивановна болгон. Ал бакчанын уюштурулуп, андан ары түптөлүшүнө чоң салым кошкон.

1978-жылдан тартып бул балдар бакчасын Ягофарова Лариса Васильевна жетектеген. Анын учурунда балдар бакчасынын имараты кайрадан реконструкцияланган.

2003-жылы "Жоогазын" балдар бакчасын Син Маргарита Александровна жетектей баштаган. Ал балдар бакчасын жетектеп турганда балдарды тарбиялоочу бул мекеменин материалдык-техникалык базасы бир кыйла жакшырган, заманбап техникалар менен камсыз болуп, окутуунун жаңы ыкмалары колдонгон.

2013-жылы балдар бакчасына жетекчиликке Парида Байматова дайындалган. Ал балдар бакчасы тармагында

40 жылдан ашык эмгектенди. Өзүнүн билимин жана эмгегин жалаң балдарды тарбиялоого арнап келди. Анын эмгеги бир нече жолу райондук, областтык, республикалык Ардак грамоталар менен бааланган. Быйыл аны кесиптештери ардактуу эс алууга узатышты.

Азыркы күндө аталган балдар бакчасын Нурила Эшиева жетектеп келатат.

Бакчада 40тан ашуун кызматкер эмгектенишет. Алардан 11и тарбиячы, 10у жардамчы тарбиячы, методист, медайым эсептелет. Алар 300дөн ашуун баланы тарбиялап, камкордукка алышкан. Өз ишинин чебери саналган К.Ч.Эргашева, мыкты тарбиячы Г.С.Молдалиева, ошону менен бирге Сапхадат Матьякубова, Р.Садыковалар өз кесиптеринин устаты, бөбөктөрдүн чыныгы камкор энеси катарында эмгек жамаатында урмат-сыйы бар. Бул балдар бакчасында наристелер заманбап түзүлгөн шартта тарбияланышат. Алардын татыктуу тарбия алуулары үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жаратылган. "Кыргызнефть" ачык акционердик коому каржылоонун бардыгын өз жоопкерчилигине алган.

ЭШИЕВА НУРИЛА,
"Жоогазын" балдар бакчасынын башчысы

1964-жылы 12-февралда Жалал-Абад областынын мурдагы Ленин, азыркы Ноокен районундагы "Коминтерн" айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Эшиев Бурхан Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, II топтогу майыбы болгон.

Апасы Эшиева Малика 10 баланы-8 кыз, 2 уулду төрөп өстүргөн "Баатыр эне". 1971-1981-жылдары №7-Коминтерн орто мектебинен окуп билим алган. Эки окуу жайын аяктаган. Биринчиси Жалал-Абад шаарындагы Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайында окуп, "Тарбиячы" адистигине ээ болгон. Экинчи ирет Жалал-Абад мамлекеттик университетинде билимин улантып, "Башталгыч класстар мугалими" кесибин алууга жетишкен.

Алгачкы эмгек чыйыры Коминтерн орто мектебинде улуу пионер вожатыйлыктан башталып, андан соң аталган мектепте башталгыч класстардын окуучуларына орус тилинен сабак берген. Кийинки эмгек чыйырында Кочкор-Ата шаарындагы Крупская атындагы №28, азыркы Чынгыз Айтматов атындагы орус тилдүү орто мектебинде кыргыз тили мугалими болуп иштеген.

2013-2015-жылдары балдар бакчасында методист, 2015-жылдын 1-августунан "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын төрагасынын буйругу менен №3-"Коңгуроо гүл" балдар бакчасынын башчылыгына дайындалган. "Кыргызнефтегаз" ААКнын колдоосу менен бардык түтүктөр пластикке алмаштырылган. 2014-жылы реконструкциялоо үчүн атайын тендер жарыялап, кайра балдар бакчасын иштетүүнү чечти.

2015-2017-жылдар аралыгында имараттар толугу менен реконструкцияланып, жаңы музыкалык-хореографиялык зал, өзүнчө от жагуучу мешкана (котельный), төрт балдар ойноочу жайкы беседка да даяр болду. Балдар бакчасы толугу менен керектүү эмеректер, жабдуулар менен камсыздалган. Тандоо жолу менен билими бар педагогдор ишке алынган.

Ал эми 2019-жылдын 21-февралынан "Жоогазын" балдар бакчасынын башчылыгына которулду. Бул жерде да "Кыргызнефтегаз" ААКнын жардамы менен материалдык-техникалык базасын чыңдоого аракет жасап жатат.

Үй-бүлөлүү. Жолдошу Бечелов Кадырбек "Кыргызнефтегаз" ААКнын курулуш бөлүмүн жетектейт. Беш кызы бар. Баары үй бүлөлүү, жогорку билимдүү. Наргиза, Рахат, Кайыргул, Карина, Улкан аттуу беш кызы бар, баары жогорку билимге ээ болгон, 12 неберенин бактылуу таята-тайэнелери болушкан.

№5-КҮН ("СОЛЬНЫШКО") БАЛДАР БАКЧАСЫ

№5-"Солнышко" мектепке чейинки билим берүү мекемеси "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармасынын 2016-жылдын 18-июлундагы №278-чечими менен 2 жаштан 7 жашка чейинки балдарды Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү" Мыйзамынын негизинде тарбиялоо иштерин жүргүзүп келет.

Бул мекеменин биринчи жетекчиси Кутушева Любовь Васильевна, экинчи жетекчиси Дородникова Надежда Васильевна болгон. Ал эми азыркы кезде бул балдар бакчасын Култаева Сырга жетектеп келет.

Воспитание
в этом корень
учительского

II БЛЮДА

КУЛТАЕВА СЫРГА

1958-жылдын 6-декабрында Базар-Коргон районунун Базар-Коргон айылында туулган. 1977-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин "Кыргыз тили жана адабияты" бөлүмүн аяктап, жогорку билимге ээ болгон.

Ал өзүнүн эмгек жолун Ноокен райондук китепканада 1974-жылдан китепканачылыктан баштаган. Андан соң, Базар-Коргон райондук китепканасында жөнөкөй китепканачылыктан баштап, бөлүм башчы, методист кызматтарын аркалаган. Коомдук жумуштарга активдүү катышып, комсомол комитетинин секретары милдетин да аткарган. Анын кийинки эмгек жолу Ноокен районундагы "Бакыт" балдар бакчасында тарбиячы, кийин "Алтын Бешик" балдар комбинатында методист болуп иштөө менен улантылган.

1995-жылдын июнь айынан баштап Кочкор-Ата шаарындагы "Тюльпан" балдар бакчасында 13 жыл тарбиячы болуп иштеген, 2008-жылдын июнь айында "Солнышко" балдар бакчасынын башчылыгына дайындалган.

Ал аталган балдар бакчасын жетектегенден тарта, бул жерде Сырга Култаеванын эмгеги жана "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун жетекчилигинин колдоосу менен бакчанын айланасына асфальт бастырылып, жаан жааган учурда тамчы өткөн имараттын чатыры жаңыланып, керебет, стол, орундук сыяктуу эмеректер менен камсыздалып, ашкана үчүн идиш-аяктар менен толукталды.

Бул балдар бакчасында өмүрүн жана эмгегин балдарга арнап келген адистердин эмгегин баалабай койгон учур сейрек болгон. Алсак, тарбиячы Зияда Култаева КРнын "Элге билим берүүсүнүн мыктысы" төш белгиси менен сыйланган. Ал эми балдар бакчасынын башчысы Сырга Култаева, ашпозчу Л.М. Ахматсафаева, тарбиячылар Л.Ж.Абдикадирова, Р.С.Кудайбердиева, Р.Н.Мирзарахимова, Ноокен районунун, Кочкор-Ата шаардык мэриясынын, "Кыргызнефтегаз" ААКнын Ардак грамоталары менен сыйланган. Ал эми С. Култаева Дооронбек Садырбаев атындагы Фонддун Ардак грамотасына татыктуу болгон. Балдар бакчасында көп жылдардан бери балдар менен иштеп, мол тажрыйба топтоп, наристелердин сүйүктүү эжейине айланган кесип ээлери бир топ. Алардын катарына 35 жылдык тажрыйбасы бар тарбиячы Рысалатхан Мирзарахимованы кошууга болот. Ал өзүнүн эмгек жолунда 80ден ашуун баланы тарбиялап чыгарган. Ал эми жардамчы тарбиячы Лазокатхан Думиеванын балдар бакчасында иштегенине 37 жылдын жүзү болгон. 1984-жылдан тартып, балдар менен татыктуу иштеп келаткан Кандалат Тажикулова ошол жылдан тарта балдарды тамак-аш менен камсыз-

доодон тышкары тийиштүү эмеректер менен камсыздап, чарба иштерин да жүргүзүп келет. Мындан сырткары улуулардын ишин улантып келе жаткан жаштар да бар. Алар 12 жылдан бери иштеп келаткан тарбиячы Г.А.Тагаева, тарбиячы Г.К.Молдалиева, методист Г.А.Кудаярова, музыкант А.Ш.Жалалова, кыргыз тили мугалими Г.Т.Закирова, тарбиячылар: А.Карабаева, Р.С.Кудайбердиева, Г.Д.Мурзаева, Л.Ж.Абдикадырова, З.К.Култаева, Б.А. Атекова.

Балдардын ден соолугу үчүн камкордук көрүп келаткан медайым Алмакан Султаналиеванын да эмгеги бааланууга татыктуу. Мындан тышкары да бир топ санитарка, жардамчы тарбиячы, тарбиячылар-Л.М.Ахматсафаева, Ш.Н.Мурзарахимова, Р.И.Чыбыкеева, Ж.А.Умралиева, М.Жапарова, Н.О.Кубаева, К.Э. Саматова, Б.О. Орозалиева, Н.А. Капаровалардын да эмгеги бааланууга татыктуу.

Балдар бакчасында 2 жаштан 7 жашка чейинки балдар тарбияланат. Алар үчүн 6 тайпа, 1 музыкалык зал, усулкана, ашкана, кир жуучу жай заманбап жасалгалар менен жабдылган. Тарбия орус тилинде жүргүзүлөт. Кыргыз тилинен да сабак берилип, кыргыздын улуттук каада-салттары, үрп-адаттары кошо балдарга үйрөтүлөт. Негизинен эмгек жамаатынын 31 мүчөсү 200дөн ашуун баланы чыныгы камкордукка алышкан.

Эми алдыда балдар бакчасын заманбап тарбия берүүчү балдардын сүйгөн жайына жана алардын чыныгы эс алуусуна шарт жараткан гүлбакчага айландыруу ой-максаттары бар.

№3-КОҢГУРОО ГҮЛ (КОЛОКОЛЬЧИК) БАЛДАР БАКЧАСЫ

Бул балдар бакчасы совет жылдарында 1961-жылдан 1992-жылга чейин иштеп, жүздөгөн балдарды тарбиялап чыгарган. 1993-жылдан баштап каржылоо токтогондугуна байланыштуу иштебей калган. Балдар бакчасынын имаратына 1993-жылдан 2000-жылга чейин Канадалык фирма ээлик кылып келген. 2000-жылдан баштап кароосуз калып, имараттар бузулуп баратканын көргөн "Кыргызнефтегаз" ААКнын жетекчилиги кайдыгер карап турган эмес. 10 жылдан ашык кароосуз калган бул жайдын башка менчикке өтүп кетүүсүнө жол бербеген "Кыргызнефтегаз" ААКнын жетекчилиги 2012-жылы бул балдар бакчасын толугу менен кайра өз карамагына кайтарып алып, аны балдар бакчасына ылайыкташтырып, оңдоп-түздөп, жаңылап, заманбап шарт жаратышты.

Ошентип 2017-жылдын 3-июлунда заманбап ремонттолгон №3-"Колокольчик" балдар бакчасынын ачылышы болду.

Балдар бакчасында 8 тайпада 200 бала тарбияланып жатат, 34 тарбиячы, ашпозчу жана башка адамдардан турган эмгек жамааты үзүрлүү эмгектенүүдө. Алардын ичинен 14 педагог, баардыгы билимдүү. Тарбия бе-

рүү, тил окутуу Мамлекеттик стандарттык жана билим берүү министрлигинин мектепке чейинки тарбиялоо программасынын негизинде жүргүзүлөт.

Балдар бакчасынын материалдык-техникалык базасы чыңдалып, заманбап шарттардын камсыздалышында Нурила Эшиеванын чоң салымы бар, ал курууучулар ишке түшкөндөн баштап, кошо жүрүп, ремонттоо, жасалгалоо, эмеректер менен толуктоо учурунда да талыкпай эмгектенип келди. Азыркы күндө №3-"Колокольчик" балдар бакчасы Кочкор-Ата шаарындагы эң заманбап жана эң алдыңкы мектепке чейинки билим берүү мекемеси болуп саналат.

2019-жылдын 21-февралынан тартып бул балдар бакчасын Санабархан Асанова жетектеп жатат

"НЕФТИЧИ" МАДАНИЯТ ҮЙҮ

"Нефтичи" маданият үйү бүгүнкү күндө "Кыргызнефтегаз" ААКнын каржылоосунда иш алып барат. Бул маданий мекеменин биринчи директору Капанийа Ирина Петровна болгон. Бул жайды 1973-жылдын 30-апрелинен тартып, Шахматова Клара Алексеевна башкарган. Андан соң, Кравченко Александр Дмитрьевич маданият үйүн жетектеген.

Ал эми 1973-жылдын 1-июнунан 1974-жылдын 30-мартына чейин Лукьянов Геннадий Никитович, 1984-жылдын 1-июнунан 1985-жылдын 31-декабрына чейин Анатолий Умурзаков, 1986-жылдын 1-январынан 1986-жылдын 31-декабрына чейин Али Кадыров, 1987-жылдын 1-январынан 1990-жылдын 5-декабрына чейин Каппаница Ирина Петровна, 1990-жылдын 6-декабрынан Кеңешбек Жумашев, ал эми 1990-2007-жылдары Калдыбай Уметов маданият үйүн жетектеген. 2007-жылдын 23-апрелинен тартып маданият үйүнүн директорлук кызматын Калдаркан Джеенбекова аркалап келет.

ДЖЕЕНБЕКОВА КАЛДАРКАН,
"Кыргызнефть" ААКнын маданият үйүнүн директору

1968-жылдын 8-августунда Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Тайгараев совхозунда туулган. Атасы Жээнбеков Амиражан Улуу Ата Мекендик согушка катышып, кан майданда бутуна ок жеп, жаракат алып, айылына кайткан. Келгенден кийин айылда селсовет, кассир, мурап болуп иштеп, чарбанын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Апасы Жээнбекова Аширкан өмүр бою совхоз өндүрүшүндө эмгектенген. Ал балдарын да татыктуу тарбиялап, чарбанын өндүрүшүнө да активдүү катышкан.

Алар үй-бүлөдө жети уул, төрт кыз тарбияланышкан, Калдаркан Джеенбекова үй-бүлөдө балдардын сегизинчиси. Кыргыздын көрүнүктүү уулдарынын бири, маркум Сатыбалды Жээнбеков мына ушул үй-бүлөдө чоңоюп, эрезеге жеткен. Анын эл керегине жараган кыргыздын чыгаан уулу болуп өсүп-жетилишинде ата-энесинин эмгеги чоң.

Ал эми алардын кызы Калдаркан Жеенбекова 1987-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, ошол эле жылы "Винсовхоз" айылынын Гавриловка участкасына караштуу азыркы Сатыбалды Жээнбеков атындагы мектепте мугалимдик эмгек жолун баштаган.

1998-жылы "Кыргызнефтегаз" ААКсына караштуу "Нефтичи" маданият үйүндө маданият кызматкери болуп эмгек жолун уланткан. Ал эми 2007-жылдан бери аталган "Нефтичи" маданият үйүн жетектеп келет.

Маданият тармагындагы татыктуу эмгеги үчүн шаардык, райондук, областтык жана Кыргыз Республикасынын маданият жана туризм министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

Эки уулдун энеси.

ЧАРБА БӨЛҮМҮ

Мекеме өзүнүн жумуштарын баштаган соң, талапка жараша чарба бөлүмү түзүлүп, өзүнө тиешелүү милдеттерин аткара баштаган. Алынган архивдик маалыматтарга караганда буга чейин чарба бөлүмүн бир топ адамдар жетектеген.

Колесникова Клавдия Андреевна – 1987-1988-жылдары иштеген.
Мирошниченко Валентина Николаевна – 1988-1989-жылдары,
Асанбаев Акматжан – 1989-1998-жылдары,
Саипов Аскар – 1998-2000-жылдары,
Токтоналиев Орозмамбет – 2000-2002-жылдары,
Осмоналиев Алимбай – 2002-2010-жылдары,
Асекова Бактыбүбү – 2010-жылдын 5-апрелинен 19-июнуна чейин иштеген.
Осмоналиев Алимбай – 2010-жылдын 19-июнунан 8-сентябрына чейин,
Канаев Заир – 2010-жылдын 15-сентябрынан 2011-жылдын 18-ноябрына, ал эми Карабеков Маматказы 2011-жылдын 18-ноябрынан бүгүнкү күнгө чейин чарба бөлүмүн жетектеп келет.

КАРАБЕКОВ МАМАТКАЗЫ,
Чарба бөлүмүнүн башчысы

1972-жылдын 10-февралында Базар-Коргон районун Акман айылында туулган. 1999-жылы Жалал-Абад коммерциялык институнун эсеп-финансы факултетинин "Финансы жана кредит" адистигин ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы эле жылы Кочкор-Ата шаарчасындагы "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын" кредит бөлүмүндө жетектөөчү адис, 2000-жылдан тартып ошол эле бөлүмдүн башкы адиси болуп 2010-жылга дейре эмгектенген.

2010-жылы октябрь айынан "Кыргызнефтегаз" ААКнын Материалдык камсыздандыруу жана маркетинг башкармалыгынын башчысынын орун басары кызматын аркалаган. 2011-жылдын ноябрь айынан аталган ишкананын чарба бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет.

Бул бөлүмдө бүгүнкү күндө 24 адам эмгектенет. Бөлүмдүн негизги максаты- ишкананын айлана-чөйрөсүн тазалоо, кышкы мезгилде эмгек жамаатынын иш бөлмөлөрүн жылуулук менен тейлөө, ошондой эле кызматкерлерди күнүмдүк керектелүүчү транспорт менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу болуп саналат. Бөлүмдө кызматкерлерге медициналык жардам көрсөтүп, дары-дармек менен камсыздап туруу үчүн 1 фельдшер кызматкери иштейт.

Үй-бүлөлүү, 1 кыз, 1 уулдун атасы.

САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО КЫЗМАТЫ

КУТТУБАЕВА ЗАМИРА,
Фельдшердик бөлүмдүн башчысы

1962-жылы 6-майда Ноокен районунун Ынтымак айылында туулган. Үй-бүлөдө үч кыз, бир уул, төрт бир тууган тарбияланышкан. Ата-энеси дыйканчылык жана мал чарба менен жашоо кечирип, эч нерседен кем кылбай багып-өстүрүшкөн.

1981-жылы Майлуу-Суу шаарындагы медициналык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, жалпы бөлүмүнүн "медайым" адистигине ээ болгон. Ошол эле жылдын август айынан Шамалдуу-Сай ооруканасынын терапия бөлүмүндө эмгек жолун баштаган. 1985-жылы "Ынтымак" айылынын амбулаториясына которулуп, фельдшердик-акушердик пунктта фельдшер-акушерликтен эмгек чыйырын уланткан. Ошол эле жылдын август айында Фрунзе шаарындагы фельдшер-акушердик курсунда окуп, кесиптик чеберчилигин жогорулаткан. 1991-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Кочкор-Ата шаарчасындагы медициналык-санитардык бөлүктүн реанимация бөлүмүндө эмгектенген. 1993-жылдан "Кыргызнефтегаз" мекемесинде фельдшер болуп иштеп, нефтичилердин ден соолугу үчүн кызмат кыла баштады. Ошол кезде бул мекемени Таштемир Калбаев жетектеген. Ал учурда эмгек келишими менен иштечү. 1995-жылы толугу менен "Кыргызнефтегазга" өтүп, "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинде фельдшердик бөлүмдүн башчылыгына дайындалган.

Азыр "Кыргызнефтегаз" ААКсында 6 медициналык жай иштейт, 3 балдар бакчасында медайым эмгектенет, Замира Куттубаева жетектеген фельдшердик жай бардык медициналык жайларды керектүү дары-дармектер менен камсыздайт. Медициналык жайлардын фельдшерлери иштеген жумушчу жана кызматчыларга биринчи медициналык тез жардамды жана күнүмдүк процедураларды көрсөтүп турушат. Алардын ден соолугун көзөмөлдөн өткөрүп, эгерде саламатчылыгы кооптуу болсо ооруканаларга жолдомо беришет, медициналык кароодон өткөрүшөт. Оор шарттарда иштегендерди жылына бир жолу, калган жумушчу-кызматкерлерди үч жылда бир жолу медициналык кароодон өткөрүүнү уюштурушат. Ал эми транспорт айдоочулар жылына бир ирет медициналык аптечка менен камсыздалат.

Куттубаева Замира 1993-жылдан тартып, нефтичилердин саламатчылыгы үчүн камкордук көрүп, өз жүрөгүнүн каалоосу менен тандап алган кесибин аздектеп келет.

Үй-бүлөлүү, эки кыздын, бир уулдун энеси, 4 неберенин тайэнеси.

“БЕРЕКЕ” СҮТ АЗЫКТАР ЦЕХИ

Кочкор-Ата сүт заводу 1969-жылы курулуп, Кочкор-Ата шаарынын жана Ноокен районунун элин сүт азыктары менен камсыздап келген, кезинде сүт заводунда күн сайын 25-30 тоннадан сүт иштетилип, балдар бакчаларын, саламаттыкты сактоо мекемелерин, санаторий, курортторду, соода-сатык жайларын сүт азыктары менен камсыздап турган. 2000-жылдын ноябрь айынан бул сүт азыктар цехи "Кыргызнефтегаз" Ачык Акционердик коомунун карамагына өткөн. 2005-жылы сүт заводу кайрадан уюштурулуп, “Береке" сүт азыктары цехи болуп аталышы өзгөрүлгөн. ”Кыргызнефтегаз" ААКнын балансына алынгандан тарта сүт азыктары цехи зыяндуу жумушта иштеген жумушчуларды сүт жана балдар бакчаларын, мунай жана газ өндүргөн ишканалардын ашканаларын сүт, нан менен камсыздап келет, ошондой эле Кочкор-Ата шаарынын калкы да аталган цехтин жумушчулары даярдаган нан азыктарын сатып алышат. "Кыргызнефтегаз" ААКнын сүт заводунун өткөн тарыхына саресеп сала турган болсок, бул ишканада биринчи директор болуп Саипов Аскарбек иштеген. Ал бул мекемени 2000-жылдын ноябрь айынан 2001-жылдын март айына чейин башкарган. 2002-жылдын март айынан 2002-жылдын июнь айына чейин Асамбаев Акматжан жетектеп, 2002-жылдын июнь айынан 2005-жылдын апрель айына чейин Токталиев Орозмамат директорлук кызматты аркалаган. 2005-жылдын апрель айынан тартып "Береке" сүт азыктары цехинин башчысы милдетин Кожобердиев Калдарбек аткарып келет.

Азыркы кезде сүт азыктары цехинде 9 адам эмгектенет. Ишкана 2005-жылдан бери эч кандай экономикалык чыгашага учурабастан, киреше менен иштеп жатат. Ушул тапта мекеменин өндүрүштүк кубаттуулуктарын жогорулатуунун аракеттери көрүлүүдө. Алдыда сапаттуу жана даамдуу даярдалган нан азыктарын иштеп чыгаруу пландаштырылууда.

Цехте көп жылдык тажрыйбасы бар жумушчулар эмгектенишет. Алардан нан бышыруучулар: (пекарь) Бабаджанова Гульчехра 2002-жылдан тарта иштесе, Ботобаева Зарима 2007-жылдан берки тажрыйбасы бар. Ал эми Малабекова Үпөл 2016-жылдан бери эмгектенет. Алар дайыма иштин сапатына өзгөчө көңүл бөлүшүп, даамдуу, сапаттуу нан бышырып, мекеме-ишканалардын, Кочкор-Ата элинин, сатуучулардын талабын канааттандырып келишет.

Экономикалык көрсөткүчтөргө назар таштап көрсөк, 2006-жылдан азыркы мезгилге чейин нан бышыруу айына 12500-13000 даанага жеткирилип, өндүрүш 4 эсеге жогорулады.

Сүт менен камсыздоодо сүт кабыл алуучу Жолдошматов Тынчтыкбек 2015-жылдын май айынан бери, айдоочу Кожобердиев Дооранбек 2007-жылдан тарта иштеп жатышат. Сүт менен иштөөдө 2002-жылдан 2015-жылга чейин лаборант Абдыжапаров Зулпукар, мастер болуп 2002-жылдан 2012-жылга чейин Исаков Абдыманап иштеп кетишкен. Мындан сырткары Жолдошев Бекназар, Руденко Галина, Вергун Валентина, Ключник Николай да иштеп эс алууга чыгышкан. 2007-жылдан сатуучу болуп Жүдөмишова Карамат иштесе, ишкана тазалыгын Калбаева Мавлютхан дайыма көзөмөлгө алат.

2019-жылдан сметалык долбоору 4500000 сомго белгиленген жаңы нан бышыруучу жана сүттү кайра иштетүүчү цехтерин куруу иштери башталды. Бул имарат заманбап долбоор менен курулуп, буюрса жаңы жабдуулар, керектүү эмеректер менен камсыздалат. Келечекте сүт, нан азыктарынын көлөмү көбөйүп, ишкананын өндүрүшүн жогорулатып, кирешесин арттыруунун ишенимдүү иш-аракеттери көрүлөт. Жумушчулардын иштөө абалын жакшыртуунун бардык чаралары жүзөгө ашырылат.

КОЖОБЕРДИЕВ КАЛДАРБЕК,
"Береке" сүт азыктар цехинин башчысы

1960-жылдын 25-февралында туулган. 1977-жылы айылдагы орто мектепти аяктагандан кийин анын биринчи эмгек жолу Калинин атындагы колхоздо катардагы колхозчу болуп эмгектенүү менен башталган.

1978-1980-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин аткарган. 1980-жылдын июнь айынан тартып кайрадан Калинин атындагы колхоздо диспетчер болуп эмгек жолун уланткан. 1981-жылдан 1982-жылга чейин автотрактордук парктын экономист-эсепчиси, 1982-1985-жылдары эмгек акы эсептөө бөлүмүндө эсепчи, 1985-1996-жылдары мал чарбачылыгы боюнча эсепчи болуп иштеген. 1996-2000-жылдары Ноокен райондук мамлекеттик салык инспекциясында инспектор, бөлүм башчы болуп эмгектенип, 2001-жылдын март айынан тартып "Кыргызнефтегаз" Ачык Акционердик Коомунун сүт заводунда жетектөөчү эсепчи болуп эмгек жолун уланткан. 2005-жылы сүт заводу кайрадан уюштурулуп, "Береке» сүт азыктары цехи болуп өзгөрүп, 2005-жылдын апрель айынан тарта ушул ишкананын башчысы болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү, 3 уул, 2 кыздын атасы.

ӨРТ КЫЗМАТЫ

1952-жылы "Кыргызнефтегаз" мекемеси түзүлүп, мамлекеттик деңгээлде нефть, газ өндүрүүгө көңүл бурула баштаган учурдан тартып, Кочкор-Ата шаарчасында өрт өчүрүү отряды түзүлгөн. Анда бул отряд "ОППО-4" деп аталган. "Кыргызнефтегаздын" нефть, газ өндүрүлгөн аймактары өрткө кооптуу болгондуктан, Кочкор-Ата, "Көк-Таш", "Чаңгыр-Таш" нефть участкаларын баарын бириктиргенде 51 адам иштеген. Азыркы кезде 34 адам иштейт.

1952-жылдан 1980-жылга чейин отряддын башчысы болуп Г.Валиев иштеген. Ошол кезде өрт өчүрүүчү жайдын имараты эски, талапка жооп бербеген. 1986-жылдан "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемеси бул отряд үчүн жаңы имарат куруп, андагы иштеген адистерге ыңгайлуу шарттарды түзүп берген. Ошол жылдан тартып, 1990-жылдын аралыгында жаңы өрт өчүрүүчү техникалар менен камсыз кылынган. 2015-жылы дагы кошумча "Евро КАМАЗ" 43118 маркасындагы жаңы техника сатып алынды. Азыр өрт өчүрүү кызматынын талаптагыдай иштөөсү үчүн техникалык база чыңдалып, ал жерде иштешкен адистерге максаттагыдай шарт түзүлдү.

1980-жылдын 12-августунан өрт өчүрүүчү отряддын башчылык милдетин Темиралы Султанкулов аткарып келатат.

СУЛТАНКУЛОВ ТЕМИРАЛЫ,
Өрттөн сактоо кызматынын башчысы

1953-жылдын 10-декабрында Ленин районунун Бүргөндү айылында туулган. Майлуу-Суудагы электро-механикалык техникумду аяктап, атайын орто билимге ээ болгон. Анын алгачкы эмгек чыйыры 1975-жылы Майлуу-Суудагы "ОППО-5" деп аталган өрт өчүрүүчү отрядда иштөө менен башталган. 1977-жылдын 7-июлунан тартып аталган өрт өчүрүү отрядында мастер, 1980-жылдын 6-июлунан күзөт башчысы, ошол жылдын 12-декабрынан Кочкор-Ата шаарчасындагы "ОППО-4" өрт өчүрүүчү отряддын башчысы кызматтарын аркалап келет. Ал эми 2001-жылдын 6-февралынан тартып "Кыргызнефтегаз" ААКнын азыркы иштеп жаткан өрттөн сактоо бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Анын бул тармакта иштегенине 45 жылдын жүзү болсо, 39 жылы башчылык кызматка арналган.

АРХИВ

"Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк мекемесинин архиви 1960-жылы түзүлгөн. Ошол кезде эң биринчи архивариус болуп Мартин Алема Валентиновна иштеген. Ошол кезде "Нефтепромысель" башкармасынын 1939-1977-жылга чейинки иш кагаздары Ош областынын Жалал-Абаддагы филиалына тапшырылган. Мындагы фонд 436га жеткен.

Кийин бул архивде Гүлбара Бегнаева иштеген. Андан соң, 2009-жылдын 1-майынан 2011-жылдын 6-июлуна чейин, ошол эле жылдан 2013-жылдын 19- сентябрына дейре Нургул Эгембердиева эмгектенген. Ал эми 2013-жылдын 19-августунан Зульфия Маматсакова архив кызматын аткарып келет.

МАМАТСАКОВА ЗУЛЬФИЯ,
архив кызматкери

1976-жылдын 1-мартында төрөлгөн. Үй-бүлөдө беш уул, эки кыз төрөлгөн. Анын бир тууган беш агасы нефть өнөр жай тармагында иштешип, төртөө эс алууга чыгышкан. Кичүү агасы Надырбек Маматсаков борбордук кампада иштейт.

Зульфия Маматсакованын жолдошу да нефтичилердин үй-бүлөсүндө тарбияланган. Анын кайын атасы Нийзам Мажитов тажрыйбалуу бургулоочу болгон. Анын эки бир тууганы да бургулоочу.

1 уул, үч кыздын энеси. Анын тун уулу да алардын эмгек эстафетасын улантуу максатында Кочкор-Ата колледжинин нефть, газ бургулоо факультетинде билим алып жатат.

НЕФТИЧИЛЕРДИН СПОРТУ

"Кыргызнефтегаз" ААКнын профсоюз комитети дене-тарбия жана спорт иштерин өркүндөтүүгө олуттуу көңүл буруу менен нефтичилердин бош убактысында маданий тейлөө жана ден-соолукту чыңдоо максатында бир топ иштерди аткарды. Жыл сайын ААКнын профсоюз комитетинин массалык ден-соолукту чыңдоо календардык планы боюнча спорттун футбол, волейбол, стол тенниси, шахмат жана башка улуттук оюндар боюнча мелдештерди өткөрүү пландаштырылып өткөрүлүп келет. Кичи футбол боюнча өткөрүлгөн бөлүмдөр аралык мелдеште ТТБ акыркы жылдары лидерликке чыкса, волейбол боюнча КБИБ эч кимге мөөрөй бербей келет. Стол тенниси жана шахмат боюнча КПК дайыма активдүүлүктү көрсөтөт. "Нооруз" майрамына, "Эгемендүүлүк күнүнө", "Нефтичилердин кесиптик майрам" күнүнө арналып мелдештерди өткөрүү салтка айланган. Нефтичилер жумуштан кийин бош убактысында "Нефтичи" спорт комплексинде футбол, волейбол, атлетикалык гимнастика спорттун ж.б. түрлөрү боюнча машыгат. Жолдоштук беттешүүлөргө кошуна коллективдерди чакырып, өздөрү да кошуна коллективдерге барып мелдештерге катышып турушат. Айрыкча волейбол, күрөш жана бокс секциялa-

ры активдүүлүк көрсөтүп келүүдө. Спорттун түрлөрү боюнча өткөрүлгөн мелдештердин жеңүүчүлөрү акчалай сыйлык жана атайын даярдалган диплом, грамоталар менен сыйланып турат. Мелдештин салтанаттуу ачылуу аземи, жыйынтыктоо сыйлоо аземдери музыканын коштоосу менен майрамдык маанайда өткөрүү адатка айланган.

2018-жылы кошуна шаар райондор менен спорттук байланышты чыңдоо максатында жолдоштук беттешүүлөргө мүмкүнчүлүккө жараша автоунаа бөлүнүп берилип турду. Жалал-Абад, Майлуу-Суу шаарларынын спорттук уюмдарынын чакыруусу боюнча жолдоштук беттешүүлөр өткөрүлдү. 2018-жылы Ноокен районунун 90 жылдык мааракесине арналган футбол мелдешине айыл округдардын жана кошуна шаарлардын баардыгы 18 команда катышып, жыйынтыгында нефтичилер командасы биринчи орунга татыктуу болуп, акчалай сыйлык менен сыйланды.

"Кыргызнефтегаз" ААКнын профсоюз коми-

тети нефтичилердин маданий-массалык иштерине чоң маани берип келет. Кыш мезгилинде дем алыш күндөрү шаардан сыртка нефтичилерди авто унаа менен ташып, жылгаяк тебүүгө ыңгайлуу жерлерге жеткирип, нефтичилердин балдары менен маданий эс алуусуна шарт жаратып, спорттук улуттук оюндарды уюштуруп келет.

Мелдештердин жеңүүчүлөрү кызыктыруучу белектер менен сыйланып, алардын дене-тарбия жана спортко болгон кызыгуусун арттырат жана алардын маанайын көтөрөт.

ААК кирешелүү өндүрүштүк ишкана болуп эсептелет. Башкармалыкка жаңы дайындалган жетекчиси нефтичилердин социалдык-экономикалык маселелерин чечүүгө комплекстүү мамиле кылып, алардын социалдык муктаждыктарын орундатуу боюча бир топ иштерди аткарып, келечекте "Нефтичи" профилакториясындагы эс алуучу жайларга кошумча курулуш жана аны кеңейтүү иштери пландаштырылууда. "Кыргызнефтегаз" ААКнын башкармалыгынын төрагасы Р.А.Бостонов социалдык жана экономикалык жетишкендиктери үчүн КРнын Профсоюздар Федерациясы тарабынан "Республикадагы эң мыкты иш берүүчү жетекчи" деп табылып, КПФнын төш белгиси менен жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик фондусунун республикадагы "Эң алдыңкы өндүрүштүк ишканасы" деп белгиленип, анын төш белгиси менен сыйлануусу нефтичилерди мындан ары да үзүрлүү эмгектенүүсүнө шыктандырды.

AWARDS
2016
ЖЫЛДЫН МЫКТЫ
СПОРТЧУЛАРЫН
СЫЙЛОО САЛТАНАТЫ
ДИПЛОМ

КООМДУК БАЙЛАНЫШТАР КЫЗМАТЫ

"Кыргызнефтегазга" Рашит Бостонов төрага болуп келиптир" деген маалымат укканымдан бери убакыт өтүп кетти. Мурда-кийин ал туурасында жакшы билгендиктен, мен анын бул жерге жетекчиликке келишин туура көрдүм. Анын бул өндүрүштүк ишкананын ишин жөнгө салып кетишинен күмөнүм жок эле. Аны жакындан билген көпчүлүк адамдарда да мына ушундай пикирдин болушу күмөн эмес эле.

"Кыргызнефтегазга" кызыккандар буга чейин эле болуп келген, мындан кийин деле боло берет сыягы. Жаңы жетекчинин келиши менен эле ал иштебей жатып, интернет булактарынан түрдүү маалыматтар (оң, терс) тарап жатты. Ошол учурда барып калдым.

Жөпжөнөкөй турпатынан жазбаган таризде жылуу кабыл алды. Саламдашкандан соң, өзүнүн ой-максаттары, жаңы идеялары туурасында айтып берди. Анын атайын сунуш менен келип, борбордун бул ишенимин актоо үчүн жакшылап иштеп, өндүрүштү көтөрүүгө бардык күч-аракетин, билимин, тажрыйбасын жумшай тургандыгы жөнүндөгү ойлорун уктум. Ынанымдуу ойлор эле. Ага эмгек жамаатынын түшүнө билген колдоосу керек болчу.

- Бул жерде жакшы адистер, жакшы адамдар бар экен. Биз бири бирибизди түшүнө билип иштесек, бардык кыйынчылыктарды жеңип чыгабыз, "Кыргызнефтегаз" Кыргызстандагы өнүккөн өнөр жай ишканасына айланышы керек, - деди ал.

Ушул кезге чейин ар кандай жумуштарда иштеп, чынын айтканда ишкердик менен алектенип, бир чети көзү каныгып калса, экинчиден кантип кыйынчылыктан чыгуунун жолун өздөштүрүп, ошого жараша анын ой-максат, идеяларын колдоп кете турган ишенген адистер да бар эле. Бул жерде өндүрүш, өндүрүштө продукция алынат, анын тиешелүү кардарлары болот, кардар канчалык көп болсо, ошончолук көп сатылат да, киреше да ошого жараша алынат. Иш жүрүп турса, жумушчу орун да бош болбойт. Кардардардын ошончолук көптүгү, товардын сапатына жараша жана кызматташуунун туруктуулугуна байланыштуу. Өндүрүш бир жерде токтоп турбашы керек, мезгилге жараша жаңы технология да болушу шарт. Ошого жараша товардын сапаты жакшырат, рынокто товардын өтүмдүү болушу үчүн анын сапаты да заманга ылайык стандартка жооп бериши керек, бул ички рынокто гана эмес, экспортто өзгөчө керек, качан гана өнүгүү болот, товар сырткы рынокто айланганда, ал ошончолук өтүмдүү болсо, ошого жараша пайдасы да болот. Азыр Жалал-Абаддагы чыгарылган күйүүчү майлар, бара бара евростандартка жооп бербей калат, бул үчүн жаңы завод куруу керек, албетте

ага ири суммадагы каражат керек, муну айрымдары түшүнүшпөйт, түшүнсө да түшүнгүлөрү келбейт. Ошондуктан, элдин башын айландырып, "Кыргызнефтини" банкрот кылат" деген пикирди жаратууга умтулгандар бар. Биз элге бул жердеги жасап жаткан туура аракетибизди, ой-максат, жаңылануу га болгон кадамдарды жеткирип, калыс пикирлерди жаратышыбыз керек, бул үчүн сенин жардамың керек, - деди.

Мен анын идеяларынын туура экендигине ишендим. Көпчүлүктүн ишеничи үчүн да убакыт керек эле. Ошондон кийин арадан эки-үч ай өтүп кетти. Өзүм кызыккан ишимди таштап кетүү оңойго турбады. Барганым менен бул оор иш болчу. Маалымат "согушунда" жеңилип калуу оппоңой. Көпчүлүктүн оозун жабуу, баарына чек коюу мүмкүн эмес. Кантсе да кийинки барышымда иштеп берүүгө тобокел жасадым. Менин табиятымда кээде тобокелдик пайдасын да берип калчу.

Кызматым кайсыл? Коомдук байланыштар боюнча жетектөөчү адис. Жасай турган жумушум белгилүү. "Кыргызнефтегаздын" эмгектик ишмердүүлүгү туурасында туура, калыс маалыматтарды элге жеткирүү. Бул жердеги жетишкен ийгиликтер туурасында массалык маалымат каражаттары аркылуу маалымдап туруу. Интернет булактарынан бүгүн бир кандайдыр бир такталбаган маалымат чыга калса, анын туура эмес экендигин далилдеп, аягына чыга электе, дагы бир күнү башкасы пайда болот. Кызык жери, элге таанымал массалык маалымат каражаттары эмес, али аты-жыты билине элек кайсыл бир гезит басат да, аны кээ бир сайттар алып тарата салат. Аны бир киши көрдүбү, аны ала салып, facebook аркылуу жайылта берет, жооп берип жетише албайсың. Артынан кубалап жүрө берсең, "маалымат согушу" менен убара болуп, бекер убактың өтөт тура.

Анан массалык маалымат каражаттары менен жакындан кызматташуу максатын көздөдүк. Албетте, бул натыйжасын берип жатты. "Кыргызнефтегаздагы" айлык жемиштүү көрсөткүчтөр, ГРП жасоо, жылда жасалбай келген бургулоо иштеринин жанданышы, айылдыктарды газ менен камсыз кылуу, коррупцияга каршы күрөш, дегиси жакшы жетишкендиктер туурасында телевидение, радио, гезиттер, интернет булактары тынбай жазышты. Өзүбүздө журналисттер менен жетекчилер, адистер пресс-конференция өткөрдүк. Бул жердеги жаңы жетекчиликтин, мындагы адистердин, жалпысынан нефтичилердин эмгектик ийгиликтери, өндүрүштүк жогорулоолор туурасында жакшы маалыматтарды алышкан журналисттер таң калышты. "Кыргызнефтиде" жалаң эле ызы-чуу, иш жүрбөй жатат" деген маалыматтарды угуп жүрсөк бул жерде жакшы иш жүрүп жаткан турбайбы", - деген пикирлер пайда болду. "Кыргызнефтегаздын" жетишкендиктери туурасында тасма тарталы, интернетке берели, гезитке жазалы деген журналисттер область, борбордон бери келип. кызматташуу үчүн сунуштарын көп билдиришти. Ошентип,

"Кыргызнефтегазга" болгон ишеним бир кыйла жолго коюлду.

И баса жетекчилик менин кайрылуумду колдоп, алгач фотоаппарат, жогорку кубаттуулуктагы компьютер, видеокамера менен камсыздап берди. Азырынча видеокамераны иштетүүгө оператор жок болгондуктан өндүрүштү автоматташтыруу участогунун башчысы Абдилхамид Буркановдун жардамы менен ушул мекемеде иштеген инженери Улан Шадиев керек болгон учурда мен айткан кадрларды тасмага түшүрүп, экөөбүз телесюжет даярдап, өзүбүз ютубдан канал ачып, берип да жүрдүк. Мени менен сюжет даярдоого анын убактысы да чектелүү болгондуктан, атайын штат ачуу зарыл экендигин билдиргенимде өзүнчө бир штат бирдигин ажыратып, тасмага тартып, топтоштурууга жөндөмдүү адисти алууга уруксат да берди. Ошентип, Рашит Абдумаликовичтин колдоосу менен 7-каналдын кызматкери Руслан Абдумиталип уулу "Коомдук байланыштар боюнча жетектөөчү адис" штат бирдиги менен жумушка кабыл алынды. Дайыма эле массалык маалымат каражаттарын чакыра бербей өзүбүз тасмага тартып, өзүбүз керектүү адистерден интервью алып, текстин өзүбүз жасап, өзүбүз кураштырып, тийиштүү телевидениеге даяр материал жөнөтөлү деген максат бар болчу.

Менин ошол максатым ишке ашты. Ал эми гезиттерге мурдатан эле макалаларды өзүм даярдап берчүмүн.

Менин нефтичилер менен иштеп калам деген ой уктасам түшүмө да кирбеген. Ошентип, бул жерде көңүлдүү жана мазмундуу иштедим деп айта алам. Мындан өз ишине берилген эмгек адамдарын көрдүм. Алардын көпчүлүгү туурасында ар бири жөнүндө өзүнчө сөз кылууга болоруна ынандым. Балким, бул китеп биринчиси жана акыркысы эместир, бул китепке кирбей калган дагы кыргызнефтичилери туурасында жылуу сөз козгоого мезгил келер.

АБДИЛАТИПОВА МУБАРА

1984-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин "Журналистика" бөлүмүн бүтүрүп, "журналист" адистигине ээ болгон. Алгачкы эмгек жолун мурдагы Ленин райондук "Ленинчил" газетасында баштап, редактордун орун басарлыгына чейин иштеген. Кийинки эмгек жолунда Араван райондук гезитинде бөлүм башчы, жооптуу катчы, Жалал-Абад "Акыйкат жарчысы" областтык гезитинде кабарчы, "Эркин эл" аймактык гезитинде редактордун орун басары болуп эмгектенген. ЭлТРдин Жалал-Абад областтык филиалын жетектеген, Жалал-Абад областтык телерадиокомпаниясында кабарчы, бөлүм башчы, баяндамачы, продюссердик борбордун директору, башкы редактор, орун басар, 7-каналда башкы редактор кызматтарын аркалаган.

"Инсан KG" республикалык журналы жана кыз-келиндердин "Дилбар" гезитинин негиздөөчүсү жана гезиттин башкы редактору.

2017-жылдын октябрь айынан 2019-жылдын 10-январына чейин "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун алгач коомдук байланыштар боюнча жетектөөчү адиси, акырында аталган кызмат боюнча менеджер кызматтарын аткарган.

Үй-бүлөлүү. 2 кыз 1 уулдун бактылуу энеси.

Кыргызстан Журналисттер, Жазуучулар союздарынын мүчөсү.

"Каректеги нур", "Инсан изи", "Асылзат чыйыры", "Асылзат чыйыры-2", "Инсан издери-2", "Куш уяда эмне көрсө учканда ошону алат", "Сеулда тамган көз жаш", "Жоогазын", "Сеулда тамган көз жаш" экинчи китеп, "Кылым карыткан айыл" сыяктуу 14 китептин автору. Кийинки китеби "Булбул" азыр басмада жарыкка чыгуунун алдында турат.

Сыйлыктары:

Райондук, областтык Ардак грамоталар, республикалык журналисттер союзунун, эл аралык уюмдардын дипломдору, Ардак грамоталары. "КТРдин отличниги". ж.б. медалдар, төш белгилердин ээси.

Акционердик коомдун коомдук байланыштар, башкача айтканда басма сөз кызматы бул мекемедеги көзгө көрүнбөгөн жумуш болгондой сезилгени менен аткара турган милдети өтө чоң эле. Ошого жараша жоопкерчилиги да жогору. Кезеги келгенде ар бир сөз, ар бир ой-пикир үчүн жооп берүүгө туура келет. Бул кызматтын турмушунда мына ушундай маселелер көп кездешти. Бул кызмат аркылуу "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому, тактап айтканда нефтичилер эмне өндүрөт жана алар өндүргөн сырьёдон кандай продукция иштеп чыгарылат, аны кимдер иштетишет, дегиси мына ушуну көбү билчү эмес. Бул бөлүмдүн эмгеги менен аз эле убакыттын аралыгында элге маалымат жеткирүү аракеттери жүрүп, жасаган иштин натыйжасы көрүндү деп айтууга негиз бар.

Бул бөлүмдүн ишмердүүлүгү туурасында сөз кылып жатып, коомдук байланыштар кызматы дагы бир адис менен толукталды деп дагы бир ирет айта кетмекчибиз.

Ал теле көрсөтүү жаатында иштеп, телеоператордукту да өздөштүрүүгө жетишкен Руслан Абдумуталип уулу эле.

РУСЛАН АБДУМУТАЛИП уулу

1991-жылдын 29-октябрында Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районуна караштуу Кеңеш айыл өкмөтүнүн Аук айылында төрөлгөн. Айылдагы Алишер Абдырахманов атындагы №31-орто мектепти аяктап, жетилүү аттестатына ээ болгон жана атайын орто билим алган. Андан соң, Кочкор-Ата шаарындагы колледжди ийгиликтүү аяктап, нефти жана газ кендерин пайдалануу жана иштетүү адистигине ээ болгон.

Өзүнүн алгачкы эмгек чыйырын жогоруда аталган окуу жайында окуп жаткан мезгилде лаборанттыктан баштаган. 2011-жылы анын эмгек жолу Жалал-Абаддагы 7-каналда кабарчы болуп иштөө менен улантылган. Аталган телекомпанияда телеоператор, монтажер (тасмаларды топтоштуруучу) болуп да иштеген. "Таң" таңкы көрсөтүүсүнүн алып баруучусу, "Турмуш чындыгы" көрсөтүүсүнүн автору.

2018-жылдын июль айынан "Кыргызнефтегаз" Ачык акционердик коомунун коомчулук байланыш боюнча адис.

Үй-бүлөлүү. Бир кыздын бактылуу атасы.

БИЙИКТЕН БААРЫ КӨРҮНӨТ

Бийик адырдан ылдый тараптын баары көрүнөт. Ар кайсыл жерлерде чоң кичине болуп, төрт жүздөн ашуун нефть, газ качалкалары жайгашкан. Айрым жеринде кыр-катар тизилген майда качалкалар да бар. Эң азы суткасына 0,1 тонна нефть берсе. Эң көп бергени 9 тоннага чейин жетет. Ал эми ар биринин тереңдиги 600 метрден 3,5 миң метрге чейин жайгашкан. Бул качалкалар Избаскент, Майлу-Су, Кара-Дарыянын Чаңгыр-Таш, Баткендин Арка аймактарында.

Нефтиде иштеген адамдын жумушу жеңил эмес. Аны баары эле биле беришпейт. Кышында ызгаардуу суук. Муздак шамал бетти тызылдатып, дене бойду ичиркентет. Кол кымтууга келбей, бут алдынан сыз өтөт. Бир скважина менен экинчисинин аралыгы бир топ. Ошого карабастан, жөө-жалаң нефть алынып жаткан качалкага жетет да, анын иштөөсүн бир сыйра көздөн кечирип, өлчөгүч менен ченеп, андан ары кийинкисине жөнөйт. Баскан сайын бут алдынан кардын кычыр-кучур үнү угулуп, ага алаксый ой кубалап барат. Бийик жерге чыкканда улам дем алып, токтогондо эки колу менен эки тизесин басып саамга эс алат да, кайра өйдөлөй кетет. Бир айдын он беш күнү дайыма ушундай көрүнүш. Жумуш жеңил эмес, дене какшаткан суук, ага кошумча кулагынан тартып бетинен бери үшүткөн муздак шамал, күн сайын кайталанат. Басып жүрүп олтуруп, калыңдап кийген кийимине карабастан баса берип тердеп да кетет. Жеңилдеп алганы болбойт. Сыртындагы калың кийимин чечип алайын десе, тердеген денесине суук тийип, эртеси ооруп калышы бышык. Алардын бешенесине быйыл кар өтө оор түшкөн жок. Декабрда кар аз болду, 2019-жылдын январында деле кыйратып кар жааган жок, тетирисинче жамгыр жааган мезгил болду. Мурдагыдай жарым метрлеп кар жаап, күнү түнү болуп турчу чыкыроон суук азыраак, ошентсе да бир аз эле кар жаай түшсө эле кыш кыштыгын кылат көрүнөт кара суук болуп кетет. Жаан жааганда кыштын күнү деле жер баткакка чыланып жатып калат, ушунда жүрүп көр.

Жаз келгенде көнөктөп жамгыр төгүп, басууга буямасын келтирбей жол үстү ылайга чыланат. Анда тизесине чейин баткак. Мурдагы жылдан калган чөптөргө аралаш, эми гана жашылдана баштаган көк чөптүн ордун тандап басканына карабастан тизесине чейин баткак болуп, күндөгү көнүмүш адаты менен бир качалкадан экинчи качалкага карай адымдайт. Кыйч-куйч үн салып бир да тыным албай иштеп жаткан агрегатка жетет да, өзүнүн күндөлүк жумушун жасап ары жөнөйт. Өзү чарчаса да булардын тыным албай иштегени жакшы, болбосо буга чейин канча нефти берсе, ошол нефть жок, күндөлүк эсептен төмөндөп кетет, бул ага да, мекемеге да зыян алып келет, бирде ылдый, бирде жогору карай көтөрүлүп, чарчоо сезбей иштеп жаткан

качалкага жетпей туруп бериден эле кубана илгерилейт, ичинен Кудайга миң мертебе ыраазычылыгын айтып, ага жетери менен бир саамга токтоп, жумушун бүтөрү менен кийинкисине карай бет алат, андан ары баткак басып, дагы сапар улайт.

Жай келет, күндүн көзү көрүнүп, тээ төбөдө карай көтөрүлө улам ысый берет. Чак түштө боргулдап тердеп, чарчаганын сезет. Ал эми жайдын саратан аптабында басуу кыйындайт. Буту менен баскан сайын чаңыган топурак менен жүрүп олтуруп, биринен экинчи качалкага, жөө басып, күн сайын кайталана турган жумушун жасайт. Ар бир качалканын иштөө жөндөмдүүлүгү ага тааныш. Кала берсе күн сайын баса берип, ар бир кадам койгон жери тааныш.

Ошентип олтуруп күз келет. Аба салкын тартып, мурдагыдай ысык шамал улам мээлүүн тартып, аба сууктай баштайт. Анан эле кайрадан кыштын белгиси сезиле баштайт, анан кычыраган кыш.

Эң алгач ушул адырлардан нефть ала башташкан. Тарыхка карап көрсөк, анда жергиликтүү калк жердин түпкүрүнө чейин жетип, нефть алууну кайдан билишсин, англичандар, орустар казышыптыр, бара-бара жергиликтүү элди тартып, ошондо да башчылары башкалар. Кийин деле негизги адистер сырттан келишкен, жергиликтүү элден жумушчусу болбосо, инженер, геолог дегени болбоптур. Эгемендүүлүк жылдарынан кийин алар кетип, жергиликтүүлөр окуп анан адис болуп калышпадыбы.

Дагы артка кайрылалы. 1901-жылды эле эсептегенде 118 жыл болуптур. Ал кезде жеке адамдар казса да мамлекетке, кийин чет өлкөгө жөнөтүшкөн деген маалыматтар сакталган. Чет өлкөлүктөр да сатып алып, иштетишкен. Бир канча компаниялар түзүлүп, аны жеке адамдар башкарышып, ошол кезде да атаандаштык күчөп, күчтүүлөр калып, күчсүздөр ишин токтотушкан кездер болгон. Андан бери бир кылым ашык убакыт өттү.

1952-жылы "Кыргызнефтегаз" өндүрүштүк бирикмеси түзүлүп, нефть өндүрүшүнө мамлекеттик деңгээлде көңүл бурула баштаган. Ошол учурдан тартып, жылдын төрт мезгили тынымсыз бири бузулса экинчиси орнотулуп, бири ишин токтотсо башкасын жүргүзүп, дегиси нефть качалкаларын тынымсыз иштетүүгө аракеттер көрүлүп келет.

Жыл сайын жылдын төрт мезгили ушинтип кайталанат. Нефтиде адырда иштеген нефтичинин жашоосу нөшөрлөгөн жамгыр, аптаптуу ысык, ызгаардуу сукка карабай качалкалар менен алпурушуп өтө берет. Жылына бир жаштан кошулуп олтуруп, жашы орто жашка келип, орто жашы улгайып, бир убакта караса бешенесине бырыш түшүп, жүзү карт тартып, картайып баратканын сезет. Өмүрүн адырларда өткөрүп, нефтисиз жашоосун элестете албаган канча адамдар бул ааламдан өтүп кетти. Азыр алардын балдары, небересери, кээ бирисинин чеберелери азыр чоң ата, таяларынын ордун басып, иштеп калышты.

Ойлоп көрсө бул жерде иштеген адам күндөлүк жашоосу нефтиге байланышып, андан башка жашоону элестете албай, жыргалдын, кубанычтын, кала берсе капалыктын баары мына ушул жерде өңдүү сезилип, башка сырткы дүйнөдөн да алыстап калат тура. Турмушу нефти менен өтүп, анда мээнет менен иштеп тапкан каражаты менен үй-бүлөсүн багып, жашоосун өткөрүп, ошентип, мезгил кубалап, жылдар-жылга алмашып, улуусунун ордун жашы ээлеп, анын ордун дагы башкасы ээлеп, баягы качалкалардагы турмуш уланып келет.

Кыскасы, азыр да адырларды кезип, өмүрү качалкалар менен байланышкан ар бир нефтичи ушул ишине көнүп бүткөн. Маянасы жакшы, бирок, суугун, күн сайын жөө баскан таман акысын, убактысын, эмгегин баарын эсептегенде алганы да аздык кылгансыйт. Ошентсе да, Кыргызстандын кайсыл бурчуна барбагын, мындай маяна кайда. Мээнет кылып тапкан эмгек акысы менен үй-бүлөсүн багат, бул болбосо кайдан акча тапмак. Бир чети Жараткандын берип койгон ушул ырыскысына кубанат. Эгерде жер алдынан минтип атырылып нефть чыкпаса, газ алынбаса кайда барышмак. Өткөн тарыхка саресеп салып көрсө миң тогуз жүз жылдан бери ушул аймактан нефть алынып, ушул жердеги элге ырыскысын чачып келет. Союз учурунда улуу орус эли тонналаган нефть өндүрүп, пайданын баарын өздөрү көрүшкөн, ал кезде жылына 400-500 тоннанын ортосунда нефть алынып, 300-400 миллион куб, жок дегенде 100 миллион куб газ өндүрүлгөн. Ошончо жылдан бери тынбай өндүрүлүп келаткан мунайзаты дале түгөнбөй казылып келет. Эгерде Союз тарабай турганда, ошол деңгээл балким төмөндөмөк эместир, анда дагы жаңы жайлар чалгындалып, бургуланып, өндүрүлмөк беле.

Өзүбүзчө мамлекет болгондон бери бирде азайып, бирде көбөйүп, кайрадан кемип, мына акыркы жылдан бери иш илгерилеп, нефтичилердин бешенесине алдыдагы жакшы үмүттөрдүн чырагы жарык күйө баштады.

Эгемендүүлүк алганыбыздан бери чет мамлекеттер мурдагыдан да көбүрөөк кызыга башташты. Мурда сырттан аңдышса, азыр ичкери эле кирип, биздин адырларга, тоо таштарга чейин жетишти. Жердин үстү кала калып, түбүнө чейин казып жатышат. Башка аймактарды айтпайлы, мына бул азыр өзүбүз өндүрүп жаткан нефтини алганга да ортоктош болуп олтурушат. Мына азыр нефть, газ алынган аймактардын ар кайсыл жерлеринде алардын тереңдиги жердин тээ ылдый катмарына чейин, башкача айтканда эки,үч миң метрге сүңгүп кирген ири көлөмдөгү техникалары менен нефть алып жатышат. Алардагыдай каражат бизде кайда. Эгерде ушинтип жүрүп олтурса жер асты, жер үстүндөгү байлыктарыбыз калбай казылып алынып, биздин кийинки муундар кайсыны казып, кайсыны өндүрүшөт, аларга кандай байлык, канча байлык калтырабыз деген суроо туулат. Мына азыр кытайлардын иштеткен техникаларын көрсөң, бир чети суктансаң, экинчиден

ичиң таарый түшөт, булар биздин байлыгыбызды, биздин мүлкүбүздү алып кетип жатышат, алар канча өндүрүп, канчасын бизге калтырып жатканын ким эсептеп олтурсун.

Бир чети буларды инвестор дейли, инвестициянын бизге келгени дурус дейли. Атаганат эгерде өз күчүбүз, өз каражатыбыз болгондо байлыктын баарын өзүбүз өндүрсөк болмок.

Кээде мына ушул бийик адырдын үстүнө чыгып алып, биздин нефтичилер бийик үн менен кыйкыргылары келет, алар баарын өз көздөрү менен көрүп турушат. Алар кандай иштегенин, техникалары кандай иштеп жатканын, нефть тарткан транспорттор ылдый карай кандай агылганын көрүшөт.

Бүгүнкү Рашит Бостонов жетектеген адистер, жалпысынан жетекчилер жетекчилик нефть, газ өндүрүүнүн көлөмүн көтөрүүгө умтулуп жатканын да нефтичилер жакшы билишет. Колдон келсе өзүбүз иштетсек деген аруу үмүттөр да аларга белгилүү. Бара-бара бүгүнкү качалкалар, нефть ташыган азыркы техникалар да таптакыр эскирет, азыр канчасы эскирди. Бүгүнкү нефтинин көлөмү да азаят, булагы да төмөндөйт, жаңыларын табуу керек, ага да ири өлчөмдө каражат сарпталат. Ошону үчүн чоң каражат керек, ага мекеменин кайдан күчү жетсин. Ошондуктан, сырттан инвестиция издеп жатканы бекеринен эмес. Азыркы иштеп жаткан 2300 адамдын ишсиз калбашы үчүн, техникалардын жаңыланып, кубаттуу нефть, газ өндүрүүчү жабдуулардын болушу үчүн, өндүрүлгөн нефтини кайра иштетүү үчүн заманбап заводду куруу үчүн инвестиция керек. Азыр калкы араң 6 миллионго жеткен Кыргызстан эле эмес, дүйнөдө башка өнүккөн мамлекеттер деле инвестиция менен иштешет тура.

Азыр өндүрүлүп жаткан нефть булактарынын көлөмүн көбөйтүп, дагы нефть, газ чыга турган жаңы жайларын таап, ал сырьёлорду өндүрүп албасак, дагы бир канча жылдан соң, күйүүчү майга болгон талап да болбой, транспорттордо жалаң газ, же башка жаңы сырьёлор менен колдоно турган кез болушу күмөн эмес, анткени бир учурда космоско учуу жаңылык болгон, азыр ушул жерде туруп, өзүбүз көрбөгөн дүйнөнүн башка бир бурчундагы жакын адамыбыздын үнүн угуп, мындай турсун жүзүн көрүп сүйлөшүүгө жетишкен мезгилден да өтүп, башка бир биз көрбөгөн укмуштар жаралышы мүмкүн. Мындан айтайын дегеним, транспорттордо жалаң газ гана пайдаланылышы мүмкүн, же дагы башка бир укмуштуудай жаңы табылга жаралышы бышык. Бара-бара жүрүп олтуруп, нефть өндүрүүнүн пайдасы болбой калышы шексиз, ошондуктан тезинен инвестиция таап, жер алдындагы мунайзатын өндүрүп, иштетүүгө тезинен мүмкүнчүлүктөр жаралса пайда гана алмакпыз деген да пикирлер бар.

Албетте, мында акылдуулук кылып жаткан жокпуз сыягы, бизден акылдуу, бизден мыкты адамдар журт башында турушат, бир кезде Манасты,

акыркы мезгилде Чынгызды жараткан улуу кыргызда неге ошолордой адамдар азыр аз болуп жатканына кээде өкүнө түшөбүз.

"Кыргызнефтегаздын" бүгүнкү жетекчилигинин ишмердүүлүгү мына ушул багытта жүрүп жаткандыгы талашсыз. Ошондуктан, "Кыргызнефтегаз"ды сатууга аракет кылып жатат" деп ар кандай ушак-айыңдарды тараткандын ордуна акыл-эстүүлүк менен саресеп салып көрсөк, эгерде кийинкилигибизди ойлосок, инвестиция тартуу маселесиндеги мындагы жетекчиликтин ой-максатын, аракетин колдоо туура деген жүйөөлүү пикир жаралат.

Эгерде тездик менен жасалган аракеттер жемишин берчүдөй болсо, кичинекей Кочкор-Ата шаарын өнүктүрүүгө, кала берсе, аймагын кеңейтүүгө, шаардыктар түгүл, кошуна айыл-кыштактарга чейин көйгөйлүү маселелерди чечүүгө шарт жаратууга жол бермек беле. Ошондо бүгүнкү 2300 нефтичинин гана эмес, жалпы Ноокен районунун, эгерде алыска бара турган болсок, Түштүк Кыргызстандын калкынын жумушсуздук маселесиндеги көйгөйлөрдүн жана көптөгөн социалдык маселелердин чечилишине, унааларга сапаттуу күйүүчү майларды колдонууга мүмкүндүк жаралмактыр.

Ошондуктан, ылдыйдан жогору жакты карабай, жогору жакта туруп, ылдыйды караган дурустур, анткени бийиктен баары даана көрүнөт.

Мубара АБДУЛАТИПОВА.

ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ СӨЗ

Мына эми кыргыз мунайы, анда иштеген мунайчылар туурасындагы китептин да соңуна чыктык. Кандай жазылды, кимдер туурасында баяндалды, дагы кимдер калды? Китепке киргизилген бардык маалыматтарды өздөрү беришти. Биз болгону ар бирин тизмектеп, бир азыраак көркөм боёк сүртүп, бир азыраак жылуу оюбузду кошуп, бул жакшы адамдар туурасында баяндап бердик.

Өткөндүн баары тарых. Мекеменин гана эмес, анда иштеген ар бир адамдын, бул аймакта жашаган ар бир атуулдун өзүнүн жасаган ишине, басып өткөн жолуна жараша тарых, таржымалы болот. Көбүнөн айырмаланып, Түштүк Кыргызстандын тоолорунан атырылып чыккан кыргыз мунайынын тарыхы терең, таржымалы бай. Бул мунай өзүнөн өзү чыгып жаткан жок. Алгач геологдор изилдеп, тактап, далилдеп, аныктап берип, аны бургулоочулар жер катмарынын тереңинен бургулап, ал эми нефтичилер ошол тээ жер астынан аны өндүрүп, булардын баарына кайратман эмгек, жигердүү аракет жумшалып, анан гана оргуштап алынып жатпайбы. Ошол чийки затты чакырымга созулган түтүктөр аркылуу бир нече чакырымга сызылып агып келип, анан да оор унаалар менен ташылып олтуруп, тиешелүү жерине жетип, анан суусу менен кумунан тазаланып, андан ары кайра иштеткени заводго жөнөтүлөт. Алар бул жерден карамайдан жеңил унаалар менен жүк ташуучу транспортторго, айыл чарба техникаларына керектелүүчү күйүүчү майы, мазуту чыгып, андан ары рынокко жөнөтүлөт. Баары эле ооз менен бир заматта айта салганыбыз менен канчалаган мээнет, канчалаган күч жумшалат.

Бүгүнкү күн эртеңкиге окшобойт, ошого жараша заман да өзгөрүүнү талап кылат, болгондо да жаңы талап, жаңы технология менен жаңы продукция. Мунун баары сапаттын жакшырышына кадам, ошентип, мезгил заманбап жаңылануу талап кылып жаткан кез.

Кыргыз мунайында дагы жаңы жайларды издеп табуу, ошого жараша көп өндүрүү, өндүрүштү тездетүү, жаңы ыкмалар, жаңы өзгөрүүлөр, булардын баары ири суммадагы каражатты талап кылат. Кандай болгон күндө да жаңылануу шарты учурдун талабы.

Нефтичилердин көксөгөн тилеги, арзыган ою ишке ашчу күндөргө азыраак гана убакыт калгандай. Алар бүгүнкүдөн да жакшыраак, бүгүнкүдөн да бакубаттуу жашагылары келет. Кыргызстандык нефтичилердин да чет өлкөлөрдөгүдөй төгөрөгү төп келишкен, жыргалдуу, бактылуу болууга акылары бар. Бул бактылуу жашоону алар өздөрүнүн жигердүү, эрктүү эмгеги менен өз колдору аркылуу курушат.

Бул китепте алардын эмгеги жана мына ушундай ой-максаттары да чагылдырылган.

Бул жерде өз ишине берилген эмгек адамдарын көрдүм. Цехтерге, адырларга чейин кыдырып, ысык-суукта иштеп жатышкан эмгек адамдарынын ишине күбө болдук. Алардын көпчүлүгү туурасында ар бири жөнүндө өзүнчө сөз кылууга болоруна ынандым. Балким, бул китеп биринчиси жана акыркысы эместир, бул китепке кирбей калган дагы кыргызнефтичилери туурасында жылуу сөз козгоого мезгил келер.

Айтар сөз бул китептин жазылышында идеялаш жана демилгечи болгон "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы Бостонов Рашит Абдумаликовичке чоң колдоосу үчүн көптөн көп ыраазычылык билдирип кетемин. Демилге жаралып, бирок иш башталганда да бул жумуштун аягына чыгуу жеңил болгон жок. Кантсе да баштаган жумуштун аягына чыгууга белсенип кириштик. Китептин материалдарын топтоого жардам беришкен башкармалыкта транспорт жана коомдук маселелер боюнча департаменттин директору Таалайбек Мурзакулов, ар бир башкармалыктын, бөлүмдөр менен участкалардын жетекчилери-Бекболот Султанов, Орозбек Нурумбетов, Нурлан Абылов, Кочкоралы Амадалиев, Абдиламид Бурканов, Калдар Абдыразаков, курулуш-монтаждоо участкасынын башчысы Кадыржан Момошов, капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысы Кадырбек Бечелов, өзгөчө Кыргыз бургулоо иштер башкармасынын башкы инженери Абдилла Жусуповго, акционердик коомдун кадрлар бөлүмүнүн II категориядагы инженери Эльвира Нугманова, НГДУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы – Нургуль Сыдыкова, коомдун геология бөлүмүнүн башчысы Урумкан Бабединова, каржы директору Буркан Темирбаев, башкы эсепчи Айзада Баратова, профсоюздук комитеттин төрагасы Акынбек Раимкулов, аталган уюмдун инструктору Арип Жапаров, коомдук байланыштар боюнча адис (азыр менеджер) Руслан Абдумуталип уулуна жана башка колдоо көрсөткөн кызматкерлердин баарына, ошону менен бирге ар тараптан колдоо көрсөтүп келген “Кыргызнефтегаз” ААКнын инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча башкарманын төрагасынын орун басары Рысалиев Таалайбек Кумашевичке, материалдык камсыздоо, маркетинг жана сатып алуу башкармалыгынын башчысы Айбек Ниязалиевге, аты чыкпай калган адамдардын бардыгына, бул китептин материалдарын чогултуудан баштап, басмага даярдалып, басылып чыгарылганга чейин колдоо көрсөтүп келишкен ою түз, пейли таза, тилектеш болушкан ар бир жетекчи, ар бир жөнөкөй адиске чейин китептин чыгышына салымы болду деп айта аламын. Ошондуктан, мен бул адамдардын бардыгына чын пейилден ыраазычылыгымды билдирем.

Мына ошентип, мына ушул адамдардын колдоосу менен бул китептин аягына чыгып олтурабыз. Сиздер менен иштешип жатып, ой-тилегибиз, максатыбыз бир экендигине, пейлибиз түз, тилегибиз ак экендигин түшүндүм.

Мен ушуга ыраазымын. Анткени, нефтичилердин өздөрү кара май өндүрсө да, бирок алардын таза пейилиндей, нефтичилердин жигериндей, аруу тилегиндей сапаттарды көп жерден көрбөдүм. Сиздер менен иштешкениме терең ыраазымын. Бул да кудайдын буйругу. Биз биргелешип чоң эмгек жараттык.

Сиздер менен чогуу иштешип, бул чоң эмгекти бирге жараткандыгыбызга жардам берген Жаратканга да миң мертебе ыраазымын. Эгерде Жараткан дилибизге идея бербесе, жол көрсөтпөсө, баштаган ишибизге көмөк болбосо бул китеп жазылып, сиздердин колуңуздарга тийбесе керек эле. Бул да Алланын жардамы деп түшүнүшүбүз керек.

Дайыма жүзүңүздөрдөн жылмаюу, көзүңүздөрдөн бакыттын нуру өчпөсүн. Кайратмандык менен жасаган эмгегиңиздердин жемишин көрүңүздөр. Ар бир күнүңүздөрдү жакшылыктар, кубанычтар жана ийгиликтер коштосун. Баарыңыздарга бекем ден соолук, бактылуу жана татыктуу жашоо каалаймын!

Буюрса өндүрүшкө жаңы, заманбап технологиялар киргизилип, бүгүнкүдөн да арбын, азыркыдан да мол нефть, газ өндүрүлүп, миллиарддаган киреше алынып, Түштүк Кыргызстандагы жападан жалгыз нефть өндүрүүчү "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунун кадыр-баркы мындан да көтөрүлүп, аброю өсө берет деген ойлор бар.

Кыргызстан сиздер сыяктуу каармандардын эмгеги менен гана гүлдөп-өсүшүнө баарыбыз ишенебиз.

Мубара АБДИЛАТИПОВА,
Кыргызстан жазуучулар жана
журналисттер союздарынын мүчөсү.

"КЫРГЫЗНЕФТЕГАЗ" ачык акционердик коомунда иштеген кызматкерлердин ТИЗМЕСИ

к №	Аты-жөнү	Ээлеген кызматы
	Аппарат	
1	Бостонов Рашит Абдумаликович	Башкармалыктын төрагасы
2	Мураталиев Тимур Тургуналиевич	Башкы инженери
3	Рысалиев Таалайбек Кумашевич	«Кыргызнефтегаз» АККнын башкармалыгынын төрагасынын инвестициялар жана тышкы экономикалык байланыштар, каржы маселелер боюнча орун басары
4	Кулунтаев Бектемир Токтоналиевич	Башкы геолог
5	Мурзакулов Таалайбек Абдумиталипович	"Кыргызнефтегаз" ААКнын жалпы маселелер жана транспорт боюнча департаментинин директору
6	Темирбаев Бурканбек Батырович	каржы директор
7	Анарбаев Умарали Абдуманнабович	башкарманын аппарат башчысы
8	Азизов Тургунбай Абдурахманович	башкы маркшейдер
9	Максудова Зеньфира Асановна	офис-менеджери
10	Гаппарова Айсулу Абдиназаровна	кеңсе башчысы
11	Мадоморов Маратбек Мамажанович	транспорт боюнча инженери
12	Тажибаев Кубанычбек Абдисатарович	маркшейдер
13	Нарбаев Медетбек Мансуралыевич	Өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн башчысы
14	Жоробаев Дуйшеналы Садырович	жетектөөчү инженер технолог
15	Абишев Калыбек Муктарович	I-даражадагы инженери
16	Дакеев Бактыбек Турдубекович	экология боюнча жетектөөчү адис
17	Маткасимова Таттибу Патилаевна	II-даражадагы инженер
18	Бабединова Урумкан Абдырахмановна	Геологиялык бөлүмдүн башчысы

19	Сариева Нургуль Анарбековна	II-даражадагы геолог
20	Патиллаев Манасбек Абдыракманович	II-даражадгы геолог
21	Шаршекеев Азирет	геолог
22	Каныбеков Өскөнбек Каныбекович	геолог
23	Усенова Бегимай Джуманазаровна	геолог
24	Абдукаимова Карамат	чертежник
25	Акимбеков Анатолий Нурматович	Иштеп чыгаруу бөлүмүнүн башчысы
26	Алымкулов Авазбек Кабылбекович	жетектөөчү инженер технолог
27	Омурзаков Усен Джалилович	жетектөөчү геолог
28	Пидько Анжела Александровна	инженер
29	Бечелов Кадырбек Асанович	Курулуш боюнча бөлүмдүн башчысы
30	Тажибаев Абдисатар Арапбаевич	курулушту көзөмөлдөө боюнча 1-даражадагы инженер
31	Талиева Рахима Анарбаевна	I-даражадагы смета түзүүчү инженер
32	Эркинбеков Медеткан Эркинбекович	долбоорлоочу-инженер
33	Жолчубаева Нургүль Жолчубаевна	курулуш боюнча инженер
34	Субанов Бексултан Саякбаевич	курулуш техниги
35	Борбиев Абдырасул Акынбаевич	Кубаттуулук жана механикалык коопсуздук боюнча башкы энергетик
36	Кочкоров Жолчубай Төлөнович	башкы механик
37	Маматов Сатывалды Омурбекович	II-даражадагы кубаттуулук инженери
38	Абишев Кадырбек Муктарович	II-даражадагы инженер-механик
39	Сарыгулов Абдиллажан Жолчумаматович	инженер-энергетиги
40	Шеримбеков Абдимиталип Камчыбекович	Коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо кызматынын башчысы
41	Эшатов Мырзабек Раимбекович	1-даражадагы техника жана эмгекти коргоо кызматынын инженери
42	Мактымбаев Муканбек Номанжанович	жарандык коргонуу боюнча инженер

43	Момошева Гүлжамал Абасовна	Эмгекти уюштуруу жана эмгек акы бөлүмүнүн башчысы
44	Кенжебаева Калыйман Шаршеновна	эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча 1-даражадагы инженер
45	Момошов Усен Акимович	эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча 2-даражадагы инженер
46	Мамадалиев Мирбек Исмаилович	эмгекти уюштуруу жана ченемдөө боюнча инженер
47	Гаджиева Гульчахра Азамовна	Экономикалык пландоо бөлүмүнүн башчысы
48	Масиров Сейитбек Ногойкулович	I-даражадагы пландоо боюнча үнөмдөөчү
49	Бурканов Нурбек Абдиламидович	II-даражадагы пландоо боюнча үнөмдөөчү
50	Суеркулова Перизаткан Кочкорбаевна	II-даражадагы пландоо боюнча үнөмдөөчү
51	Нуркулов Азамат Калилович	үнөмдөөчү
52	Самибаев Чынгызбек Жанышбекович	Тышкы экономикалык байланыштар жана инвестициялар бөлүмүнүн башчысы
53	Султанова Айжаркын Бекболотовна	үнөмдөөчү
54	Капарова Жылдыз Анарбаевна	котормочу
55	Эгембердиев Абдикарим Абдыкайымович	Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
56	Мырзамамытова Мамлакатхан Махаматжановна	I даражадагы кадрлар боюнча инженери
57	Нугманова Эльвира Рифовна	II даражадагы кадрлар боюнча инженери
58	Благодаренко Юлия Сергеевна	аскерге милдеттүүлөрдү брондоо инспектору-мектеп жашына чейинки балдар мекемесинин методисти
59	Жумабек кызы Жумагүл	аскерге милдеттүүлөрдү брондоо инспектору-мектеп жашына чейинки балдар мекемесинин методисти

60	Чаканов Эдилбек Сайпидинович	Юридикалык бөлүмдүн башчысы
61	Тотонов Эркин Нурмаматович	юрисконсульт
62	Турдубаев Кубатбек Куланбекович	юрисконсульт
63	Баратова Айзада Абдимомуновна	Борбордук эсептөө бөлүмүнүн башкы бухгалтери
64	Туркменов Байыш Абдиманапович	башкы бухгалтердин эсеп-кысап жана өндүрүш боюнча биринчи орун басары
65	Рахманов Бакытбек Калмаматович	башкы бухгалтердин налог боюнча жана күнүмдүк милдеттери боюнча орун басары
66	Жусупова Айзада Абдирашовна	сатуу боюнча жетектөөчү бухгалтер
67	Нышаналиева Бермет Адишевна	социалдык фонддун милдеттерин жана айлык акыларды бөлүштүрүү боюнча бухгалтер
68	Цымбал Татьяна Федоровна	банктык жана кассалык акча каражаттарын эсептөө боюнча бухгалтер
69	Чынтемиров Медербек Тынашбекович	ички ведомстволук эсептер боюнча бухгалтер
70	Мырзакматова Бурулкан Амановна	материалдык эсебин алуу боюнча улуу бухгалтер
71	Дарбанов Сардарбек Кубанычбекович	складды эсепке алуу боюнча бухгалтер
72	Касымбекова Назгүл Жопоновна	айлык акыларды эсептөө боюнча бухгалтер
73	Сыдыкова Жыпаргуль Бейшеналиевна	негизги каражат боюнча бухгалтер
74	Мамасадыкова Айгерим Мамасадыковна	дебитордук жана кредитордук эсепке алуу боюнча бухгалтер
75	Борбугулова Венера Тыныбековна	сатуу боюнча бухгалтер
76	Исмаилова Минавархан Матхалыковна	бухгалтер
77	Тагаева Гульнара Абдыжапаровна	кассир
78	Тургунбаев Нурсултан Тургунбаевич	негизги каражат боюнча бухгалтер

79	Мокушева Айсулуу Урматбековна	сатуу боюнча бухгалтер
80	Мамадияров Абдумалик Мажитович	уурулуктун алдын алуу жана видео көзөмөл кызматынын башчысы
81	Шадиев Уланбек Абдыкарович	инженер
82	Мамыралиев Сабыр Базарбекович	Эсептөө маалымат борборунун башчысы
8383	Кадикеев Бакытбек Эрмаматович	програмист инженер
84	Пягай Анатолий Петрович	инженер электроник
85	Мамыралиев Кутман Базарбекович	инженер
86	Бакиева Лилия Алмасовна	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
87	Мадалиева Аида Эргешалиевна	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
88	Абдимуратова Малика Абдимуратова	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
89	Калдарбеков Сыргабек Токторалиевич	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
90	Арапбаева Зарина Бактыбековна	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
91	Ниязалиев Айбек Кудайбергенович	Сатып алуу, маркетинг жана материалдык жактан камсыздандыруу башкармасынын башчысы
92	Канаев Заирбек Кочкорович	башчынын орун басары
93	Ахматов Мирланбек Адылбекович	материалдык техникалык жабдуу боюнча жетектөөчү үнөмдөөчү
94	Абдырахман уулу Сагын	материалдык техникалык жабдуу боюнча жетектөөчү үнөмдөөчү
95	Мамадиева Зульфия Самидиновна	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
96	Бөлөкбаев Ураим Исакович	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
97	Омуркулов Адылбек Мадаминжанович	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
98	Раимкулова Азиза Утуровна	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү

99	Бакиров Раимжан Мамадалиевич	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
100	Абдраманов Дооранбек Каныбекович	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
101	Назаров Талантбек Дуйшоевич	материалдык техникалык жабдуу боюнча үнөмдөөчү
102	Абдикаримов Уланбек Абдикаримович	сатып алуу боюнча үнөмдөөчү
103	Каримова Навруза Мукумжановна	катчы
104	Баясов Мирбек	"Кыргызнефтегаз" ААКнын Бишкек шаарындык өкүлчүлүгүнүн директору
105	Бакаев Шарыпалы Орунбаевич	административдик чарбалык бөлүм боюнча директорунун орун басары
106	Султаналиев Куланбек Турдубаевич	директордун орун басары
107	Абдылдаева Кулсун Советовна	улуу бухгалтер
108	Жумашова Каныкей Абдумаликовна	үнөмдөөчү
109	Молдусаев Нурбек Бегалыевич	үнөмдөөчү
110	Жусупов Анарбек Паизбекович	коомчулук менен байланыш боюнча адис
111	Султанова Гулбарчин Бекболотовна	материалдык эсепке алуу боюнча бухгалтер
112	Жаркынова Мээрим Калбековна	материалдык эсепке алуу боюнча бухгалтер
113	Арзиев Аликбек Маматович	юрист
114	Асаналиева Гулнура Дайырбековна	комендант
115	Токтобаева Анаркан Аширбековна	комендант
116	Масирова Анара Дарбушовна	кеңсе катчысы
117	Сабиров Давронжан Маннапжанович	айдоочу
118	Бакаев Мараалы Маратович	кароолчу
119	Казакбаев Осмонкул	кароолчу
120	Тунгатаров Кенжебай Асанович	кароолчу
121	Туменбаев Таалайбек Багышбекович	кароолчу
122	Маткеримов Талант Сатыбалдиевич	кароолчу
123	Карабеков Маматказы Кочкорович	чарба бөлүмүнүн башчысы

124	Алдомотов Эркинбек Тумонович	чарба бөлүмүнүн кызматкери
125	Исмаилов Махамадсали Бегматович	жылуулук энергетика инженери
126	Эшиева Элиза Жеңишбековна	катчы
127	Джаанбаева Замира Абдыраимовна	катчы
128	Кутубаева Замира Паязовна	фельдшер
129	Каарова Нурхан Дыйканбаевна	китепканачы
130	Маматсакова Зульфия Мамытбековна	архивариус
131	Рахматова Гүлнара Мамановна	мейманкана коменданты
132	Абдумуталип уулу Руслан	коомчулук менен байланыш боюнча адис
133	Айдарбекова Дамира Кабыловна	кызматтык жайларды тазалоочу
134	Султанов Апсатар Аблакулович	багбан
135	Рахманов Маматжан Абдусаламович	багбан
136	Айтиев Закиржан Шарипович	багбан
137	Еркабаева Тило Султановна	кызматтык жайларды тазалоочу
138	Жоробекова Сардал Мамажановна	кызматтык жайларды тазалоочу
139	Касымбекова Гулзада Зайнаповна	кызматтык жайларды тазалоочу
140	Кудайбердиева Гүлжамал Сыдыковна	кызматтык жайларды тазалоочу
141	Жаныш кызы Эркингүл	кызматтык жайларды тазалоочу
142	Мусаева Регина Анваровна	кызматтык жайларды тазалоочу
143	Дуванакулова Гульша Чыйбыловна	кызматтык жайларды тазалоочу
144	Ормонова Кундус Матхалыковна	кызматтык жайларды тазалоочу
145	Усубалиева Одинахон Туланбаевна	кызматтык жайларды тазалоочу
146	Мидинова Эркинай Амановна	жардамчы жумушчу
147	Давлетов Тойчубек Зулумович	электр жабдууларын тейлөө боюнча электромонтер
148	Сатвалдиева Толгонай Жапаровна	китеп түптөөчү
149	Канатбек уулу Дөөлөталы	технологиялык очоктун от жагуучусу
150	Тенгебаев Талантбек Жанышбекович	технологиялык очоктун от жагуучусу
151	Сыдыков Абдумалик Жунусалиевич	технологиялык очоктун от жагуучусу

152	Садиров Толкунбек Кочкорович	технологиялык очоктун от жагуучусу
153	Муктар уулу Апсамат	Сантехник- слесар
154	Маматкасимов Надирбек Тайирович	электр жана газ менен ширетүүчү
155	Токтобаев Азимжан Калдарович	оңдоо слесары
156	Момошов Кадыржан	курулуш жана монтаждоо участогунун башчысы
157	Абдыразаков Абдыкапар	жумуш аткаруучу
158	Макибаев Авазбек Кедеевич	жумуш аткаруучу
159	Стамбаев Тайирбек Калмаматович	мастер
160	Аракулов Эмилбек Тасмабекович	II-даражадагы курулуш боюнча инженер
161	Балтабаев Азаджан Салижанович	электр жана газ менен ширетүүчү
162	Мамадалиев Каххаржон Кадирович	электр жана газ менен ширетүүчү
163	Мамиров Маматкулбай Урмаматович	электр жана газ менен ширетүүчү
164	Сыдыков Эйнар Эсенжанович	электр жана газ менен ширетүүчү
165	Хусанов Азамат Маматисакович	электр жана газ менен ширетүүчү
166	Момошев Акылбек Окумович	электр жана газ менен ширетүүчү
167	Караев Тариел Токтосунович	монтаждоочу слесарь
168	Мамадалиев Абдыкайым Абдыразакович	монтаждоочу слесарь
169	Макибаев Жеңишбек Кедеевич	монтаждоочу слесарь
170	Мирзаев Майсалбек Анварович	монтаждоочу слесарь
171	Момошов Болотбек Окумович	монтаждоочу слесарь
172	Самиев Төлөн Артыкович	монтаждоочу слесарь
173	Мырзаев Чынгыз Анварович	монтаждоочу слесарь
174	Муталипов Акылбек	Кыш кыноочу
175	Рыскулов Саксанбай Саткозиевич	Кыш кыноочу
176	Эргешов Камалдин Дуванаевич	Кыш кыноочу
177	Рыскулов Афтандил Саксанбаевич	Кыш кыноочу
178	Акматова Расима Усеновна	шыбак -майлоочу
179	Маслакова Татьяна Алексеевна	шыбак - майлоочу
180	Нуржанов Садык Сабиржанович	шыбак - майлоочу
181	Рахманов Бахадир Адылжанович	шыбак - майлоочу
182	Токтоналиев Арзымбек	шыбак -майлоочу
183	Аширбеков Өмүрбек Шайырбекович	шыбак - майлоочу

184	Макамбаев Эстебес Тагайбекович	электр жана газ менен ширетүүчү
185	Кошоев Замирбек Токталиевич	жыгач уста
186	Танаев Жыргалбек Маданбекович	жыгач уста
187	Тажибаев Байырбек Мамасадыкович	жыгач уста
188	Шадманбек уулу Муслимбек	жыгач уста
189	Атамкулов Осмонали Ниязалиевич	электр жабдууларын оңдоо боюнча электромонтёр
190	Атамкулов Өмүрбек Мураталиевич	дозировщик
191	Момошев Адилет Акимович	кампачы
192	Бурканов Абдиламид Эргешович	өндүрүштү автоматташтыруу участогунун башчысы
193	Мамадалиев Тажимамат Үркүнбаевич	электрдик лабораториянын башчысы
194	Азизов Бахадыржан Набижанович	I даражадагы инженер
195	Жээнбаев Асылбек Абдыкарович	текшерип өлчөөчү аспаптар жана автоматика лабораториясынын башчысы
196	Артыкбаев Тынчтыкбек Толонбаевич	приборлорду жана контролдук ченөөчү приборлордун аппаратураларын оңдоо жана автоматика боюнча устат
197	Умаров Махамат Арзыбаевич	электромеханик
198	Бабатаев Ажимырза Самарбекович	электромеханик
199	Ашуров Алишер Номанжанович	физико-механикалык сыноолор боюнча II даражадагы инженер
200	Умуркулова Бурул Токтобаевна	II даражадагы инженер-метролог
201	Осмоналиев Акылбек Алимбаевич	II даражадагы инженер
202	Калматов Аскат Абдыгапарович	газ хроматографиясынын эксплуатациялоо боюнча инженери
203	Абдиллазова Нуржамал Икрамовна	байланыш боюнча техник
204	Төрөканова Айжан Самидиновна	байланыш каражатын тейлөө боюнча техник
205	Касымбаева Чолпон Таалайбековна	байланыш каражатын тейлөө боюнча техник
206	Ташматова Чинара Усеновна	катчы-машинистка

207	Ишиев Мурадиль Разакулович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
208	Сулайманов Кенешбек Абдиллаевич	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
209	Ахметов Мухиддин Суеркулович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
210	Ахматжанов Замирбек Махаматжанович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
211	Давранов Азиз Капарович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
212	Каныбек уулу Сапарбек	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
213	Тиллаев Каныбек Кочкорович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
214	Тотонов Нурланбек Шермаматович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
215	Маматалиева Динара Абдимиталиповна	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру

216	Нурбаев Бактыбек Калыбекович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
217	Ташматов Тажимырза Абдукаримович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
218	Эргешов Молдали Эрмаматович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
219	Субанова Жыргал Маматовна	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
220	Умаров Абдибакас Махаматович	телефондук байланыштын линиялык курулмасынын жана радиофикациясынын электромонтёру
221	Токтосунов Низамидин Усупбекович	текшерүү жана сыноо боюнча (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) электромонтёру
222	Рузиматов Дониёржон Махамадалиевич	текшерүү жана сыноо боюнча (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) электромонтёру
223	Султанов Жаныш Апсатарович	текшерүү жана сыноо боюнча (түздөн түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) электромонтёру
224	Алиева Халипа Бакаевна	текшерүү жана сыноо боюнча электромонтёру
225	Нарынбаев Абдумалик Абдыкалилович	текшерүү жана сыноо боюнча электромонтёру
226	Ажиматов Бактыбек Калмаматович	рентгенгаммаграфиялоонун дефектоскописти

227	Умаров Арзымамат Усманалиевич	рентгенгаммаграфиялоонун дефектоскописти
228	Жээналиева Мария Аттокуровна	жергиликтүү телефон байланышынын телефонисти
229	Салданбаева Элмира Самаковна	жергиликтүү телефон байланышынын телефонисти
230	Шарафутдинова Венера Сибагатовна	жергиликтүү телефон байланышынын телефонисти
231	Хайдарова Макбубахон Хаджаназаровна	жергиликтүү телефон байланышынын телефонисти
232	Сулайманова Асель Омурзаковна	жергиликтүү телефон байланышынын телефонисти
233	Мурзакулов Акматжан Жумашович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
234	Амиракулов Курманбек Эргешович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
235	Евстропов Петр Валерианович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
235	Кыдыралиев Жаныбек Мамажанович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
236	Разакулов Абылкасым Өсконбаевич	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
237	Шакиров Бахадыр Өсөрович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
238	Ташатов Кубаныч Сыргаевич	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь

239	Калбатыров Алмаз	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
240	Назаралиев Уланбек Кочкоралиевич	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
241	Мавлянов Жумагул Кылычбекович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
242	Жакыпжанов Тынчтыкбек Жакыпжанович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
243	Кадыров Сейитбек Жаныбекович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
244	Токтогулов Сапарбек Талантбекович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча слесары
245	Уметкулов Муратбек Таалайбекович	текшерип-өлчөөчү аспаптар жана автоматика боюнча (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү) слесарь
246	Осмонов Нуралы Имамидинович	электр жабдууларын оңдоо боюнча электромонтёру (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
247	Турдуев Талантбек Кимсанбаевич	электр жабдууларын оңдоо боюнча электромонтёру (түздөн-түз нефть чыгаруучу жерде иштөөчү)
248	Сарыбаев Муратбек Кадырович	реле коргогуч аппаратураларды оңдоо жана өндүрүшкө чыгуучу автоматикалар боюнча электромонтер
249	Маматова Гуллола Юлдашевна	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор

250	Акматалиева Зыягүл Мамакадыровна	планометристи
251	Уметалиталиев Курманали Масурович	кампачи
252	Ажиматов Исланбек Апазханович	технологиялык очоктун от жагуучусу
253	Жапаров Адылбек Абдикаримович	технологиялык очоктун от жагуучусу
254	Умаров Тилек Жолдошбаевич	технологиялык очоктун от жагуучусу
255	Якубов Хабийбулла Ибайдуллаевич	технологиялык очоктун от жагуучусу
256	Эралиев Максатбек Жоробекович	жардамчы жумушчу
257	Исмаилова Гулбара Утуровна	Химиялык талдоо лабораториянын башчысы
258	Сасыкбаева Саадат Дарчыбаевна	химикалык талдоо лаборанты
259	Токсумакова Гулбарчын Абдикалиловна	химикалык талдоо лаборанты
260	Балтабаева Мавлюда Сатвалдиевна	химикалык талдоо лаборанты
261	Раева Жылдыз Мамаджановна	химикалык талдоо лаборанты
262	Саттарова Турдукан Кадырбековна	химикалык талдоо лаборанты
263	Курманалиева Фатима Тажимурзаевна	химикалык талдоо лаборанты
264	Чоюнова Нуржан Тургунбаевна	химикалык талдоо лаборанты
265	Кадырова Назыгүл Маматжановна	химикалык талдоо лаборанты
266	Мейманова Фатима Анарбековна	химикалык талдоо лаборанты
267	Исмаилова Гульсара Кубанычбековна	химикалык талдоо лаборанты
268	Ажикулова Назгүль Камчыбековна	химикалык талдоо лаборанты
269	Абдразаков Калдарбек Токторбаевич	Суу менен камсыздоо участогунун башчысы
270	Кайназаров Канатбек Асилбекович	башчысынын орун басары
271	Шамшиев Акимжан Матсманович	тармак жабдыктарын оңдоо боюнча устат
272	Алтымышов Мислимбек Полотович	тармак жабдыктарын оңдоо боюнча устат
273	Омурзакова Миргул Адилбековна	складдын башчысы-экспедитору

274	Бараканова Аписа Эсеновна	жетектөөчү эсепчи
275	Мамыров Калдарбек Молошович	инженер
276	Раимкулова Венера Эргешевна	эсепчи
277	Саитова Копайсин Айдаралиевна	элдер менен эсеп-кысап боюнча бухгалтер
278	Сариева Сонунбу Аширбековна	элдер менен эсеп-кысап боюнча бухгалтер
279	Абылова Чынара Курманбековна	элдер менен эсеп-кысап боюнча бухгалтер-кассир
280	Жаныбек уулу Алтынбек	кубаттуулук инженери
281	Ибраимова Айгуль Сапарбаевна	үнөмдөөчү
282	Абдыкарова Акмарал Кочконбаевна	үнөмдөөчү
283	Сыдыкова Нургул Абдыкалыковна	катчы
284	Абдимамутов Алмазбек Бекташевич	насостук установканын машинисти
285	Пазилов Арсланбек Мухамматкасимович	насостук установканын машинисти
286	Ташданов Алижан Онарбаевич	насостук установканын машинисти
287	Мирзанов Жыргалбек Балтабаевич	насостук установканын машинисти
288	Кадыров Аледжон Мирзаевич	насостук установканын машинисти
289	Нишанкулов Дилшодбек Алижанович	насостук установканын машинисти
290	Курбанбаев Исматилла Темирович	насостук установканын машинисти
291	Исаев Бакир Исаевич	насостук установканын машинисти
292	Айдаров Исхак Асанович	насостук установканын машинисти
293	Сатвалдыева Мохидилхон Ганиевна	хлордоштуруу установканын оператору
294	Толонбаева Октамхан Улмасовна	хлордоштуруу установканын оператору
295	Кулбаев Тилекбек Бейшалыевич	суу бекиткич курулушунун оператору

296	Кимсанбаев Закиржан Сабыржанович	суу бекиткич курулушунун оператору
297	Дыйканов Залкарбек Смаилович	суу бекиткич курулушунун оператору
298	Макибаев Советбек Кедеевич	суу бекиткич курулушунун оператору
299	Мавланов Акылбек Абдилажанович	суу бекиткич курулушунун оператору
300	Эшиев Каныбек Кайымович	тазалоочу курулмалардын оператору
301	Гапуров Кабылжан Абдиназарович	тазалоочу курулмалардын оператору
302	Хан Юрий Васильевич	тазалоочу курулмалардын оператору
303	Ахматалиев Сабырбек Кочкорович	тазалоочу курулмалардын оператору
304	Исманов Курванбек	тазалоочу курулмалардын оператору
305	Балтабаев Азимжан Жоробаевич	суу бөлүп таркатуучу
306	Борбуев Самидин Маликович	суу бөлүп таркатуучу
307	Кулбаев Алмазбек Дуйшобаевич	суу бөлүп таркатуучу
308	Юсупов Музаффаржон Узакбаевич	суу бөлүп таркатуучу
309	Кулбаев Бейшалы Дуйшобаевич	электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтёру
310	Нишанов Исмаил Тургунбаевич	электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтёру
311	Стамов Батырбек Усенович	электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтёру
312	Касымов Уларбек Жумабекович	электр жана газ менен ширетүүчү
313	Паязбек уулу Заирбек	электр жана газ менен ширетүүчү
314	Шамбетов Турсунали Сарсенбаевич	электр жана газ менен ширетүүчү
315	Атабаев Бахрамжан Шаврукович	токарь
316	Кучкаров Салижан Муминжанович	авариялык иштерди калыбына келтирүү жана канализациялык тармактарды тазалоо боюнча слесарь

317	Мемашов Равшанбек Тургунбаевич	авариялык иштерди калыбына келтирүү жана канализациялык тармактарды тазалоо боюнча слесары
318	Нарматов Усман Тажибаевич	авариялык иштерди калыбына келтирүү жана канализациялык тармактарды тазалоо боюнча слесары
319	Юнусалиев Каримжан Сабиржанович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
320	Маматов Болотбек Алимжанович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
321	Назаров Болотбек Курманбекович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
322	Усупжанов Ганижан Жуманович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
323	Масиркулов Нурбек Кыязбекович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
324	Алтымышов Шумкар Мислимбекович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
325	Назаралиев Темирбек Назаралиевич	оңдоо слесары
326	Усманов Эрлан Мамасабырович	оңдоо слесары
327	Мойдинов Муктаржан	оңдоо слесары
328	Эшатов Раимбек Чинибекович	суу түтүктөрүнүн тармактарын жана канализациялардын көзөмөлдөөчүсү
329	Сатвалдиева Салима Кочкоровна	кызматтык жайларды тазалоочу
330	Абдымомунова Дамира Кабилжановна	текшерүүчү
331	Жанибекова Гавхархон Аттокуровна	текшерүүчү
332	Камбалина Марина Владимировна	текшерүүчү
333	Көчөрова Гүлмира Парпиевна	текшерүүчү
334	Маматраимова Кундуз Жалиловна	текшерүүчү
335	Тиллебаева Сапаргүл Рахманбердиевна	текшерүүчү
336	Сыдыкова Айнура Абдумаликовна	текшерүүчү
337	Турдукулова Анаркан Бекболотовна	текшерүүчү

338	Абдыкадыров Улугбек Анваржанович	текшерүүчү
339	Мавлянова Айжан Кудайбергеновна	текшерүүчү
340	Амадалиев Кочкорбай Маткалыкович	Газды сатуу боюнча участогунун башчы
341	Молдалиев Баратали Совиталиевич	газ обьектилеринин курулмаларын иштетүү боюнча улуу устат
342	Абдукадыров Маматали Абдукадырович	газ обьектилеринин курулмаларын иштетүү боюнча устат
343	Токтогулов Талантбек Абдыманапович	газ обьектилеринин курулмаларын иштетүү боюнча устат
344	Каримова Зульхида Манаповна	жетектөөчү бухгалтер
345	Каримов Дамир Камильевич	элдер менен эсеп-кысап боюнча бухгалтер
346	Сатыбалдиева Гүлнар Надирбековна	элдер менен эсеп-кысап боюнча бухгалтер
347	Сакиев Санжар Акрамжанович	юрист
348	Мамытов Чингиз Турдумаматович	юрист
349	Зулпуев Муратали Базаркулович	үнөмдөөчү
350	Раимжанов Нияз Канатбекович	эсепке алуу боюнча техник
351	Кожомбердиева Асель Акматалиевна	катчы
352	Абжапарова Гүлбурак Мукамбаевна	катчы
353	Асанов Уланбек Абдыкапарович	газ бөлүштүрүү желелеринин оператору
354	Бараканов Алмазбек Омурзакович	газ бөлүштүрүү желелеринин оператору
355	Токталиев Орозмамбет Бөкөнбаевич	газ бөлүштүрүү желелеринин оператору
356	Усенов Муратбек Апсатарович	газ бөлүштүрүү желелеринин оператору
357	Хакимов Маликжан Момунжанович	газ жабдууларын иштетүүчү жана оңдоочу слесары
358	Абдымомунов Самат Султанбекович	газ жабдууларын иштетүүчү жана оңдоочу слесары

359	Артыков Данияр Якубжанович	газ жабдууларын иштетүүчү жана оңдоочу слесары
360	Аскералиев Бекзат Эсенович	газ жабдууларын иштетүүчү жана оңдоочу слесары
361	Калбаев Бейшеналы Аскаралиевич	газ жабдууларын иштетүүчү жана оңдоочу слесары
362	Абдыллаев Садирбек Машрапович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
363	Абдыраманов Туголбай Абдулажанович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
364	Амадалиев Бакытбек Кочкорбаевич	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
365	Амадалиев Камбар Маткалыкович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
366	Жуманов Бактыбек Закирович	авариялык иштерди калыбына келтирүү слесары
367	Сапарали уулу Нуржигит	текшерип-өлчөөчү аспаптар боюнча слесары
368	Досов Уланбек Каныбекович	электр жана газ менен ширетүүчү
369	Эргешов Тологон Тиркешбаевич	электр жана газ менен ширетүүчү
370	Мамыкова Акбермет Боронбековна	компьютердик курамын тейлөө боюнча оператор
371	Ибраимов Кыязбек Кайырбекович	линиялык кыдырып чыгуучу
372	Исмаилова Гулнара Тилебаевна	кызматтык жайларды тазалоочу
373	Абдирамова Нургул Камилжановна	текшерүүчү
374	Абдурасулова Бахтыгүл Муктарбековна	текшерүүчү
375	Акматова Жумакан Абдыкааровна	текшерүүчү
376	Сабирбаева Жылдыз Шарабидиновна	текшерүүчү
377	Шаимкулова Айнура Абдуллажановна	текшерүүчү
378	Джумабаева Айнура Исаковна	текшерүүчү
379	Кайырбеков Манас Нурланбекович	текшерүүчү
380	Каримова Дамира Махамаджановна	текшерүүчү
381	Мейманкулова Сайкал Абаралиевна	текшерүүчү
382	Назырова Гүлүйна Курманбековна	текшерүүчү
383	Орунбаева Венера Батырхановна	текшерүүчү

384	Жеенбекова Динара Токтосуновна	текшерүүчү
385	Кенжебаева Асель Абдуманаповна	текшерүүчү
386	Сейткулова Канышай Кадырбековна	текшерүүчү
387	Токтобаев Бекболот Азимжанович	текшерүүчү
388	Эшиева Лунара Каимовна	текшерүүчү
389	Молдожунусов Акылбек Рустамович	технологиялык очоктун от жагуучусу
390	Оморов Рысбек Самиевич	Күйүүчү жана майлоочу материалдарды сатуу участогунун башчысы
391	Шекеев Афтандил Исматиллаевич	кампачынын башчысы
392	Алышов Мирбек Капарбекович	жетектөөчү бухгалтер
393	Сакиев Абдивали Токоевич	транспорт боюнча үнөмдөөчү
394	Укубаев Маматмырза Маматазизович	сатуу боюнча адис
395	Орунбаев Сыргабай Султанбекович	юрисконсульт
396	Мурзаев Нурланбек Камчибекович	сатуу боюнча бухгалтери
397	Эримбетов Токтогул Кубанычбекович	экспедитор
398	Мырзакаримова Жыпара Канатбековна	кызматтык жайларды тазалоочу
399	Ганибаев Алтинбек Тилябалдиевич	кароолчу
400	Мамбетов Жалил Нурматович	кароолчу
401	Мамыров Абдыкалил Тохтасинович	кароолчу
402	Мамирова Айнура Камиловна	кароолчу
403	Тойчуев Насирдин	Коопсуздук кызматынын башчысы
404	Арзымбеков Азамат Наримановичч	адис
405	Абдакимов Акбарали Курбанбекович	адис
406	Маматкулов Сабыржан Тагайович	улуу инспектор
407	Мурзакулов Нурбек Абдумиталипович	инспектор
408	Камчиев Равшанбек Осмоналиевич	инспектор
409	Сулайманов Рашид Маликович	инспектор
410	Абдимиталипов Эльдар Баходирович	кароолчу
411	Амракулов Муратали Мамарасулович	кароолчу
412	Анарбаев Абдысатар Сатыбалдыевич	кароолчу

413	Ахметов Суеркул Жорокулович	кароолчу
414	Баев Калмамат Аманович	кароолчу
415	Балтабаев Акимжан Жоробаевич	кароолчу
416	Боронбаев Сагынычбек Темишович	кароолчу
417	Гапуров Чингизбек Кабылжанович	кароолчу
418	Двлеталиев Марклен Орозбекович	кароолчу
419	Жунусов Бактияр Табылдыевич	кароолчу
420	Исмаилов Элдияр Махаммадсолиевич	кароолчу
421	Исмайлова Сурмакан Жапаровна	кароолчу
422	Кубанычбек уулу Орозбек	кароолчу
423	Максуталиева Жумакан Жеенторовна	кароолчу
